# ААЛАМДАШУУНУН АБАЛДАРЫ

РЕДАКТОРЛОР
**Жеват Өзйурт | Эртан Өзенсел**




ÇİZGİ KİTABEVİ | e-Kitap

**PhD., проф. Жеват Өзйурт**

1964-жылы Түркиянын Гиресун шаарында туулган. Анкара университетинде бакалавр, Кырыккале университетинде магистр даражасына болгон. Социология багыты боюнча PhD даражасын Стамбул университетинен алган. Автордун "Ааламдашуу процессиндеги иденттүүлүк жана дифференциация", "Заманбап түрк көз карашынын социологиясы", "Эрих Фроммдун адам жана коом түшүнүгү", "Билим социологиясы боюнча эмгектер", "Социологиянын үч маселеси" деген китептери бар. Баалуулуктар социологиясы, дин социологиясы, саясий социология, түрк социологиясынын тарыхы, ааламдашуу, осмондук модерндешүү, улутчулдук, жарандык билим берүү жана адам укуктары боюнча иштеген Өзйурт Анкара Йылдырым Бейазыт университетинин адам жана коомдун илимдери факультетинин жана Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин гуманитардык факультетинин социология бөлүмүнүн профессору.

**PhD., проф.Эртан Өзенсел**

Түркиядагы Селчук университетинин социология бөлүмүн бүтүргөн. Түркия Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Үй-бүлө изилдөө институтунда адистин жардамчысы болуп иштеген. Селчук университетинде магистр даражасына ээ болгон. Социология багыты боюнча PhD доктору даражасын Сакарья университетинен алган. Канадада жана АКШда "Мультикультурализм" маселеси боюнча иштеген. Конья Өнөр жай палатасында жана Түркиянын илимий жана технологиялык изилдөө уюмунда (TÜBİTAK) кеңешчи болуп иштеген. Европа Биримдигине, TÜBİTAK жана түрдүү долбоорлорго катышкан. "Айырмачылыктардын көйгөйү", "Бирге жашоого умтулуу", "Иденттүүлүк жана баалуулуктар социологиясы" темаларында терең илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп келет. Автордун түрдүү ата мекендик жана эл аралык илимий макалалардан тышкары, ар түрдүү темада жарык көргөн ар китептери бар. Селчук университетинде жана Кыргыз-Түркия "Манас" университетинде профессор, аны менен катар Кыргыз-Түркия "Манас" университетинин социология бөлүмүнүн башчысы.

# ААЛАМДАШУУНУН АБАЛДАРЫ

РЕДАКТОРЛОР

Жеват Өзйурт / Эртан Өзенсел

çizgi
KİTABEVİ

**Ааламдашуунун абалдары. Авторлор коллективи.**
Бул эмгек гуманитардык илимдер менен алектенген жана ошондой эле жалпы коомдук маселелерге, социалдык, маданий өзгөрүүлөргө кызыкдар болгон студенттерге, аспиранттарга, окумуштууларга жана жалпы эле жарандык коомго кошумча окуу китеби катары сунушталат.

Çizgi Kitabevi Yayınları (e-kitap)

**©Çizgi Kitabevi**
**Aralık 2023**

**ISBN:** 978-625-396-175-6
**Yayıncı Sertifika No:** 52493

**КЫРГЫЗЧА КОТОРМОНУН РЕДАКТОРУ**
Шаршембиева Таалай

**KÜTÜPHANE BİLGİ KARTI**
**- Cataloging in Publication Data (CIP) –**
РЕДАКТОРЛОР
Жеват Өзйурт / Эртан Өзенсел
ААЛАМДАШУУНУН АБАЛДАРЫ

**ÇİZGİ KİTABEVİ**
Sahibiata Mah. | Alemdar Mah.
M. Muzaffer Cad. No:41/1 | Çatalçeşme Sk. No:42/2
Meram/**Konya** | Cağaloğlu/**İstanbul**
(0332) 353 62 65 - 66 - (0212) 514 82 93
www.cizgikitabevi.com
/ cizgikitabevi

# МАЗМУНУ

Алгы сөз .......... 6

Ааламдашууга социологиялык көз караш .......... 12
***Жеват Өзйурт / Эртан Өзенсел***

Мануэл Кастельстин тармактык коом теориясы .......... 32
***Жеват Өзйурт***

Ааламдашуунун айыл чарба түзүмүнө таасири жана азык-түлүк коопсуздугу .......... 60
***Эртан Өзенсел***

Ааламдашуу, улуттук мамлекет жана коомдук кыймылдар .......... 81
***Эрхан Тежим***

Ааламдашуу, маданий өзгөрүүлөр жана иденттүүлүк: постсоветтик Кыргызстан .......... 103
***Нургүл Сулейманова***

Модерндешүү жана ааламдашуу процессинде үй-бүлөнүн трансформациясы .......... 129
***Али Үнал***

Ааламдашуу шарттарында Кыргызстан жаштарынын цивилизациялык иденттүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрү (жогорку окуу жайлардын мисалында) .......... 168
***Самарбек Сыргабаев***

Ааламдашуу жана коомдук дипломатия .......... 184
***Фарук Йазар***

Эл аралык мамилелерде мамлекеттүүлүк жана ааламдык башкаруу жөнүндө теориялык талкуулар .......... 213
***Сулейман Элик***

# АЛГЫ СӨЗ

Жыйырма биринчи кылымда коомдук мамилелер дүйнөлүк масштабда мурда болуп көрбөгөндөй өз ара көз каранды жана алда канча динамикалык абалга келди. Инсандар жеке жашоосу үчүн келечектеги көрүнүштөрдү түзүүдө туулуп-өскөн же өзү жашаган аймагынан алыскы мүмкүнчүлүктөрдү ойлонушат же күнүмдүк жашоосунан миңдеген километр алыстыкта болгон мүмкүнчүлүктөрдөн жана көйгөйлөрдөн таасирленишет. Адамзаттын тарыхында биримдик жана универсалдуулук идеясы артка кетип жатканына карабастан, дүйнө жүзү боюнча адамзаттын өз ара көз карандылыгы, эмгектин коомдук бөлүнүшү жана бүткүл коомдук тилектештиги азыркы заманга жараша күч алды.

Маалыматтык технологиялардагы акыркы өнүгүүлөр дүйнө жүзү боюнча тез байланыш түзүүгө мүмкүнчүлүк берип, биздин аралыкка болгон мамилебизди, түшүнүгүбүздү өзгөрттү. Күнүмдүк керектеп жаткан азыктардын генеалогиясына же виртуалдык чөйрөдө күнүмдүк маселелер боюнча баарлашкан адамдардын дүйнөлүк географиялык бөлүштүрүлүшүнө караганыбызда, ааламдык доордо же ааламдык коомдо жашап жаткан көрсөткүчтөрдүн көбөйүп жатканын көрөбүз.

Ааламдашкан коом – бул экономика, саясат, билим берүү, дин, үй-бүлө, ден соолук, укук, көңүл ачуу, спорт, бош убакыт сыяктуу социалдык институттардан баштап, коомду кабылдоо, иденттүүлүк, маданият жана табитке чейин тынымсыз кайра калыптанып жаткан коом. Коомчулуктун жаңы формасы катары ааламдык коом өзүнө жамаат, этнос, улут, коом жана трансулуттук коом сыяктуу көптөгөн субкатмарларды камтыйт. Дүйнөлүк коомдун жаңы, көп катмарлуу, көп өлчөмдүү жана динамикалык түзүлүшү социология жана башка коомдук илимдер үчүн ааламдашуу булактарына үзгүлтүксүз салым кошууну жана учурдагы абалды талдоону маанилүү кылат.

*«Ааламдашуу абалдары»* китебинде теориялык мүнөздөгү эки макала, дүйнөлүк масштабдагы кубулуштарды талдаган беш макала

жана улуттук коомдогу ааламдашуу көрүнүштөрүн талдаган эки макала камтылган.

Жеват Өзйурт жана Эртан Өзенсел тарабынан даярдалган *"Ааламдашууга социологиялык көз караш"* аттуу макалада, ааламдашуу феноменине социологиялык сереп салынат жана бул эмгек ааламдашуу феноменин жана ааламдашуу дискурстарын бөлүп көргөзүү менен башталат. Авторлордун пикири боюнча, ааламдашуу боюнча фактылар жана дискурстар боюнча талдоолор чогуу жүргүзүлүшү керек. Макалада коомдук түзүлүштү дүйнөлүк масштабда кайра куруунун себептери жана натыйжалары; анын жергиликтүү, улуттук жана трансулуттук деңгээлдеги көп кырдуу түзүлүшү; түрдүү социалдык катмарлардын тармактары, баалуулук аймактары, жашоо образы жана ааламдашуунун учурдагы формасына карата пикирлеш аймактардын желеси; экономика, эмгек жашоосу, саясат, маданият, баалуулуктар, туризм жана оюн-зоок, социалдык катмарлануу чөйрөлөрүндөгү трансформация, мүмкүнчүлүктөр жана көйгөйлөр тууралуу жалпы көз караштар берилген.

Жеват Өзйурттун *«Мануэл Кастельстин тармактык коом теориясы»* аттуу эмгегинде Кастельстин ааламдашуу теориясынын жалпы сүрөттөлүшү жана талдоосу берилген. Биринчиден, Кастельс тармактык коом деп атаган дүйнөлүк коомдун динамикасы жана өзгөчөлүктөрү камтылган. Андан кийин тармактык коомдогу экономика, саясат жана адамдык мамилелерди талдоо жүрөт. Акырында ааламдык коомдогу (тармактык коом) социалдык катмарлануу жана социалдык чыр-чатак көйгөйлөрү баяндалып, бул көйгөйлөрдү чечүүдө колдонулган стратегиялар (иденттүүлүк, коомдошуу, коомдук кыймылдар) боюнча түшүнүктөр берилген.

Эртан Өзенселдин *«Ааламдашуунун айыл чарба түзүлүштөрүнө жана азык-түлүк коопсуздугуна тийгизген таасири»* аттуу макаласында дүйнөлүк тамактануу проблемасы жана азык-түлүк коопсуздугу алкагында эл аралык уюмдардын жана көп улуттуу компаниялардын иш-аракеттери талданат. Өзенселдин айтымында, ааламдашуу дүйнөлүк базарга таасир этип, үстөмдүк кылган ири көп улуттуу агро-азык-түлүк компаниялары азык-түлүк

коопсуздугуна жана дүйнөлүк тамактануу көйгөйүнө терс таасирин тийгизүүдө. Эң көп жабыр тарткандар болуп өнүгүп келе жаткан өлкөлөр экени айтылат. Талдоонун урунттуу жагдайларынын бири – айыл чарба жана мал чарбачылыгында өндүрүмдүүлүктү камсыз кылуу үчүн генетикалык трансформациялар чоң экологиялык коркунуч потенциалын алып келип жатканында.

*«Ааламдашуу, улут-мамлекет жана коомдук кыймылдар»* аттуу эмгегинде Эрхан Тежим ааламдашкан коомдук кыймылдарды маданияттар аралык өңүттөн талдап, бул кыймылдар менен жергиликтүү жамааттардын, улуттук мамлекеттердин ортосундагы байланышты карайт. Экинчи жагынан алып караганда, ааламдашууга карама-каршы келген кыймылдар жана альтернативдүү ааламдашуу кыймылдарынын мисалдарынан социалдык кыймылдардын өзгөрүп турган мүнөзү, дүйнөлүк коомдук кыймылдардын куралдары, ааламдашуудан келип чыккан көйгөйлөр коомдук кыймылдардын карама-каршысында улуттук мамлекеттердин мамилеси жана бул көрүнүштөрдүн бардыгынын социалдык өзгөрүүлөргө болгон таасири көрсөтүлгөн. Талдоолордун жыйынтыгында Э. Тежим дүйнөлүк коомдук кыймылдар «жергиликтүү жамааттар тарабынан уюштурулуп, бирок трансулуттук колдоо алышат жана бул коомдук кыймылдардын максаттары улуттук мамлекеттерди саясий жана экономикалык жактан алсыздандыруу» деген жыйынтыкка келет.

Нургүл Сулейманованын «*Ааламдашуу, маданий өзгөрүүлөр жана иденттүүлүк: постсоветтик Кыргызстан*» деген макаласында ааламдашуу процессинде маданият тармагында байкалган интеграция жана дифференциация түрүндөгү карама-каршы/диалектикалык субпроцесстер талданат. Мындан тышкары, 1991-жылы СССРдин таркашы менен улуттук эгемендүүлүккө ээ болгон Кыргызстандагы кыргыз маданий иденттүүлүгүнүн өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүнө көңүл бурулат. Сулеймpraйнованын аныктоосу боюнча «Кыргызстандын эгемендүүлүккө ээ болушу, анын Конституцияны кабыл алынышы, туңгуч президенттин шайланышы, мамлекеттик символикалардын кабыл алынышы, кыргыз тилинин мамлекеттик тил болушу, кыргыз тилин үйрөнүүгө жана маданиятына басым жасалышы» жагынан чоң тарыхый

окуялар катары кабыл алынып, маданий-улуттук өзгөчөлүк жагынан кыргыз элинин өнүгүү тенденциясын карайт.

Али Үналдын *Модерндешүү жана ааламдашуу процессинде үй-бүлөнүн трансформациясы* аттуу изилдөөсүндө модерндешүүдөн азыркыга мезгилге чейин үй-бүлөдөгү өзгөрүүлөр жана трансформациялар: төрөт, төрөө жаш курагы, төрөө коэффициенти, үй-бүлө куруу жаш курагы, үй-бүлө куруу коэффициенти, ажырашуу, альтернативдик жашоо образы, үй-бүлөнүн түзүлүшү жана анын өнүгүүлөр менен байланышы каралат. Статистикалык маалыматтардын негизинде үй-бүлө куруу жана төрөттүн деңгээлинин олуттуу төмөндөшү, нике жана төрөт курагынын жогорулашы, ажырашуулардын көбөйүшү, толук эмес үй-бүлөнүн жана башка альтернативдик үй-бүлө түрлөрүнүн көбөйүшү, никесиз төрөттөрдүн көбөйүшү, түтүндөрдүн санынын азайышы, үй-бүлө түзүмүнүн жана функциясынын өзгөрүшү дүйнөлүк чындыктагы маселелер катары каралат. Үй-бүлө институтунда дүйнөлүк окшоштуктар жаралып, жалпы багыттары аныкталып, алардын стадиялары дүйнөлүк реалдуулукка айланганы ачык көрүнүп турат. Ошону менен изилдөөдө үй-бүлөдөгү жалпы тенденциялар, ааламдашуу процессиндеги окшоштуктар кеңири көрсөтүлгөн.

Самарбек Сыргабаевдин «*Ааламдашуу шарттарында Кыргызстан жаштарынын цивилизациялык идентүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрү (жогорку окуу жайлардын мисалында)*» аттуу макаласы Бишкектеги ЖОЖдордун студенттеринин цивилизациялык иденттүүлүгүн калыптандырууга багытталган. Макала университеттин студенттеринин цивилизациялык өзгөчөлүгүн аныктоочу негизги факторлор болуп ааламдашуу, коммуникация технологиялары, геосаясий максаттар жана тышкы миграциялык процесстер саналат деген божомолго негизделген. Сыргабаевдин изилдөөлөрүнүн максаттарынын бири – ар кайсы мамлекеттер менен эл аралык кызматташтыктын негизинде Бишкекте түзүлгөн университеттердин цивилизациялык иденттүүлүктүн калыптанышына тийгизген таасирин түшүнүү. Изилдөөнүн жыйынтыгына ылайык, Бишкекте билим алып жаткан жаштар орус

жана түрк маданиятын өздөрүнө жакын сезсе, Кытай жана АКШ маданиятынан алыстай сезилет.

Фарук Йазардын *«Ааламдашуу жана коомдук дипломатия»* деген макаласында эл аралык карым-катнаштар системасына жана дипломатиялык ыкмаларга таасир эткен ааламдашуу процессинин динамикалык өзгөчөлүгүнө көңүл бурулат. Бул динамикалык процессте өзгөчө коммуникация технологияларындагы өнүгүүлөрдүн таасири менен коомдук дипломатия эффективдүү ыкма катары алдыңкы планга чыгат. «Жумшак күч» жана «коомдук дипломатия» түшүнүктөрүнө токтолуу менен автор «Ааламдашуунун динамикасы менен коомдук дипломатиянын ортосундагы мамилелер жана өз ара байланыштар эл аралык мамилелерди кандай калыптандырат?» деген суроого жооп табууга аракет кылат.

Сүлейман Эликтин *«Эл аралык мамилелерде мамлекеттүүлүк жана ааламдык башкаруу жөнүндө теориялык талкуулар»* аттуу эмгегинде кансыз согуштан кийинки 1990-жылдары башталган дүйнөлүк башкаруу боюнча талкууларды талдоого алынат. Джеймс Розенаудан башталып, Клэр Катлер жана Джессика Мэтью менен уланып, дүйнөлүк башкаруу парадигмасына, улуттар аралык жана субулуттук башкаруу механизмдерине жана трансулуттук корпорацияларга өзгөчө басым жасайт. Энн-Мэри Слоутер дүйнөлүк башкаруу парадигмасына каршы чыгып, улуттук мамлекеттердин административдик жана саясий мааниси бүгүнкү күндө да уланып жатат деген түшүнүктү жактаган. Маргарет Е.Кек жана Кэтрин Сиккинк болсо, «улуттук колдоо тармактарын» талдоо менен коомдук кыймылдардын дүйнөлүк саясаттын маанилүү субъекттери болуп калганын баса белгилешет жана анын негизинде Розенаунун «өкмөтсүз башкаруу» түшүнүгүнө ыкташат.

Ошентип, *«Ааламдашуу абалдары»* аттуу жамааттык эмгек ар кандай дисциплиналарда, өзгөчө социологияда жазылган оригиналдуу эмгектерди камтыйт. Чыгарманы эки тилде, түрк жана кыргыз тилинде басып чыгаруу пландалууда. Бардык макалалар эки тилде китепке киргизилген.

Бул эмгекти жазуу үчүн биздин сунушубузду жылуу кабыл алган урматтуу илимпоздорго ишибизге кошкон салымдары үчүн терең ыраазычылык билдиребиз. Эмгекке котормолору менен салым кошкондорго да ыраазычылык билдиребиз. Бул китепти даярдоодо бизди колдогон, ишибизге дем берип, эмгектин жарыкка чыгуусуна шарт түзүп берген Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректоратына, Гуманитардык факультетинин деканатына жана тиешелүү комитеттерге терең ыраазычылык билдиребиз.

БИШКЕК-2023

Редакторлор: Жеват Өзйурт / Эртан Өзенсел

(Которгон: Нургүл Сулейманова)

# ААЛАМДАШУУГА СОЦИОЛОГИЯЛЫК КӨЗ КАРАШ

Жеват Өзйурт[1]

Эртан Өзенсел[2]

(Которгон: Айзат Ибраева)[3]

**Киришүү**

Дүйнөлүк масштабда коомдук мамилелердин курчушу менен «дүйнөлүк коом» реалдуулукка айланды. Коомду комплекстүү изилдөө менен алектенген социология илими дагы, дүйнөдөгү коомдук мамилелерди, б.а. «дүйнөлүк коомду» негизги изилдөө чөйрөсүнүн чордонуна койгон. Бүгүнкү күндө дүйнөдөгү коомдук мамилелердин таасирин талдабай туруп, улуттук коомдордун социологиясын да, бир кварталдын же айылдын социологиясы боюнча бир дагы монография даярдоо мүмкүн эмес. Бардык мамлекеттердин, коомдордун, жамааттардын жана маданияттардын түзүлүштүк өзгөчөлүктөрүнө таасирин тийгизген, аларды кеңейткен жана өз ара аракеттенишүү үчүн ачык кылган ааламдашуу процесси социалдык, маданий жана саясий интеграцияны камсыз кылган учурдагы баалуулуктарды, нормаларды жана жүрүм-турум моделдерин көптөгөн тармактарда дисфункционалдык абалга келтирүүдө. Коомчулук тарыхта бир нече жолу башынан өткөргөндөй, жаңы масштабдагы кайра куруу (трансформация) процессине кирди. Башка ири трансформация

---

[1]Проф., Ph.D. Кыргыз-Түрк «Манас» университети Гуманитардык факультети, Социология бөлүмү жана Анкара Йылдырым Бейазыт университети Инсан жана коомдук билимдер факультети Социология бөлүмү.

[2]Проф., Ph.D. Кыргыз-Түрк «Манас» университети Гуманитардык факультети, Социология бөлүмү, Селчук университети Гуманитардык факультети Социология бөлүмү.

[3]Ph.D. доктoранты, Кыргыз-Түрк «Манас» университети Коомдук илимдер институту (социология багыты).

процесстериндей эле, бүгүнкү өткөөл мезгилде гармонияны же тартипти камсыз кыла турган баалуулуктар, нормалар жана саясаттар бүдөмүк бойдон калууда. Ааламдашууга байланыштуу белгисиздиктер коомчулуктун (Дюркгеймдин терминологиясы менен айтканда "аномия" көйгөйү) жоюлушуна себепкер болууда.

Коомдук жашоонун негизги маселелери жана мүмкүнчүлүктөрү эми дүйнөлүк масштабда аныкталып жатат. Бүгүнкү күндө дүйнөнүн кайсы жеринде болбосун, ааламдык климаттык кризис, ааламдык ядролук коркунуч, ааламдык экономикалык депрессия, ааламдык вирустун чыгышы, ааламдык миграция, ааламдык терроризм, ааламдык азык-түлүк көйгөйү жөнүндө айтылып жатат.

Классикалык социология коомдук түзүлүштү, социалдык өзгөрүүнү, социалдык мобилдүүлүктү, социалдык катмарланууну улуттук коомдун деңгээлинде талдаса, ааламдашуу социологиясы талдоолорду дүйнөлүк масштабда жүргүзөт. Мисалы, салыштырмалуу жакырчылыкты кабылдоо адамдардын күнүмдүк жашоо чөйрөсүндө болгон башка адамдар менен өздөрүнүн жагдайларын салыштыруу аркылуу жүргүзүлөт. Салттуу коомдордо бул кабылдоону адамдар жашаган айыл, квартал, район же шаар аныктайт. Модерндешүү менен бирге мамлекеттик масштабда адамдардын жана экономикалык элементтердин мобилдүүлүгүнүн жогорулашы улуттук масштабдагы жакырчылык жөнүндө түшүнүктү калыптандырды. Эмгек жана азык-түлүк базары дүйнөлүк масштабда интеграцияланган бүгүнкү күндө, жакырчылык түшүнүгүн кабылдоо да ааламдык болуп калды.

**Кубулушпу же дискурспу?**

Ааламдашуу концепциясын аныктоо жана Вебердин терминологиясы боюнча ааламдашуунун “идеалдык тибин” түзүү маанилүү. Анткени түшүнүктөр бир кубулушту илимий талдоодо негизги функцияны аткарса, кубулуштарды кабылдоодо жана чечмелөөдө чектөөчү же багыттоочу таасирге да ээ. Башка сөз менен айтканда, түшүнүктөр фактыларга тиешелүү болгондуктан, алар фактылар боюнча иштелип чыккан жөн гана дискурс же

жалпы дискурстун бир бөлүгү болушу мүмкүн. Ааламдашуу түшүнүгүнө келгенде, биз адегенде бир суроого туш болобуз: ааламдашуу фактыбы же дискурспу? Бул суроого биз "экөө тең" деп жооп бере алабыз. Ааламдашуу деп, Америкага багытталган жаңы дүйнөлүк тартипти же "экономика өзүн-өзү жөнгө салат" деген аргументти жайылткан неолиберализмдин жогорулашын түшүнүүгө болот (Touraine, 2007: 45). Экинчиси, дүйнөлүк масштабдагы АКШ – бул Батыштын же еврейлердин эгемендүүлүгүнүн башкача аталышы деп да айтса болот. Ааламдашуу концепциясынын жогоруда аталган эки варианты реалдуулуктун белгилүү бир чен-өлчөмүн чагылдырганы менен, дүйнөлүк коомдорду жакындаткан, адамдарды, маалыматты, продукцияны мобилдүү кылган, чек араларды өткөргүч кылган артка кайтпас илимий-техникалык өнүгүүлөрдү камтыбайт. Азыркы күндө бир дагы нерсе мурункудай болбой калды жана эч качан болбойт дагы. Ааламдашуунун бириктирүүчү жана инклюзивдик мүнөзүнө ашыкча басым жасоо, бул процесстин натыйжасында келип чыккан ааламдык конфликт, ааламдык катмарлануу жана ксенофобия сыяктуу көйгөйлөрдүн көңүл борборунан узактап калуусуна алып келиши мүмкүн (Touraine, 2007: 17). Андыктан бул теманы алып караганда кубулуштар менен дискурстардын талдоолору чогуу жүргүзүлүүсү зарыл.

Саясат, маданият жана цивилизация боюнча ааламдашуу дискурстарынын арасындагы карама-каршылыктар негизинен Ф.Фукуяманын *The End of the History* (*"Тарыхтын соңу"*) жана *The Last Man* (*"Акыркы адам"*) (1992) аттуу китебинде системалаштырылып, «Тарыхтын соңу» түшүнүгү аркылуу колго алынган, жана мындан сырткары С. Хантингтондун алгач *The Clasch of Civilizations* (*"Цивилизациялардын кагылышы"*) (1993) аттуу макаласында көрсөтүлгөн жана анын кийинки эмгектеринде дагы да мыкты өздөштүрүлүп, иштелип чыккан «Цивилизациялардын кагылышы» түшүнүгүн салыштыруу менен талкууланат. Фукуяма Батыштык эмес системалардын бүткөндүгү тууралуу жарыялайт (Şener, 2001: 427). Бул эки талдоо тең "цивилизациялар ортосундагы биригүү, толеранттуулук жана синтез мүмкүнчүлүктөрүн эске албайт". Фукуяманын тезисинде Батыштан башка цивилизациялар жөнүндө

сөз болбойт. Хантингтон болсо ааламдык көйгөйлөрдүн булагын мына ушул Батыштык эмес цивилизациялардан келип чыккандыгын айтат жана "четтетүү" ("othering") дискурсун өнүктүрөт. Бул цивилизациялардын бар болушу Батыштын стратегиялык кызыкчылыктарына карама-каршы келерин белгилеп, аларды кол салуунун максаты кылат (Şener, 2001: 426). Фукуяманын түшүнүгүндө неолибералисттер менен эркин базар концепциясын жактагандар айткандай, "түзүмдүк ылайыкташууну" талап кылат. Советтер биримдигинин кулашы менен дүйнөдөгү идеологиялар ортосундагы конфликт же атаандаштык токтоп, аң-сезим либерализмдин абсолюттук артыкчылыгын далилдеди. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөр Дүйнөлүк банк жана Эл аралык валюта фонду жетектеген түзүлүштүк оңдоп-түзөө программаларын ыктыярдуу жана ыкчам түрдө ишке ашыруусу алардын ааламдык адамзат интеграциясынын оң натыйжаларын ушунчалык эрте көрүүгө жана өнөкөт социалдык жана саясий көйгөйлөрдүн чечүүсүнө шарт түзө алат. Бирок, түзүмдүк ыңгайлашуу программалары ишке ашырылган аймактарда элдик массалар ааламдык пландоочулардын оюнда болбогон жаңы көйгөйлөргө туш болушту (Schulz, 2018: 4).

1990-жылдары эл аралык уюмдар Фукуяманын түшүнүгүнө ылайык иш кылышкан. Башкача айтканда, Фукуяманын түшүнүгүнүн философиялык алкагы менен бул уюмдардын миссиясы бири-бирине күч-кубат берип турган. 1990-жылдары ССРСнун кулашы менен АКШ дүйнөдөгү бирден-бир супер держава болуу рефлекси менен аракет кылып, Биринчи Перс булуңундагы согуш менен Жакынкы Чыгышка аскерий күчүн максаттуу түрдө жайгаштырган. АКШ өзүнүн Жакынкы Чыгышта болушун "тынчтык", "демократия" жана "адам укуктары" миссиялары менен байланыштырса да, мусулман Жакынкы Чыгыштагылар муну ааламдык гегемония орнотуу аракети катары көрүшөт (Harvey, 2004: 16). Мындай учурда эл аралык коомдо жана эл аралык саясатта 1990-жылдардагы цивилизациялардын кагылышуусу түшүнүгү менен тарыхтын соңу түшүнүгүнүн бирге иштеши жөнүндө айтууга болот.

Ааламдашуу – социологиялык мааниден алганда (же кубулуш катары) бүткүл дүйнөлүк коомдук мамилелер; физикалык аралыктын кыскарышы же жок болушу; жеке адамдардын күнүмдүк жашоосуна таасир этүүчү мүмкүнчүлүктөрдүн жана көйгөйлөрдүн бүткүл дүйнөлүк өз ара аракеттенишүүсү; маалыматтык технологиялардын жардамы менен дүйнөлүк масштабда ыкчам маалымат агымын ишке ашыруу; чийки зат, продукция жана кызмат көрсөтүү жана башка көптөгөн нерселер боюнча дүйнөнү бирдиктүү базарга айландырууну билдирет (Хелд жана МакГрю, 2008: 8).

Ааламдашуу процесси, албетте, коомдук түзүлүштөгү түзүмдүк өзгөрүүлөрдү да билдирет, аны артка кайтарууга болбойт. Модерндешүү менен бирге улутташуу мүнөзүнө ээ болгон экономикалык, саясий жана маданий түзүлүштөр өзгөчө 20-кылымдын акыркы чейрегинен баштап чоң трансформацияга туш болуп, дүйнөлүк масштабда кайра курууга дуушар болууда. Дин, үй-бүлө жана билим берүү системалары да трансулуттук адам кыймылдарынан жана маданий агымдардан сөзсүз түрдө таасирленүүдө жана жаңы көрүнүшкө ээ болууда.

Ааламдашуу феномени биринчи кезекте цивилизация феноменинин натыйжасы. Цивилдешүү процессинде уруктардын, уруулардын, шаарлардын жана мамлекеттердин өз ара аракети ааламдык багытта ишке ашат. Бул цивилизациянын материалдык жана руханий элементтерине да тиешелүү. Мисалы, бардык адамдардын жыргалчылыгын көрсөткөн белгилүү бир цивилизациянын баалуулуктары абстракттуу түрдө болсо да, бүт дүйнөнү бирдиктүү коомдук түзүлүшкө бириктирүү идеалына ээ.

Башка тараптан алганда, цивилизациянын материалдык продуктылары болгон техникалык же практикалык маалыматтар, өндүрүш, коопсуздук жана ден соолук сыяктуу тармактардагы көйгөйлөрдү чече турган күчү менен дүйнөлүк масштабда тарайт. Илимий билимдин объективдүүлүгүн жана универсалдуулугун мына ушундай түшүндүрүүгө болот. Ар бир маданият, адатта, кендерди бөлүп чыгаруу үчүн өзүнүн уникалдуу химиялык ыкмаларына ээ болсо да, заманбап химия илиминин стандарттары

жалпы дүйнөлүк өлчөмдө бирдей кабыл алынып калган. Бул жагдай Вебердин социологиясындагы рационалдашуу концепциясы менен түшүндүрүлөт. Модерндешүү процессинде дүйнөнүн рационалдаштырылуусу керектөө тармагындагы моделдерди да өзгөрттү. Г. Ритцер (2011a: 34-7) бул жагдайды дүйнөнүн Макдональддашуусу деп атап, Макдональддашуунун "натыйжалуулук", "эсептөөгө мүмкүн болгон", "болжолдоого мүмкүн болгон" жана "башкаруу" катары бөлүп караган төрт негизги элементин белгилейт. Макдональдс (McDonalds) жана ушул сыяктуу тамак-аш, кофе дүкөндөрү, көңүл ачуучу жайлар жана мейманканалар дүйнөнүн ар бир бурчунда бирдей даамды жана бирдей кызмат көрсөткөнүн көргөндө дүйнөнү бирдей мейкиндик катары кабылдайбыз. Бирок, бул жагдай бизге ааламдашуунун бир гана жагын (заманбап жагын) көрсөтүүдө. Ааламдашуу – бул эки өлчөмдүү процесс, бир жагынан ал окшоштурат, экинчи жагынан айырмалайт же айырмаланган мейкиндиктерди мыйзамдаштырат (Ritzer жана Dean, 2015: 215). Ушул себептен улам, Р.Робертсон дүйнөдөгү акыркы өзгөрүүлөрдү ааламдашуу түшүнүгү менен эмес, «глокализация» түшүнүгү менен талдоо туура болмок дейт. Мисалы, ааламдык маданият "жарым-жартылай ичиндеги спецификалык өз ара аракеттенишүүнүн продуктусу", ошондой эле улуттук коомдун ортосундагы өз ара аракеттенишүүнүн жыйынтыгы (1999: 187). Глокализация, маданий чөйрөдөгү ааламдык гетерогендүүлүктү, жергиликтүү жана ааламдык элементтердин өз ара аралашуусун жана гибриддешүүсүн билдирет.

Макдональддашуу жашоону стандартташтыруу менен бирге анын даамын жана тузун жоготуусуна алып келет, ал эми айырмачылыкты издөө бул жоголуп кеткен даам менен тузду табууга аракет кылат. Бул жерде модернизм талкалаган эмоция, магия, оригиналдуу элементтер, диний жана этникалык маданият кайрадан мыйзамдуулукка ээ болот. Ааламдашуу феномени модерндүүлүктүн натыйжасы болуу менен бирге анын соңун дагы билдирет (Ritzer, 2000: 99-105). Заманбап өндүрүш парадигмасы массалык керектөөчүгө кайрылат жана анын кирешесин массанын чоңдугу менен байланыштырат. Постмодерндик өндүрүш

парадигмасында болсо оригиналдуулукту издеген же башкача жашоо образына умтулган керектөөчүлөргө кайрылышат (Featherstone, 2013).

Ааламдашуу интеллектуалдык жана практикалык процесстерден азыктанат. Интеллектуалдык процесстердин негизги булагын универсалдуу кабары же максаты бар христиан жана ислам сыяктуу диндер жана стоицизм же канттык космополитизм сыяктуу философиялык мамилелер түзөт (Schulz, 2018: 4). Тажрыйбалык процесстерде экономика, саясат, оюн-зоок индустриясы жана технология ааламдык өз ара аракеттенишүүнү жана көз карандылыкты өнүктүрөт.

### Саясаттын ааламдашуусу жана улуттук мамлекет

Салттуу социологиялык адабияттарда коом түшүнүгү улуттук мааниге ээ. Коом жана улут деген түшүнүктөр окшош мааниге ээ гана ээ болбостон, алар билинбестен бири-бирин алмаштырып колдонулат. Улут же коом өз ичинде системалуу түрдө интеграцияланган жана өзүн-өзү камсыз кылуу өзгөчөлүгүнө ээ. Эгемендүүлүк принциби улуттун башка элдерге карата автономиясын жана жеке жашоосун камсыз кылат. Ушул эле принцип улуттук иденттүүлүккө ыйык маани берип, башка иденттүүлүктөрдү улуттук иденттүүлүк менен же интеграциялайт (бириктирет), же аны этибарга албай да коё алат. Улут – классикалык социологияда маданият жана география алкагында интеграцияланган салыштырмалуу чоң, өзүн-өзү камсыз кылган адамдардын жамааттарын билдирет. Модерн доору салттуу чек араларды жок кылат, ал эми адамдарды улуттук чек араларга кайрадан жайгаштырат. Улуттук мамлекеттин ичинде салттуу бажы чек аралары жоюлуп, базар улуттук масштабда интеграцияланган болот (Giddens, 1994: 27-32). Улуттук мамлекет жарандыкты, шайлоо жана шайлануу укугун, негизги укуктарды жана эркиндиктерди, адамдык элементтерге социалдык жана экономикалык колдоо көрсөтүү аркылуу моралдык жана саясий интеграцияны максималдуу жогорулатуунун жолдорун издейт. Бул парадигмага ылайык, адам мамлекет менен саясий жакындыкты гана орното

алат. Ушул себептен улам, модерн доору жеке жарандыкка негизделген. Ааламдашуу процессинин күчөшүндө бул абалдын туруктуулугу татаал жана талкууга ачык болуп калат. Биринчи жана Экинчи Дүйнөлүк согуш жылдарында улуттук мамлекеттердин өз коопсуздугун камсыз кылуу жана өз алдынчалыгын сактап калуу мүмкүнчүлүктөрүнө шек жаралып, эл аралык бirimдиктер түзүлгөн. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин эл аралык альянстардын социалдык муктаждыктардын жана көйгөйлөрдүн бардык тармактарында жайылганы көрүнүп турат. Бириккен Улуттар Уюмунун түзүлүшү менен улуттук эгемендүүлүктүн жаңы доорго киргенин жана Вестфаль келишими менен башталган классикалык эгемендик түшүнүгүнүн соңуна келгендигин көрсөтөт. Мамлекеттер эми өздөрүнүн эгемендүүлүгүнүн бир бөлүгүн өз каалоосу менен БУУ, Европа Кеңеши жана Европа Биримдиги сыяктуу институттарга өткөрүп бере баштады. К. Пирсон “Заманбап мамлекет” (“The Modern State”) аттуу китебинде (2000: 107) бул процесстерди кеңири талдап, бүгүнкү күндөгү өзгөрүп жаткан коом-мамлекет мамилеси жөнүндө төмөнкүдөй аныктамаларды берет:

1) Коом улуттук мамлекет менен так дал келбейт;

2) Коомдун чек аралары мамлекеттердикиндей так эмес;

3) Ар бир адам бир улуттук мамлекеттен чоңураак же кичирээк болгон бир нече коомго таандык;

4) Коомдор өзүнчө, коомдук системалар катары эмес, «коомдор системасынын» ичинде жашайт;

5) Трансулуттук коомдор күчөп, кеңири жайылууда.

6) Кээ бир шарттарда «дүйнөлүк коом» (ааламдык коом) жөнүндө сөз кылуу мүмкүн болуп калды.

Жогорудагы айтылгандар ааламдашуу процессинде улуттук мамлекеттин келечегине байланыштуу айрым чөйрөлөрдө жаңы жоромолдорду жана кооптонууну жаратууда. Азыр коомдордун активдери улуттук чектерден чыгууда. Кайсы бир улуттун жарандары башка улуттук мамлекеттерде өз улутунун маданий климаты менен дем ала турган коомдук мейкиндиктерди таба алышат. Мисалы, АКШдагы кытайлык конуштар жана Түркиядагы

немис же англис курорттору сыяктуу жайлар улуттук өзгөчөлүктөрдүн бузулуусуна алып келет деген кооптонууларды жаратууда.

Ааламдашуу процессинде жергиликтүү, этникалык жана диний өзгөчөлүктөрдүн коомдук чөйрөдө көрүнүүсү да байкалууда. Адам укуктары, маданият, билим берүү, экономика ж.б. тармактарда мамлекеттер аралык же мамлекеттен жогорку уюмдар улуттук мамлекеттерден ички улуттар аралык айырмачылыктарга карата көңүл бурууну талап кылып, алардан бул маданияттарды коргоону жана жайылтууну талап кылышат жана күтүүлөр акталбаганда улуттук мамлекеттерге санкцияларды киргизип, саясий шок жана кризистерди жаратууда. Көптөгөн улуттук мамлекеттер экономикалык жактан пайдалуу көрүнгөн эл аралык кызматташтыкты маданий жактан кооптуу катары көрүшөт.

1990-жылдары Европа Биримдиги жакынкы келечекте Европа Бириккен Мамлекеттерин жарата тургандыгын болжолдогон же үмүт кылгандардын саны азыркыдан көп болгон. Улуттук же эл аралык уюмдар айырмачылыктарды таанууда жана көп маданияттуу саясатты ишке ашырууда улуттук мамлекеттерге караганда агрессивдүү экенин көрүүгө болот. Бирок акыркы жыйырма жылдын ичинде бүткүл дүйнөдө көп маданияттуу саясатты ишке ашырууда басаңдоо же тыныгуу болуп жатканы байкалууда. Бул тыныгуунун үч себеби алдыңкы планга чыкты: 1) 1990-жылдардын аягында Дүйнөлүк социалдык форум деген ат менен дүйнөлүк экономикалык гегемонияга коркунуч туудурган күчкө айлануу үчүн ийкемдүү болсо да ар кандай жашоо образдары уюштурулган. (Hardt ve Negri, 2003: 24); 2) 2001-жылдын 11-сентябрында АКШда болгон террордук актылар; 3) Маданий укуктар жеке адамдаргабы же жамааттаргабы берилиши керек? – деген темадагы башаламандыктын улануусу.

Маданий автономия талаптары белгилүү бир убакыттан кийин саясий көз карандысыздык талаптарын алып келип, дүйнөнүн дээрлик бардык жеринде микро улутчулдук зомбулугу күчөй баштаган. Ааламдык дүйнөдө улут болуу үчүн социализмдин бардык тармактарында өзүн-өзү камсыз кылуу принцибинин

зарылдыгы азайгандыктан, белгилүү бир географиялык жана маданий мейкиндик менен мамиледе болгон ар бир этнос азыр өзүн улут катары көргүсү келет жана көз карандысыздыкка умтулат. Бул изденүүлөр көп маданияттуулук талабы менен башталып, бирок уруучулук аялдамасына жеткен сапар болуу коркунучу бар (Touraine, 2007: 51).

Дүйнөдөгү мамлекеттердин саны 1960-жылдан 2000-жылга чейин тездик менен өскөн. Мунун негизги себеби постколониалдык процесс болгону менен, салттуу улуттук мамлекеттер микро улутчул кыймылдар тарабынан болуп көрбөгөндөй коркунучта болгону белгилүү. 2017-жылдын 1-октябрында Испания мамлекетине карабай Каталония Аймактык өкмөтү көз карандысыздык боюнча референдум өткөрүп, катышуучулардын көбү көз карандысыздык үчүн добуш берген. Испаниянын Конституциясы тарабынан берилген ыйгарым укуктун негизинде Мадрид администрациясы Каталония аймактык башкаруусун жойду. Ошондон кийин эл аралык жана улуттар аралык уюмдарга көңүл бурулуп баштаган, бирок бул жерден да эгемендүүлүктүн берилбей тургандыгы көрүлгөн. Бул абал ааламдашуу процессинде улуттук мамлекеттердин кооптонуусун жарым-жартылай жеңилдеткен натыйжаны жараткан. Улуттук мамлекеттер классикалык эгемендүүлүк мамилелерин сактап калууда ар кандай кыйынчылыктарга дуушар болушса да, алар дагы деле ааламдашуу процессинде үстөмдүк кылуучу субъект болуп кала берет.

### Дүйнөлүк стратификация / катмарлануу

Ааламдашуу процессинин социалдык кесепеттерин алып караганыбызда, эң айкын жагдай катары акыркы мезгилдерде коом/улут алкагында талдоого алынган социалдык катмарлануу феноменин эми ааламдык масштабда талдоо зарылдыгын көрөбүз. Ааламдашуу процессинде улуттук чек араны кесип өткөндөрдүн саны тез өсүүдө, Берлин дубалы талкаланып, чек аралар ийкемдүү болуп калды. Бирок, бүгүнкү күндө ар бир эле адам ааламдык мобилдүүлүккө ээ боло бербегендиги да анык. Байлар, белгилүү бир маданиятка жана ишенимге таандык болгон адамдар чек

аралардан оңой өтүшөт. Чек араларда тоскоолдуктарга туш болгондор адамдар көптөгөн мүмкүнчүлүктөргө жетүү үчүн чек арадан өтө тобокелдүү жол менен (үйлөмө кайыктар менен деңизди же муздаткыч жүк ташуучу унаалар менен жер үстүндөгү чек араларды кесип өтүү ж.б.) өтүүгө аракет кылышат. Дүйнөдөгү миграциялык кыймылдарды алып караганыбызда анын түштүктөн түндүккө, чыгыштан батышка карай багыты бар экени байкалат. Ишке орношуу, билим берүү жана ден соолук мүмкүнчүлүктөрүнөн тышкары, кээ бир өлкөлөрдө социалдык саясат тажрыйбалары да миграциянын белгилүү борборлорго багыт алуусуна себеп болууда.

Чыгыш блоктун ыдырашынан кийин тизгинин бошоткон неолиберализмдин өнүккөн өлкөлөрдө социалдык саясат тажрыйбасын алсыратышы жана иммигранттардын социалдык саясат бюджеттерине кошумча жүк алып келиши жыргалчылык коомдору (welfare states) катары белгилүү болгон коомдордо ксенофобия жана неоулутчулдук кыймылдарды жандандырды. Бул окуялар бүгүнкү күндөгү миграция жана социалдык саясат көйгөйлөрү улуттук мамлекеттер чече ала турган өлчөмдөрдөн алда канча алыс экенин көрсөтүп турат. Ааламдык масштабда социалдык стратификация / катмарлануу жөнүндө ой жүгүртүү Ааламдык адилеттүүлүк принцибинин алкагында социалдык саясаттын чечимдери жөнүндө ойлонууга алып келет. Бирок, дүйнөдө көйгөйлөр өсүп жатканы менен, улуттар аралык жана эл аралык уюмдардын көйгөйлөрүн чечүү мүмкүнчүлүгү жок. Социалдык көйгөйлөргө көңүл бурган массанын сезимталдыгы да кыска убакыттын ичинде кыжырданууга, андан кийин зомбулукка айланып кетиши ыктымал (Hartmann, 2014: 331).

Коомдошуунун ааламдашуусу социалдык хаостун өсүшү сыяктуу натыйжаларды алып келет. Бул маселени чечүүдө «дүйнөлүк атуулдук», «адам кирешеси» сыяктуу түшүнүктөр жана принциптер философтор менен илимпоздордун талкуусуна түрткү болгон. Мисалы, Ю.Хабермастын (2007: 32) пикири боюнча, "дүйнөлүк жарандык" түшүнүгү жарандын жана адам укуктарынын жөнгө салынышын улуттук деңгээлден эл аралык деңгээлге алып чыгат". Бул жерде жарандыкты кайсы бир мамлекет

менен эмес, адамдык макам менен байланыштырыш керек экени каралат. Бирок, бул талкуулар да жыйырма жыл мурун көргөн көңүл буруну көрбөй калды; бир кезде коомдук илимдерде популярдуу болгон "ааламдык башкаруу" ("global governance") түшүнүгү да четте калганы байкалууда.

Ааламдашуу процессинде Бириккен Улуттар Уюмунун көйгөйлөрдү чечүүчү дараметинин өспөгөнү, анын үстүнө көптөгөн функциялардын алсыздашы, күч же кысым көрсөтүү сыяктуу натыйжаларды колдонуу менен мамлекеттер аралык чыр-чатактарды жаратууда. Чындыгында, АКШ армиясынын Жакынкы Чыгышта болушу БУУга каршы жана аны көңүлгө албоо менен ишке ашкан. Америка Кошмо Штаттары демократияны жана адам укуктарын коргоо үчүн дүйнөнүн ар кайсы аймактарында гуманитардык интервенцияларды жасаган. Бул интервенциялардын натыйжалары демократияны жана адам укуктарын жакшыртууга, ошондой эле учурдагы деңгээлди коргой турган натыйжаларды бербейт жана мамлекеттер аралык тирешүүнү күчөттү. Ал эми БУУнун гуманитардык кийлигишүүлөрдү жөнгө салууга ыйгарым укуктары да, нормативдик базасы да жок (Habermas, 2007: 31-2; Touraine, 2007: 50).

### Ааламдашуунун соңубу? Альтернативдүү ааламдашуубу?

Ааламдашуу боюнча адабияттарда мезгил-мезгили менен ааламдашуунун соңу жөнүндөгү дискурс же концепция талкууга алынууда. Мисалы, Берлин дубалынын кулашын ааламдашуу феноменинин символу катары көргөндөрдүн айрымдары АКШнын Мексика чек арасына тургузган дубалын ааламдашуунун аяктаганын билдирет деп ойлошот. 2001-жылдын 11-сентябрындагы чабуулдар ааламдашуу процессинин аякташы болду дегендер да бар, анткени ал дүйнөдөгү адамдардын агымын басаңдаткан чараларга алып келген (Held жана McGrew, 2008: 7). Москвада биринчи Макдональдстын филиалынын ачылышын ааламдашуу катарына киргизгендер, 2022-жылдын февралында Орусия-Украина арасындагы согуштун башталышы менен Орусиянын АКШнын бренддерин, анын ичинде Макдональдстын өлкөдө кызмат

кылуусуна тыюу салганы ааламдашуунун аяктаганы тууралуу багытка салым кошкондугун айтышат.

Бирок ааламдашуу феноменине айрым окуялар жана кыска мөөнөттүү саясаттар аркылуу баа берүү адашууга алып келиши мүмкүн. Мыйзамдуу же мыйзамсыз ишке ашкан адамдардын мобилдүүлүгүнүн жыл сайын өсүшү дүйнө жүзү боюнча уланууда. Өлкөлөр жыл сайын белгилүү бир аймакта товарларды же кызматтарды өндүрүүгө жана сатууга басым жасоо менен башка өлкөлөрдөн көбүрөөк өз муктаждыктарын канааттандырууга аракет кылып жатышат. Капиталды интернационалдаштыруунун темпи төмөндөбөдү. Дүйнөнүн экологиясына жана коопсуздугуна коркунуч туудурган көйгөйлөрдүн бар болушу экспоненциалдуу түрдө уланууда. Ар бирибиз башка өлкөлөрдөгү мүмкүнчүлүктөрдүн жана көйгөйлөрдүн таасири тууралуу ой жүгүртүүгө мурунку жылга караганда көбүрөөк убакыт бөлөбүз.

Ааламдашуу сан жана сапат жагынан өсүп жаткан көйгөйлөрү менен жашоосун улантууда. Ааламдашуу феноменин жокко чыгара турган тажрыйбалар минимализм, жай жашоо, экологиялык/органикалык жашоо жана түпкүлүктүү кызыкчылыктар деп айтса болот. Бирок бул тармактарга кызыккандар уюлдук телефон, интернет аркылуу дүйнөлүк масштабда маалымат алмашып, популярдуу толкундардын таасирине кабылганын эске алсак, аларды ааламдашуу феноменинен четте калды деп айтууга болбойт.

Бул учурда ар түрдүү ааламдашуу көрүнүштөрү жөнүндө сөз кылууга болот. Капиталга негизделген ааламдашууга альтернатива катары, керектөөчүлөрдү жана чакан жергиликтүү өндүрүүчүлөрдү коргоого аракет кылган Адилеттүү соода кыймылы сыяктуу түзүлүштөрдү альтернативалык ааламдашуу кыймылдары катары көрө алабыз. Экинчи жагынан, дүйнөдөгү экологиялык көйгөйлөрдүн көбү өндүрүш жана керектөө жолунан келип чыгат.

Керектөө боюнча маалымдуулук, экологиялык билим берүү ж.б. у.с. тажрыйбалар аркылуу адамдардын жашоо образын кайрадан ойлонуу жана оң тарапка өзгөртүү ааламдык

экосистеманын жүгүн жеңилдете алат. Бирок, мындай альтернативалык тажрыйба олуттуу натыйжаларды бериши үчүн, алар жөн гана фантазия болууну токтотуп, жашоонун бардык тармагына өз ыктыяры менен жайылуусу керек. Адамдар аралык тилектештиктин жана кызматташтыктын, ошондой эле айлана-чөйрөгө ыңгайлашуунун практикасын өнүктүрүү зарылчылыгы бар.

Ааламдык көйгөйлөр жөнүндө ойлонууда адамдардын алдында турган эң негизги тоскоолдук – бул, албетте, алардын ыңгайлуулукту жана ылдамдыкты (адреналинди) каалоосу. Ылдамдык өскөндө толкундануу да күчөйт, бирок туш боло турган тобокелчиликтер дагы көбөйөт, күчөйт. Э. Гидденс ааламдык масштабдагы кесепеттери бар тажрыйбаларды *juggernaut* (айдоочусу жок же айдоочулук күбөлүгү жок айдоочу башкарган же ылдыйга түшүп бараткан ылдамдыгы менен жүргөн унаа) метафорасы менен түшүндүрүүгө аракет кылат. Биздин дүйнөлүк тажрыйбабыз же жашоо образыбыз барган сайын күтүүсүз натыйжаларды берип жатат (Giddens, 1994: 136-7). Биз кечки тамак үчүн тамак менен бирге жакшыртылган комфортту сунуш кылган жерди тандообуз менен, жашообузду улантуу үчүн жаратылышка жүктөгөн жүгүбүз көбөйөт, ж.б.у.с. Ааламдык доор (Global Age) У. Бектин концептуализациясы менен «тобокелдик коомду» чагылдырат. Бектин айтымында (Beck, 2019: 19-20), адамзат бүгүн “цивилизация вулканынын” үстүндө отурат. Бардык нерсе каалаган убакта эрип кетүү коркунучунда.

**Ааламдашуунун социалдык чөйрөлөрдө чагылдырылышы**

Ааламдашуу феноменине жалпы түшүнүк берүүнүн тажрыйбалык жолдорунун бири – предметти негизги багыттарга бөлүп жана ар бир чөйрөдөгү сүрөттөрдүн бүтүндүгүнө салым кошо турган бөлүмдөрдү берүү болушу мүмкүн:

*Экономика:*

- Капитал улуттук мүнөзүн жоготуп, аманаттардын эл аралык түрдө которулуусу көбөйүүдө.
- ЭВФ (Эл аралык валюта фонду), Дүйнөлүк банк жана Дүйнөлүк соода уюму сыяктуу эл аралык жана улуттар аралык

экономикалык уюмдар пландоо, бажы саясаты, иш менен камсыз кылуу саясаты жана социалдык саясат тармактарында улуттук мамлекеттер тарабынан кабыл алынган чечимдерди көбүрөөк аныкташат.

- Айлана-чөйрөгө зыян келтирген жана интенсивдүү эмгекти талап кылган ишканалар өнүккөн өлкөлөрдөн өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө өтүүдө.
- Чийки затты продукцияга айландырган ири ишканалардын саны азайып баратат, ал эми жеткирүүчү орто ишканалардын саны салыштырмалуу өсүүдө.

*Эмгек турмушу:*

- Социалдык камсыздоо тутумдарында жана профсоюздук уюмдарда катталган кызматкерлердин саны азайган сайын, толук эмес жана долбоордук негизде иштөө кеңири жайылууда.
- Айыл чарба жумуштары, шофер, балдарды жана карыларды кароо, чалуу-борборунун (колл-центр) кызматтары, курулуш иштери, компьютердик инженерия жана программалоо, бизнести башкаруу сыяктуу көптөгөн жумуштарды белгилүү улуттарга жана этносторго таандык адамдар менен байланыштырган ааламдык эмгек бөлүштүрүү өнүгүп жатат.
- Миграция, профсоюздардын жок болушу жана компаниялардын өндүрүштүк ордун өзгөртүүсү сыяктуу коркунучтар жумушчулардын ортосундагы ынтымакка жана тынчтыкка терс таасирин тийгизет.
- Дүйнөнүн айрым бөлүктөрүндө Эл аралык эмгек уюмунун стандарттары максималдуу түрдө жогоруласа, башка аймактарда эмгекти эксплуатациялоонун жаңы формалары байкалууда. Көптөгөн өнүгүп келе жаткан өлкөлөр эмгекке болгон басымды өнүгүү мүмкүнчүлүгү катары карашат.

*Саясат:*

- Улуттук мамлекеттер негизинен саясий субъекттер катары кала беришсе да, алар кээ бир учурларда жана жерлерде бир кыйла алсырашкан.

- Улуттук мамлекеттер ылдыйдан да, жогорудан да, сырттан да келген динамикадан алсыраган.
- Чек аралар жоголбойт, алар өткөргүч болуп калат, өткөргүчтүктүн жогорулашына каршы жаңы дубалдар, чектөө жана ийкемдүүлүк саясаты кыска мөөнөттүү толкундар менен бири-бирин ээрчишет.
- Чыгыш менен Батыштын ортосундагы бүткүл дүйнөлүк саясий жана экономикалык бөлүнүүнүн ордуна Түндүк менен Түштүктүн ортосундагы экономикалык жана маданий бөлүнүү жаралса, ал эми Сахаранын түштүгүндөгү Африка дүйнөлүк коомдон четтетилген.
- Ааламдашуудан келип чыккан көйгөйлөрдү улуттук саясат жана мүмкүнчүлүктөр менен чечүү мүмкүн болбогондуктан, ааламдык башкаруунун изденүүсү пайда болот. Бирок, мамлекеттер менен ааламдык башкаруунун ортосунда түзүлгөн келишимдер, берилген убадалар көп учурда аткарылбайт. Ошентип, ааламдык көйгөйлөрдүн чечилишине карата пессимизм күч алууда.
- 2000-жылдарга чейин региондоштурууга үмүт бар болсо, акыркы жыйырма жылда чөлкөмдөштүрүү саясатын сындагандар көбөйдү. Улуу Британиянын Европа Биримдигинен чыгышы маданий автономия талабына тынчсызданган улуттук мамлекеттик парадигманы бекемдөөдө.

*Маданият:*

- Модернизация бир түрдүүлүктү жаратса, биз ааламдашуу процессинде бирдейлик менен көп түрдүүлүктүн ортосундагы термелүүнүн күбөсү болуп жатабыз.
- Ааламдашуу процесси менен постмодерндик процесстин бирдейлигин караганыбызда ааламдашуунун заманбап жана постмодерндик аспектилерине күбө болобуз.

*Баалуулуктар:*

- Бириккен Улуттар Уюмунун негиздөөчү максаттарынын бири болуп саналган жана жалпы диндерге, гуманизмге, агартуучулук ойлорго жана француз революциясына негизделген

баалуулуктар жана принциптер модерндешүү процессинде универсалдуу мүнөзгө ээ болууда.

- Ааламдашуу жана постмодернизация процессинде «акыл» универсалдуулуктун жападан жалгыз шилтемеси болууну токтотот, ал эми абсолюттук универсалдуулукту түшүнүү өз ордун «консенсуска» негизделген универсалдуулукка калтырат.
- Постмодернизмде локалдык, тарыхый жана диний баалуулуктарды кайра мыйзамдаштыруу баалуулуктардын инфляциясына, демек, ааламдашуу дүйнөсүндө баалуулуктардын башаламандыгына алып келет.
- Ааламдашуу процессинде ар кандай ишенимдердин, маданияттардын жана жашоо образынын жүрүм-турум үлгүлөрү менен бетме-бет келген адамдар толеранттуулук, интеграция, ассимиляция жана четтетүү жагынан ар кандай реакцияларды бериши мүмкүн. Белгиленген баалуулуктар айырмачылыктарга туш болгон учурда тажрыйбалык чечимдерди сунуштоо үчүн жетишсиз.

*Туризм жана көңүл ачуу:*

- Ааламдашуу процессинде көңүл ачуу жана туризм кызмат көрсөтүү секторунун чоң бренддери тарабынан стандартташтырылган.
- Адамдардын аныктык, айырмачылык, жөнөкөйлүк жана жымжырттык издөөсү дагы альтернативалык аламдашкан туристтик мобилдүүлүктү жаратат; массалык эмес көңүл ачуу кызматтары да белгилүү бир кардар базасына ээ.
- Туризмдин аркасында биз дүйнөнүн бардык булуң-бурчунда окшош жерлерди кезиктиребиз, ошондой эле жоголуп кеткен тарыхый маданий баалуулуктардын кайрадан жандануусуна күбө болобуз.
- Көңүл ачуу жана туризм тармагындагы кээ бир ишкерлер рационалдуу жана стандартташтырылган кызматтарды нукура жана көп маданияттуу элементтер менен синтездөө аркылуу өзгөрүп жатышат.

*Социалдык катмарлануу (стратификация):*

- Жеке адамдар үчүн ааламдашуу дүйнөлүк масштабда мобилдүүлүктү камсыз кылган тармактар менен байланышкан абалды билдирет. Бул тармактар менен байланыш түзө албагандар жергиликтүүлүккө өкүм кылынышат. Мисалы, интернеттин, уюлдук телефондордун, спутниктик телекөрсөтүүлөрдүн болбошу же экономиканын байланыш чекити болгон чоң-чоң шаарларга жакын болбошу дүйнөнүн көптөгөн адамдарын ааламдык болуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат.
- Экономиканын ааламдашуусу, өзүнүн улуттук мүнөзүн жоготуп, дүйнөнүн көптөгөн адамдары үчүн экономикалык көйгөйлөрүн чечүүдө мамлекеттик колдоодон ажырап калгандыгын билдирет.
- Дүйнөлүк экономикалык тутумда өз ордун таба албагандар дүйнөлүк экономикадан нормативдик эмес жолдор менен пайда көрүүгө умтулушат. Баңги аткезчилиги (наркотрафик), мафия, мыйзамсыз жумуш ж.б. у.с. учурлар ааламдашуудан улам көбөйүүдө.
- Неотрайбалдашуу же ааламдык терроризм феномендери дүйнөлүк экономикадан четте калгандардын айрымдарынын өз маданиятына баш калкалоосунун негизинде пайда болот.
- Ааламдык коомдон четте калгандар өз ара альянстарды жана тилектештик түзүмдөрүн өнүктүрүү аркылуу альтернативалык ааламдашу тажрыйбасынын феноменин жаратышат.
- Альтернативдүү ааламдашуу ааламдашуунун көйгөйлүү моделдерине шектенүү жаратуу менен ага каршы турган жана анын күнөөкөрлөрүн жоопко тартуунун жолдорун, ошондой эле жеке адамдардын тажрыйбасын жана жашоо мүмкүнчүлүктөрүн издеген коомдук кыймылга айланууда.

Жогоруда биз ааламдашуу боюнча белгилүү тармактардагы жалпы көз карашты кыскача айтып берүүгө аракет кылдык. Бирок, бул жерде айтканыбыз ааламдашуунун бардык негизги элементтерин айтып өттүк деген жыйынтыкка алып келбеши керек. Ааламдашуу көп өлчөмдүү жана көп катмарлуу феномен болгондуктан, толук “сүрөттү” көрсөтүүгө болгон аракет жеткиликтүү эмес бойдон калат. Бул кемчилик бул макалада дагы

ачык-айкын көрүнүп турганын айтып коюшубуз керек. Ошого карабастан, бул бөлүмдө ааламдашуу феноменине квалификациялуу жалпы социологиялык көз карашты көрсөтүп берүү максаты бар экенин эске сала кетели.

**Колдонулган адабияттар**


Beck, Ulrich (2019) *Risk Toplumu: Başka Bir Modernliğe Doğru,* Çev. Bülent Doğan, İstanbul, İthaki Yayınları.

Featherstone, Mike (1996) *Postmodernizm ve Tüketim Kültürü*, Çev. Mehmet Küçük, İstanbul, Ayrıntı Yayınları.

Fukuyama Francis (1992) *The End of The History and The Last Man,* New York, Free Press.

Giddens, Anthony (1994) *Modernliğin Sonuçları,* Çev. Ersin Kuşdil, İstanbul: Ayrıntı Yayınları.

Habermas, Jürgen (2007) *Bölünmüş Batı,* Çev. Dilman Muradoğlu, İstanbul, Yapı Kredi Yayınları.

Hardt, Michael ve Negri Anthony (2003) *İmparatorluk,* Çev. Abdullah Yılmaz, İstanbul: Ayrıntı Yayınları.

Hartmann, Kathrin (2014) *Küresel Çarkın Dışında Kalanlar Tüketim Toplumundaki Yeni Fakirlik,* Çev. Levent Bakaç, İstanbul, Ayrıntı Yayınları.

Harvey, David (2004) *Yeni Emperyalizm,* Çev. Hür Güldü, İstanbul, Everest Yayınları.

Held, David ve Mcgrew, Anthony (2008) "Büyük Küreselleşme Tartışması", *Büyük Dönüşümler,* Ed. David Held ve Anthony McGrew, Çev. Ali Serkarı Mercan ve Eray Sarıot, Ankara, Phoenix Yayınları, ss. 7-74.

Huntington, Samuel P. (1993) "The Clash of Civilizations", *Foregin Affairs,* Vol. 72., No: 3, pp. 22-49.

Pierson, Christopper (2000) *Modern Devlet,* Çev. Dilek Hattatoğlu, İstanbul: Chivi Yazıları Yayınları.

Ritzer, George (2000) *Büyüsü Bozulmuş Dünyayı Yeniden Büyülemek,* , Çev. Şen Süer Kaya, İstanbul, Ayrıntı Yayınları.

Ritzer, Georg (2011) *Toplumun McDonaldlaştırılması*, Çev. Şen Süer Kaya, İstanbul, Ayrıntı Yayınları.

Ritzer, George and Paul Dean (2015) *Globalization: A Basic Text*, Oxford, Willey Blackwell Publication.

Robertson, Roland (1999) *Küreselleşme: Toplum Kuramı ve Küresel Kültür,* Çev. Ümit Hüsrev Yolsal, Ankara, Bilim ve Sanat Yayınları.

Schulz, Markus S. (2018) "Frontiers of Research and the Futures We Want: Towards a New Agenda for Sociology", *Frontiers of Global Sociology Research Perspectives for the 21st Century,* Ed. Markus S. Schulz, Berlin, International Sociological Association, pp. 1-8.

Şener, Sami (2001) "Medeniyetlerarası Çatışma Teorileri ve Tarihin Sonu Tezi Üzerine", (İç.) *Medeniyetler Çatışması,* Ed. Murat Yılmaz, Ankara, Vadi Yayınları, ss. 421-436.

Touraine, Alain (2007) *"Eşitliklerimiz ve Farklılıklarımızla Birlikte Yaşayabilecek miyiz",* Çev. Olcay Kunal, İstanbul, Yapı Kredi Yayınları.

# МАНУЭЛ КАСТЕЛЬСТИН ТАРМАКТЫК КООМ ТЕОРИЯСЫ

Жеват Өзйурт[1]

(Которгон: Азамат Арпачиев)[2]

## Киришүү

Ааламдашуу феномени 1980-жылдардан бери коомдук түзүлүштү жана коомдук өзгөрүүнү бирдиктүү талдоону каалаган социологдор тарабынан эске алынышы керек болгон маселе. Эмануэл Валлерштейн, Энтони Гидденс, Зигмунт Бауман, Ален Турен жана Мануэл Кастельс – ааламдашуу боюнча теориялык көз караштарды иштеп чыккан окумуштуулардан болуп эсептелишет. Бул социологдордун арасында Кастельстин өзгөчө орду бар. Эмгеги марксисттик социологиядан вебердик социологияга ыктаган теоретик, жаңы маалымат технологияларынын негизинде ааламдык коом түзүлдү деген түшүнүктү жактайт. Ааламдашуу жеке жүрүм-турумдан коомдук түзүлүшкө, өндүрүштүк мамилелерден бөлүштүрүү жана таратуу мамилелерине, улуттук мамлекеттерден коомдук кыймылдарга чейин, коомдун бардык чөйрөлөрүндө чоң өзгөрүүлөрдү алып келди. Мисалы, экономика модерн коомдо индустрияга негизделсе, ааламдык коомдо маалыматка негизделген. Ааламдык коомдун өзүнүн тилектештик жана таптык формасы бар. Заманбап коомдордо улуттук мамлекеттердин чектеринде жүргүзүлгөн демократиялык саясат коомдук көйгөйлөрдү чечүүдө популярдуу функцияга ээ. Ааламдык коомдун ийкемдүү, кыска мөөнөттүү, жекече түзүмдүк өзгөчөлүктөрү социалдык интеграцияга терс таасирин тийгизет. Ушул себептен улам, Кастельстин Ааламдык коомду талдоосу социалдык мамилелердин

---

[1] Проф., Ph.D. Кыргыз-Түрк «Манас» университети Гуманитардык факультети Социология бөлүмү жана Анкара Йылдырым Бейазыт университети Инсан жана коомдук билимдер факультети Социология бөлүмү.

[2] Ph.D. доктoранты, Сельчук университети Коомдук илимдер институту (социология).

ааламдашуу процессинде мурда болуп көрбөгөндөй көйгөйлөрдү жаратканына көңүлүбүздү бурат. Ал марксисттик коомдук сезимталдыкты жарым-жартылай улантканы менен, көйгөйлөрдүн чечилиши жөнүндө алдын ала айтпайт. Кеңири тарыхый жана географиялык маалыматтарга негизделген Ааламдык көйгөйлөрдү объективдүү түрдө сүрөттөө аракети аны ар түрдүү диндерди, цивилизацияларды жана тарыхый доорлорду, статистикалык маалыматтарды салыштыруу менен модерн капитализмди түшүнүүгө аракет кылган Веберге жакындатат.

Бул эмгекте Мануэл Кастельстин ааламдашуу теориясына жалпы мүнөздөмө берилет. Бул жерде, биринчиден, ал тармактык коом деп атаган дүйнөлүк коомдун динамикасы жана өзгөчөлүктөрү талкууланат. Андан кийин, анын тармактык коомдогу экономика, саясат жана адамдык мамилелер боюнча талдоолору берилет. Акырында, ааламдык коомдогу (тармактык коом) социалдык стратификация /катмарлануу жана социалдык конфликт көйгөйлөрү баяндалат жана бул көйгөйлөрдү чечүүдө колдонулган стратегиялар (иденттүүлүк, жамааттащуу, коомдук кыймылдар) боюнча түшүнүктөр берилет.

### Тармактык коомдун динамикасы жана өзгөчөлүктөрү

Кастельстин айтымында, маалымат технологияларындагы ыңкылаптар экономика, саясат жана маданият тармактарын трансформациялоо менен коомдун жаңы түрүн жаратты.

"Өндүрүш мамилелеринде, бийлик мамилелеринде жана тажрыйба мамилелеринде түзүмдүк өзгөрүү байкалганда жаңы коом пайда болот. Бул өзгөрүүлөр мейкиндиктин жана убакыттын социалдык формаларында да окшош кескин өзгөрүүлөргө жана жаңы маданияттын жаралышына алып келет (Castells, 2013a: 330).

Бул тарыхый трансформация маалыматтык коомду жаратты деп башкалар тарабынан айтылганы менен, Кастельс бул аныктаманы буга ылайыктуу деп эсептебейт. Жаңы коом – бул маалыматтык парадигманын көтөрүлүшү менен байланыштуу бирок аны менен аныкталбаган белгилүү бир коомдук түзүлүш (Castells, 2013a: 330).

Жаңы коомдук түзүлүш бул үч көрүнүштүн – байланыш, экономика жана маданият/иденттүүлүк тармагындагы өз ара аракеттери менен түшүндүрүлөт: 1) 1970-жылдарда пайда болгон маалыматтык технологиялар революциясы, 2) 1980-жылдарда мамлекеттин капитализмдин кайра түзүлүшү, 3) 1960-жылдарда пайда болгон маданий, коомдук кыймылдар жана 1970-жылдарда аларга кошулган феминисттик жана экологиялык кыймылдар (Castells, 1997: 7).

Кастельс жаңы коомду "тармактык коом" деп атаган. Маалыматтык коом түшүнүгү коомдун маалыматтык технологиялардын айланасында топтолуусу болсо, тармактык коом түшүнүгү "ийкемдүүлүк", "трансмиссивдүүлүк", "тармактарга катышууда жана маалыматка жетүүдөгү теңсиздик", жаңы "криминалдык экономика" сыяктуу ар түрдүү көрүнүштөргө басым жасайт.

Кастельс тармактык коомдун материалдык негизин түзгөн маалыматтык технологиялар парадигмасынын негизги өзгөчөлүктөрүн төмөндөгүдөй болуусу керек дейт:

1) Чийки заты, кыймыл булагы – маалымат. Технологияга негизделген маалыматтан айырмаланып, бул жерде технология маалыматка негизделген.

2) Жаңы технологиянын таасири жеке жана жамааттык жашоонун бардык өлчөмдөрүн калыптандырат.

3) Жаңы маалыматтык технологиялар системасы логикага ылайык иштейт. Тармактык логика – системанын татаалдыгынан жана системанын ичиндеги белгисиздиктен келип чыккан көйгөйлөрдү чечүү.

4) Жаңы технология парадигмасы ийкемдүүлүк жана кайра аныктоо принциби менен иштейт.

5) Бул парадигма ар кандай тармактарда технологиялык топтолуунун бара-бара бир системага айланышына шарт түзөт. Мисалы, "микроэлектроника, телекоммуникациялар жана компьютерлер азыр маалымат системасына интеграцияланган" (Castells, 2008: 89-91).

Кастельс ааламдашуу теориясына эң маанилүү салымын *"Маалымат доору: экономика, коом жана маданият"* үчилтиги менен кошкон. Үчилтиктин биринчи тому *"Тармактык коом"* 1996-жылы, экинчи тому *"Иденттүүлүктүн күчү"* жана үчүнчү тому *"Миң жылдыктын соңу"* 1997-жылы жарык көргөн. Кастельс өзүнүн *«Тармактык коомдун өнүгүүсү»* аттуу китебинде коомдук түзүлүштөгү өзгөрүүлөрдү жана жаңы коомдун түзүмдүк өзгөчөлүктөрүн талдайт. *«Иденттүүлүктүн күчүнүн»* негизги темасы – тармактык коомдогу коомдук кыймылдарды жана саясий процесстерди талдоо. *«Миң жылдын соңунда»* болсо тармактык күчтөрдүн өз ара аракеттенишүүсүнүн жыйынтыктарын талдайт жана сексенинчи жылдардан бери дүйнөдөгү экономикалык жана саясий тең салмактуулуктун өзгөрүшү боюнча ойлору менен бөлүшөт. Ал СССРдин кулашын жана Тынч океандык экономиканын өсүшүн "тармактык коом" феномени менен түшүндүрүүгө аракет кылат.

*«Маалымат доору»* аттуу биринчи томунда Кастельс жалпысынан жашоону жана дүйнөнү өзгөрткөн негизги окуяларды талдайт: маалыматтык технологиялар революциясы, генетикалык инженериянын жетишкендиктери, советтик системанын кулашы жана дүйнө жүзүндө марксизмдин төмөндөөсү, кансыз согуштун аякташы, капитализмдин кайрадан түзүлүүсү, ааламдашуу процесси, Тынч океандык экономиканын көтөрүлүшү, улутчулдуктун күчөшү менен ар түрдүү формада улуттук мамлекеттердин эгемендүүлүгүнүн эрозиясы, демократиянын жана легитимдүүлүктүн кризиси, ааламдык маданиятка каршы коммунализм, диний фундаментализм, феминизмдин өсүшү жана патриархат кризиси, экологиялык кризистин жана экологиялык аң-сезимдин бир эле убакта көтөрүлүшү сыяктуу көрүнүштөрдүн комплекси сексенинчи жылдардан бери анын негизги кызыкчылыгы болуп келген (Castells, 1997: 6). Кастельс дүйнөдөгү трансформациянын борборунда маалыматтык технологиялардагы өзгөрүүлөр турат деп ойлойт. Анын жаңы байланыш технологиясы берген мүмкүнчүлүктөрдүн социалдык түзүлүшкө тийгизген таасирин талдоону улантуусу менен 2001-жылы *«Интернет*

*галактикасы»*, ал эми 2009-жылы «*Байланыш күчү*» аттуу эмгектери басылып чыккан.

"Маалымат дооруна киришүү" (An Introduction to the Information Age) аттуу макаласында Кастельс маалымат коомунун бири-бири менен өз ара байланышта болгон тогуз негизги аспектилерин санайт:

1. *Маалыматтык экономика* – бул экономиканын негизин "өндүрүмдүүлүк" жана "маалымат технологияларындагы атаандаштык" түзөт. Бул кызмат коомунан башка нерсе.

2. *Ааламдык экономика* – бул экономика ааламдык масштабда жана реалдуу убакытта иштеген интегралдык түзүлүшкө ээ. Интеграция биринчи кезекте финансы, базар, өнүккөн бизнес кызматтары, технологиялык инновациялар, медиа байланыш тармактарында болот. Бул XVI кылымда пайда болгон Дүйнөлүк экономикадан айырмаланган жаңы чындык. Дүйнөлүк экономикалык иштердин көбү дүйнөлүк масштабда болгону менен, жумуш менен камсыздоо улуттук жана жергиликтүү деңгээлде ишке ашат. Бул калктын көпчүлүк бөлүгүнүн тышта калуусу демек. Буга Африка, Түштүк Американын кедей аймактары жана Азиянын айылдарынан келгендерден турган Төртүнчү дүйнөнү четтетүү деп атоого болот. Төртүнчү дүйнө көбүнчө аялдар жана балдардан турат.

3. *Тармактык ишкердик* – бул тармак, компаниялардан, бөлүмдөрдөн же компаниялардын ички бөлүмдөрүнөн турат. Көп улуттуу компаниялар борборлоштурулган түзүлүштөрү менен ааламдык тармакка оңой кире алышат. Тармактык ишкердиктин экинчи тарабында чакан өндүрүүчүлөр же жеткирүүчүлөрдүн катышуусу менен компаниялар аралык келишимдер болот.

4. *Иш жана иш менен камсыз кылуунун өзгөрүүсү.* Иш дайыма тарыхый өзгөрүүлөрдүн кыймылдаткычы болуп келген. Бирок, маалымат доорунда иштин тагдыры да өзгөрүүдө. Технологиялык өнүгүүлөрдү ээрчий албаган массалар жумуштан четтетилип, "корпоративдик эркек" өз ордун "ийкемдүү аялга" калтыра баштаганын байкоого болот.

5. *Социалдык уюлдашуу жана социалдык четтетүү.* Кызматкерлер барган сайын ишканалардын жана базардын демилгесине дуушар болушууда. Эмгек базарында ден соолукка, жашка, гендердик басмырлоого же бекитилген милдеттерге жана кызматтарга ыңгайлашуудагы ажырымга байланыштуу олуттуу төмөндөөлөрдү көрүү мүмкүн. Бул тенденция көпчүлүк коомдордо теңсиздиктин, социалдык уюлдашуунун жана социалдык четтетүүнүн өсүшүнө алып келди. Ошентип, байлык жогоруда үйүлүп жатса, төмөнкү катмарда жакырчылык кеңири жайылууда.

6. *Чыныгы виртуалдык маданият* – бул тармакка окшош үлгүлөр, ийкемдүүлүк, убактылуу символдук байланыш, маданияттын электрондук медиа аркылуу уюмдашуусу жана түзүлүүсү, маданий чөйрөдөгү олуттуу өзгөрүүлөр болуп саналат. Бирок, жаңы медиа системасын жалпылап мүнөздөө мүмкүн эмес. Биз ааламдык айылда жашабайбыз. Жалпыга маалымдоо каражаттары укмуштуудай көп түрдүүлүккө ээ. Биз дүйнөлүк айылга караганда массалык түрдө өндүрүлгөн коттеджерде жашоого бара жатабыз. Бул виртуалдык реалдуулуктан башка нерсе, бул жерде виртуалдуулук биздин доордун реалдуулугунун жана символунун бир бөлүгү болуп эсептелет. Булар виртуалдык реалдуулук дүйнөсүндө эмес, чыныгы виртуалдык дүйнөдө болуп жатат.

7. *Саясат.* Бүгүнкү күндө маалымат каражаттары саясаттын негизги айдыңына айланды. Саясат бүтүндөй турпаты менен медиада орун тапты, имидж куруучулар да чыныгы көйгөйлөргө жана чыныгы чыр-чатактарга кызыкдар. Массалык маалымат каражаттарында орун таппаган субъекттер жана идеялар табигый түрдө четке кагылуу менен азчылыкты түзүшөт.

8. *Мезгилсиз убакыт.* Маалымат доорунда тармактык коом үстөмдүк кылган социалдык түзүлүшкө айланып баратат. Тармактык коомдо убакыт жана мейкиндик өзгөрүүгө дуушар болот. Коом убакытсыз убакытта жана өзгөрмөлүү мейкиндиктерде уюшат. Өлчөмсүз убакыт жана агымдар мейкиндиги көпчүлүк адамдардын толук жашоосун түзбөсө дагы аларга үстөмдүк кылат. Адамдын бардык аракеттери дүйнөлүк масштабда жана кыска

убакыттын ичинде ишке ашуу мүмкүндүгү чоң. Мисалы, иш дүйнөсүндөгү иштөө убактылары ар кандай экендигин байкоого болот.

9. *Агымдар мейкиндиги.* Электрондук схемалардын узактагы, каржы базары жана алдыңкы иш башкаруу кызматтары сыяктуу маалымат тутумдарын бири-бирине байлап турат. Бир тараптан санарипке негизделген ыкчам которуу системалары, адамдардын жана товарлардын кыймылдуулугу менен камсыздалган алыскы аралыктардын ортосундагы агымды күчөтүүдө. Электрондук схемалар агымдар тармагындагы жергиликтүү өндүрүш жана башкаруу функцияларын бири-бирине байланыштырат. Бул абалда жаңы технологиялык парадигма мейкиндиктин түшүнүк катары кайрадан түшүнүлүүсүн талап кылат. (Castells, 1997: 7-14).

Кастельстин тармактык коому боюнча узак мөөнөттүү талдоолорунун бири – анын 2001-жылы жарык көргөн «*Интернет галактикасы*» аттуу китеби. Китептин аталышы Маршалл Маклюэндин «*Гутенберг галактикасы*» аттуу китебине байланыштуу. Маклюэн өзүнүн китебинде заманбап коомдук түзүлүштүн негизи – басмакана деген түшүнүктү алдыга чыгарат. Кастельс дагы М.Маклюэн сыяктуу коммуникация технологиялары социалдык түзүлүштүн жана социалдык өзгөрүүлөрдүн негизи деп ойлойт. Анын айтымында, бүгүнкү күндө байланыш түйүндөрүндө коомдук уюмдашуунун жаңы формалары орун алууда. Бирок, бул жерде детерминисттик чечмелөө болбойт. Экономика жана көптөгөн адамдардын ишмердүүлүгү барган сайын интернет тармактары аркылуу ишке ашса да, көптөгөн интернеттен тышкаркы иштердин бар экенин эске алуу зарыл. Бүгүн коомдук кыймылдардын мамилелери жана чыр-чатактары интернет түйүндөрүндө орун алууда. Интернеттин белгилүү бир борборунун жоктугу жана тармактардын интернетте өз алдынчалыгы эркиндиктин аймагын кеңейтүүчү функцияга ээ. Бирок, интернетке кирүүдөгү теңсиздиктер да бул эркиндиктин баарынын пайдасына иштебей турганын көрсөтөт. Белгилей кетчү нерсе, дүйнөнүн борбор шаарлары интернет тармактарына кирүүдө артыкчылыкка ээ.

## Тармактык коомдогу жаңы капиталисттик экономика

Кастельс 1970-жылдардан бери жаңы дүйнөлүк экономика модели пайда болду деген түшүнүктү жактайт. Моделдин жаңы экономиканын маалыматтуулугу, тармактын уюмдашуусуна лоялдуулугу жана ааламдык сыяктуу үч айырмалоочу өзгөчөлүгү бар. Бул моделде экономикалык бирдиктердин өндүрүмдүүлүгү жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү алардын маалымат өндүрүү, иштетүү, жетүү жана колдонмо жөндөмдүүлүгү менен аныкталат. Өндүрүш ааламдык масштабдагы ишканалардын тармактарынын ортосундагы мамилелер тармагынын чегинде ишке ашат жана атаандаштык ошол эле чөйрөдө болот. Өндүрүш, керектөө жана бөлүштүрүүнүн компоненттери, анын ичинде чийки зат, капитал, эмгек, технология жана маалымат сыяктуу элементтер дүйнөлүк масштабда уюштурулган (Castells, 2008: 100).

Маалыматтын натыйжасында пайда болгон экономикалык түзүмдү Кастельс "Маалыматтык экономика" деп атайт. Маалыматтык экономика – бул индустрияга багытталган "индустриалдык экономикадан" айырмаланган жаңы экономика. Өнөр жай коомдору мамлекеттик жана капиталисттик болушу мүмкүн болсо, ал эми индустриалдык коомдор бир гана капиталисттик болушат. СССРдин бул трансформацияга ыңгайлаша албагандыгы аны кулоого алып келген.

Кастельстин "маалыматтык коом" концепциясы – жаңы технологиялар менен шартталган маалымат процесстеринин, өндүрүштүн жана күчтүн (экономикалык жана саясий) негизги булактарына айланган коомдук уюмдашуунун өзгөчөлүктөрүн билдирет. Маалыматтык коом ошол эле учурда "тармактык коом" болуп эсептелет (Castells, 2008: 25).

1980-жылдардан бери капитализмдин кайрадан жаңы түзүмгө ээ болуусу жана маалымдашуунун жайылышы дүйнөлүк масштабдагы бири-бирине чырмалышкан процесстерден болуп калган. Бирок, коомдор тарыхый, маданий жана институционалдык түзүлүштөрүнө жараша бул процесстерге ар бири ар башкача жооп беришкен. Бул процессте коомдук түзүлүштөрдүн дүйнөлүк масштабдагы бир тектүүлүгү жөнүндө айтуу туура эмес. Маалымат

технологияларынын жайылышына байланыштуу, милдеттүү сингулярдуу/универсалдуу модерндешүү жок. Япония, Испания, Кытай, Бразилия ж.б. маалыматтык технологиялардын таасири астында терең өзгөрүүлөрдү башынан өткөрүшкөнүнө карабай өз айырмачылыктарын сактап кала беришмекчи (Castells, 2008: 24-5).

*Тармактык институттун адеп-ахлактык негиздери жана маалыматтуулуктун руху.*

Кастельстин айтымында, капитализм өз ичиндеги социалдык карама-каршылыктарга карабай жашоосун улантат. Өнүгүүнүн бир формасы катары маалыматтуулук азыркы өндүрүш ыкмасын абдан өзгөртсө дагы Вебердин капитализмдин рухуна байланыштуу аныктаган принциптери дагы деле өз күчүндө. Маалыматтуулуктун руху менен капитализмдин руху бири-бирине карама-каршы келбейт, бирок айырмаланат (Castells, 2008: 265-6).

Капитализмдин түп тамырынан бери өзгөрүүсүнө жол ачкан маалыматтуулук Вебердин "жеке ишкердик" жана "аскетизмге" негизделген экономикалык адеп-ахлагына "корпоративдик рух" жана "керектөөчүлүк" сыяктуу жаңы принциптерди алып келди. Башка тараптан, маалыматтуулук менен тездетилген ааламдык атаандаштык чөйрөсүндө "мамлекет" жана "улуттук иденттүүлүк" маанилүү жөнгө салуучу факторлор катары өздөрүнүн бар болуусун улантууда. Үй-бүлө институту дагы топтоо жана мурас жолу аркылуу экономика институтунун ичинде таасирин улантууда.

Экономикалык талаада жеке ишкердин, үй-бүлөнүн жана мамлекеттин таасирине карабастан, жаңы экономиканын кыймылдаткычы жана негизги бирдиги болуп бул "тармактык институт" эсептелет. Тармактык институт – бул субъект эмес, бирок түрдүү субъекттердин жана уюмдардын катышуусунан турган, дайыма өзгөрүп туруучу тармак түзүмү.

*Тармактык институттун адеп-ахлактык негиздери.* Тармактык институт – бул катышуучу субъекттердин көп түрдүүлүгүн жок кылуучу белгилүү бир маданият эмес, анда экономикалык субъекттердин жана мекемелердин гармониялуу иштешин камсыз кылган "жалпы маданий эрежелердин жыйындысы" бар. Бул жалпы

маданий эрежелер тармактын мүчөлөрү тарабынан түзүлгөн жана мүчөлөрү өзгөргөн сайын өзгөрүп туруучу көп маданияттуу мазмунга ээ. Универсалдуу маданият дискурсунан айырмаланып, бул жерде ар кандай маданияттардын чагылышын табууга болот.

*Маалыматтуулуктун руху* жөнүндө Кастельстин ойлорунун маңызы төмөнкүчө: «Бир маданият - ооба, бирок укуктар менен милдеттердин декларациясына караганда, бул эфемердик маданият, жеке стратегиялык чечимдердин маданияты, бири-бирине жамалган тажрыйбалар менен кызыкчылыктардын жыйындысы. Виртуалдык дүйнөдө компьютерлердин реалдуулукту өзгөртүү аркылуу жараткан визуалдык тажрыйбалары сыяктуу *көп кырдуу, виртуалдык маданият*. Бул фантастика эмес, материалдык күч, анткени ал тармактын жашоосунун ар бир мүнөтүндө күчтүү экономикалык чечимдерди колдойт жана аларга күч-кубат берет. Бирок анын өмүрү анча деле узун эмес: ал компьютердин эс-тутумуна мурунку ийгиликтер менен каталардын чийки заты катары кирет. Тармактык институт өзүнүн виртуалдык маданиятында жашоону үйрөнүүдө. Тармактагы позицияны белгилүү бир убакыт же мейкиндиктеги маданий эрежелердин жыйындысы катары аныктоого болгон ар бир аракет тармакты эскирүүгө алып барат; анткени мындай аракет маалыматтуулук талап кылган өзгөрмө геометрияга салыштырмалуу абдан катаал. «Маалыматтык рух - бул сигналдарды иштеп чыгуучу оптико-электрондук схемалар менен тездетилген "чыгармачыл жок кылуу" маданияты» (Castells, 2008: 269-270).

Белгилей кетчү нерсе, Кастельс жаңы экономиканын (маалыматтык экономиканын) социалдык натыйжасын Вебердин *"Протестанттык этика жана капитализм рухунун"* акыркы абзацтарынан алынган цитата менен түшүндүрөт. Капитализм – бул экономикалык түзүлүштү гана эмес, бардык коомдук жашоону аныктоочу үстөмдүк кылуучу маданият. Адамдар мурда экономикалык объектилер/товарлар менен түзгөн аралыктуу жана ийкемдүү мамилелердин ордун экономикалык объектилердин адам жашоосуна маани бере турган жандыктар катары кабыл алууга өткөрүп беришти. Бул учурда, олуянын каалаган учурда чечип, четке ыргытып жибере турган чапаны темир зоотко айланды.

Кастельс Вебердин капитализм маданияты тууралуу "Рухсуз адистер, жүрөксүз ырахатчылар, мурда жетишилбеген цивилизация деңгээлинде экендигин элестетишет" сүйлөмүндөгү интелектуалдык кайгырууну тең бөлүшөт. Бул жерде ал өзүнүн интеллектуалдык тынчсыздануусу менен да бөлүшөт. Вебер бир кылым мурун айткандай эле, негизги деми пайда болгон капитализм маданиятындагы рухсуз адистер жана жүрөксүз ырахатчылар, биздин дагы деле цивилизациянын эң өнүккөн деңгээлинде экенибизди элестете беришет (Castells, 2008: 270).

Жаңы капиталисттик экономиканын маанилүү өзгөчөлүктөрүнүн бири – анын ийкемдүүлүгү. Ийкемдүүлүк принцибин сактоо мамлекеттик экономикалар үчүн сыноо болгон жана Советтер Союзу бул сыноодон өтпөй, ыдырап кетти. Бир жакта болсо, Кытай экономикасы мамлекеттин жаңы маалыматтык технологиялар жана базар талап кылган ийкемдүүлүккө жооп берип, жаңы экономикалык системада өз ордун күчтөнүү менен ээлей алды (Castells, 2008: 15).

Жаңы экономикалык система – маалыматты өндүрүш процессинин продуктусу кылган "маалыматтык технологиялар революциясынын" натыйжасы. "Жаңы маалыматтык технологиялар өндүрүштөрүнүн өнүмдөрү – маалыматты иштетүүчү түзүлүштөр же маалыматты иштетүүнүн өзү. Жаңы маалымат технологиялары – маалыматты иштетүү процесстерин өзгөртүү менен адамдын ишмердүүлүгүнүн бардык тармактарында кездешишет". Жаңы капиталисттик экономика - маалыматтык экономика. Маалыматтык экономика – түзүмдүк жактан ааламдык болуп эсептелет. Дүйнөлүк экономика Ф.Браудель менен Э. Валлерштейндин "Дүйнөлүк экономика" моделинен айырмаланып турат.

Ааламдык экономика бир эле учурда "ааламдык деңгээлде бүтүндүк" катары иштейт. Жыйырманчы кылымдын аягында маалымат технологиялары тарабынан берилген инфраструктуранын жана либералдаштыруунун аркасында дүйнөлүк экономика мамлекеттер тарабынан аныкталган укуктук регламенттерден көз карандысыз калып, биринчи жолу чыныгы дүйнөлүк экономикага айланган. Өндүрүш, жумуш менен камсыз кылуу, компаниялардын

көпчүлүгү жергиликтүү жана регионалдык – бул абал улана бермекчи. Экономикалык иштердин бардык процесстеринин чоң бөлүгү өлкөнүн ичинде ишке ашат. Бирок, дүйнө жүзү боюнча экономикалардын "ааламдаштырылган өзөктүн иштешинен көз каранды" экендиги дүйнөлүк экономиканы чындыкка айланткан. Бул ааламдык өзөк "каржы базарлары, эл аралык соода, трансулуттук өндүрүш, илим жана технология жана адистештирилген эмгекти камтыйт" (Castells, 2008: 128).

**Тармактык коомдун экономикалык түзүлүш**

Өндүрүш мамилелери чоң технологиялык жана социалдык өзгөрүүлөргө дуушар болуп капитализмди кайра түзүүгө жана тарыхта биринчи жолу дүйнөлүк базардын капитализмдин огуна интеграцияланышына алып келген. Өндүрүш процесстеринде, эмгек-капитал мамилелеринде, таптык мамилелерде жана жалпысынан экономикалык түзүмдө пайда болгон жаңы мүнөздөмөлөр төмөнкүдөй (Castells, 2013a: 492-8):

1) Маалыматка негизделген ааламдык экономика өндүрүмдүүлүк жана атаандаштыкка негизделет.

2) Ишкерлер, компаниялар, региондор, өлкөлөр сыяктуу экономикалык субъекттер жаңычыл жана ийкемдүү.

3) Бир убакта ишке ашырууну жана координациялоону биринчи орунга койгон уюмдар жана башкаруу түзүмдөрү тармактык демилгенин жакшы мисалдары болуп саналат.

4) Жумушчунун квалификациясы кыска убакыттын ичинде жараксыз болуп калышы мүмкүн. Эмгек базарында калуу үчүн кошумча билимдин жана үзгүлтүксүз билим берүүнүн мааниси өсүүдө.

5) Тармактык ишкердик жумушчу мамилелерине жана иштөө убактысына ийкемдүүлүк алып келди. Эмгек борборсуз жана жекелештирилген. Эмгекти коргоо жана социалдык камсыздоо чөйрөсүндөгү ченемдик-укуктук жөнгө салуулардын таасири алсырап, жумушчулар арасындагы атаандаштык ылдамдады. Жумушчунун соодалашуу күчү алсырады.

6) Капитал тармагында индустриалдык капитализмди өнүктүрүүдө маанилүү болгон жеке ишкердик кайрадан маанилүү болуп калды.

7) Абдан тез чечим жана кыймыл керек болгон дүйнөлүк финансылык капитал рационалдуулуктан ажырап, кумардануу маданиятын көздөй баратат.

8) Жаңы экономикалык система социалдык теңсиздикти жана социалдык катмарлардын ортосундагы уюлдашууну күчөткөн, эң жогоруда жана эң төмөндө пайда болгон демографиялык үймөк менен орто класстын күчүн жок кылды.

9) Жаңы экономикалык парадигма, адамдын адам катары баалуулугун этибарга албастан, адамдарга өндүрүүчү же керектөөчү катары гана мамиле жасоодо. Бул жагдай экономикага негизделген социалдык четтетүү феноменинин өсүшүнө алып келди.

10) Социалдык мамлекет парадигмасынан алыстап, жакырчылыктын феномени бүткүл дүйнөдө өсүүдө.

11) Маалымат иштетүүчүлөр жана маалымат өндүрүүчүлөр маалыматтык капитализмдин өсүп келе жаткан жумушчулары болуп калышты.

## Тармактык коомдогу саясий түзүлүш

Тармактык коом деп аталган жаңы коомдо саясат жаатында түзүмдүк өзгөрүүлөр болду. Капитал-мамлекет мамилеси жана улуттук мамлекеттин келечеги, саясий легитимдүүлүк сыктуу түшүнүктөр Кастельстин көңүлүн бурган маанилүү маселелерден болуп калган. Анын айтымында, саясий түзүлүштө пайда болгон жаңы мүнөздөмөлөр төмөнкүдөй (Castells, 2013a: 499-501):

1) Саясий эгемендиктин формасы болгон улуттук мамлекеттин түзүлүшү жана саясий легитимдүүлүктүн булагы катары демократиялык кризистин көрүнүшү бар.

2) Улуттук мамлекеттердин буйруктарынын ишке ашуусу азайды.

3) Мамлекеттер социалдык саясатка байланыштуу убадаларын ишке ашыра алышпаган абалга келишти.

4) Бүгүнкү демократиянын мамлекеттердин чектеринде гана иштеши, коомдошуу ааламдашкан мезгилде, коомдук эрежелерге адамдардын эркин чагылдырууда чектөө жаратат.

5) Коомчулуктун ааламдашуусу ааламдык коомдук кыймылдардын борборлоштурулбаган, ийкемдүү, тармактык интерактивдүүлүк түзүмүнө болгон кызыгууну арттырууда.

6) Коомдук кыймылдар ааламдык көйгөйлөрдү чечүү процессине активдүү салым болсо да, алар ааламдык көйгөйлөрдүн чечилбегендигине реакция катары маданий кыймылдарды да камтыйт.

7) Жергиликтүү саясатчылар менен улут-үстү (аймактык же ааламдык) саясий уюмдардын ортосундагы кызматташтык өсүүдө. Бул абал улуттук мамлекеттердин зыянына карай өнүгүүнү айгинелейт.

8) Идеологиялардын жана саясий лидерлердин жүздөрү, принциптери жана программалары маалымат каражаттары аркылуу жеткирилет жана калыптанат. Кандайдыр бир мааниде саясат театр шоусуна айланып, маалымат каражаттарынын саясий күчү жогорулады.

9) Маалыматтык тармактык коомдордо саясат бара-бара рационалдуулук сапатын жоготууда жана маданий коддор менен жазылууда.

10) Бийлик күрөшү кандайдыр бир мааниде маданий согушту элестетет.

11) Саясий ролдор кезектүү жана популярдуу болгондуктан туруктуу саясий бийлик элиталары азыраак кездешүүдө. Азыр бийликтен келген элиталар менен бетме-бетпиз.

### Тармактык коомдогу үй-бүлө жана эмоционалдык мамилелер

Жаңы коомдо Кастельс "тажрыйба мамилелери" деп атаган үй-бүлөлүк жана гендердик мамилелерде да олуттуу өзгөрүүлөр

байкалат. Үй-бүлө дүйнөнүн көпчүлүк бөлүгүндө жана адамдардын жашоосунун маанилүү мезгилинде жашоонун негизги институту болуусун токтотту. Гендердик мамилелерде жана үй-бүлө түзүлүшүндө айкын болгон жаңы өзгөчөлүктөр төмөнкүлөр (Castells, 2013a: 501-3):

1) Жаңы коомдо патриархалдык кризис менен үй-бүлөлүк жана гендердик мамилелер кайрадан аныкталган.

2) Патриархалдык үй-бүлө кризисинен улам үй-бүлөнүн келечеги бүдөмүктөшкөн.

3) Кичи үй-бүлө тарабынан берилген эмоционалдык жана материалдык колдоо азыр адамдар тарабынан түзүлгөн тармак тарабынан көрсөтүлөт.

4) Адамдардын жана балдардын жашоосунда үй-бүлө менен жашоо жана үй-бүлө менен жашабоо феномени бирдей байкалат.

5) Аталардын балдарга кам көрүүсүндө жогорулоо байкалганы менен коомду улантуу жана балдарды социалдаштыруу түйшүгү көбүнчө аялдарга жүктөлгөн.

6) Эркектер патриархалдык артыкчылыктарынан баш тартуу тенденциясында болуп, аялдардын кыймылынын талаптарына ылайык "жаңы сүйүү, бөлүшүү жана балалуу болуунун жаңы жолдорун" табууга умтула башташкан.

7) Иштин жекелештирилгени, жарандык коомдун түзүлүшү чачыраган жана мамлекет өзүнүн легитимдүүлүгүн жоготкон маалыматтык тармак коомунда үй-бүлөнүн жеке адамдарга психологиялык колдоо көрсөтүү жана материалдык жыргалчылыкты камсыз кылуу функциясы болуп көрбөгөндөй маанилүү абалга келген.

8) Үй-бүлө жана сексуалдык жактан калыптанган инсандык түзүм –ийкемдүү абалга келген.

9) Адамдар калыптанган жүрүм-турум моделине ылайыкташуунун ордуна, жаңыча социалдашуу формаларын жаратышууда.

**Ааламдык бийлик тармактары жана маданий иденттүүлүк**

Бүгүнкү күндө көп өлчөмдүү болуп калган күч/бийлик активдүү субъектилердин кызыкчылыктарынын жана баалуулуктарынын алкагында тармактык программалардын айланасында курулууда. Ар бир күч/бийлик тармагы өзүнө тиешелүү массалык коммуникациянын мультимедиялык айдыңында өзүн көрсөтөт. Бул абалда, байланыш тармактары коомдук бийликтин негизин түзөт (Castells, 2009: 426).

Ар кандай адам ишмердүүлүгүнүн талаасын түзгөн бийликтин тармактары да өз ара тармакты түзүшөт. Бул жерде, субъекттердин ортосундагы мамилелер кызматташтыкка жана атаандаштыкка байланыштуу конкреттүү стратегиялар аркылуу эмес, стихиялуу түрдө өнүгө баштаганы байкалат (Castells, 2009: 426).

Мамлекеттик жана саясий системанын айланасында түзүлгөн күч тармактары бардык күч тармактарында борбордук ролду ойноосун уланта беришет. Бул борбордук роль 2008-жылдагы экономикалык кризисте айкын көрүнгөн (Castells, 2009: 427).

*Маалымат доору* үчилтигинин экинчи тому *"Иденттүүлүктүн күчү"* китебинде Кастельс "ааламдык байлык, маалымат жана күч тармактарын программалаган баалуулуктарга жана кызыкчылыктарга каршы" маданий иденттүүлүктүн каршылык курал катары көтөрүлүшүн карайт. Ааламдык тармактардын чабуулунан улам улуттук мамлекеттин легитимдүүлүгүнүн алсырашы маданий өзгөчөлүктөргө болгон кызыгууну ого бетер арттырууда. Мамлекеттер ааламдык капитализм тарабынан жок кылынган адилеттүүлүктү камсыз кылуу үчүн тармактын түзүлүшүнө ыңгайлашып, көп тараптуу институтташууга кызыгып башташкандыгы эл арасында демократия жана эгемендүүлүктү жоготуу сезимин пайда кылды. Бул сезим иденттүүлүккө негизделген каршылык формаларына болгон кызыгууну андан ары арттыруучу фактор болуп калган (Castells, 2006: XIII). Улуттук мамлекеттер жок болуп кетпесе да, дүйнөлүк масштабда бири-бирине көз каранды болуп калган "тармактык мамлекетке" айланышты (Castells, 2006: XVI).

Коомдук мамилелерди жана социалдык өзгөрүүнү көп жагынан түшүнүүгө аракет кылган Кастельс "капиталисттик тармактардын бийлиги менен иденттүүлүктүн бийлигин, компаниялардын ааламдашуусу менен альтернативдүү ааламдашуу кыймылдарын" ааламдашуунун түрдүү жана карама-каршы көрүнүштөрү катары караган. Башкача айтканда, "түзүмдү" жана "агентти" түшүнүүгө бирдей көңүл буруу зарылдыгын эске салат (Castells, 2006: XVII).

Кастельстин айтымында, *иденттүүлүк* - "адамдар үчүн маани жана тажрыйбанын булагы" жана "индивидуалдашуу процессинде түзүлөт". Индивиддер бир маданий маанилер топтомун өздөштүргөндө жана "өз маанилерин бул өздөштүрүүнүн тегерегинде уюштурганда" бир иденттүүлүк бар деп айтууга болот. Коомдук субъекттердин иденттүүлүгү жөнүндө сөз кылганыбызда, алар үчүн башка маани булактарына караганда баалуу болгон маданий өзгөчөлүккө баса белгилеген болобуз. Жеке адамдар үчүн да, жамааттык субъект үчүн да көптүк иденттүүлүк болушу мүмкүн. Бирок, көптүк иденттүүлүктөр өзүн-өзү көрсөтүүдө чыңалууну жана чыр-чатакты жаратышы мүмкүн. Көп учурда иденттүүлүктөрдүн бири үстөмдүк абалында болот. Учурдагы тармактык коомдо индивиддер өзүнүн социалдык жандык экендигин "убакытта жана мейкиндикте коргой турган эң башкы иденттүүлүктүн тегерегинде" уюштурушат (Castells, 2006: 12-3).

Бардык иденттүүлүктөрдүн социологиялык түзүлүшүн баса белгилеп, Кастельс "иденттүүлүк кантип, кайдан, ким тарабынан жана эмне үчүн чыгарылган" деген суроолорго жооп берүү менен иденттүүлүк классификациясын түзөт. Тарых, география, биологиялык мүнөздөмөлөр, өндүрүштү жана көбөйүүнү жөнгө салуучу институттар, жамааттык эс-тутум, жеке каалоолор, бийлик куралдары, диний ишенимдер иденттүүлүктүн түзүлүүсүндө негиздөөчү элементтер болуп саналат. Бул элементтердин кайсынысы тандалаары жана элементтер арасындагы байланыштын кандай болоору, коомдук түзүлүшкө, мейкиндик жана убакыт менен аныкталган социалдык шарттарга жана маданий долбоорлорго жараша аныкталат. Жамааттык иденттүүлүктүн ким тарабынан жана эмне үчүн курулгандыгы иденттүүлүктүн символикалык мазмунун да, аны менен өзүн аныктагандарды да

жана анын сыртында позицияны ээлегендерди да аныктайт. Бийлик мамилелери иденттүүлүктүн социалдык курулуш процессине таасир этет.

Кастельс бийлик мамилелеринин контекстинде иденттүүлүктү куруу процессин үч категорияга бөлөт: «мыйзамдаштыруучу иденттүүлүк», «каршылык иденттүүлүгү» жана «долбоор иденттүүлүгү".

*Мыйзамдаштыруучу иденттүүлүк* – жарандык коомдун калыптанышын камсыз кылат, ошондой эле бийликтин түзүмдүк булактарын рационалдаштыруу функциясына ээ. "Коомдун үстөмдүк кылуучу институттары тарабынан социалдык субъекттердин каршысында үстөмдүгүн кеңейтүү жана рационалдаштыруу үчүн курулат" (Castells, 2006: 14). Институт жана субъекттер аркылуу бийлик-жарандык коом мамилелери жана иденттүүлүк баалуулуктары жана символдору кайрадан жаратылат. Жарандык коом системасынын баалуулуктарынын алкагында, зомбулуксуз саясий өзгөрүүлөрдү ишке ашыруу жана бийликти басып алуу динамикасына ээ. Демократия жана жарандык сыяктуу мыйзамдуу иденттүүлүктөр жарандык коом менен мамлекеттик бийликтин ортосундагы үзгүлтүксүздүктү камсыз кылгандыктан, жарандык коомго негизделген саясий өзгөрүүлөр коомдук кризистерди пайда кылбайт (Castells, 2006: 15-6, 538).

*Каршылык иденттүүлүк* – коомдук кризис учурунда коммуналарды же жамааттарды түзүү тенденциясы катары пайда болот. "Үстөмдүк кылуучу жана башкы болгондун логикасы тарабынан баалуу эмес кабыл алынган жана/же этикеттелген учурда/шарттарда болгон субъекттер тарабынан иштелип чыгат" (Castells, 2006: 14). Индивиддердин азыркы социомаданий түзүлүшкө жат болушу же коомдук түзүлүштөн четтетилиши алардын каршылык иденттүүлүгүнө болгон кызыгуусун арттырышы мүмкүн. Бул иденттүүлүктөрдөгү каршылыктын максаты - "четтеткендердин четтетилгендер тарабынан четтетилүүсү". Каршылыктын иденттүүлүгү жалпы социомаданий түзүлүштүн ичинде өзүн-өзү коргоо мүмкүнчүлүгүн берүү менен инсандардын жашоосуна маани берет. Бир тараптан бул

иденттүүлүктөрдүн өсүшү коомдун бөлүнүп, уруулар коомуна айланышына алып келүүсү мүмкүн (Castells, 2006: 16). Каршылык иденттүүлүктөрү жана бул иденттүүлүктүн тегерегинде пайда болгон жамааттар маалымат доорунда коомдук бийликти калыптандырган "агымдар мейкиндигинин аймаксыз логикасына каршы мейкиндиктерин, аймактарын коргошот". Алар бир эле учурда технологиянын ыйык абалга жетишине каршы чыгышат жана адамдардын ортосундагы горизонталдык байланышта маалыматтык технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн колдонушат. Компьютердик тармактардын өзүн-өзү уюштуруучу кыйратуучу логикасына жооп иретинде трансценденталдык баалуулуктарды ишке ашырууга аракет кылышат (Castells, 2006: 538).

*Долбоор иденттүүлүгү* – бул "коомдук субъекттер аларга берилген маданий материалдын негизинде коомдогу позицияларын кайра аныктай турган жаңы иденттүүлүктү түзүүлөрү жана муну менен бүт социалдык түзүлүштү өзгөртүүнү көздөөлөрү" (Castells, 2006: 14). Кастельс долбоор иденттүүлүгүн Ален Турендин (Alaine Touraine) "субъект" түшүнүгүнө шилтеме берүү менен түшүндүрөт. Субъекттер индивиддерден айырмаланып "коомдук субъекттер". Индивиддер коомдук субъект болгондон кийин "ыйык маанисине жетет". Тарыхый жана маданий өзгөчөлүктөрдөн айырмаланып, долбоор иденттүүлүгү үзгүлтүксүз эмансипация принцибине ылайык жаңы жашоону орнотууга багыт алат. Долбоор иденттүүлүктөрү динге кайрылганда салттуу эмес заманбап деген түшүндүрмөлөрдү колдонушат (Castells, 2006: 17).

### Тармактык коомдогу иденттүүлүктүн динамикасы

Кастельс иденттүүлүк саясатын тарыхый контекстте талдоо керектигин баса белгилейт. Бул контексттик талдоо түрдүү иденттүүлүктөрдүн кантип жана ким тарабынан курулганын түшүнүүгө да мүмкүндүк берет. Ал иденттүүлүк талдоосун тармактык коомдун контекстинде жүргүзөт (Castells, 2006: 17). Тармактык коомдо иденттүүлүктөр жана жамааттар да тилектештик жана баш калкалоо мүмкүнчүлүктөрү катары өнүгүшөт.

Тармактык коомдун өсүшү "социалдык өзгөрүүнүн жаңы формаларын" пайда кылып, индустриалдык коомдун иденттүүлүк куруу практикасына шек келтирүүчү процессти баштаткан. Тармактык коомдун жергиликтүү жана ааламдык деп системалуу бөлүнүүгө негизделгени жана "бийлик менен тажрыйба ар башка убакыт/мейкиндик алкагына ээ" болуусу иденттүүлүктүн жаңы формаларынын пайда болушуна себеп болот. Тармактык коомдо дүйнөлүк түйүндөрдүн чексиз агымдар мейкиндигинде жашаган элиталар жана алардын жергиликтүү жардамчылары болгондор үчүн идеалдуу жашоо планы мүмкүн. Аалам элиталары жана алардын жергиликтүү жардамчыларынан башкалар тармактык мамилелерге каршы коопсуздукту орнотуу үчүн иденттүүлүктөрүн ортомчу кылууга жана жамааттарга биригүүгө мажбур калышууда.

Ааламдык тармактардын жана жамааттардын өнүгүшү жарандык коомду алсыратууда. Өнөр жай коомундагы коомдук биригүүнү жана бийлик үчүн күрөштү уюштурган жарандык коом, маалыматтык доордо улуттук мамлекеттин соолуп калышы менен кризиске кирди. Тармактык коом чырмалышкан процесстердин натыйжасында мыйзамдаштыруучу иденттүүлүктөрдүн күчүн алсыратты. Өнөр жай коомдорунун демократиялык улуттук мамлекеттеринде капитал менен эмгектин ортосунда болгон социалдык келишим күчүн жоготту. Коомдук келишимдин негизинде курулган институттар көптөгөн коомдордо адамдардын жашоосун жана баалуулуктарын туйбас абалга келишти. Маселелерин жарандык коом жана мамлекет чече албаган жарандар, башка үйлөргө бала болуу үмүтү менен миграцияда жүрүшөт (Castells,, 2006: 15, 534).

Кастельстин айтымында, жалпы/мыйзамдаштыруучу принциптердин соолушу азыркы коомдордун кейиштүү абалын чагылдырат. Коомду реинтеграциялай турган иденттүүлүк белгилери да азырынча горизонтто көрүнбөйт. Коом гедонизм жана стратегиялык эсептөөлөрдү жетекчиликке алган эгоцентристтик радикалдуу индивидуализм менен мүчөлөрүнө бейишти убада кылган жамааттардын ортосунда бууланып жок болуп жатышат (Castells, 2006: 536).

Ааламдык агымдар жана радикалдуу индивидуализмдин алдында жок болуп кетүү коркунучу күчтүү каршылык иденттүүлүгүнүн негизинде жамааттарды пайда кылууда: Түзүмдөрүн “кудай, улут жана үй-бүлө сыяктуу салттуу баалуулуктардын тегерегинде курган бул жамааттардын лагерлеринин айланасын этникалык символдор, жерлерин коргоо каражаттары менен курчашат». Каршылык иденттүүлүгү салттуу баалуулуктардан да, ошол эле учурда салтуулукка каршы чөйрөчүл жана сексуалдык либертариандык активист коомдук кыймылдардан да күч алат. (Castells, 2006: 534-6).

Азыр коомдук субъекттерди коммуналдык каршылыктын айланасында дагы көбүрөөк көрүү мүмкүн. Модерн доорунда долбоор иденттүүлүктөрү жарандык коомдун негизинде курулса, ал эми тармактык коомдо каршылык иденттүүлүгү болсо коммуналдык каршылыктан келип чыгууда. Коммуналдык каршылык маалымат доорунда социалдык өзгөрүүлөр теорияларынын борбордук кызыгына айланды (Castells, 2006: 18-9).

Кастельс иденттүүлүктөрдүн бийликке каршы позицияларынын убакыттын өтүшү менен өзгөрүшүнө көңүл бурат: "Каршылык катары пайда болгон иденттүүлүктөр долбоорлорду баштоолору, тарыхтын жүрүшүндө коомдук институттарда үстөмдүк кылып, үстөмдүгүн рационалдаштырууга багытталган мыйзамдаштыруучу иденттүүлүктөргө айланышы мүмкүн жана бул табигый көрүнүш" (Castells, 2006: 15).

Маалымат агымдарынан азыктанган ааламдык капитал жана бийликке каршы позиция алган каршылык иденттүүлүктөрү дүйнөнү өзгөртүүгө багытталган долбоор иденттүүлүктөрүн пайда кылуулары мүмкүн (Castells, 2006: 537). Жергиликтүү элдерди коргогон каршылык кыймылы мезгилдин өтүүсү менен "альтернативдүү ааламдашуу" кыймылына же "төмөндөн ааламдашуу" кыймылына айлануусу мүмкүн (Castells, 2006: 196).

Каршылык иденттүүлүктөр каршылык көрсөтүшөт жана каршылаштары менен сейрек байланышка чыгышат. Белгилүү кызыкчылыктар үчүн соодалашуудан тышкары, мамлекет менен баарлашуудан да алыс болушат. Өз ара байланыштары да чектелүү

келет. Алар жаралуусунда жамааттык логикага милдеттүү болгондуктан, индивиддердин өз аныктоолоруна да терс карашат (Castells, 2006: 536).

Кастельс белгилүү болгон каршылык көрсөтүү иденттүүлүктөрү катары санаган диний жамааттар, улутчулдук, этникалык, географиялык иденттүүлүк, феминизм жана экологиялык ааламдык бийлик мамилелерине реакция жагынан бирдиктүү көз карашка ээ болушса да, өздөрү белгилеген маанилер жана келечек максаттары боюнча чогуу аракеттенүү үчүн күчтөрүн бириктире алышпайт. Тармактык коомдо каршылык иденттүүлүктөрүнүн максаттары жана функциялары төмөнкүдөй:

*Диний жамааттар* – коомго жаңы адеп-ахлакты сунуштоо менен, улуу, жалпы адамзаттык баалуулуктарды ишке ашырууну жана дүйнөдө бир ишенимде болгондордун коомун түзүүнү максат кылышат.

*Улутчулдук* – бир тараптан, жаңы мазмунга ээ болууну жана улуттук мамлекетти кайрадан жандандырууну, улуттук мамлекеттин чектерине чегинүүнү көздөйт. Бир тараптан, тармактык коомдо улуттун чектери улуттук мамлекеттин чегинен ашып кеткенин кабыл алуу менен, көп тараптуу саясий институтташууну мүмкүнчүлүк катары көрүп, азыркы улуттук мамлекет парадигмасын ашууга умтулат.

*Этникалык* –таандыктык, эзүүнүн жана боштондуктун негизги компоненти катары, дин, улут жана аймактык сыяктуу башка жамааттык иденттүүлүктөрдү колдоого умтулат.

*Аймактык/географиялык иденттүүлүк* – өкмөттөрдүн "өкүлчүлүк жана кийлигишүү субъекттери" катары ааламдык агымдарга жетишүү аракеттеринин энергиясын жаратышат.

*Феминизм* – гендердик басмырлоону жоюу максатында коомдогу отурукташкан патриархатты бузууга, патриархалдык капитализмге жана патриархалдык мамлекетке каршы туруу менен гендердик бөлүүнү жоюп, эгалитардык үй-бүлөнү орнотууга умтулушат.

*Экологиялык* - адамдын ааламдагы ордун жана маанисин эске алуу менен жашоо чөйрөсүнө, ден соолукка жана бакубатчылыкка

комплекстүү караган жана түрлөрдүн социобиологиялык иденттүүлүктөрүн сыйлаган экологиялык долбоорго айланат (Castells, 2006: 537-8 ).

**Төртүнчү дүйнөнүн өнүгүүсү жана коомдук четтетүү**

Кастельс тармактык коомду талдоодо социалдык стратификация / катмарлануу жана социалдык дифференциация процесстерине дагы токтолгон. Тармактык коомдун ичиндеги индивид-коом мамилесинде болуп жаткан өзгөрүүлөрдү талдоодо теңсиздик, уюлдашуу, жакырчылык жана жокчулук көрүнүштөрү күн өткөн сайын дагы көбөйүп жатат деп болжолдойт. Бул төрт көрүнүш өндүрүш, бөлүштүрүү жана керектөө мамилелериндеги жаңы үлгүлөрдүн натыйжасы болуп эсептелет. Тармактык коомдо экономикалык жашоонун жагымсыз көрүнүшү коллектив катары байлыктарга ээ болууда дифференциацияланган сындык ой-жүгүртүүнүн маанисиздигинен келип чыгат (Castells, 2013a: 92).

Кастельс бул төрт көрүнүштү төмөнкүчө түшүндүрөт:

*Теңсиздик.* Байлыктын же кирешелердин индивиддерге же коомдук топторго менчикке өткөндөгү түрдүү шарттардан улам келип чыгат.

*Уюлдашуу.* Байлыктын же кирешелердин бөлүштүрүлүүсүндө үстүнкү жана астыңкы катмарлардын катышынын тез өсүшүнөн келип чыгат, ал эми ортоңку бөлүгү кыскарат. Тармактык коом коштогон жаңы капитализм социалдык айырмачылыктарды ого бетер курчуткан конкреттүү теңсиздик процесстерине ээ болот.

*Жокчулук.* Бул коомдо индивид же үй-бүлө катары минималдуу жашоо деңгээлине өз мүмкүнчүлүктөрү менен жете албаган учур. Тармактык коом коштогон капитализмдин кайра куруу процессинде мамлекеттердин социалдык саясатка багытталган бюджеттеринин кыскарышы жакырлардын жашоо шартына терс таасирин тийгизүүдө.

*Жакырчылык.* Социалдык статистикада "өтө жакырчылык" абалына же кирешелер боюнча эң төмөнкү катмарга карата айтылат. Жалпысынан алганда, социоэкономикалык жактан начар

катмарлардын негизги муктаждыктарынан "ажыроо" абалы бүгүнкү күндө көбөйүүдө (Castells, 2013a: 93).

Кастельстин айтымында, жогоруда айтылган теңсиздик, уюлдашуу, жакырчылык жана жокчулук көрүнүштөрү өндүрүш мамилелерине байланыштуу "иш күчүнүн жекелештирилүүсү", "жумушчуларды ашыкча эксплуатациялоо", "социалдык четтетүү" жана "интеграциядагы четтөө" сыяктуу төрт процессти ачып берет. (Castells, 2013a: 92).

1. Эмгектин өндүрүш процессине кошкон салымы барган сайын ийкемдүү болуп, либералдашып, жөнгө салынбоосу, жеке келишимдер менен байланышуусу жана иштин ар бир кызматкерге жараша ар башкача аныкталуусу иш күчүн жекелештирген. Бул абал өндүрүш коомунун үстөмдүк кылуучу феномендеринин бири болгон ишчи кыймылынын алсырашына, эмгек шарттарынын нормативдик көзөмөлүнүн начарлашына жана иш коопсуздугунун төмөндөшүнө алып келүүдө.

2. Капитал ээлеринин эмгек акысына, убактысына жана ден соолук шарттарына катаал эрежелерди киргизүүгө мажбур болгондугу, ашыкча эксплуатациялоо көрүнүшүн кайрадан актуалдуу кылды. Мигранттар, азчылыктар, аялдар, жаштар жана балдар көбүнчө ашыкча эксплуатациялоонун курмандыгы болушат.

3. Кастельстин айтымында, "айрым индивиддердин жана топтордун белгилүү бир контексттеги институттар жана баалуулуктар тарабынан белгиленген социалдык стандарттардын чегинде автономиялуу жашоого мүмкүндүк берүүчү позицияларга жетүүдөн системалуу түрдө кармалып туруусу" социалдык четтетүү көрүнүшүн жаратат. Эмгек базарынан бир адамдын же үй-бүлөнүн четте калуусу – социалдык четтетүүнүн эң ачык көрсөткүчү. Маалыматтык капиталисттик системада үй-бүлө мүчөлөрүнүн бирөөсү дагы үзгүлтүксүз акы төлөнүүчү жумушка ээ болбогондордун үлүшү көбөйүүдө. Кимдин четтетилгендиги "билимге, демографиялык өзгөчөлүктөргө, коомдук терс пикирлерге, иш жеринин тажрыйбасына, коомдук саясатка" жараша өзгөрүп турат. Көбүнчө чететтилгендер маалыматтык экономиканын кызыкчылыктарына татыксыз болгондор болот.

Тармак коомундагы социалдык четтетүү жеке адамдарга болгон сыяктуу эле ошондой эле региондорго, өлкөлөргө жана аймактарга да байланыштуу болмокчу.

4. Социалдык четтетүү процесстери жана коомдук интеграция саясатындагы жетишпегендиктер ар кандай өндүрүштүк мамилелерди жаратуучу интеграцияда четтөө процессин пайда кылат. Кастельстин интеграциядагы дивергенция концепциясы "криминалдык экономикада эмгек процессин" аныктайт. Социалдык четтетүүгө дуушар болгон сегменттер өсүп бараткан кылмыш экономикасын жана планетардык масштабда өзүнүн динамикасы бар "кылмыш дүйнөсүн" түзөт (Castells, 2013a: 94-7).

Ааламдык, маалыматтык капитализмден четтетилгендер азап менен кайгы, кыйроолор, согуштар жана кылмыштар топтолгон географияларда жашашат, аларды Кастельс метафоралык түрдө "капитализмдин кара тешиктери" деп атайт. Тармактык коом бул Төртүнчү дүйнө менен же кара тешиктер менен байланышта эмес. Бирок, Төртүнчү дүйнөнүн бөлүктөрү өз ара бири-бири менен байланышта экендиги анык (Castells, 2013a: 214-6).

### Тармактык коомдогу коомдук кыймылдар

Кастельс тармактык коомдун түзүлүшүн "маалыматтык технологиялар революциясы" жана "капитализмди кайра куруу" көрүнүштөрүнө байланыштырат. Тармактык коомдун эң маанилүү өзгөчөлүгү – экономиканын ааламдашуусу. Экономиканын ааламдашуусу менен иштөө ийкемдүү боло баштады жана туруксуздашты, эмгек жекелештирилди, экспансионизм жана түрдүү медиа "чыныгы виртуалдык маданиятка" айланды, эми бийлик мамилелери жана көзөмөлү негизинен "агымдардын мейкиндигинде" жана "убакытсыз убакытта" ишке ашып калды. Тармактык коом индустриалдык капитализмдин жана индустриалдык коомчулуктун негиздерин солкулдатып, карама-каршы келген жаңы тенденцияларды жана көрүнүштөрдү пайда кылды. Бир жагынан ачкөздүк жана инновациянын үмүтү көтөрүлсө, бир жагынан инсандардын коомдук система ичинде калуу үмүтү төмөндөйт (Castells, 2006: 3-4). Ааламдашуунун

белгисиздиктерине жана кыйратуучу таасирлерине жана маданий ааламдашууга жооп иретинде иденттүүлүктөр да өнүгүүдө. Кастельс этникалык, диний, жергиликтүү тарыхый иденттүүлүктөрдүн жанында феминисттик жана экологиялык кыймылдарды да жамааттык иденттүүлүктүн билдирүү формасы катары баалайт.

Кастельстин айтымында, бул процессте улуттук мамлекеттердин жетишпегендиктеринин суракка алынышы жана саясий демократиянын көйгөйлөрдү чечүү жөндөмүнүн тарышы коомдук кыймылдарга болгон кызыгууну арттырган.

1960-жылдардан бери күч алган коомдук кыймыл саясаты идеологияга негизделген эмес. Булар саясий бийликке ээ болуунун ордуна "жашоону өзгөрткүсү келген маданий кыймылдар". Ээнбаш саясий бийликке реакция кылууга жана социалдык адилетсиздикке каршы турууга негизделген бул кыймылдар саясий жактан ийгиликтүү боло албаса да, коомдо маданий трансформацияны камсыз кылат. Феминизм, чөйрөчүлүк, адам укуктары жана маданий теңчилик коомдук кыймылдардын башкы көйгөйлөрүнө айланды. Идеологиялык саясат төмөндөө абалына киргени менен иденттүүлүк саясаты өнүгүү үстүндө. Бул жаатта 1990-жылдары маданий коммуналардын курулуусу түрүндө дагы конкреттүү кадамдар жасалды. Жаш муундагы саясатчылар убакыттын өтүшү менен коомдук кыймылдардын талаптарына көбүрөөк маани бере башташты.

Коомдук кыймылдар идеологиялык сапатты алып жүрбөгөн сыяктуу экономикалык талаада пайда болгон кризистерге реакция болуп эсептелбейт. Алар тапка негизделген чыр-чатактардан эмес, жалпы адамзаттын жалпы көйгөйлөрүнө сезимталдыктан азыктанышат. Технологиянын терс кесепеттерине болгон сезимталдыктары бул коомдук кыймылдарды технологияга каршы позицияга алып келген жок.

Коомдук кыймылдардын коомдук түзүлүшкө бир катар таасирлери бар экендиги ачык. Кастельс: "коомдук кыймылдардын эгеменчил руху жаңы маалыматтык технологиялардын жекелештирилген жана борборсуз колдонулушуна түрткү берди" –

дейт. Башка жагынан карасак, кыймылдардын ишчи кыймылынан бөлүнүшү эмгек уюмдарынын алсырашына алып келүү менен жаңы капитализмдин түзүлүшүн оңойлоштурган. Экономикалык чөйрө жана жалпысынан коомдук мамилелер виртуалдуулуктун чыныгы маданиятынын ичинде кыялдардагы элестүү дүйнөсүн жараткан. Бул дүйнөдө космополиттер өз ара аракеттенишүү жана көз карандылыкта жаңы элиталарды пайда кылышат. Коомдук кыймылдардын мамлекетке карата аралыкты сактап турушу демократиялык тажрыйбанын мыйзамдуулугун алсыратуучу саясий натыйжаларды алып келет. Салттуу эрежелерди жана баалуулуктарды алып жүрүүчүлөр болгон патриархат, диний салттуулук жана улутчулдук коомдук кыймылдар тарабынан сындалуусунан улам коомдук түзүлүштө терең бөлүнүүлөр пайда болот (Castells, 2013a: 490).

Кастельстин ойлорунан биз коомдук кыймылдардын идеалдаштырылбаган көрүнүшүн жана талдоосун таба алабыз. Ал коомдук кыймылдарды "акыры ийгиликке жетишсе же ийгиликсиз болсо дагы коомдун баалуулуктарын жана институттарын өзгөрткөн, максаттуу жамааттык аракеттер" деп аныктайт (Castells, 2006: 6). Бул так, инклюзивдүү жана объективдүү аныктама ага ондогон жылдар бою дүйнө жүзүндөгү ар түрдүү коомдук кыймылдарды талдоого мүмкүндүк берди. "Маалымат доорунун" экинчи тому, 1997-жылы басылып чыккан "Иденттүүлүктүн күчү" жана 2012-жылы басылган "Козголоң жана үмүт тармактары: Интернет доорундагы коомдук кыймылдар" китеби жана ушул темадагы башка эмгектери анын теориясынын функционалдуулугун жана бул коомдук кыймылдарга анын субъективдүү жакындыгын көрсөтөт.

Кастельстин айтымында, кеңири спектрди түзгөн бүгүнкү коомдук кыймылдардын максаттары – ааламдашуу, капиталисттик кайра куруу, уюмдук тармактар, көзөмөлсүз маалыматташуу жана патриархат. Чөйрөчүл, феминист, диний фундаменталист, улутчул, локалист жана капиталисттик ааламдашууга каршы жамаатчыл түзүлүштөрдө каршылык көрсөткөн коомдук кыймылдардын "дүйнөлүк адилеттүүлүк коалициясы" сыяктуу демократиялык функциясы бар – деп ойлойт. Индустриалдык коомдо улуттук

масштабда жана мамлекет менен сүйлөшүүлөрдө институтташкан субъекттер өз ордун маалыматтык тармактык коомдун субъекттери болгон коомдук кыймылдарга өткөрүп беришти (Castells, 2006: 542).

**Колдонулган адабияттар**

Allen, Kenneth (2020) Çağdaş Sosyal ve Sosyolojik Teori, Çev. Ed. Hakan Ergül, İstanbul, İstanbul Bilgi Üniversitesi Yayınları

Castells, Manuel (1997) "An Introduction to the Information Age", City, Vol. 2, No 7, pp. 6-16.

Castells, Manuel (2002) Internet Galax: Reflection on the Internet Business and Society, New York, Oxford University Press.

Castells, Manuel (2003) "Flows, Networks and Identities", (In) Globalization A Critical Concepts in Sociology-I: Specialized Applications and Resistance to Globalization, Ed. Roland Robertson and Katleen E. White, London, Roudladge Publication, pp. 65-89.

Castells, Manuel (2006) Enformasyon Çağı Ekonomi Toplum ve Kültür-II: Kimliğin Gücü, Çev. Ebru Kılıç, İstanbul, İstanbul Bilgi Üniversitesi Yayınları.

Castells, Manuel (2008) Enformasyon Çağı Ekonomi Toplum ve Kültür-I: Ağ Toplumunun Yükselişi, Çev. Ebru Kılıç, 2. bs., İstanbul, İstanbul Bilgi Üniversitesi Yayınları.

Castells, Manuel (2009) Communication Power, New York, Oxford University Press.

Castells, Manuel (2013a) Enformasyon Çağı Ekonomi Toplum ve Kültür-III: Binyılın Sonu, Çev. Ebru Kılıç, 2. bs., İstanbul, İstanbul Bilgi Üniversitesi Yayınları.

Castells, Manuel (2013b) İsyan ve Umut Ağları: İnternet Çağında Toplumsal Hareketler, Çev. Ebru Kılıç, İstanbul, Koç Üniversitesi Yayınları.

Castells, Manuel (2016) İletişimin Gücü, Çev. Ebru Kılıç, İstanbul, İstanbul Bilgi Üniversitesi Yayınları.

Castells, Manuel ve Martin Ince (2006) Manuel Castels'le Söyleşiler, Çev. Ebru Kılıç, İstanbul, İstanbul Bilgi Üniversitesi Yayınları.

Stalder, Felix (2006) Manuel Castells: The Theory of the Network Society, Cambridge, Polity Press. https://books.google.kg/books?id=RC3HgiUU5nMC&printsec=frontcover&dq=inauthor:%22Manuel+Castells%22&hl=tr&sa=X&redir_esc=y#v=onepage&q&f=false

# ААЛАМДАШУУНУН АЙЫЛ ЧАРБА ТҮЗҮМҮНӨ ТААСИРИ ЖАНА АЗЫК-ТҮЛҮК КООПСУЗДУГУ

Эртан Өзенсел[1]

(Которгон: Азамат Арпачиев)[2]

**Киришүү**

Ааламдашуу азыркы мамлекеттердин жана коомдордун экономикалык, социалдык жана маданий саясатында окшоштукту жаратты. Мындай абалдын пайдубалы Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин АКШнын жетекчилигинде жаңы эл аралык тартипти издөөнүн натыйжасында пайда болду. Бул эл аралык тартип дүйнөлүк деңгээлде Дүйнөлүк банк (ДБ), Эл аралык валюта фонду (ЭВФ), Дүйнөлүк соода уюму (ДСУ) жана башка ушул сыяктуу түрдүү эл аралык келишимдер менен иш жүзүнө ашырылды.

Сөз кылынып жаткан эл аралык уюмдар дүйнө жүзү боюнча таасирге ээ болушту жана өлкөлөрдүн агрардык саясатына түздөн-түз же кыйыр түрдө таасирин тийгизишти, ал тургай кыска убакыттын ичинде бир катар өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн улуттук экономикалык саясатында милдеттүү ортоктош болуп калышты.

Ааламдашуу процессинин эң маанилүү катышуучуларынын бири – бул көп улуттуу дүйнөлүк компаниялар. Капиталисттик экономикалык өнүгүүлөр ааламдык деңгээлде экономикалык интеграцияны күчөтүүсүнөн, базар экономикасы дээрлик бүткүл дүйнөдө кабыл алынгандыгынан жана эл аралык соода ишмердүүлүгүн либералдаштыруудан улам көп улуттуу

---

[1] Проф., PhD, Кыргызстан-Түркия «Манас» университети Гуманитардык факультети Социология бөлүмү жана Сельчук университети Гуманитардык факультети, Социология бөлүмү.

[2] Ph.D докторанты, Сельчук университети, Коомдук илимдер институту (социология).

компаниялар маанилүү болуп болуп калышкан. Дүйнөлүк экономикада көп улуттуу компаниялардын үлүшү акырындык менен кеңейип олтуруп, ал тургай, көптөгөн улуттук мамлекеттерди артта калтырган өлчөмгө жетишкен. Көп улуттуу компаниялардын айыл чарба тармагына тийгизген таасири өсө бермекчи. Бул компаниялар талаадан базарга чейинки айыл чарба өндүрүшүнүн бардык стадияларында үстөмдүк абалды ээлешкендиктен, көбүнчө бул секторлордо монополиялашуу пайда болгон. Айыл чарба өндүрүшүндө дүйнөлүк компаниялардын азык-түлүк тизмегиндеги үстөмдүгү жана чечүүчү ролдору өндүрүштө жана бөлүштүрүүдө гана эмес, ошондой эле айыл чарба техникаларын жана өнүмдөрүн сактоодо да бүткүл дүйнөдө окшош монополиялашууга алып келген.

Акыркы жылдары өлкөлөрдүн өнүгүү деңгээли менен алардын азык-түлүк менен камсыздандыруусу жана азык-түлүк коопсуздугун камсыздоосу ортосундагы байланыш алда канча маанилүү абалга келди. Бул арада кээ бир ири компаниялардын башка өлкөлөрдөн көп өлчөмдөгү жерлерди ижарага алуусунда чоң өсүштөрдү байкоо мүмкүн. Бул ыкма менен өнүккөн өлкөлөр азык-түлүк геосаясаты аркылуу дүйнөлүк үстөмдүгүн жогорулатууга аракет кылып башташты. Мындан тышкары, көп улуттуу компаниянын азык-түлүк чынжырын дүйнөлүк деңгээлде көзөмөлгө алуу менен башка альтернативаларды акырындык менен жок кылып жатканын көрүүгө болот.

Бүгүнкү күндө ааламдашуу алып келген бул жагдайлардын баары стратегиялык мааниге ээ болгон айыл чарбасын жана азык-түлүктү экономикалык атаандаштыктын жана саясий күрөштүн майданына айландырды.

### Ааламдашуу жана эл аралык институттар

Ааламдашуу – бул динамикалуу, көп өлчөмдүү, кеңири диапазондуу жана өтө татаал процессти билдирген түшүнүк. Жалпысынан алганда, ааламдашуу – бүткүл дүйнөлүк мамилелердин жандуулугу, дүйнөнүн бир мейкиндик катары кабыл

алына турган деңгээлде кичирейиши же ал тургай "дүйнөнүн кичинекей бир айылга" айланып кетиши катары мүнөздөлөт.

Ааламдашуу адамдарды жашоо образынан, керектөө адаттарынан жана күтүүлөрү менен белгилүү бир маданиятка таандыктыгынан ажыратып алардын айырмачылыктарын жок кылуу менен бирдиктүү ааламдык мейкиндикке айланткан дүйнөлүк айылдын инсандарына айлантат. Бир жагынан алганда, бүгүнкү күндө айырмачылыктарды жоюу менен коомдорду жана инсандарды бир тектүү кылган ааламдашуу өзгөчөлүгүнөн тышкары бирдиктүү бир дүйнөнү жарата албашы да айкын көрүнүп калды. Ааламдашуу коомдордо кыйратуучу натыйжаларга алып келээри, бириктирүүчү болуу менен бирге ыдыратуучу сапаттарга ээ экендиги жана ошону менен өз ичинде көптөгөн карама-каршылыктарды да алып келген процесс катары таанылды.

Бүгүн ааламдашуунун экономикалык эң ачык кесепеттеринин бири – бул өлкөлөрдүн экономикалык саясатындагы айырмачылыктардын акырындык менен азайышы жана бири-бирине окшош саясат жүргүзүүлөрү. Дүйнөлүк экономиканын учурдагы институционалдык пайдубалы Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин АКШнын жетекчилиги астында иштелип чыккан жаңы эл аралык тартиптин алкагында түзүлгөн жана ишке ашырылган.

Жаңы эл аралык тартип ааламдык деңгээлдеги кээ бир институттарды пайда кылды. Бул контекстте инфраструктура, экономикалык өнүгүү жана түзүлүштүк реформа долбоорлорунун каржылоосу Дүйнөлүк банкка (ДБ); дүйнөлүк финансы рынокторун жөнгө салуу, валюталар курсу жана өлкөлөрдүн төлөм балансын турукташтыруу Эл аралык валюта фондуна (ЭВФ); эл аралык соодада тарифтер же квоталар сыяктуу тоскоолдуктарды азайтуу же жоюу аркылуу эл аралык соодага дем берүү, тарифтер жана соода боюнча башкы келишим (GATT) жана эл аралык соодага кийлигишүүнү жоюу милдети Дүйнөлүк соода уюмуна (ДСУ) берилген. Мындан тышкары, ДБ, ЭВФ жана ДСУ өз ара кызматташуу аркылуу дүйнөлүк экономикалык саясатты жалпы негизде түзүүгө аракет кылышууда. Бул институттар эреже

белгилөөчү, базарды жөнгө салуучу, каржылоо булагы жана долбоор кеңешчисинин ролдорунда өздөрүн улуттук экономикаларда күндөн күнгө күчтүүрөөк сезип, өлкөлөрдүн улуттук экономикалык саясатынын дээрлик милдеттүү ортогуна айланышты.

Бул эл аралык институттар өлкөлөрдүн агрардык саясатында кээде түз, бирок көбүнчө кыйыр түрдө алардын жалпы экономикалык саясатын аныктоодо чоң таасирге ээ. Улуттук агрардык саясатка түздөн-түз кийлигишүүчү институт – ДСУ. Чындыгында, 1995-жылы күчүнө кирген ДСУнун Айыл чарба келишими айыл чарба өнүмдөрүнүн тышкы соодасын жөнгө салуу менен гана чектелбестен, айыл чарба саясатынын негизин түзгөн айыл чарба колдоолорунун санын жана сапатын да аныктоодо. Көп тараптуу сүйлөшүүлөр аркылуу белгиленген милдеттүү принциптерди жана эрежелерди ДСУга мүчө болгон 150дөн ашык өлкө тарабынан аткарылышы керек. ЭВФтин айыл чарба саясатына кийлигишүүсү, айрыкча чет өлкөлүк төлөмдөрдө кыйынчылыктар, макроэкономикалык дисбалансы бар өлкөлөрдүн иш жүзүнө ашырууга милдеттүү болгон ЭВФтин "Экономикалык туруктуулук программалары" аттуу рецепти аркылуу кыйыр түрдө ишке ашат. Дүйнөлүк банк (ДБ) болсо аталган түзүлүштүк жөнгө салуу программаларына киргизилген жана айыл чарба секторунун базарга карата ачылышын тездетүүчү реформаларды ишке ашыруу үчүн финансылык жана техникалык колдоо көрсөтөт (Şahinöz, 2010: 141-142).

Дүйнөдөгү агрардык саясаттын таасири дүйнөлүк деңгээлде талкууланып жатканда, бул маселеге эки тараптуу кароо зарыл. Биринчиси, өнүккөн өлкөлөрдүн өз өлкөлөрүнө карата жүргүзгөн саясаты, булар көбүнчө дүйнөлүк базарларга байланыштуу болот. Экинчиси болсо өнүккөн өлкөлөр жүргүзгөн саясаттарын ЭВФ, ДБ, ДСУ жана башка эл аралык уюмдар аркылуу өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө ишке ашыртуу аракеттери.

Өнүккөн өлкөлөр деп аталган борбордук өлкөлөрдүн агрардык саясатынын негизин төмөнкү максаттар түзөт деп айтууга болот: Өлкөлөрдүн айыл чарба продуктуларына тышкы көз карандылыгын

азайтуудан тышкары, агрардык сектордун өзгөрмөлүү түзүлүшүнөн улам бул секторДо келип чыгуучу тобокелдиктерди, көйгөйлүү маселелерди жана мындан тышкары жалпы экономикада пайда боло турган көйгөйлөрдү азайтуу идеясы. Ошондуктан, өкмөттөр жүргүзгөн агрардык саясаты менен агрардык секторду коргоону жана ошол эле учурда өндүрүштүн жетишсиздигинен улам керектөөчүлөрдүн жабыркашын алдын алуу максатын көздөшөт (Öztürk, 2014: 34).

1980-жылдардан кийин болсо өнүгүп келе жаткан өлкөлөр деп аталган көптөгөн четки өлкөлөрдө ишке ашырылууга аракет кылынган неолибералдык экономикалык саясаттын түшүмү болгон "түзүмдүк жөнгө салуу программалары" бул өлкөлөрдүн өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизген жана бул өлкөлөрдө киреше бөлүштүрүүнүн начарлашына, ошондой эле жан башына кирешенин төмөндөшүнө алып келген. Бул төмөндөөнүн негизги себеби – борбордук өлкөлөрдүн пайдасына карата ишке ашырылган экономикалык саясаттын натыйжасында ортого чыккан соода мамилелеринде теңсиздик ачык көрүнө баштаган (Öztürk, 2014: 37).

1995-жылы түзүлгөн Бүткүл дүйнөлүк соода уюму четки жана борбордук өлкөлөрдүн соода мамилелерин жөнгө салууда маанилүү роль ойногон. Четтеги өлкөлөрдүн өкмөттөрүнүн айыл чарба тармагына болгон колдоосун азайтууну каалаган Дүйнөлүк соода уюму ошол эле учурда борбордук өлкөлөргө да ушундай эле өтүнүч менен кайрылган эмес. Натыйжада четки өлкөлөрдө айыл чарбасын колдоо азайып айыл чарбасы менен алектенгендердин кирешеси төмөндөгөн, бул болсо өлкөнүн экономикасына терс таасирин тийгизген. Мындан тышкары, дыйканчылык менен оокат кыла албаган адамдар айылдардан шаарларга көчүшүп жер-жерлерде жумушсуздуктун өсүшү, турак жай көйгөйү, кылмыштуулуктун өсүшү ж.б. ушул сыяктуу башка көйгөйлөрдү жараткан. Бирок борбордук өлкөлөрдүн тышындагы өлкөлөргө таңууланган бул келишимдер өлкөлөрдүн экономикасында өзүнчө жоготууларга алып келген (Öztürk, 2014: 38).

Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн айыл чарбасында либералдык саясаттарды ишке ашыруусу жана мамлекеттик колдоону кыскартуу

саясаты ДСУнун Айыл чарба боюнча келишиминин гана алкагында ишке ашкан жок. Тышкы карыздары көбөйгөн өлкөлөрдүн өкмөттөрүнө ЭВФ жана ДБ тарабынан сунушталган "түзүмдүк жөнгө салуу программаларынын" алкагында сооданы либералдаштыруу, менчиктештирүү жана "мамлекеттик кичирейтүү" саясаты ишке ашырылган. Бул программаларга кирген агрардык секторго мамлекеттик инвестициялардын кыскарышы, айыл чарба субсидияларын жоюу чакан үй-бүлөлүк бизнестен баштап ар кандай деңгээлдеги айыл чарба ишканаларына чейин көптөгөн процесстерге таасирин тийгизген (Tokatlıoğlu жана башкалар, 2018: 158).

Бүгүнкү күндө айыл чарба сектору экономикалык гана эмес, социалдык жана маданий жактан да динамиканы камтыган маанилүү сектор болуп саналат. Мындан тышкары, айыл чарба сектору аз өнүккөн өлкөлөрдүн экономикалык ишмердүүлүгүнүн негизин түзөт жана бул өлкөлөрдө жумуш орундарын түзүүчү эң маанилүү багыт катары алдыга чыкты. Бир жагынан алганда, айыл чарба продукциялары аз өнүккөн өлкөлөрдүн эң негизги экспорттук товарлары болуп эсептелет. Айыл чарбасы өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн экономикасында да маанилүү орунга ээ. Дүйнөлүк банктын (ДБ) билдирүүсүнө караганда бул өлкөлөрдүн көпчүлүгүндө 50-90% жумуш менен камсыз кылуунун олуттуу бөлүгү айыл чарба сектору тарабынан камсыздалат (Ataseven жана башкалар, 2020: 12).

### Көп улуттуу компаниялар жана айыл чарба

Көп улуттуу компаниялар ааламдашуу процессинин эң маанилүү субъекттери жана ааламдашуу процессин тездетүүчү динамикалык күчтөрдүн бири. Ааламдашууну көп улуттуу компаниялардан бөлүп кароо мүмкүн эмес, бул өзгөчө ааламдашуунун экономикалык деңгээлинде ачык көрүнүп турат. Бир жагынан алганда, ааламдашуу процессинин ылдамдашы менен бул компаниялардын ишмердүүлүк айдыңы, уюмдук түзүмдөрү жана башкаруу ыкмалары өнүгүп жаңылана башташкан. С.Хантингтон ааламдашуу процессин жеке адамдардын,

компаниялардын, өкмөттөрдүн, өкмөттүк эмес уюмдардын жана башка субъекттердин эл аралык өз ара аракеттенишүүсүнүн өсүшү, Ааламдык инвестициялардын, өндүрүш жана маркетинг менен алектенген көп улуттуу ишканалардын көбөйүшү, алардын көлөмүнүн өсүшү, эл аралык уюмдашуу, режим жана эрежелердин интенсификациясы катары сүрөттөйт (Huntington, 2004: 265).

Ааламдашуу процессинин тездеши менен көп улуттуу компаниялар дагы көбүрөөк алдыга чыгышты. Ааламдашуу процессинин эң маанилүү өзгөчөлүктөрүнүн бири – көптөгөн тармактарда ийкемдүүлүктү алып келүүсү болду. Чоң суммадагы капиталдын көп улуттуу компаниялар аркылуу дүйнөнүн бир бөлүгүнөн экинчисине которуу мүмкүнчүлүгү, бул компаниялардын айлык акы же салыктары жогору болгон региондордон төмөн аймактарга жер которо билүүлөрү, интернет, ылдам байланыш каражаттарынын артуусу жана электрондук соода сыяктуу жаңы соода мүмкүнчүлүктөрүнүн болушунун күчөөсү (Kıvılcım, 2013: 14) көп улуттуу компаниялардын үстөмдүгүн ого бетер бекемдеди.

Ааламадашуунун таасири менен айыл чарба секторунда да айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүү жана сатуу эркин базардын жана атаандаштыктын шарттарына ылайык аныкталган жогорку укук системасы менен камсыздоого алынган. Бул контекстте эл аралык системада көп тараптуу келишимдер, эл аралык арбитраж жана өнүм квотасын аныктоо критерийлери сыяктуу көзөмөлгө салым кошкон ыкмалар иштелип чыккан (Talas, 2009: 108). Айыл чарбасында эң аз дегенде Дүйнөлүк соода уюму сыяктуу таасирге ээ дагы бирөө – "көп улуттуу" компаниялар жана бул компаниялардын дүйнөлүк соодадагы үстөмдүгү. Дүйнөдөгү капиталисттик экономикалык өнүгүүлөр ааламдык деңгээлде экономикалык интеграцияны күчөткөн жана базар экономикасы дээрлик бүткүл дүйнөдө кабыл алынган. Мунун баарынын натыйжасында эл аралык соода ишмердүүлүгүн либералдаштырылуусу менен дагы трансулуттук компаниялар маанилүү болуп калган.

Жаңыдан өнүгүп келе жаткан экономикалык мамилелер дан өндүрүшүн мал чарбасынан бөлүү менен жаңы эмгек

бөлүштүрүүсүнө жана адистешүүгө алып келген жана ири айыл чарба азык-түлүк компаниялары базарларда үстөмдүк кылуучу абалга келишкен. Бул компаниялар кийинчерээк дүйнөдө айыл чарба продукцияларын өндүрүүдө жана тышкы соодада үстөмдүк кылган көп улуттуу компанияларга айланышкан. Ири айыл чарба азык-түлүк компаниялары жогорку кошумча наркка ээ мал өнүмдөрүн жана бышык азыктарды массалык түрдө өндүрүүнү жана керектөөнү алга жылдырууда маанилүү роль ойношкон (Köymen, 2007: 68). Натыйжада, дүйнөлүк экономикада көп улуттуу компаниялардын үлүшү акырындык менен көбөйгөн жана алар көптөгөн улуттук мамлекеттерди артта калтырып, эбегейсиз чоңоюуга жетишкен. Ал гана эмес көп улуттуу компаниялар дүйнөдөгү бардык инвестицияларды багыттоочу экендиги белгилүү. Кошумчалай кетсек, Вашингтондогу Саясат изилдөөлөр институту тарабынан жарыяланган отчетто дүйнөнүн 200 ири трансулуттук компаниясынын жалпы сатуулары дүйнөлүк ИДПнын 28,3% түзөт (Kamacı & Turan, 2018: 85).

Бүгүнкү күндө көп улуттуу компаниялардын айыл чарба тармагындагы таасири жогорулоо менен уланат. Чоң компаниялар айыл чарба өндүрүшүнүн бардык этаптарынан – талаадан базарга чейин үстөмдүк кылып, ал тургай бул аймакты монополияга айландырышкан. Бул компаниялардын болушу жана кысымы Дүйнөлүк соода уюмунун чечимдерине таасирин тийгизет жана өкмөттөр тарабынан ишке ашырылган экономикалык саясатты аныктоодо маанилүү орунга ээ. Бул көз караштан алганда, жергиликтүү жана улуттук айыл чарба өндүрүүчүлөрү дүйнөлүк базарларда эч кандай активдүүлүккө ээ эмес жана алардын улуттук жана жергиликтүү базарларда жашоосу коркунуч алдында. Бул жерде дагы бир маанилүү маселе – дүйнөлүк компаниялардын айыл чарба өндүрүшүндөгү үстөмдүгү, алардын азык-түлүк тизмегине тийгизген таасири жана алардын чечүүчү ролу бүткүл дүйнөдө өндүрүштө жана бөлүштүрүүдө гана эмес, ошондой эле айыл чарбасында колдонулган техника жана өнүмдөрдү сактоодо монополизацияга алып келүүдө (Öztürk, 2014: 39).

Өнүккөн өлкөлөр тарабынан ишке ашырылган айыл чарба саясаты бул сектордо да капиталисттик өндүрүш мамилелерин

үстөм кылды жана айыл чарба өндүрүшүн интенсивдүү энергия менен химиялык колдонууга негизделген абалга келүүсүнө түрткү берди. Башка жагынан алганда, капиталисттик өндүрүш процесси айыл чарба өндүрүшүн мал чарбасынан бөлүү менен жаңы эмгек бөлүштүрүүнү жана адистешүүнү жаратты. Ошентип, ири айыл чарба азык-түлүк компаниялары базарларда үстөмдүк кылуучу абалга ээ болушту. Бул компаниялар кийинчерээк дүйнөдө айыл чарба продуктуларын өндүрүү жана тышкы соодада үстөмдүк кылган көп улуттуу компанияларга айланышкан (Tokatlıoğlu жана башкалар, 2018: 156).

Дүйнөлүк компаниялар "Гендик инженерия" иштери менен алектенгендер тирүү түрлөргө патент ала алышат. Бирок ири компаниялар өндүргөн генетикалык жактан өзгөртүлгөн өсүмдүктөр олуттуу экологиялык коркунучту жаратат. Башка жагынан алганда, ири дүйнөлүк корпорациялар, жашоо формалары жана тирүү ресурстарга патенттерди коргоого алуу үчүн урук жана өсүмдүктөрдү өздөрүнүн ойлоп табуулары жана менчиктери катары мамилени талап кылышат. Булар менен бирге ири компаниялар бүтүндөй азык-түлүк чынжырын көзөмөлгө алып, башка альтернативаларды жок кылып, атүгүл азык-түлүк тоталитаризмине алып бара жатат деп айтууга болот. Ошентип, адамдардын экологиялык жактан таза өндүрүлгөн түрдүү жана коопсуз азык-түлүккө жетүүсүнө тоскоолдук жаралуусу мүмкүн (Sihiva, 2014: 28).

Ааламдашкан дүйнөдө Дүйнөлүк соода уюмунун соодага байланыштуу интеллектуалдык менчик укуктары боюнча келишими менен универсалдуу интеллектуалдык менчик укуктарынын жаңы режимдери ири компанияларга үрөн маалыматын тартып алуу жана аны жеке менчик деп жарыялоо менен монополиялаштыруу укугун берет. Убакыттын өтүшү менен үрөндүн үстүнөн ири корпоративдик монополиялар түзүлөт (Sihiva, 2014: 16).

2017-жылкы маалымат боюнча, дүйнөлүк соода үрөн базары 62 миллиард доллардын тегерегинде. Бул көрсөткүчтүн 42% трансгендик, башкача айтканда ГМО (генетикалык жактан

модификацияланган организм) үрөндөрү. 2022-жылы бул базар 7% жылдык өсүш менен 78 миллиард долларга жетет деп болжолдонууда. Дүйнөлүк үрөн базары акыркы элүү жылда 10 миллиард доллардан 52 миллиард долларга чейин өсүп, жеке сектор мамлекеттик секторду иш жүзүндө жок кылганын көрүүгө болот. Ошондой эле, жеке сектор, айрыкча биригүү жана сатып алуудан кийин кескин өскөнүнө күбө болуудабыз. Дүйнөдө ар кандай чоңдукта 7800 үрөнчүлүк чарбалары бар. 1985-жылы эң көп соода жүгүртүүсүн жасаган алдыңкы беш компания 2016-жылга карата сызыктуу өсүү менен үрөн базарынын дээрлик 50%на үстөмдүк кылган абалга келген. Аларды ээрчиген башка 15 компаниянын базарык үлүшүн пропорционалдуу жогорулатууга жетише албаганы абдан таң калыштуу. Бул абал чоңдордун дагы чоңоюп баратканын көрсөтөт. Бул жыйынтыктын пайда болушуна айыл чарба биотехнологиясынын жана селекциялык укуктардын (интеллектуалдык менчик укуктары) киргизилиши чоң таасирин тийгизгени шексиз (Açıkgöz, 2019). Ааламдашкан дүйнөдө Бүткүл дүйнөлүк соода уюмунун (ДСУ) соодага байланышкан интеллектуалдык менчик укуктары боюнча келишими чоң компаниялардын урук маалыматын түздөн-түз тартып алышына жана бул маалыматты жеке менчикке алуусуна мүмкүндүк берет. Ошентип, дүйнөлүк ири компаниялардын уруктарды монополиялаштыруусуна мүмкүнчүлүк түзүлдү.

Түркияда болсо үрөн өндүрүүнүн 93%ын жергиликтүү компаниялар, 7%ын чет өлкөлүк жана жергиликтүү чет элдик өнөктөш компаниялар ишке ашырат. Базардык үлүшүн карай турган болсок, үрөн базарынын 51%ы ата мекендик компаниялардын колунда, ал эми 49%ы чет өлкөлүк жана ата мекендик өнөктөштөрү бар чет элдик компаниялардын колунда. Бул маалымат көп улуттуу чет элдик компаниялар биздин үрөн базарыбызда абдан таасирдүү экенин көрсөтүп турат (Günör, 2020: 6).

Бүгүнкү күнгө карата дүйнөдө үрөн өндүрүүнүн жалпы наркы болжол менен 50 миллиард долларга бааланууда. Бул баалоодо биринчи орунда АКШ (12 миллиард доллар), Кытай (10 миллиард доллар), Франция (2,8 миллиард доллар), Бразилия (2,1 миллиард

доллар) жана Канада (2 миллиард доллар) турат. Түркия болсо бул рейтингде 0,75 миллиард доллар менен он биринчи орунда турат. Үрөнчүлүк секторундагы дүйнөлүк компаниялардын акциялары төмөндөгүдөй тизмеленген: Monsanto/Seminis (23%), DuPonto (15%), Syngenta (9%), Limagraina (6%), KWS AG (4%), Land o ' көл (3%)), Sakata (2%), Bayer Crop Science (2%), Takii (2%), DLF (2%) жана башка компаниялар (32%) (TURKTOB: 2020). Көрүнүп тургандай, дүйнөлүк үрөн базарынын 68%ын 10 дүйнөлүк компания ээлеп турат.

TÜRKTOBдун[1] (2020) ошол эле отчетуна ылайык, дүйнөлүк үрөн тышкы соодасындагы негизги өлкөлөрдүн үлүштөрү төмөнкүчө тизмеленген: АКШ (26%), Кытай (22%), Франция (6%), Бразилия (6%), Канада (5%), Индия (5%), Япония (3%), Германия (3%), Аргентина (2%), Италия (2%), Испания (2%), Түркия (2%), Голандия ( 1%), Россия (1%), Англия (1%) жана башка өлкөлөр (14%).

Көрүнүп тургандай, дүйнөлүк үрөн соодасынын дээрлик жарымы (48%) АКШ менен Кытайдын колунда. Адамзат үчүн мындай негизги, маанилүү жана стратегиялык продукт бир нече өлкө жана бир нече дүйнөлүк компаниялар тарабынан монополияга алынып, адамзат жана азык-түлүк коопсуздугу үчүн олуттуу көйгөйлөрдү жаратышы сөзсүз түрдө сезилет.

**Ааламдашууда азык-түлүк коопсуздугу жана азык-түлүк камсыздандыруусу**

Адабиятта эки түшүнүктүн ортосунда айырма бар. "Азык-түлүк коопсуздугу" түшүнүгү негизинен азык-түлүктө болуусу мүмкүн болгон физикалык, химиялык, биологиялык жана ар кандай зыянды жок кылуу боюнча көрүлгөн чаралардын бардыгын камтыйт. "Азык-түлүк камсыздандыруусу" болсо дени сак жашоону өткөзмөк үчүн ар кимдин каалаган убакта экономикалык жана физикалык жактан жетиштүү жана таза сапаттагы азык-түлүккө ээ болуусун билдирет.

Кыскача айтканда, жетиштүү тамак-аштын болуусу, ар бир адамдын тамак-ашка жетүү мүмкүнчүлүгүнүн болуусу,

---

[1] Түркия үрөөнчүлөр биримдиги

тамактануусун каржылай алуусу жана бул абалдын туруктуу болуусу.

Азык-түлүк коопсуздугу жана азык-түлүк камсыздандыруусу түшүнүгү 1970-жылдары пайда болгонуна карабастан, көбөйүп жаткан калкты азыктандыруу маселеси ааламдык мааниде маанилүү көйгөй катары алдыбызда турат. Азык-түлүк коопсуздугу жана азык-түлүк камсыздандыруусу калкынын саны өскөн бардык өнүккөн, өнүкпөгөн жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө тиешелүү жана башкы приоритеттүү маселелердин бири болуп саналат жана бул көйгөй дүйнө жүзү боюнча барган сайын тереңдеп бара жатат.

Албетте, азык-түлүк коопсуздугу жана камсыздандыруусу адамдын жашоосундагы негизги азык-түлүк муктаждыгын керектүү шарттарды камсыз кылуу менен канааттандырууга жана ошондой эле экологиялык ден соолукка байланыштуу болгону үчүн өтө маанилүү. Ар бир адамдын жетиштүү азык-түлүккө ээ болушу, физикалык, химиялык жана биологиялык зыяны жок продукцияларды өстүрүү, суроо-талап балансы, климаттын өзгөрүүсүнөн улам келип чыккан терс таасирлер, ден соолук жана айлана-чөйрөгө байланышту тынчсыздануунун көбөйүшү сыяктуу көптөгөн факторлор азык-түлүк коопсуздугу жана азык-түлүк камсыздандыруусу дүйнөдө олуттуу көйгөйгө айлангандыгын көргөзөт. Башка жагынан алганда, азык-түлүк коопсуздугу жана азык-түлүк камсыздандыруусуна байланышкан түшүнүктөр убакыттын өтүшү менен үзгүлтүксүз жакшыртылганы көрүнүп турат. FAОнун[1] 2001-жылдагы отчетунда азык-түлүк камсыздандыруусу - *"бардык адамдардын активдүү жана дени сак жашоо үчүн керектүү тамактануу муктаждыктарын канааттандыруу үчүн жетиштүү, дени сак, коопсуз жана аш болумдуу азык-түлүккө физикалык жана экономикалык жеткиликтүүлүгү"* деп өзгөртүлгөн жана бүгүнкү күндө колдонулуп жаткан аныктама келип чыккан. Ошентип, азык-түлүк камсыздандыруусу түшүнүгүнүн ичине азык-түлүк коопсуздугунун концепциясы да камтылган (Koç, G. & Uzmay, A. 2015: 40).

[1] Бириккен Улуттар Уюмунун Азык-түлүк жана айыл чарба уюму

Айыл чарбасына механизациянын киргизилиши өнүмдүн өсүшүнө алып келүү менен бирге айыл чарбасынын өзүнөн башка тармактарга өтүүсүнө алып келди. Айыл чарбасынын механизацияланышуусун кийинчерээк химиялык (жасалма) жер семирткичтер интенсивдүү түрдө коштогон. Жасалма жер семирткичти колдонуу көбөйгөн сайын бул жолу гербицид (отоо чөп) жана инсектицид (пестицид) колдонуу муктаждыгы келип чыккан. Ошентип, адамдын ден соолугуна коркунуч туудурбаган, билимге, өркүндөтүүгө, тилектештикке жана маалымат алмашууга негизделген экологиялык таза өндүрүш модели жок кылынган. Анын ордуна тескерисинче, химияга негизделген, табиятка душман, топуракка, сууга жана адамдын ден соолугуна коркунуч келтирген өндүрүш модели тандалып алынган (Aysu, 2008: 11).

Өлкөлөрдүн өнүгүү деңгээли менен алардын азык-түлүк коопсуздугу жана азык-түлүк камсыздандыруусу ортосундагы байланыш акыркы жылдары алда канча чечүүчү болуп калды. Бул абал дүйнөдө жаңы азык - түлүк геосаясатынын пайда болушуна алып келди. Акыркы 20 жылда кээ бир өлкөлөр азык-түлүк камсыздандыруусун камсыз кылуу үчүн жана кээ бир ири компаниялар базарда үстөмдүгүн жогорулатуу үчүн башка өлкөлөрдөн чоң өлчөмдөгү жерлерди ижарага ала башташты. Климаттын өзгөрүшү, калктын санынын өсүшү, керектөө калыптарынын өзгөрүшү жана кайра жаралуучу булактардан өндүрүлгөн энергияга болгон муктаждыктын өсүшү да жерге болгон суроо-талапка таасир этүүдө. Өзгөчө азык-түлүккө, мал тоютуна жана биоотунга дүйнөлүк суроо-талаптын өсүшү аз өнүккөн өлкөлөрдө узак мөөнөттүү ижарага же ири айыл чарба жерлерин сатып алууга алып келүүдө. Бул жаатта дүйнөнүн алдыңкы трансулуттук компаниялары негизинен Африка, Латын Америка жана Түштүк-Чыгыш Азия өлкөлөрүнөн жүз миңдеген гектар айыл чарба жерлерин сатып алуу же узак мөөнөттүү ижарага алуу аркылуу азык-түлүк өнүмдөрүнө инвестиция кылышууда (Yıldız & Arslan, 2018: 1-5).

Эл аралык Жер коалициясы тарабынан 2011-жылы даярдалган отчетко ылайык, 2000-2010-жылдар аралыгында 203 миллион гектар жер сатып алуу же узак мөөнөткө ижарага берүү аркылуу эл

аралык капиталдын көзөмөлүнө өткөн. Бүгүнкү күндө бул сан 227 миллион гектарга жетет деп болжолдонууда (Kutluay & Turhan, 2012: 35). Статистикалык маалыматтарды изилдесек, дүйнөдө айыл чарба жерлеринин болжол менен 2%ы эл аралык сооданын предмети катары кол алмаштырганын көрөбүз. Бул контекстте эң көп айыл чарба жерлерин сатып алган же ижарага алган өлкөлөр тартиби менен Кытай, АКШ жана Улуу Британия болсо, эң көп айыл чарба жерлерин ижарага берген же саткан өлкөлөр Бразилия, Австралия, Эфиопия, Судан, Демократиялык Конго (Yıldız & Arslan, 2018: 9).

Бир жагынан дүйнөдө азык-түлүк коопсуздугу күчөп жаткан маалда азык-түлүк геосаясаты аркылуу өнүккөн өлкөлөр дүйнөлүк үстөмдүгүн жогорулатууга аракет кылышууда. Мисалга, бүгүнкү күндө Европа колдонгон жерлердин 60%ы Европа Биримдигинин чегинен тышкаркы жерлерде жайгашкан (Gülersoy & Girgin, 2017: 151).

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин, дүйнө калкынын тез көбөйүшүнүн натыйжасында, калктын азыктануу муктаждыктарын канааттандыруу максатында "Жашыл революция" айыл чарба өндүрүшүндөгү маанилүү өзгөрүүлөрдү алып келген жана айыл чарбасында революцияны жараткан өнүгүү болгон. Бул революция тар аймакта түшүмдүүлүктү максималдуу жогорулатуу үчүн пестициддерди, химиялык жер семирткичтерди жана ашыкча сууну колдонууну камтыган. Натыйжада бул жаңы технология айыл чарба өндүрүшүн жогорулатты. Бирок көп өтпөй 1970-жылдары бул өндүрүш процессинин айлана-чөйрөгө жана адамдын ден соолугуна тийгизген таасири изилденип, талкуулана баштады. Туура эмес колдонулган пестициддер жана химиялык жер семирткичтер адамдын ден соолугуна зыян келтирээри далилденди. Натыйжада кээ бир пестициддерге тыюу салынды. Башында куткаруучу катары көрсөтүлгөн жашыл революция аркасында айлана-чөйрөнүн булганышы, какыраган топурак жана зыяндуу продуктулар сыяктуу олуттуу көйгөйлөрдү калтырып кеткен. Топурактар булганып, суу ресурстары тез азайып баштаган. Ушундан улам, өсүп келе жаткан дүйнө калкын азыктандыруу үчүн жаңы чечимдер изделе баштады. Аткени Жашыл революциянын эң

маанилүү дискурсу болгон ачарчылыкты жоюу максаты ишке ашкан жок. Бириккен Улуттар Уюму тарабынан жыл сайын өткөрүлүүчү жана 2020-жылдын 13-июлунда ЮНИСЕФ – Түркия тарабынан жарыяланган "Дүйнөдөгү азык-түлүк коопсуздугу жана тамактануунун абалы" аттуу изилдөөсүнө ылайык, дүйнөдө күн сайын ачарчылыктан жапа чеккендердин саны көбөйүүдө. Акыркы беш жылда он миллиондогон адамдар өнөкөт жетишсиз тамактануунун чегине келген. 2019-жылы ачкачылыктан жабыркагандардын саны 690 миллионго жеткен. 2018-жылга салыштырмалуу ачкачылыктан жапа чеккендердин саны 10 миллионго жана мурунку 5 жылга салыштырмалуу 60 миллионго көбөйгөнүн көрө алабыз. Жогорку чыгымдар жана сатып алуу жөндөмүнүн төмөндүгү миллиарддаган адамдардын дени сак жана аш болумдуу тамактануусуна жол бербейт. Ачкалыктан жабыркаган калк Азияда көп кездешсе, ачарчылык Африкада тездик менен жайылууда. Азия 381 миллион адам менен жетишсиз тамактануу эң көп кездешкен континент. Африка 250 миллион менен Азиядан кийинки орунда, андан кийин 48 миллион менен Латын Америкасы жана Кариб булуңу келет (Unisef-Turkey Press Report, 2020).

Башка жагынан Жашыл революциянын эң маанилүү экономикалык жыйынтыктарынын бири, негизги салымы – үрөн жана жер семирткичтер болду. Дары жана айыл чарба жабдууларын чыгаруучу көп улуттуу компаниялар үчүн кеңири базар мүмкүнчүлүктөрүн түзүп берди.

Мунун баары сандары чектелген көп улуттуу компаниялардын азык-түлүк чынжырын көзөмөлгө алуусуна, башка альтернативаларды жок кылуусуна, ал тургай азык-түлүк тоталитаризмине алып келген. Натыйжада, адамдардын экологиялык жактан таза өндүрүлгөн жана коопсуз тамак-аштын түрлөрүнө жетүүсү чектелди. Жергиликтүү азык-түлүк базарлары үрөндөрдү жана азык-түлүк системасын монополиялаштыруу себебинен улам жок болуу абалына келишкен. Укуктар түшүнүгү ааламдашуу жана эркин соода деген шылтоо менен жок кылынган. Жаңы соода эрежелерине ылайык, өзү үчүн өндүрүү, маданий артыкчылыктар жана коопсуздук маселелери боюнча керектөө дээрлик мыйзамсыз болуп калды. Чоң корпорациялардын дүйнө

жарандарын маданиятка туура келбеген зыяндуу азык-түлүк менен мажбурлап тамактандыруу укугу абсолюттук болуп калды. Азык-түлүк укугу, коопсуздук укугу, маданият укугу сыяктуу укуктардын баары соодага тоскоолдук катары кабыл алынып, жоюлууга аракет кылынган (Shiva, 2014: 28).

Белгилүү болгондой, азык-түлүк – мамлекеттердин ичиндеги күч жана кызыкчылык күрөшүнүн майданы. Ошондуктан, азык-түлүк жана азык-түлүк коопсуздугу улуттук күчтүн маанилүү көрсөткүчү болуп саналат. Бул өлкөнүн калкынын дени сак тамактануусу үчүн да, саясий жана экономикалык өнүгүүсү үчүн да маанилүү фактор болуп эсептелет. Буга кошумча дүйнө калкынын тез өсүшү, Ааламдык жылуулуктун айынан климаттын өзгөрүшү жана кургакчылык улуттук коопсуздукка да коркунуч келтирүүдө. Бул коркунуч күн сайын олуттуу болуп баратат. Мындан улам азыркы дүйнөдө стратегиялык мааниге ээ болгон айыл чарба экономикалык атаандаштыктын жана саясий күрөштүн майданына айланды. Өнүккөн өлкөлөрдүн жана алар менен кызматташкан көп улуттуу компаниялардын айыл чарба жана азык-түлүк боюнча ишмердүүлүгү күндөн-күнгө жогорулап, өлкөлөрдүн экономикалык жана саясий түзүмдөрүндө дагы көбүрөөк сөзгө ээ болуусу, уланаары айдан ачык болуп калды.

Вандана Шиванын айыл чарбасы, азык-түлүк, топурак жана адамдын ден соолугу боюнча көз караштары жаралган абалды байкоодо көңүл бурууга татыктуу. Төмөндө, В. Шиванын бул көз караштары "Ааламдык азык-түлүктү тоноо" китебинен ("Global Food Robbery, Turkish; Ali K. Saysel, BGST басылмалары, II. Басым, 2014, Стамбул, бб: 76-79") түздөн-түз берилди.

### "Талаа өсүмдүктөрү баарыбыз үчүн азыктыр"

Экологиялык дыйканчылык маданиятындагы технологиялар жана экономикалар өсүмдүк жана мал чарбачылыгынын интеграциясына негизделген. Биринин калдыктары экинчисин азыктандырат, уй кармоонун калдыктары өсүмдүктөрдү өстүргөн топуракты азыктандырат. Өсүмдүктөрдүн кошумча продуктылары уйду, уйдун кыгы өсүмдүктөрдү өстүргөн топуракты азыктандырат.

Өсүмдүктөр бир гана дан бербейт, ошол эле мезгилде тоют жана органикалык заттар менен камсыз кылган сабагы да бар. Өсүмдүктөр – адамдар, жаныбарлар жана бул топурактагы көптөгөн организмдер үчүн азык-түлүк маанисине ээ. Табигый азыктандырылган топурак түшүмдүүлүктү жогорулатуу үчүн иштеген миллиондогон микроорганизмдердин үйү. Бактериялар дыйкандар талаага таштаган самандын целлюлоза жипчелери менен азыктанат. Ар бир гектарга 100-300 кг амеба бул бактериялар менен азыктанып, күйүп кеткен жипчелерди өсүмдүктөрдү кабыл алууга даярдайт. Топурактын ар бир граммында органикалык заттар менен камсыз кылган жана өтө маанилүү азотту камтыган 100000 балыр болот. Ар бир гектар бирден эки тоннага чейин козу карындар жана муунак бутуулар (артроподдор), моллюскалар жана талаа чычкандары сыяктуу макрофаунаны камтыйт. Жердин астында жашаган кемирүүчүлөр топуракты желдетүү аркылуу топурактын суу кармоо жөндөмдүүлүгүн жогорулатышат. Жөргөмүштөр, кырк аяктар жана курт-кумурскалар топурактын бетиндеги органикалык заттарды майдалап байытуучу күкүмдөргө айлантышат.

Кык менен азыктанган топурактарда иштетилбеген топуракка караганда 2 – 2,5 эсе көп сөөлжан болот. Бул сөөлжандар топурактын түзүлүшүн, аба алмашуусун жана дренажын сактап, органикалык заттарды майдалап топуракка аралаштыруу менен топурактын түшүмдүүлүгүнө салым кошот. Чарльз Дарвиндин айтымында, «жандыктардын тарыхында мынчалык маанилүү роль ойногон башка жаныбарлардын бар-жогу күмөндүү».

Жакшылап маани берип үңүлсөк топуракта көрүнбөгөн кичинекей сөөлжан – бул бир трактор, бир жер семирткич заводу жана бир дамба. Сөөлжандар иштеткен топурактар башкаларга караганда туруктуу суу балансына ээ жана сөөлжандар жашаган топурактар органикалык көмүргө жана азотко бай. Сөөлжан топуракты тынымсыз кыймылдары менен желдетип абанын көлөмүн 30%ке жетишин камсыз кылат. Сөөлжан жашаган топурактар сууну башкаларга караганда төрт - он эсе тез агызышат жана 20%га көбүрөөк суу сактоо мүмкүнчүлүгүнө ээ. Бир жылда гектарына 15 тоннага чейин жеткен сөөлжан калдыктары же

топурак топтомдору курамында түшүмдүүлүк үчүн эң маанилүү микробиологиялык активдүүлүктү колдоо үчүн керектүү көмүртек, азот, кальций, магний, калий, натрий жана фосфорду камтыйт.

Дыйканчылыктын өндүрүштүк ыкмалары бул жандыктардын азык булактарын жок кылат жана аларга химиялык заттар менен чабуул коёт, топурактагы бай биоартүрдүүлүктү жок кылуу менен түшүмдүүлүктүн регенерациясынын пайдубалын бузат.

### Чек араларды бузуу: чөп жегичтерди каннибалддарга айлантуу

Фермаларда тоют өндүрүү жоголуп бараткандыктан малга тоют барган сайын башка булактардан өндүрүлө баштады. Бул булактардын арасында мал өлүктөрү да бар. Кутурма оорусунун шарттары ушинтип түзүлдү. Койлордо "скрепи" (титирөө) деп аталган BSE инфекциясы түргө мүнөздүү болуп мээге жана нерв системасына жайгашат жана оорулуу мал чоңойгуча билинбейт. Ооруган уйлар ачуулуу болуп, титирешет жана ылдам кутурушуп өлүмгө алып келет. Ылаңдаган жаныбарлардын мээ бөлүктөрү текшерилгенде мээ бөлүктөрүнүн ортосундагы байланыштар үзүлүп, мээ тешиктерге толуп кеткенин көрүүгө болот. Бул оорунун адамдардагы түрү эки немис дарыгеринин атынан Кройцфельдт-Якоб оорусу деп аталат.

Британияда BSEнин биринчи учуру 1986-жылдын ноябрында тастыкталган. 1988-жылы 2000ден ашык BSE учурлары 137,000; бул көрсөткүч өкмөт баалаган "эң жаман" сценарийден алты эсе көп болгон.

Оору оорулуу малдын калдыктарын дени сак малга тоют катары берүү менен жугузулган. 1987-жылы "конверсиялык фабрикаларда" 1,3 миллион тонна малдын өлүгү мал тоютуна айландырылган. Кайра иштетилген жаныбарлардын эң чоң бөлүгү, 45%ы уй болгон. 21% чочко, 19% канаттуулар жана 15%ы койлордон турган. Бул жерде 350 миң тонна эт жана сөөк жеми, 230 миң тонна ич май иштелип чыккан. Скрепи оорусу менен ооруган койлор ушундай жол менен уйларга берилген; уйлар илдетке чалдыгышып алардын

өлүктөрү дагы койлорго берилген. 1996-жылы 1,6 миллиондон ашык бодо мал BSEнин курмандыгы болгон.

Өнөр жай тоютуна көбүрөөк көз каранды болгон британ фермерлери бодо малдын тоют булактарын белгилөөнү талап кылышса, тоют тармагы фермерлер менен керектөөчүлөрдүн "билүү укуктарын" четке кагып келет. Анын ордуна тоют өнөр жайы тоюттарды химиялык курамына жараша этикеткалап, биологиялык курамын жашырып коюшат.

**Корутунду**

Ааламдашуу коомдук түзүлүштө экономикалык, саясий, маданий, технологиялык ж.б. түзүлүштөрдө маанилүү өзгөрүүлөрдү жана трансформацияларды алып келди. Бул өзгөрүүлөр таасир эткен дагы бир маанилүү жагдай – бул дүйнө жүзүндөгү айыл чарба трансформациялары, азык-түлүк коопсуздугу жана көп улуттуу компаниялардын тамак-аштын бардык процесстериндеги үстөмдүгү.

Пайда болгон ааламдык тартип кээ бир институционалдык түзүлүштөрдү да пайда кылды. Бул контекстте эң таасирдүү институттар Дүйнөлүк соода уюму жана Дүйнөлүк банк болуп саналат. Бул институттардын таасирдүүлүгү дүйнөнүн дээрлик бардык өлкөлөрүнүн милдеттүү кызыкдар ортоктошторуна айланды. Акыр аягында ДСУнун улуттук айыл чарба саясатына түздөн-түз кийлигишүүсү баарына маалым.

Ааламдашуунун экономикалык жаатында көп улуттуу компаниялар чоң мааниге ээ болду. Кошумчалай кетсек, ааламдашуунун натыйжасында трансулуттук компаниялар айыл чарба секторунда да өнүмдөрдү өстүрүү жана сатуусун эркин базардын жана атаандаштык шарттарына ылайык аныкталган жогорку укук системасы менен камсыздандырууга багыт алышкан. Натыйжада, ири айыл чарба азык-түлүк компаниялары базарларга таасир этип, ал тургай үстөмдүк кылуучу абалга келишти. Бул көп улуттуу компаниялар айыл чарба өндүрүшүнүн талаадан базарга, өндүрүштөн жана сатууга чейинки бардык этаптарына ээ болгон

абалын билдирет. Бул процесстен эң көп жабыркагандар өнүгүп келе жаткан өлкөлөр болуп эсептелет.

Экинчи жагынан, чоң түшүм алуу үчүн ири компаниялар өндүргөн генетикалык жактан өзгөртүлгөн өсүмдүктөр олуттуу экологиялык коркунучту жаратат. Адамдардын коопсуз азыкка жетүү көйгөйү бүткүл дүйнөдө барган сайын өсүп жаткан көйгөйлөрдөн бири. Климаттын өзгөрүүсүнөн улам чыккан терс таасирлер, ден соолук жана экологиялык көйгөйлөрдүн көбөйүшү да азык-түлүк коопсуздугун жана азык-түлүк камсыздандыруусун дүйнөдө олуттуу маселеге айлантты.

## Колдонулган адабияттар


Açıkgöz N, (2019). Dünya Tarım Pazarı, wordpress.com, https://nazimiacikgoz.wordpress.com/tag/tohum-ticareti/

Ataseven, Y. & Diğerleri. (2020), "Küresel Tarım Politikaları ve Türkiye Tarımına Yansımaları", *Türkiye Ziraat Mühendisliği IX. Teknik Kongresi Bildiriler Kitabı: 1 Ocak 2020, Ankara*, ss. 11-36.

Aysu A. (2008). *Küreselleşme ve Tarım Politikaları*, Su Yayınları, İstanbul.

Gülersoy, E, & Girgin M, A. (2017), "Toprak Sömürüsünün Değişen Yüzü: Azgelişmiş ve Gelişmekte Olan Ülkelerde Arazi Kapatmaları (Arazi Satın Alımı / Kiralanması)", *Doğu Coğrafya Dergisi*, Yıl 22, Sayı 37, ss. 147-158.

Günör Ö. (2020), "Dokuzuncu Kongre'yi Sunarken, Küresel Tarım Politikaları ve Türkiye Tarımına Yansımaları", *Türkiye Ziraat Mühendisliği IX. Teknik Kongresi Bildiriler Kitabı: 1 Ocak 220, Ankara*, ss. 11-36.

Huntington S. (2004), *Biz Kimiz: Amerika'nın Ulusal Kimlik Arayışı*, Çev. Aytül Özer, CSA Yayınları, İstanbul.

Kamacı A. & Turan M. (2018), "Küreselleşme Sürecinde Çok Uluslu Şirketlerin Ekonomik Açıdan Değerlendirilmesi", *Yönetim, Ekonomi, Edebiyat, İslami ve Politik Bilimler Dergisi*, Cilt 3, No 2, ss. 81-92.

Kıvılcım F. (2013), "Küreselleşme Olgusu Ve Çokuluslu Şirketlerin Küreselleşme Süreci Üzerindeki Rolü", *Ekonomi Bilimleri Dergisi*, Cilt 5, No 2, ss. 1-16.

Koç, G. & Uzmay, A. (2015), "Gıda Güvencesi ve Gıda Güvenliği: Kavramsal Çerçeve, Gelişmeler ve Türkiye", *Tarım Ekonomisi Dergisi*, Cilt 21, Sayı, 1, ss. 39-48.

Köymen, O., (2007, *Sermaye Birikirken: Osmanlı Türkiye Dünya*, Yordam Kitap, İstanbul.

Kutluay, Z.C. & Turhan, E. (2012). "Dört Nala Krize: Arazi Kapatmaları Artıyor", *Express*, Sayı 128, ss. 34-35.

Öztürk, Ş. (2014), *Yeni Köy Sosyolojisi Tartışmaları, Küreselden Yerel Tarım Politikaları ve Yoksulluk*, Doğu Kitabevi Yayınları, İstanbul.

Shiva V. (2014), *Küresel Gıda Soygunu*, Çev. Ali K. Saysel, BGST Yayınları, İstanbul.

Şahinöz, A. (2010), "Küresel Ekonomiden Küresel Tarım Politikalarına Uluslararası Aktörler: IMF DB ve DTÖ", *Köylülükten Sonra Tarım*, Ed., Abdullah Aysu & M. Serdar Kayaoğlu, Epos Yayınları, s. 141-142.

Talas, M., (2009), "Türk Tarımının Küreselleşmesi ve Ortaya Çıkardığı toplumsal Problemler", *Zeitschrift für die Welt der Türken, Journal of World of Turks*, Vol. 1, No 1, ss. 107-121.

Tokatlıoğlu M. & Selen U. (2018), " *Küreselleşme Sürecinde Tarımın Stratejik Önemi ve Tarımsal Arz Güvenliğinin Sağlanmasında Devletin Rolü*", *Journal of Economic*, Cilt 5, Sayı 4, ss. 151-176.

TURKTOB, (2020), *Türkiye Tohumcular Birliği Raporu*, https://www.turktob.org.tr/uploads/plugo/bilgimerkezi/sunular/2020%20SEKT%C3%96R%20RAPORU.pdf

UNICEF-Türkiye Basın Raporu, (2020), *13 Temmuz 2020 Raporu*, https://www.unicef.org/ turkey

Yıldız D. & Arslan E. (2018), "Değişen Güvenlik Paradigmasında Gıda Güvencesinin Artan Önemi", *World Water Diplomacy & Science News*, 2018-10004, ss. 1-5.

# ААЛАМДАШУУ, УЛУТТУК МАМЛЕКЕТ ЖАНА КООМДУК КЫЙМЫЛДАР

Эрхан Тежим[1]

(Которгон: Бактыбек Исаков)[2]

**Киришүү**

Коомдук илимдер тармагында маанилүү талкуу темасына айланган коомдук кыймылдар изилдөөчүлөрдүн көңүлүн бурууда. Ааламдашуу болсо көңүл бурууга арзыган башка бир маанилүү багыт. Кээ бир коом таануучулар азыркы учурду коомдук кыймылдардын доору деп аташат. Коомдор жана маданияттар да ушул себептен улам, өзгөрүүгө дуушар болушат. Тездик менен өсүп жаткан ааламдашуу жана ал чыгарган куралдардан улам, коомдук кыймылдар ааламдык деңгээлде каралышы зарыл. Мындан ары эч бир коомдук кыймылга жергиликтүү же аймактык көз менен кароо туура болбойт. Кичинекей бир ааламдык айылга айланган биздин дүйнөбүздө, маданияттар аралык өз ара таасирленишүү бир топ жеңил жана тез болуп калды. Биз морт ааалмдык дүйнөдө жашап жатабыз жана аны менен бирге биз бардык дүйнөлүк коомдор сыяктуу ааламдык тобокелдиктерди баарыбыз чогуу төшүбүз менен тосуудабыз.

Ааламдашуу феномени бир жагынан бир катар көйгөйлөрдү жаратып, аны ааламдык деңгээлде ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгондуктан, «ааламдык тобокелчи коом» деген жаңы бир феноменди жаратууда. Ааламдашуунун көйгөй жаратуучу потенциалы анын инструменттеринин натыйжалуулугуна түз пропорционалдуу жогорулайт жана мындан коомдук кыймылдар да өз үлүшүн алышууда.

---

[1] Профессор, PhD, Сельчук университети Гуманитардык факультети, Социология бөлүмү.

[2] Доценттин милдетин аткаруучу, PhD, Кыргыз-Түрк «Манас» университети, Гуманитардык факультети, Социология бөлүмү.

Бул изилдөөдө коомдук кыймылдардын кантип ааламдашканы жана маданияттар аралык чен-өлчөмдө каралышы, жергиликтүү жамааттар, улуттук мамлекеттер жана коопсуздук контекстинде каралат. Бул контекстте ааламдашуу процессиндеги карама-каршылыктар, коомдук кыймылдардын өзгөрүп турган табияты, ааламдык коомдук кыймылдардын куралдары, ааламдашуудан келип чыккан көйгөйлөр, улуттук мамлекеттердин коомдук кыймылдарга болгон мамилеси жана ушул талкууланган бардык көрүнүштөрдүн социалдык өзгөрүүлөргө кошкон салымы талкууланат.

**Ааламдык тобокелчи коом**

Ааламдашуу көп тараптуу баа берүүгө татыктуу феномен. Ааламдашуунун позитивдүү, адам жашоосун жеңилдеткен жакшы жактары көп болгону менен биз бул изилдөөбүздө анын терс жактарына басым жасайбыз. Биз ааламдашуунун улуттук мамлекеттерге, жергиликтүү маданияттарга, жергиликтүү экономикаларга жана жергиликтүү жамааттарга (коомдук кыймылдар) тийгизген терс таасирин көрсөтүүгө аракет кылабыз. Ааламдашуу феноменинин терс жактарынын артышы тобокелчи коомду, тобокелчи дүйнөнү жаратты.

Бул жагынан алып караганда, З. Бауман ааламдашуу процессинин терс жактарын изилдеген окумуштуу катары каралат. Ал ааламдашууда капиталдын мобилдүү абалга келишинен да, анын күчтүү, монополисттик жана колонизатордук түзүлүшкө көбүрөөк ээ болгонун белгилейт. Себеби, бул процесс ичинде кедейлер дагы да жакыр абалга келип, аз сандагы байлар андан да байыды, кирешелердин теңсиздиги алда канча айкын абалга келди. Ооба, балким, ааламдашуу көптөгөн жергиликтүү адамдарга жардам берген болсо да, бирок ал дагы көптөгөн адамдарды артта калтырып, зыянын тийгизди. Байлык ааламдык деңгээлде болуп, жакырчылык болсо тээ төмөндө же жергиликтүү абалда калды. Демек анда, тез жакырдануу менен тез баюунун келип чыгышы да окшош себептерге байланыштуу (Bauman, 2012: 79).

Фолк (2005) ааламдашуу феноменинин ырайымсыз жана бүлүндүрүүчү өлчөмдөргө келген абалын «жырткыч ааламдашуу» деген түшүнүк менен аныктап жана эмгегине дагы ушундай ат берген. Р. Фолк өз эмгегинде ааламдашуунун экономикалык өлчөмгө тийгизген таасири менен бирге, маданий адеп-ахлактык жана саясий өлчөмдөрүнө тийгизген таасири жагынан да бааланышы керектигин баса белгилеген.

Ааламдашуунун маданий чен-өлчөмдөрү да өзүнчө бир топ изилдөөгө ылайыктуу тармакты түзүүдө. Маданий мааниден алып караганда ааламдашуунун терс таасирлери жана анын дүйнөлүк маданиятка карым-катнашы П. Бергер (Berger, 1997) тарабынан төрт түрдүү өлчөмдө каралып чыккан. Ааламдашуунун маданий таасири Бергер тарабынан анын көрүнүштөрү болгон элементтери аркылуу бааланган. Бул көрүнүштөрдүн алгачкысы Давос жолугушуулары болсо, башкалары да популярдуу маданият, академиялык клуб маданияты жана Евангелдик протестантизм кыймылы болгон.

Бул жерде Давос тууралуу да сөз кылуу абзел. «Давос маданияты» бул «элиталык маданият» деп да айтылат жана ал социологиялык жактан, алдыга багытталган социалдаштыруу деп аталган процессти ичине камтыйт (Berger, 1997: 24). Ага бизнес дүйнөсүнө кошулууну жана таасирдүү болууну каалаган “саясий элиталар” жана дүйнө жүзү боюнча "Юппи" деп аталган жаш ишкерлер киришет. Бул түрлөр, ошондой эле данди деген саркастикалык коннотацияны алып жүрүшөт жана Веблен тарабынан айтылган «жалкоо класстан» аракетчилдиги, ишкердик руху менен айырмаланып турат.

П. Бергердин айтымында, Давос маданиятына кошулган жана маданий ааламдашууга алып келген дагы эки маанилүү фактор бар. Бул McWorld катары туюнтулган "популярдуу маданият" жана аны менен бирге өнүккөн, бирок маңызы андан такыр башкача болгон "академиялык клуб маданияты". Башкача айтканда, бул сөз батыш интеллигенциясынын, баалуулуктарынын жана идеологиясынын ааламдашуусу дегенди туюнтат. Бул процесстер кандайдыр бир жолдор менен уютурулушу жана ишке ашырылышы керек эле, ошол себептен, бул батыштын ишенимдерин, баалуулуктарын

жайылтуу бизнес дүйнөсүнөн да көбүрөөк фонддор, академиялык тармактар, аналитикалык борборлор, институттар, бейөкмөт уюмдар жана эл аралык уюмдар аркылуу ишке ашырылууда (Berger, 1997: 25).

Бергер айткан акыркы фактор маданий ааламдашуунун ортомчусу Евангелисттик протестантизм кыймылы. Кайрадан кеңири тарай баштаган Ислам динине салыштырганда ислам дини мусулман өлкөлөрүндө жана мусулман иммигранттары бар өлкөлөрдө гана өсүп жатат; Евангелизм өзүнүн таасирин көптөгөн өлкөлөрдө көрсөтүүдө. Бергердин (Berger, 1997: 27) айтымында, евангелисттик протестантизм маданий ааламдашууга 80% таасирин тийгизген процесс. Бул Латын Америкасында, Чыгыш Азияда, Филиппинде, Африкада, Түштүк Тынч океанында жана албетте Европада кеңири таралууда.

Евангелисттик протестантизм өзү кирген өлкөлөрдө бир топ маданий революцияларды жаратты. Американлык бул коомдук кыймыл кирген өлкөлөрүндө түрдүү миссияларды аткарат. Айрыкча аял-эркек ортосундагы мамилелерде, балдарды окутууда жана тарбиялоодо, салттуу түзүлүштөргө болгон мамиледе түп-тамырынан бери өзгөрүүлөрдү жаратууда. Эң негизгиси, ал Макс Вебер заманбап капитализмдин жаралышынын маанилүү компоненти катары талдаган «протестанттык этикага» тартиптүү, сарамжалдуу мамилеге таянат деп билдирет. Ал эми базар экономикасы плюрализмди жана демократияны талап кылат. Маданий ааламдашуу төрт түрдүү жүзгө ээ болсо да, алардын келип чыгышы Түндүк Атлантикага таянат. Бул жагынан алганда, евангелисттик протестантизм модернизациялоочу аппараттардын эң чечүүчүсү болуп саналат. Чындыгында дүйнөлүк капиталисттик системанын империализми жөнүндө айтуу маанилүү. Бирок бул Бергердин айтымында, күчтүү жана ааламдык феномени кемсинтүү катары гана кызмат кылат. Демек, бул чындыкты классикалык же неомарксизм менен түшүндүрүүгө болбойт. Бул үчүн «Академиялык клуб маданияты» ылайыктуураак болот (Berger, 1997: 28).

Маданий ааламдашуу менен катар жүргөн ааламдык тобокелчиликтин дагы бир маанилүү чен-өлчөмү, албетте, экономикалык ааламдашуу (капиталдын ааламдашуусу күчтүү ааламдык фактор катары). Бул изилдөө экономикалык ааламдашуу жана анын жергиликтүү маданияттарга, улуттук мамлекеттерге тийгизген таасиринин контекстинде гана каралат. Анткени ааламдашуунун экономикалык өлчөмдөрүн ар тараптуу баалоого болот. Капиталдын ааламдашуусу "чексиз дүйнөлүк базарды" жаратып, улуттук мамлекеттердин беделин түшүрүүдө (Özbudun жана Keyman, 2003: 303).

Хабсбаум (Hobsbawm, 2008: 122-125) биз жашап жаткан дүйнөдө күчтүү мамлекеттердин дүйнөнү пландаштыруу жана башкаруу процесстеринин бир бөлүгү катары демократияны жайылтуу актысына киргенин талкуулайт. Батыштын стандартташтырылган демократиясын жайылтуу идеясы коомдор үчүн пайдалуу болбойт. Ал көп улуттуу мамлекеттердин жана улуттук салттары жок мамлекеттердин бөлүнүшүнө алып келет (Мисалы: Чехословакия).

Бауман (Bauman, 2012: 74-5) ааламдашуу процессин жаңы стратификация / катмарлануу процесси катары сүрөттөйт. Камтыган процесстери боюнча ал «артыкчылыктарды жана кемчиликтерди, байлыкты жана жакырчылыкты, шыктуулук менен алсыздыкты, бийлик менен күчсүздүктү, эркиндикти жана чектөөнү кайрадан бөлүштүрүүнү жаратат. Бүгүнкү күндө биз күбө болуп жаткан нерсе – бул рестратификациянын бүткүл дүйнөлүк процесс болушу, ал аркылуу жаңы социалдык-маданий иерархия, бүткүл дүйнөлүк градациянын жаратылышы» болуп эсепелет.

Ааламдашуу коомдорго маданий жана экономикалык жактан таасирин көбүрөөк тийгизет. Биз жашап жаткан ааламдык тобокелчи коом ушундай алкакка негизделген жана аны менен бирге реакциялар да күч алууда. XXI кылымда ааламдашууга каршы кыймылдар дагы да жырткыч ааламдашуунун үстүдөн түшүүсүнө жана текебер мамилелерине каршы жаңы колдонуучу нерселерди алып келүүгө аракет кылышкан. Өздөрүн ылдыйдан глобалисттер деп аныктаган антиглобалисттер бул метафорада жогорудан келүүчү ааламдашууга каршы.

Ааламдашууга каршы чыккандар ааламдашуунун натыйжаларына кыйыр түрдө каршы эмес, тескерисинче, үстүртөн жана жогорудан ааламдашууга каршы; ошондой эле алар төмөндөн ааламдашууну колдой тургандыктарын баса белгилешет. Жергиликтүү баалуулуктардын жана маданияттардын ортосунда ааламдашуу бар. Глобалисттер же ылдыйдан келген антиглобалисттер өздөрүн "Дүйнөлүк экономикалык форумдарда" көбүрөөк көрсөтүшөт. Бул антиааламдашуу аракеттери убакыттын өтүшү менен антикапитализмге айланды. Өзгөчө НАТО жана G8 наразылык акциялары менен башталган оппозиция, аймактык келишимдер менен трансулуттук компаниялардын наразылык акцияларынан четки аймактарга өттү.

Ааламдашуунун каршылаштары институционалдык негизде бааланганда биринчи жолу «Дүйнөлүк социалдык форумду» уюштурушкан. Порту-Алегриде 2001-жылдын 25-январынан 30-январына чейин болуп өткөн жолугушуу көптөгөн альтернативдик ааламдык кыймылдары же төмөн жактан келген глобалисттик топтор тарабынан уюштурулган (wsf2021.net). Алар жалпы 13 жолу чогулуп, акыркысы 2018-жылы болуп, кыймыл 20-жылдыгына кадам таштады.

2007-жылга чейин расмий түрдө жыл сайын өткөрүлүүчү Дүйнөлүк социалдык форум жыйындары 2007-жылдан кийин эки жылда бир өткөрүлө баштады (Pınar жана Dağtaş, 2019: 110).

Дүйнөлүк социалдык форум Давосто өткөн Дүйнөлүк экономикалык форумга каршы позициясын ачык көрсөтүп турат. Алар бул жагдайды төмөндөгүчө билдиришкен: "Бул иш-чара неолиберализмдин 1971-жылы башталган жана 2000 бай экономикалык жана саясий субъекттер "бактылуу ааламдашуу" майрамын белгилеген жыл сайын өтүүчү Дүйнөлүк экономикалык форумуна карама-каршы келет" (wsf2021.net). Бирок көп жылдардан кийин Дүйнөлүк социалдык форумду каржылоо кыйын болуп калды. Бул түзүлүштү колдогон жана каржылагандардын ким экендиги каралганда көптөгөн Америкалык бейөкмөт уюмдар жана фонддор экендиги көрүнө баштады. Бул жагдай көзөмөлдүк

негизде дүйнөдөгү альтернативдик ааламдашуу түшүнүгү башкарылууда деген ойду жаратат.

**Коомдук кыймылдар:**

Коомдук кыймылдар мазмуну боюнча жаңы же заманбап феномен эмес. Тарыхый башаты жагынан ал байыркы доорлорго барып такалат. Ушул себептен коомдук кыймылдарды индустриялаштыруу, капитализм же марксизм менен баштоо реалдуулукка туура келбейт. Бирок акыркы кездеги адабияттардагы талкууларга көз чаптырсак, өткөн кылымдын эң орчундуу ааламдык көйгөйү капиталисттик мамилелер экени байкалып, изилдөөчүлөр индустриалдашуудан башталган бул көйгөйгө басым жасашканын айтуу туура болот (Tecim, 2010: 13-14).

Алгачкы коомдук кыймылдарды талдоо массаны девиант жана адаптивдик деп аныктоого көбүрөөк байланыштуу болгон. Бул кыймылдын эң маанилүү өкүлү Ле Бон (Le Bon, 2015: 22-30) бул абалды мындайча түшүндүрөт: "Коллективдүү аң-сезимде инсандардын акыл-эс жөндөмдөрү, инсандык касиеттери өчүп калат. Аудиторияга кошулгандардын абалы уктатылган адамдын абалына дээрлик окшош. Масса акыл-эс жагынан жеке адамдардан төмөн турат. Масса бири бирине байлангандыктан цивилизация тепкичинен көп тепкичтерге ылдыйлайт. Көрүнүп тургандай, масса, башкача айтканда жамааттык адамдык кыймылдар инсанды адамгерчиликтен ажыратып, акыл-эстин деңгээлин төмөндөтөт".

Өзгөчө, Ле Бон (Le Bon 2015: 28) массадагы элдин аң-сезимдүү инсандыгы жоголуп, аң-сезимсиз (агрессия, ачуулануу, сексуалдык) кыймылдаган инсан басымдуулук кылат деп ырастайт. Башкача айтканда, бул ойлор, сезимдер жугуштуу жана окшош түрдө курулгандыгы жана угуучулардын сунушка ачык экендиги жана сунуш менен дароо иш-аракет кылууга жөндөмдүү экенин билдирет.

Бул көз караштар коомдук кыймылдарга алгачкы баа берүү катары сыпатталганы менен алардын реалдуулук үлүшү жок деп айтууга болбойт.

1960-70-жылдары жамааттык жүрүм-турумду аномиялык жана иррационалдуу девианттар катары классикалык түшүндүрүү жаңы парадигмаларга орун бере баштады. Коомдук кыймылдын субъекттери акылсыз, артыкчылыктуу же аномиялык эмес экени байкалды (Cohen, 1999: 112).

Индустриялаштыруу менен коомдук кыймылдардын бирге каралашы, коомдук кыймылдардын өнүккөн жумушчу укуктары жана жумушчу табынын аракеттери менен алдыңкы планга чыга баштады. Кандайдыр бир мааниде азыркы коомдук кыймылдар жумушчулардын укуктарынын негизинде негизги адам укуктарынын күрөшү катары талкуулана баштады. Европа мектеби коомдук кыймылдарды теориялык деңгээлде карайт жана аномалия же акылга сыйбаган жагдай катары баалайт. Ал эми америкалык теоретиктер коомдук кыймылдарды гумандуу, акыл-эстүү аракеттер катары көрүшөт. Бул эки карама-каршы мамиле убакыттын өтүшү менен жакындашып, акырында коомдук кыймылдар заманбап дүйнөдө укуктар үчүн күрөш катары кабыл алына баштаган (Fırat, 2018: 77).

Коомдук илимпоздор көп жылдар бою коомдук өзгөрүүлөрдүн динамикасын ачууга аракет кылышкан. Коомдук өзгөрүүлөрдүн эң маанилүү динамикасынын бири жамааттык жүрүм-турум же тагыраак айтканда коомдук кыймылдар аркылуу өзгөрүүнү ишке ашыруу болуп саналат. Бул жагынан алганда, коомдук өзгөрүү түшүнүгү өзүнүн ичинде көптөгөн элементтерди камтышы мүмкүн. Жамааттык жүрүм-турум үлгүлөрү жана коомдук кыймылдар түпкүлүгүндө социалдык өзгөрүүлөрдүн башкы куралы болуп саналат. Коомдук кыймылдар формалдуу түрдө бааланганда жамааттык жүрүм-турумдун өзгөчө бир түрү экени байкалат (Tecim, 2010: 14).

Кастельс (Castells, 2006: 99) коомдук кыймылдар жөнүндө жалпы кабыл алууларды айтып жатып, адегенде алар өздөрү аныктагандай кабыл алынышы керек экенин белгилейт. Экинчиси, коомдук кыймылдар өздөрүнүн мүнөздөмөлөрү боюнча консервативдүү, революциячыл же экөө тең болушу мүмкүн, же экөө тең болбошу мүмкүн деп белгилейт. Башкача айтканда,

аналитикалык көз караштар менен жакшы же жаман деп айтууга боло турган коомдук кыймыл жок. Анын (Castells, 2006: 100) пикири боюнча "Алардын баары биздин коомдорубуздун белгилери, алардын баары биздин коомдук түзүлүштөрүбүзгө ар кандай интенсивдүү таасир тийгизет жана ар кандай натыйжаларды берет, муну изилдөө аркылуу көрсөтүү керек".

Ааламдашууга каршы көтөрүлгөн бул козголоңду түшүнүү үчүн Кастельс тарабынан тандалып алынган беш түрдүү коомдук кыймыл (Запатиста, Американын милислери (Amerikan Milisleri), Аум Шинринкё, Аль-Каида, антиглобализация кыймылдары) Турендин классификациясынын негизинде иденттүүлүктөрү, максаттары, идеологиялары жана алар менен болгон карым-катнаштары боюнча каралып, талданат. Кастельске (Castells, 2006: 101) ылайык, бул кыймылдар аларды душман катары аныктаган жаңы ааламдык тартипке ачыктан-ачык каршы чыгуулары, дискурстары жана тажрыйбалары боюнча окшоштугу, аларды бири-бири менен салыштырууну жеңилдетет. Мындан тышкары, алардын бардыгы түз же кыйыр түрдө өз коомуна, жалпы дүйнөгө олуттуу таасирин тийгизе алат.

Коомдук кыймылдар көбүрөөк инсандарды чектеген күч түшүнүгүнүн продуктусу жана реактивдүү натыйжа катары каралат. Бирок, азыркы дүйнөдө коомдук кыймылдар дүйнөлүк державалар тарабынан пайдалуу курал катары каралууда. Бул жагынан алганда улуттук мамлекеттин ички иштерине кийлигишүү үчүн аларды каржылоодо эл аралык уюмдар же жергиликтүү коомдук уюмдар пайдаланылышы мүмкүн. Каржылоо проблемасы жоюлгандан кийин ар бир улуттук мамлекеттин ичинен эл аралык уюмдар менен кызматташа ала турган жергиликтүү уюмдарды табуучу болот. Ошентип, белгиленген өлкө саясий жактан да, социалдык жана маданий жактан да өзгөрүүгө дуушар болот. Трансформациядан кийин жаңы түзүлгөн улуттук мамлекет трансулуттук компаниялар үчүн жаңы керектөөчү инсандарды даярдап, саясат жагынан оңой башкарууга боло турган улуттук мамлекетке айланат, жер астындагы жана жер үстүндөгү ресурстарды трансформациялоочу өлкөлөр аны оңой басып алат. Либерализм бул этапта эң керектүү идеология. Мисалы, Тайванда

коомдук кыймылдар жергиликтүү деңгээлде уюштурулган; бирок, алар батыштын дүйнөлүк баалуулуктарын кабыл алып, бул баалуулуктардын масштабында өздөрүнүн иш-аракет репертуарын ишке ашырышкан. Трансформацияланып жаткан өлкөлөрдүн ааламдык дискурстары жергиликтүү коомдук кыймылдар тарабынан тайвандыктар кабыл ала тургандай кылып локалдаштырылган (Michael Hsiao, 2003: 70).

Башка жагынан алганда, Калфа жана Атаай (Kalfa жана Ataay, 2008: 145) дүйнөлүк коомдук кыймылдардын жетишкендиктерин эске алуу керек деп белгилешет. Алардын айтымында, «үчүнчү дүйнө өлкөлөрүнүн карыздарын жок кылуу, капиталдын кыймылына салык салуу, экологиянын бузулушуна жол бербөө, курчап турган мамлекеттердин эмгек шарттарын жакшыртуу, расизмге каршы күрөш, адамдардын эркин жүрүүсү, ар бир адам үчүн минималдуу жашоо шарттарын камсыз кылган киреше кепилдиги, АКШнын Ирактагы оккупациясынын аякташы" сыяктуу маселелер ааламдык коомдук кыймылдардын таасиринде алдыңкы планга чыгууда. Бул көз караш чындыгында туура эмес экенин белгилөө керек. Айрыкча айтылган көйгөйлөр боюнча дүйнөлүк масштабда көп жылыштар болгон жок. Мындан тышкары, бул көрүнүштөрдүн дүйнөлүк державалардын кызыкчылыктарына байланыштуу окуялар болуп жаткандыгы жана алар улуттук мамлекеттердин ички иштерине кийлигишүүнүн пайдалуу куралы экенин көрүү зарыл.

Бауман (Bauman, 2012: 62) бул жагдайды «улуттук мамлекеттин соолуп кетиши» деп эсептейт. Трансулуттук уюмдар көзгө көрүнбөгөн жана байкалбаган бир абалда, анонимдүүлүгүн сактап, улуттук мамлекеттер жете албаган аймактардагы боштуктарды толтуруп турушат. Базар (эркин базар) тартибинде пайда болуучу процесстер, чындыгында улуттук мамлекеттердин күчүн жоготуусунан жана ааламдык субъекттердин уюмдар, кыймылдар аркылуу жергиликтүү коомчулукка орношусуунан башка нерсе эмес.

Төмөндөн ааламдашууну жактагандар жаңы саясий суроо-талапты жана ошол эле учурда ааламдык-коомдук чөйрөнү

жаратууда. Ал өзүнүн ар түрдүү иш-аракет репертуарлары, коммуникация ыкмалары жана биригүү стилдери менен алдыңкы планга чыгууда. Ар түрдүү саясий системалар менен өз ара аракеттенишүү, саясаттын жана демократиянын маанисине байланыштуу татаал процесстер коомдук кыймылдарды улуттук мамлекеттен жогору коюуга түртөт. Атап айтканда, G8 жана Дүйнөлүк соода уюмунун (ДСУ) нааразылык акциялары Ааламдык адилеттүүлүк жана теңдик дискурстары жаңы демократия жана башкаруунун жаңы түшүнүгүн билдирет.

Делла Портанын айтымында, төмөндөн ааламдашуудан тышкары, биз дүйнөлүк коомдук кыймылдардын да пайда болушуна күбө болуп жатабыз. Жогоруда айтып өткөндөй, ааламдык коомдук кыймылдар улуттук мамлекеттерден ашкан бир түзүлүшкө ээ. Улуттук мамлекеттин ичинде окшош максаттардын негизинде чогулуп, уюшулган түзүмдөрдүн, окшош иш-аракет репертуарларын уюштуруп, бир убакта иштешин билдирет. Ошентип, бул уюмдар бир эле учурда бир нече өлкөдө коомдук кыймыл акцияларын уюштура алышат. Дүйнөлүк коомдук кыймылдардын аракеттерине эки категорияда баа берүүгө болот: жергиликтүү активдүүлүк жана улуттар аралык активдүүлүк (Della Porta жана башкалары, 2006: 232–234).

### Дүйнөлүк масштабда пайда болгон коомдук кыймылдар

Америкада пайда болгон Occupy Wall Street кыймылы (Wall Street Басып алуу кыймылы, 2011-жылдын 17-сентябры) 2008-2012-жылдары Америка менен Европаны каптаган экономикалык кризистин натыйжасында башталган жана жалпысынан капитализм жана анын инструменттерине (банк иши, фондулук базар, кредиттик жана камсыздандыруу мекемелери) каршылык көрсөтүү аракеттеринин жыйындысы.

Бул ааламдык капитализмди жана Америкада негизделген жаңы либерализмди токтоткон этникалык, иденттүүлүк же диний теги жок позициялык кыймыл. Негизи ааламдык мааниде башталган экономикалык теңсиздикке каршы чогулган адамдардан турат.

Ааламдык масштабда изилдөөгө татыктуу көптөгөн коомдук кыймылдар пайда болду. Өзгөчө акыркы 10 жылда из калтырган таасирдүү коомдук кыймылдар бар.

Кастельс теориялык изилдөөлөрүндө карама-каршы идеологияларды кабыл алган беш түрдүү коомдук кыймылды изилдөөгө аракет кылган. Мексикада Запатисталар; америкалык милислер (Amerikan Milisleri); Ширинкио, Япониядагы секта; Ал-Каида деп аталган Ааламдык адилеттүүлүк кыймылы жана глобализацияга каршы кыймыл (Castells, 2006: 98).

Айрыкча батыш теоретиктери жана медиасы тарабынан Араб жазы деп аталган, бирок жергиликтүү эл тарабынан эркиндик жана алардын азыркы системасына каршы көтөрүлүш катары каралган бүткүл дүйнөлүк таасирге ээ болгон чоң элдик кыймылдар болду. Түндүк Африкада башталып, дээрлик бүт араб өлкөлөрүнө жана Жакынкы Чыгышка жайылган бул элдик кыймылдардын натыйжасында көптөгөн өкмөттөр кулатылып, кээ бир мамлекеттер жарандык согуш менен экиге бөлүнгөн. Ливия, Сирия жана Тунис сыяктуу көптөгөн өлкөлөрдө туруксуздук дагы деле уланууда.

Дагы бир мисал; Францияда алар сары жилетчендер (чыптамачандар) деп аталган элдик кыймылдар; 2018-жылы башталып, 2021-жылга чейин уланды. Сары жилетчендер Францияда башкаруучу өкмөткө каршы чыккандай көрүнгөнү менен, аларды түзүлгөн системалык кырдаалга, экономикалык теңсиздикке, дүйнөлүк экономикалык тартипке жана жаңы либералдык капиталисттик базарга каршы көтөрүлүш катары түшүнүү керек.

Ааламдашууга каршылык көрсөтүү дээрлик бардык өлкөлөрдө пайда болгон жана дүйнөлүк масштабда колдоочулары бар каршы позициядагы кыймыл. Бул карама-каршылык дүйнөнү калыптандыруучу ааламдык баалуулуктарды, элдердин соода, социалдык жана маданий мамилелерин түзүүгө жана дүйнөлүк көйгөйлөрдү чечүү жолдорун иштеп чыгууга болгон каршылык катары кабыл алынышы мүмкүн. Бирок антиглобализация катары аныкталган коомдук кыймылдардын көпчүлүгү бул идеяларды, атап айтканда укуктардын теңдиги, киреше бөлүштүрүү жана

киреше деңгээлиндеги адилеттүүлүк, эркин кыймыл укугу сыяктуу ааламдык масштабдагы көптөгөн идеяларды жакташат (Çetin, 2008: 98). Бул жагынан алганда, оппозициянын объектиси, атап айтканда, антиглобализация, антиглобалдык капитализм, неолиберализм жана капиталисттик идеологиянын тамырында жаткан колонизатордук либералдык баалуулуктар болуп эсептелет. Ошол эле учурда бул карама-каршылык «альтернативдик ааламдашуу», «постколониялык ааламдашуу», «ааламдык глокализация» сыяктуу ар кандай көз караштар, ар кандай түшүнүктөр менен көрсөтүлүшү мүмкүн.

Калфа жана Атаай (Kalfa жана Ataay, 2008: 146) сыяктуу изилдөөчүлөр ааламдык коомдук кыймылдар тарабынан жаратылган маанилүү жетишкендиктер бар деген идеяны иштеп чыгышкан. Ал эми ошол эле изилдөөчүлөр кыймылдын негизги башталышын түзгөн «башка дүйнө мүмкүн» деген ураандан алыс эмес деп ойлошот. Бирок дүйнөлүк коомдук кыймылдар кандайдыр бир ийгиликтерге жетишти деп ойлогондор аз эмес.

Валлерштейн белгилегендей, бүгүнкү күндө дүйнөнүн ар кайсы бөлүктөрүндө (Индия, Бразилия, Венесуэла ж.б.) неолиберализмге альтернативалар бар болсо, бул жарым-жартылай ааламдык коомдук кыймылдын ийгилиги болуп саналат (Kalfa жана Ataay, 2008: 146). Бул контекстте Куба, Кытай сыяктуу өлкөлөрдүн адам укуктары маселеси АКШ тарабынан баса белгиленип жатса, бүткүл дүйнөлүк коомдук пикирдин реакциясы менен кабыл алынган Израиль сыяктуу союздаш өлкөлөрдүн иш-аракеттери АКШ жана дүйнөлүк державалар тарабынан сынга алынууда (Çoban, 2009: 128).

Жогорудагы мисалдарды карап көрсөк, коомдук кыймылдар ааламдашуунун кыйратуучу кесепеттерин ачыкка чыгарууда маанилүү роль ойногон. Ал дүйнөлүк капитализмдин кесепеттерин этибарга албай келген өнүккөн капиталисттик өлкөлөрдүн көңүлүн бурууда өзгөчө эффективдүү. Ар кайсы өлкөлөрдө болуп жаткан ар кандай коомдук кыймылдар дүйнө жүзү боюнча көптөгөн адамдардын аң-сезимдик деңгээлде көңүл буруусун жогорулатат.

Бул жогорулоо капитализмдин кайра сынга алынышына, көптөгөн тармактардын, анын ичинде адам укуктары концепциясын

коомдук күрөштүн чөйрөсү катары кайра ачып кароого алып келди. Коомдук кыймылдар улуттук мамлекеттердин коопсуздукка багытталган реструктуризациясында да, ааламдык жана улуттук деңгээлде адам укуктары үчүн күрөштө да жаңы импульс алды (Çoban, 2009: 129).

Бул жагынан алганда, коомдук кыймылдар ааламдык деңгээлде таасир этүү жана таасирленүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон жамааттык кыймыл катары көрүнөт. Ааламдык капитализмдин учурдагы кысымы жергиликтүү жамааттарда ушундай тирешүүлөрдү жаратып жаткандыктан, алар жаңы аталыштар менен, бирок максаттары окшош коомдук кыймылдар катары кайрадан пайда болууда. Бирок, биз дагы эле коомдук кыймылдар улуттук мамлекеттер үчүн коопсуздук боштуктарды жаратып жатканын эске алышыбыз керек. Дүйнөлүк уюмдар жергиликтүү өнөктөштөр аркылуу жергиликтүү маданиятты жана экономиканы терс стимулдаштыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү издей турганын жана алар муну эркин базардын логикасы менен жасагандыгын эстен чыгарбоо керек.

**Коопсуздук саясаты жана коомдук кыймылдар**

Азыркы дүйнөлүк экономикалык системада улуттук мамлекеттер жашоо үчүн күрөшүп жатышат. Айрыкча, трансулуттук компанияларга жана трансулуттук системаларга өздөрүнүн эгемендүүлүгүн камсыз кылуу, бийлигин жана катышуусун консолидациялоо реакциясы аларды өздөрүнүн эгемендүүлүгүн сактап калуу аракетине чейин түртөт. Бул аракет алардын ички саясатта патерналисттик ыкмаларды колдонуусуна, экономикалык системаларды жаңыртууларына жана чек ара саясаттарын интроверттик түрдө аныктоосуна себеп болууда. Бул процессте улуттук мамлекеттер локалдык же аймактык маданияттардын бар болушун сактоонун эң маанилүү жана эффективдүү куралы болуп калды. Карама-каршы көз караш катары улуттук мамлекетте демократия, адам укуктары, мыйзам үстөмдүгү сыяктуу принциптер экинчи даражага түштү деген сын пикирлер бар, бул баалуулуктардын экинчи даражадагы абалынын

себептери локалдашуу агенттеринин улуттук мамлекеттерге жасаган кысымынын таасирдүү экендигинен кабар берет (Koçal, 2019; Çoban, 2009).

Бауман (Bauman, 2012: 70) улуттук мамлекеттер көптөн бери азыркы статусун сактап келе жатканын, бирок улуттук мамлекеттик бюрократиянын мындан ары «бар болуу себеби» катары карала турган көпчүлүк функцияларды аткара алышы күтүлбөйт деп ойлойт. Бүгүнкү күндө биз улуттук мамлекеттерден классикалык функцияларды колунан тартып алуу же аларды өзү таштап кеткен жагдайга туш болуп жатабыз. Ал мамлекеттердин эгемендүүлүгүн камсыз кылуу максатында мезгил-мезгили менен убактылуу импорттук жана экспорттук квоталарды коюп, бажы тосмолорун куруп, өздөрүнүн жок болуп кетүү жана өз функцияларын аткара албай калуусу сыяктуу онтологиялык көйгөйү менен күрөшүүгө аракет кылып жатышат деп ойлойт.

Капиталдын мобилдүүлүгү ааламдашуунун экономикалык өлчөмдөрүн ачып берет. Ааламдашуунун эң маанилүү көрсөткүчтөрүнүн бири болгон капиталдын жүгүртүлүшүн "көчмөн капитал" же "капиталды экспроприациялоо" деп да аташат. Бул жагынан алганда, улуттук мамлекеттер коопсуздук саясатын издегени бекеринен эмес. Крипто базары жана крипто акчаны киргизүү дүйнөлүк капиталдын көчмөн жана анонимдүү статусун бир топ жогорулатууда. Бирок, капиталды көзөмөлдөө улуттук мамлекеттер үчүн дээрлик мүмкүн эмес болуп калат.

Ааламдашуунун негизинде салттуу улуттук мамлекеттер эгемендүүлүгүн жаңы трансулуттук компанияларга жана келишимдерге бере баштады. Эл аралык мамилелер адабиятында Бреттон-Вуд процесси деп аталган жана Экинчи дүйнөлүк согуштун аягында ишке ашырылган ЭВФ жана Дүйнөлүк банк сыяктуу институттар жетектеген жаңы трансулуттук уюштуруу жана институтташтыруу процесстери башталды. Антиглобалисттер бул түзүлүштөр өзгөчө улуттук мамлекеттердин эгемендүүлүк ресурстарына чоң сокку урганын айтышат (Kökalan Çımrın, 2020: 1212).

Биз жашап жаткан доор ааламдашуу доору деп аталганы менен, улуттук мамлекеттер үстөмдүк кылган доор. Башкача айтканда, чек аралар чийилген, ошондой эле чек аралар белгилүү бир деңгээлде алынып салынган доор. Ошондуктан негизги талкуу "чек ара" боюнча жүрүп жатат. Чек деген сөз, балким, биринчи кезекте терс мааниге ээ болгон жана дихотомиянын ортосунда белгилүү бир айырмачылыкты камсыз кылган ойдон чыгарылган сызык болушу мүмкүн. Бирок ал чек аралар эң айкын сызыктар менен чийилген аймактар болгон улуттук мамлекеттерде пайда болот (Karaköse, 2020: 508).

Улуттук мамлекеттердин мейкиндик эгемендүүлүгү «чек аралары» бар жана ошол эле учурда жаңы чектерди жаратат. Ушул себептен улуттук мамлекеттер өздөрүнүн эгемендүүлүгүн камсыз кылуу үчүн чек араларын белгилеши керек. Бирок, бул чек материалдык-карта же коопсуздук дубал менен гана чектелбейт. Эки өлкөнүн же маданияттын чек арасы маданий элементтерде, жалпы баалуулуктарда пайда болот. Кандайдыр бир мааниде, бул материалдык эмес чектер улуттук мамлекеттердин жашоосу үчүн зарыл. Демек, улуттук мамлекетте чек аранын орду жана мааниси ойлогондон да терең. Өлкөлөр ортосундагы чек аралар белгиленген институтту жана процессти билдирет. Бул контекстте чек ара негизги саясий институт катары мамлекетти аныктайт. Бул жагынан алганда, азыркы коомдордо экономикалык, социалдык жана саясий турмушту чек арасыз уюштуруу жана анын туруктуулугун камсыз кылуу мүмкүн эмес (Karaköse, 2020: 509).

Ааламдашуунун катышуучуларынын, өзгөчө трансулуттук уюмдардын жана компаниялардын улуттук мамлекеттердин чек ара саясатына карата демилгелери кылдаттык менен каралышы керек. Улуттук мамлекеттер саясий, маданий жана экономикалык чек араларын коргоого аракет кылып жатканда, алдыга койгон коопсуздук саясаттары эң сезимтал пункттар болот. Жырткыч ааламдашууга каршы жергиликтүү маданияттардын жападан жалгыз таянычы жана козголоңунун каражаты, алар ээ болгон улуттук мамлекеттер экенин эске алып, коопсуздук менен эркиндиктин тең салмактуулугу түзүлүшү керек деген тыянак чыгарылат.

Бул жагынан алганда, өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө экономикалык жетишпегендик менен шартталган кемчиликтер дүйнөлүк державалар тарабынан адам укуктарынын көйгөйү катары чагылдырылып, Бириккен Улуттар Уюму, Эл аралык Мунапыс жана Адам укуктары уюмдары тарабынан терс классификацияланган. Бардык бул терс классификация жана статистикалык орточо төмөн болуу АКШ жана Европа өлкөлөрү тарабынан кабыл алынган. Бирок бул өлкөлөргө шериктеш өлкөлөр, мисалы, Израилдин Палестинага мамилеси, Европа өлкөлөрүнүн сириялык иммигранттарга болгон кайдыгерлиги, Ливиядагы жарандык согушка кызыктар тараптардын санынын көбөйүшү жана чечилбей жаткан (АКШ колдогон Бириккен Араб Эмираттары жана Россиянын империалисттик саясаты), Афганистанда уланып жаткан баш аламандыктын себеби болгон. Америка эч качан адам укуктары жагынан кемчилиги бар же жетишсиз деп табылган эмес. Дүйнө коомчулугу АКШнын ар кайсы жерде ар кайсы убакта жасаган интервенциялары жергиликтүү эл үчүн жакшы натыйжа бербегендигине жана ал кийлигишкен аймактарга дагы туруксуздук алып келгенине көп жолу күбө болгон.

Башка жагынан алганда, ааламдашкан капиталисттик өлкөлөр тарабынан жүргүзүлүп жаткан жана улуттук мамлекеттердин чек араларын алсыратууга багытталган террордук дипломатия бар. Белгилей кетсек, прокси согуштардан тышкары терроризм жана террористтик уюмдар дагы курал катары колдонулат. 2001-жылдын 11-сентябрында Кошмо Штаттардагы эгиз мунараларга кол салуудан кийин, Америкага багытталган ааламдык коопсуздук мобилизациясы башталган. 11-сентябрдагы окуяларды улай Ооганстанды басып алууга аракет кылууда Ирак кайрадан маанилүү ролго ээ боло баштады жана Ислам жана Леванта ислам мамлекеттери (ИЛИМ (орусчасы ИГИЛ) террордук уюмунун пайдубалы түптөлдү. 11-сентябрдагы коопсуздук себептеринен улам прокси согуштар башталган ушунчалык маанилүү учур. Терроризм дүйнөлүк аренага курал катары чыгып, империалисттик мамлекеттердин кызыкчылыгы үчүн иштеп, империалисттик мамлекеттерге мейкиндик ачты. АКШнын Иракта калтырган экономикалык, аскердик, саясий, маданий жана психологиялык

мурасы ИЛИМдин пайда болушуна, түзүлүшүнө жана прогрессине кыйыр түрдө таасир эткен.ИЛИМ кыска убакыттын ичинде эл аралык террордук уюмга айланып, ондогон өлкөлөрдө акцияларды уюштура баштады. Көптөгөн өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан (Франция, Англия, Испания, Канада, Россия, Түркия) мамлекеттерде террордук актыларды ишке ашырган. Анткени ИЛИМ ачык эле эл аралык саясатты иштеп чыгууда колдонулган курал болуп калды. Эл аралык терроризм 21-кылымда гана дүйнөлүк державалардын эң маанилүү саясат түзүүчү жана улуттук мамлекеттерди алар каалаган саясатка алып келүүчү курал катары колдонулууда. Терроризмди каржылоо же жергиликтүү деңгээлдеги прокси согуштарда колдонуу аркылуу эл аралык күчкө айландыруу улуттук мамлекеттердин коопсуздук чараларын күчөтүүдө. Мисалы, Курдистандын жумушчу партиясы (ПКК) террордук уюму АКШ тарабынан колдоого алынып, прокси согуштар үчүн курал катары колдонууда. Бул абал Түркиянын коопсуздук саясатын кайра карап чыгуусуна жана активдүү кадамдарга баруусуна себеп болду.

**Корутунду жана баалоо**

Бул изилдөөдө биз талкуулаган маселелерди төмөндөгүдөй жыйынтыктап, айткыбыз келген ойду ачык-айкын түшүндүрсөк туура болот. Биринчиден, ааламдашуу феномени бардык коомдорго сөзсүз түрдө таасирин тийгизүүчү процесс. Албетте, ааламдашуу тууралуу теоретиктердин жана активисттердин пикири ар кандай. Ааламдашууну адамзаттын позитивдүү өнүгүүсү деп эсептегендер, тескерисинче, ааламдашууну биздин доордун эң начар өнүгүүсү деп эсептегендер менен карама-каршы абалда. Бул изилдөөбүздө эмоционалдык жактан бир тарап болууну максат кылбастан, ааламдашуунун катышуучуларынын терс таасирлерине системалуу жана аналитикалык түрдө басым жасаганыбызды баса белгилөө керек. Биз ааламдашуу жана анын натыйжалары ааламдык тобокелчи коомду жаратып, биз жашап жаткан жергиликтүү жамааттар бул ааламдык тобокелчи коомдун бир бөлүгү болуп калды деп ырастайбыз.

Ааламдык тобокел коому экономикалык жана маданий чөйрөлөрдө көбүрөөк орун алган социологиялык культурация процесси. Бул процесстин бир тарапка көбүрөөк таасир этишине байланыштуу ассимиляция деп атоого болот. Демек, жергиликтүү жамааттар маданий жактан начар абалда болот.

Жашап өттүгүбүз дүйнөлүк Covid 19 пандемиясынын тобокелдиги адамдын ден соолугуна байланыштуу ортого чыкты. Улуттук мамлекеттер саламаттыкты сактоо саясатын карап чыгуу менен, аскердик өлчөмдөн тышкары, ден соолук коопсуздугу жана саламаттыкты сактоо дипломатиясын коопсуздукка кошууга аргасыз болушту.

Ааламдашуу феномени эмгек жана эксперттик мобилдүүлүк, капиталдын мобилдүүлүгү, технологиялык жана маалыматтык мобилдүүлүк түрүндөгү пайдалардан тышкары, ал башаламандык менен тобокелдиктин ааламдык мобилдүүлүгүнө мүмкүндүк берүү менен дүйнөлүк тобокелдик коомунун себеби болууда.

Бул изилдөөдө, өзгөчө жергиликтүү жамааттар жана улуттук мамлекеттер талдоодо өзгөрмө катары тандалып алынган. Анткени бул эки элемент маданий жана экономикалык жактан ааламдашуу субъекттеринен көп таасирленген элементтер. Башка жагынан алганда, дүйнөлүк масштабда пайда болгон коомдук кыймылдар көбүнчө жергиликтүү жамааттарга жана улуттук мамлекеттерге таасирин тийгизет. Классикалык адабияттын жана ааламдашуу практиктеринин көз карашынан алганда, жергиликтүү жамааттар жана улуттук мамлекеттер эки атаандаш же атаандаш элементтер сыяктуу сезилиши мүмкүн. Бул Бергер талкуулаган академиялык клуб маданияты тарабынан иштелип чыккан билимдин батыш түшүнүгү менен түзүлгөн кырдаал.

Тескерисинче, бул изилдөөбүздөгү негизги божомолубуз – жергиликтүү жамааттар менен улуттук мамлекеттердин бир кайыкта сүзүп, жырткыч ааламдашууга каршы биргелешип аракет кылышы керек экендигинде жатат. Анткени жырткыч ааламдашуу эки элементке тең коркунуч жаратышы мүмкүн. Бул жагынан алганда, жергиликтүү жамааттар жана улуттук мамлекеттер бири-бири менен күрөшүшү керек болгон атаандаштар же элементтер

эмес, тескерисинче, алар кызматташтыкта аракеттенишүүгө муктаж элементтер. Бул кызматташтыктын натыйжасында аламдашуунун субъекттери, неолиберализм, эркин базардын артына жашынган жапайы капитализм жана трансулуттук компаниялар ыңгайлуу кыймылдай алышпайт.

Бирок дүйнөдөгү коомдук кыймылдар изилденгенде, жергиликтүү жамааттар тарабынан уюшулганы, бирок трансулуттук уюмдардан колдоо алганы жана бул коомдук кыймылдардын максаттары улуттук мамлекеттерди саясий жана экономикалык жактан алсыздандыруу экени көрүнүп турат. Бул жагдай бюджети төмөн өлкөлөрдүн алсызданышына гана алып келет. Жакынкы тарыхта араб өлкөлөрү аркылуу жергиликтүү коомдук кыймылдарды карасак, улуттук мамлекеттердин кандайча алсыраганын көрүүгө болот. Улуттук мамлекеттер заманбап уюм катары каралса, алар маданий жана экономикалык ааламдашууга каршы турууда жергиликтүү жамааттардын жана жергиликтүү маданияттардын эң маанилүү мүмкүнчүлүгү болуп саналат. Чындыгында эң күчтүү жана ар тараптуу каршы чыга турган жалгыз мүмкүнчүлүк десек жаңылышпайбыз.

Албетте, бул тирешүү улуттук мамлекеттердин коопсуздук жана эркиндигинин сыноодон өтүп жатканын ачыкка чыгарат. Коррупция же башкаруучу бийликтин өзүм билемдик мамилеси тарыхтагы көптөгөн саясий мисалдардын арасында орун алган. Улуттук мамлекеттер өз ичиндеги коррупция менен, ошондой эле маданий, экономикалык ааламдашуу менен күрөшүшү керек. Муну менен бирге өлкөдө ишке ашырылган коопсуздук саясаттары жана эркиндик-адилеттик тең салмактуулугу менен түзүлгөн чыңалууну азайтышы керек. Ушул себептерден улам улуттук мамлекеттерге мурдагыдан да көбүрөөк жүк жүктөлүүдө.

**Колдонулган адабияттар**


Barış Çoban (2009): "Küreselleşme Sürecinde İnsan Hakları Mücadelesi ve Yeni Toplumsal Hareketler", *Marmara İletişim Dergisi,* (15). s.121-133.

Bauman, Zygmunt (2012): *Küreselleşme, Toplumsal Sonuçları,* (4. Basım), Çev. Abdullah Yılmaz, İstanbul: Ayrıntı Yayınları.

Berger, Peter L. (1997): "Four Faces of Global Culture", In *The National Interest* (49), pp. 23–29.

Кастельс, Мануэл (2006): *Enformasyon Çağı: Ekonomi, Toplum ve Kültür 2. Cilt: Kimliğin Gücü,* Çeviren: Ebru Kılıç, İstanbul: İstanbul Bilgi Üniversitesi Yayınları.

Ceren Kalfa; Faruk Ataay (2008): "Küresel Toplumsal Hareketler", *Kocaeli Üniversitesi Sosyal Bilimler Dergisi,* (16), s. 127–149.

Cohen, Jean (1999): "Strateji ya da Kimlik: Yeni Teorik Paradigmalar ve Sosyal Hareketler", *Yeni Sosyal Hareketler: Teorik Açılımlar,* Editör: Kenan Çayır, İstanbul: Kaknüs Yayınları s. 101-120.

Çetin, Beyzade Nadir (2008): "Küreselleşme Karşıtlarına Göre Küreselleşme Karşıtı Hareketlerin Nitelikleri", *Fırat Üniversitesi Doğu Araştırmaları Dergisi,* 7(1), s. 94 – 104.

Della Porta, Donatella; Andretta, Massimiliano; Mosca, Lorenzo; Reiter, Herbert (2006): *Globalization from Below: Transnational Activists and Protest Networks,* University of Minnesota Press.

Falk, Richard (2005): *Yırtıcı Küreselleşme,* (5.Baskı), İstanbul: Küre Yayınları

Fırat, Yusuf (2018): "Sosyal Hareketler Sosyolojisi Bağlamında Terör Hareketlerinin Değerlendirilmesi", *Uluslararası Sosyoloji ve Ekonomi Dergisi,* (1), s. 76–96.

Habsbawn, Eric J. (2008): *Küreselleşme, Demokrasi ve Terorizm,* Çeviren: Osman Akınhay, İstanbul: Agora Kitaplığı.

Kalfa, Ceren; Ataay, Faruk (2008): "Küresel Toplumsal Hareketler", *Kocaeli Üniversitesi Sosyal Bilimler Enstitüsü Dergisi,* (16), s. 127-149.

Karaköse, Gizem (2020): "Küreselleşme Çağında Kimlik, Milliyetçilik ve Çokkültürlülük Görünümleri" *İnsan ve Sosyal Bilimler Dergisi,* 3 (1), s. 506–519.

Koçal, Ahmet Vedat (2019): "Küreselleşme Sürecinde Güvenlik Tanımının ve Politikalarının Dönüşümü: Yeni Liberalizmin Krizi Ve Yeni Toplumsal

Hareketler Bağlamında Güvenliğin Yeni Politik Ekonomisi", *ASSAM Uluslararası Hakemli Dergi*, C. 6, S. 15, s. 101-111.

Kökalan Çımrın, Füsun (2020): "Küreselleşme Teorileri: Söylem ve İddialar", *Dokuz Eylül Üniversitesi Sosyal Bilimler Enstitüsü Dergisi,* 22 (3), s. 1205–1219.

Le Bon, Gustave (2015): *Kitleler Psikolojisi.* İstanbul: Hayat Yayınları.

Michael Hsiao, Hsin-Huang (2003): "Çağdaş Tayvan'da Kültürel Küreselleşme ve Yerelleşme". *Bir Küre Bin Bir Küreselleşme, Çağdaş Dünyada Kültürel Çeşitlilik.* Editörler: Peter L. Berger ve Samuel P. Huntington, Çeviren: Ayla Ortaç, İstanbul: Kitap Yayınevi.

Özbudun, Ergun; Keyman, Fuat (2003): "Türkiye'de Kültürel Küreselleşme". *Bir Küre Bin Bir Küreselleşme, Çağdaş Dünyada Kültürel Çeşitlilik,* Editörler: Peter L. Berger ve Samuel P. Huntington, Çeviren: Ayla Ortaç, İstanbul: Kitap Yayınevi.

Pınar, Lütfü; Dağtaş, Erdal (2019): "Küreselleşme Karşıtı Hareketlerin Tek Bir Yöne Evrilmesi: Dünya Sosyal Forumu Örneği ve Medyayı Kullanım Pratikleri", *Uluslararası İnsan Çalışmaları Dergisi,* 2 (3), s. 100–118.

Tecim, Erhan (2016): "Toplumsal Hareketler ve Yenilik Bağlamı: Eleştirel Bir Teorik Konumlandırma". *Sosyal Hareketler Çağı.* Editörler: Ferhat Tekin ve Erhan Tecim, İstanbul: Açılım Kitap, s.13-36.

wsf2021.net. (2021 Eylül) "13 edition 1" Erişim tarihi: 10 Ağustos 2021 https://wsf2021.net/fsm2021/.

# ААЛАМДАШУУ, МАДАНИЙ ӨЗГӨРҮҮЛӨР ЖАНА ИДЕНТТҮҮЛҮК: ПОСТСОВЕТТИК КЫРГЫЗСТАН

Нургүл Сулейманова[1]

**Киришүү**

«Ааламдашуу» түшүнүгү дүйнөдөгү экономикалык, саясий, маданий жана социалдык процесстердин жуурулушун жана унификацияланышын түшүндүрөт. Карама-каршылыктуу жүргөн бул процесс бүткүл дүйнөнү бири-бирине бекем байланыштырып, субъектилерди бири-биринен абдан көз каранды кылып, стандартташтыруу жыйынтыгына алып келет. Ааламдашуу терминин тарыхчылар капитализмдин өнүгүү этаптарынын бири катары караса, экономисттер трансулуттук финансылык базарлардын башкарылышы деген ойду билдиришет. Ал эми маданият таануучулар ааламдашууну батышташтыруу, батышка ыңгайлаштыруу (вестернизация), ошондой эле америкалык экономиканын үстөмдүгүнүн пайда болушу менен байланыштырышат. Ааламдашуу түшүнүгүн биринчи жолу К. Маркс 1850-жылдары Энгельске жазган каттарынын биринде «ургалдуу эл аралык соода» деп колдонуп: «Чындыгында дүйнөлүк базар деген бар. Калифорния жана Япониянын дүйнөлүк базарга ачылышы менен ааламдашуу иш жүзүнө ашты» деп белгилеп кеткен (Аттали, 2013: 192) Соода тармагынан башталган ааламдашуу процесси саясатка, кийинчерээк маданиятка өттү.

«Ааламдашуу» термининин көп функционалдуулугун белгилөөнүн себеби бар: ал социология менен катар эле экономика, география, технологиялык илимдер, тарых, антропология, маданият таануу, саясат таануу сыяктуу илимдерде кеңири чагылдырылат; бай мазмуну аны ар кыл дисциплиналардын призмасы аркылуу

---

[1] Кенже илимий кызматкер, социология илимдеринин кандидаты Кыргыз-Түрк «Манас» университети Гуманитардык факультети Социология бөлүмү.

түшүндүрүп, маанисин ачууга мүмкүнчүлүк берет. Ааламдашуу кубулушу өзүндө синтезделген мүнөздү алып жүрүп, теориялык-методологиялык маанилүүлүккө жана социалдык-тажрыйбалык жактан функциялуулукка ээ (Бергер и др., 2004). Ошондуктан, ааламдашуу концепцияларынын жана теориялык көз караштарынын жаралышын жана өнүгүп-өрчүшүн изилдөө, аларды теориялык конструкцияларга олуттуу оңдоп-түзөөлөрдү киргизген чындык менен салыштыруу маанилик жагынан туура болот жана коомдун ааламдашуудагы жуурулушкан "ааламдык коомдун" өзгөчөлүктөрүн ачык-айкын түшүндүрүүгө негиз болот.

«Ааламдашуу» термини илимий чөйрөгө алгач 1960-жылдары кирген, бирок 1990-жылдардын аягында гана чыныгы мааниси ачылып, бул процесс иш жүзүндө даана көрүнө баштады. Мунун себеби 1990-жылдарда дүйнөлүк саясий аренада орчундуу салмагы бар СССР кулап, курамындагы он беш республика мурдагы иденттүүлүгүн, башкача айтканда "советтик иденттүүлүгүн" жоготуу менен жаңы багыттагы иденттүүлүктөрүн издөө аракетинде болду. Ушул учурда ааламдашуу процесси күч алды жана мурунку коомдун баалуулуктары өз күчүн жоготуп, дүйнөлүк процесстин алкагына кирди. Бирок, бардык иш-чаралар «заманбап» түшүнүгүнө келгенче чейин коом советтик иденттүүлүктүн деминде жашады.

Ааламдашуу менен модерндешүү/заманбапташуу процесстерин азыркы коомду мүнөздөгөн процесстер катары кароого болот. Ааламдашуунун өзгөчөлүгү дүйнөлүк коомдун жаңы сапаттык абалга өтүүсү менен мүнөздөлөт. Бул жаңы абалда мурунку социалдык уюмдун кыйроосу; транслокалдык өз ара байланыштардын түптөлүшү күтүлөт. Бир эле учурда көптөгөн процесстер жүрөт жана алар бири-бирине кыйыр түрдө таасир эте алат, демек бул процесстин мүнөзү жана күчү чөлкөмдүк жайгашуудан көз каранды эмес байланыштар ааламдашуунун негизин түзөт.

Ааламдашуу адамзаттын ар түрдүү компоненттерин интеграциялоо процесси катары, өзүнүн эволюциясында адамзатты дифференциациялоо процессине карама-каршы болуп, «адамзат»

термининин сапаттуу жаңы түшүнүгүн жаратат, б.а. адамзат ааламдык коом катары каралат. Ааламдашуу процессинин бири-бирине карама-каршы эки учу бар: бир тараптан – ааламдашуу сөзсүз түрдө жүрөт, бардык чөйрөдөгү айырмачылыктарды түздөйт, батышташуу жана американизацияллануу процесстерин даңазалайт, улуттук мамлекеттик өз алдынчалык түшүнүгүн жокко чыгарат. Экинчи тараптан – ааламдашуу процесси жүрбөйт, улуттук жана маданий иденттүүлүк сыяктуу тандоо мүмкүнчүлүктөрү бар бай жана кедей мамлекеттер арасындагы теңсиздикти тереңдетет (Хабермас, 1999). Аны менен катар универсалдуу ааламдык баалуулуктарды жана иденттүүлүгүн сактап калуу боюнча талаптардын карама-каршылыгы ааламдашып жаткан дүйнөнүн негизин түзөт жана социалдык өзгөрүүлөрдүн багытын аныктайт. Бул карама-каршылыкты «иденттүүлүктөрдүн кагылышуусу» деп атаса болот. Ааламдык «макро-дүйнөнүн» маданияты менен улуттук, чөлкөмдүк маданияттын кагылышуусу улуттук иденттүүлүктү аныктоодо ар түрдүү дискурстарды жаратат. Бирок британиялык социолог З.Бауман белгилеп кеткендей, «иденттешүүгө байланышкан маселелер эч качан ааламдашуу тенденцияларына карама-каршы келбейт жана аларга жолтоо болбойт: алар ааламдашуу процессинин жаратуучулары жана жолдошу болот, тоскоол болуу ордуна анын дөңгөлөктөрүн майлайт (Бауман, 2005: 192).

Коомдогу кандай гана жаңылануу процесси болбосун ал адамдын менталитетинен башталат. Адамдын психологиясы социалдык жаңылыктарды жана керектөөлөрдү кабыл алууга бышып жетилген учурда гана акырындык менен өзгөрүү процессине өтөт. Анын сыңарындай, ааламдашуу шартында жашоо-тиричиликте болгон муктаждыктар адам баласынын мотивдерин, баалуулуктарын, жашоодогу багыттарын замандаштарынын агымына карай өнүктүрүп отурат. Акырында коомдогу социалдык жана маданий муктаждыктар адамдын материалдык жана руханий баалуулуктарын, социалдык мейкиндигин өзгөртүп турат.

Ааламдашуу процессинде дүйнөлүк баалуулуктар менен бирге өлкөнүн улуттук жана маданий баалуулуктары экономикалык кырдаалга жараша сакталат, өнүгөт же таптакыр жок болуу

процессине дуушар болот. Демек, бир эле учурда коомдун дүйнөлүк жана жергиликтүү баалуулуктары ортого келип чыгат. Дүйнөлүк баалуулуктарга дүйнөдөгү илим, билим, технология, медицина, экономика ж.б. жагынан өнүккөн, амбициясы күчтүү АКШ, Европа, Япония ж.б. өлкөлөрдүн баалуулуктары кирерин белгилешет. Жогоруда аты аталган өлкөлөрдүн баалуулуктары өнүгүп келе жаткан жана өнүкпөгөн өлкөлөргө дүйнөлүк баалуулук катары өтүп турат. Дүйнөлүк баалуулуктарга өнүккөн өлкөлөрдүн технологиялык жана экономикалык жетишкендиктериндеги көндүм адаттары, таалим-тарбиясындагы мамилелери, буюмдардын колдонулушу, терминдердин аталышы, эң башкысы ошол өлкөлөрдүн социомаданий иденттешүүсү да олуттуу таасир берет.

Ааламдашуу процессинин алкагында өнүккөн өлкөлөрдүн материалдык баалуулуктарынан тышкары, руханий баалуулуктары дагы орто жана начар өнүккөн өлкөлөр үчүн негизги үлгү боло алат. Руханий баалуулуктардын негизгилери катары экономикалык, социалдык жана саясий жактан өнүгүүдө башка өнүккөн өлкөлөр тарабынан иштелип чыккан жүрүм-турумдар, жашоо образы, стандартташтырылган адамдык мамилелер жана жазылбаган этиканын нормалары эсептелет. Ааламдашуу бир тараптуу процесс эмес: бир эле учурда дүйнөлүк баалуулуктарды кабыл алууга ачык жана ошол эле учурда бир тараптан өзүнүн улуттук жана жергиликтүү маданиятын сактаганга аракет кылат дагы, экинчи тараптан каада-салттарын, жашоо образын, менталитетин, улуттук аң-сезимин тездик менен коомдун өнүгүшүнө жараша өзгөртүп жана өнүктүрүп турат. Ошону менен бирге улуттук социомаданияттын түпкүлүгүн сактаганга түрдүү иш-чараларды аткарышат.

### Маданий өзгөрүүлөрдөгү эс-тутум, баалуулуктар, этностор аралык мамилелер

Советтер биримдиги кулагандан кийин ошол учурда түзүлүп, калыптанган социалдык, тарыхый, маданий, диний жана улуттук баалуулуктар акырындык менен өзүнүн күчүн, маанисин жоготуп,

алардын ордун жаңы нуктагы социомаданий баалуулуктар ээлеп баштады.

Советтер биримдиги учурунда түзүлгөн, калыптанган социомаданий иденттүүлүк түп-тамырынан бери өзгөрүүгө дуушар болду. 1985-1991-жылдардагы СССРдин курамындагы бардык өлкөлөрдөгү болуп жаткан саясий-экономикалык, маданий кризистер Кыргызстандын жаңы өнүгүү жолу болуу менен бирге кризистик абалды дагы жараткан (Асанов, 2011) . Бул абал учурда кыргыз коомунда катардагы калкка терс таасирин тийгизди. Элдин социалдык-маданий деңгээли төмөндөдү, мунун негизги себеби катары экономикалык жана саясий каатчылыкты көрсөтүүгө болот.

Октябрь революциясынан кийин карапайым элдин кат-сабатын жоюу, билим деңгээлин көтөрүү, саламаттыкты сактоо иштерин пландуу жүргүзүү өңдүү иш-чаралар жамааттык иденттүүлүктү түзүүдө СССРдин социалдык-маданий саясатынын өзөгү болуп саналган. Демек, СССР кулагандан отуз жылдан ашуун убакыт өтсө дагы кыргыздардын арасында советтик бийликти эңсөө, советтик иденттүүлүккө биригүү, коммунисттик партиянын майнаптуу иштери эс-тутумдарында жакшы элестери менен сакталып калгандыгы белгилүү.

СССР *«Партиялык съезддер, коммунисттик партиянын майнаптуу иши, коммунизм, партиянын тартиби, коллективдештирүү, СССРдин бийлиги, күчтүү экономикалык туруктуу союздук республика»,* *«социалдык пакет менен камсыздандырылган, арзанчылык, элдин кененчиликте жашашы»; Улуу Ата мекендик согуштун бүтүшү, жениши; завод-фабрикалар иштеп, айыл-чарба, дыйкан чарба, мал чарба, өндүрүш тармагы өнүгүп, эл иш менен камсыз болгондугу* менен элдин эсинде жакшы маанайда сакталып калган.

Орто Азия өлкөлөрүнө, анын ичинде мурунку советтик өлкөлөргө келген бардык чет элдиктер СССР жарандарындагы күчтүү мекенчилдик сезимди, СССРге болгон таандыктык менен сыймыктануу сезимин жакшы байкашкан. Советтик бийлик элдик бийлик катары бааланган. Мында социалдык тепкич саясаты абдан маанилүү эле. Ошол себептен Маяковский: «Окугула, көз арткыла, Мен – Советтер союзунун жаранымын» деп сыймыктануу менен

айткан. Себеби СССРдин курамындагы кайсы гана өлкө болбосун, бардыгы социалдык абалдары боюнча тең укукта, теңчиликте жашашкан. Демек, советтик иденттүүлүктүн дагы бир артыкчылыгы, элге пайдалуулугу катары социалдык камсыздандыруу болгон.

1941-1945-жылдагы Экинчи дүйнөлүк согуш СССРдин курамындагы өлкөлөрдү бириктирген, державанын ынтымагын бекемдеген тарыхый маанилүү окуя болгон. Ар башка улут болгонуна карабастан, бир мамлекет үчүн, бир идеология үчүн жапырт 15 республиканын жоокерлери кандуу согушка аттанышканы, согуштун карапайым адамдардын жашоосуна тийгизген таасири, согуштан кийинки социалдык-экономикалык абал жана согуштун жеңиши СССРдин жарандык сезимдерин күчөтүп, дагы бир жолу иденттешүүсүн бекемдеген, жалпы орток маданияттын жаралышына себепкер болгон (Сулейманова, 2018: 79).

Жалпы калк *«завод-фабрикаларда иштеп, айыл-чарба, дыйкан чарба, мал чарба, өндүрүш тармагы өнүгүп, эл иш менен камсыз болгондугу»* советтик социалдык «ишчи маданиятын» бекемдеген. Кыска убакытта социализмдин жеңишин камсыз кылуу үчүн совет эли

Балтабаевдин айтуусу боюнча, коммунисттик партиянын жетекчилиги астында алгачкы беш жылдыкта (1928-1932-жж.) лениндик программанын негизинде айыл чарбасын кайрадан уюштуруу жана өлкөнү индустриалдаштыруу максат катары коюлган Балтабаев, 1978: 35).

Биринчи беш жылдыктын ичинде союздук маанидеги ири ишканалар мисалы, Фрунзе эт комбинаты (1931), Канттагы кант заводу (1932), тегирмен комбинаты (1930), тери жана күрүч тазалоочу заводу (1932) ж.б. курулган (Балтабаев, 1978: 35). Биринчи беш жылдыкта пландалган ишканалар ачылгандан кийин аларда иштеген квалификацияланган ишчилер жана инженер-техниктер керек болгон. Жумушчуларды даярдоо эки жол менен ишке ашкан. Биринчиси, биринчи беш жылдыктын алгачкы мезгилдеринде РСФСРдин борбордук райондорунан Кыргызстанга 8 миң тажрыйбалуу жумушчуну жана жүздөгөн инженер-техникалык ишчилерди жиберишкен. Алар жергиликтүү жумушчуларга өздөрүнүн билимин жана иш тажрыйбасын үйрөтүшкөн.

Экинчиси, ар бир республиканын негизги, саны боюнча басымдуулук жасаган улутуна завод-фабрикада, курулуш иштеринде иштөө боюнча курстар, түрдүү окуулар өткөрүлгөн. Ошентип республикада 1929-1932-жылдары 63-65% жергиликтүү эл өндүрүштүк жумушчу орундарына даярдалган. Жалпы жонунан, Кыргызстан боюнча алып караганда биринчи беш жылдыкта иштеген калктын саны 3,6%дан 94%га жеткен (Балтабаев, 1978: 36). Ушул сыяктуу социалисттик идеологиянын пландуу иштери интернационалдык советтик иденттүүлүктү түзгөндүктөн, ошол доордо жашаган жарандарда «советтик жашоону эңсөө», «советтик иденттүүлүк» сезимдери сакталып калган.

Совет доорунда *«Агартуу системасы жакшырып, мектеп, бала-бакчалар ачылган, билим жана маданият өнүккөн, адам баласы космоско жол салган»* деген өнүгүү процессиндеги жагымдуу окуялар жалпы советтик маданиятты түзүүдөгү, иденттүүлүктү бекемдөөдөгү маанилүү механизм болгон. СССРдин түзүлүшү менен Кыргызстанда агартуу иштери жандана баштаган, өзгөчө билим берүү тармагы, маданият, саламаттыкты сактоо системасы колго алынып, алыскы айыл жерлерине чейин китеп, газета, журнал, концерт, кино, дары-дармек менен камсыздандырылган.

Көчмөндүк-жамааттык иденттүүлүктү тутунган кыргыздар СССРдин курамына киргенден кийин акырындык менен отурукташкан тиричиликке өтүшкөн. Кыргыздардын көчмөндүк турмуштан отурукташкан жашоого өтүүдө бир топ кыйынчылыктар болгондугу белгилүү. Кыргыз педагогу М.Р.Балтабаев калктын маданий деңгээлин көтөрүүдө көчмөндүк жашоо абдан тоскоолдук кылганын белгилейт. Феодалдык-уруулуктун саркындылары менен сакталган артта калган көчмөн чарбачылык маданий тиричиликти өнүктүрүүдө, мектеп шарттарын жакшыртууда бир топ оорчулуктарды жаратканыдыгын жазат (Балтабаев, 1978: 34). Жашоо-турмуштун бир формасынан экинчи бир формасына өтүүдө дайыма кыйынчылыктар, жаңылыкты кабыл алуудагы каатчылык маселелери кайталануучу процесс. Мында кыргыздардын эсинде калган окуялар жаңы иденттүүлүккө ээ болуусу. Башкача айтканда, советтик иденттүүлүктү түзүүдөгү аракеттер эле. Советтик идеологиянын

өзгөн түзгөн «беш жылдык» программасы элди экономикалык, социалдык, маданий жактан иденттештирген, бириктирген процесс болгон.

Отурукташкан жашоо кыргыздардын жашоо-турмушун толугу менен өзгөрткөн. Илим-билимдин борбору катары Фрунзе шаары эсептелип, кыргыздарын арасында билимге умтулуу көбөйгөн. 1925-жылдын 2-5-ноябрында ВКП(б)нын Экинчи Кыргыз областык конференциясы өтүп, анда кыргыздардын өнүгүүсү үчүн керектелген, иш жүзүнө ашырышы керек болгон шарттар, иш пландар түзүлгөн.

Конференцияда негизги маселелер катары экономикадагы жөнөкөйлүк (дыйканчылык, мал чарбачылык, натуралык жана накталай формадагы чарбачылык); улуттук мамилелердин түзүлүшү жана алардагы мамилелердин турмуш-тиричиликтик алакасы, уруулук мамилелер; маданияттын төмөндүгү; аймактык алыстыктан улам маалыматтардын жетишсиздиги, коңшу республикалар менен чек аралардын жөнгө салынбагандыгы ж.б. коюлган. Кыргызстандагы партиянын милдети катары ушул маселелер көтөрүлгөн жана туура багытта иштөөгө жол көрсөтүлгөн (Измайлов, 1973: 219). Ушул иш пландар 47 жыл өткөндөн кийин Советтик Кыргызстанда экономикалык жана маданият жагынан олуттуу өзгөрүүлөр, өнүгүүлөр болгондугун педагог А.Э.Измайлов белгилейт (Измайлов, 1973: 219).

Демек СССРдин учурунда советтик иденттүүлүк идеологиясы жакшы иштеген. Ошондуктан, элдин эсинде СССРдин идеологиясы сакталып калган. Адамдарды бири-бири менен байланыштырып, бирдей ойлонууга жана келечекке бирдей умтулууга дерважанын идеологиясы жакшы түркүк болуп бергендигин билүүгө болот (Сулейманова, 2018: 79).

Бүгүнкү күндө кыргызстандыктарда «советтик иденттүүлүк» же болбосо СССРди эңсөө сезими күчтүү экендиги анык. Социалдык жана экономикалык абал адамдардын турмуш-тиричилигинде маанилүү орунга ээ экендиги даана көрүндү. СССР учурунда коомдун экономикалык жана социалдык муктаждыктарын толук камсыз кылуу менен элдин жашоого болгон аң-сезимин көтөрө алган. Ошол эле учурда улуттук маанайдагы көрүнүштөрдү

оолактаткан жагымсыз көрүнүштөр дагы болбой койгон эмес. Мисалы, кыргыз тилинин орус тилинен кийинки планга чыгышы, улуттук маданияттын төмөндөшү сыяктуу окуялар да болгон.

1991-жылдан баштап Кыргызстан эркин мамлекет катары таанылды, бирок өлкөдө саясий, экономикалык, социалдык каатчылык катуу жана узакка сүрдү. 70 жылдык колхоздошкон, совхоздошкон жамааттык иденттүүлүк азаттыкка жеткенден кийин менчиктештирүү саясатына дуушар болду. Өлкөдө базар экономикасын түзүүгө багытталган иш-чаралар: ири ишканаларды түзүлүштүк жактан кайрадан уюштуруу жана менчиктештирүү программасынын натыйжасында өнөр жай өндүрүшү биротоло жок болду. 1992-95-жылдары өнөр жай тармагында чоң масштабдагы менчиктештирүү жүргүзүлгөн. Төмөнкү таблицада кайсы жылдары канча өнөр жай менчиктештирилгени көрсөтүп турат.

| Жылы | 1991 | 1992 | 1993 | 1994 | 1995 | 1996 | 1997 | 1998 | 1999 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Менчиктештирилген өнөр жайларынын саны | 9 | 108 | 146 | 59 | 138 | 22 | 45 | 3 | 4 |

Менчиктештирүү базар шартына даярдыксыз эле жүргүзүлүп, ошондон улам жогорку адистешкен өнөр жай ишканалары токтоп калды, айрымдары күнүмдүк турмушка керектүү жөнөкөй буюмдарды чыгарып калышты, кээси банкрот болуп жок болушту (Осмонов, 2014: 531-532). Ушул сыяктуу көрүнүштөр элдин жамааттык иденттүүлүгүнө терс таасирин тийгизди.

Кыргызстандагы эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары айыл болсун, шаар болсун, социалдык-экономикалык жактан өтө оор абалды баштарынан өткөрдү. Коллективдештирүү саясатында жашаган карапайым эл, өзгөчө союздун 5 жылдык планы менен мамлекетине кызмат өтөп келген айылдын тургундары менчиктештирүү саясатын терс маанайда кабыл алды. Мамлекеттик мүлктү бөлүштүрүү, талап-тоноочулук күч алганы өлкө

эркиндикке ээ болгону менен экономикалык жактан оор бүлгүнгө учураган. Аны менен катар саясий каатчылык, экономикалык каатчылыктын узакка созулушу, социалдык абалдын төмөндөшү ж.б.у.с. окуялар болгон.

Демек Кыргызстан эгемендүүлүктү алганга чейин экономикалык, социалдык, маданий жана саясий жактан толук камсыздандырылып, бирок улуттук маанайдагы иденттүүлүккө тыюу салынган болсо, азаттыкка жеткенден кийин улуттук делген компоненттердин өнүгүшүнө өлкөнүн саясий, экономикалык жана социалдык жактан каатчылыкка учураганы чоң тоскоолдуктарды жаратты.

Эгемендүүлүктүн алгачкы 15 жылы (1991-2005) Кыргызстандын биринчи президенти А.Акаевдин бийлиги. Кыргызстан социалдык, экономикалык, саясий, маданий жактан өнүгүүнүн дагы, чөгүүнүн дагы мезгили болду. Бул мезгилдин тарыхый, социалдык абалы элдин эс-тутумунда *«Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгону; мамлекеттин конституциясы кабыл алынганы; биринчи президент шайланганы; мамлекеттик символдор кабыл алынганы; кыргыз тилинин мамлекеттик тил болушу, кыргыз тилин үйрөнүү, маданиятка көңүл бурулганы»* менен сакталган.

Демек кыргыз калкы үчүн өлкөнүн азаттыкта, эркиндикте болушу кубанычтуу кабар болду. Өз алдынча дүйнөлүк картада эркин мамлекет катары орун алды. Эркиндикке жеткен өлкөнүн символдорун, конституциясын, парламентин, ошондой эле биринчи жолку президенттин шайланышын жагымдуу окуя катары бааланган. Кыргызстанда улуттук-жарандык иденттүүлүктүн пайда болуу этаптарын ушул жерден байкасак болот. Себеби бир мамлекеттин, бир аймактын, бир улуттун кызыкчылыгына бириктирүүдө, жарандардын социалдык жана маданий иденттүүлүк багыттарын калыптандырууда жогоруда аталган иденттүүлүктүн элементтерин түзүү, калыптандыруу жана өнүктүрүү тарыхый жана маданий жактан маанилүүлүгү жана актуалдуулугу арткан.

Мамлекеттик символдор өлкөнүн материалдык, моралдык, экономикалык, маданий жана саясий эркиндигинен маалымат берген белгилер. Символдор тууралуу орус окумуштуусу

В.А.Парамонова кризис учурунда жаңы саясий элита иденттүүлүк-интегративдик мүнөздөгү функцияны аткарууга жөндөмдүү болгон символикалык системаны калыптандырганга аракеттенет. Символдор улуттук аң-сезимдин негизинде калыптанат жана символдордун калыптанышы коомдогу концолидацияны камсыздайт (Парамонова, 2013: 296) дейт. Жарандын мамлекетке болгон байланышы, иденттүүлүгү өлкөнүн курулушунда жана өнүгүшүндө инсандардын иденттешүү артыкчылыктарын камтыган, коомдук мамилелерди, индивиддик жүрүм-турумдарды тизмектеген символдор аркылуу түзүлөт. Мамлекеттик символдордо камтылган белгилер жеткиликтүү маани-маңызы жана эсте каларлык формасы менен адамдын аң-сезимине өз таасирин тийгизет (Парамонова, 2013: 383).

Символдор кыргыздардын эркин мамлекет экендигин тастыктаган өлкөнүн паспорту, ишенимдүү, келечекке кепилдик бере турган көрсөтмө документи. Ал эми конституция Кыргыз Республикасынын азаттыкка жеткенден кийинки мамлеккеттик мыйзамдуулукту бекиткен алгачкы документи катары эсепелет.

Мударис-социолог К.Исаев кыргыз иденттүүлүгүнө, иденттешүүсүнө азыркы тажрыйбалык талаптардын коюлушу: биринчиден, иденттүүлүктүн жана иденттешүүнүн жалпы советтик түрүнөн жаңы, кыргыз иденттүүлүгүнө өтүшүнүн зарылчылыгы; экинчиден, кыргызчылыкка тиешелүү жаңы материалдык жана символикалык белгилердин маселелерине тажрыйбалык кызыкчылыктардын кенендиги; Кыргыз Республикасы өз алдынча эркиндиктеги мамлекет катары өзүнүн иденттүүлүгүнө жана иденттешүүсүнө мыйзамченемдүү багытталышы; үчүнчүдөн, дүйнөлүк ааламдашуу шартында кыргыздын маданий-цивилдүү өзгөчөлүктөрүн жана улуттук акыл-ой таламдарын, жан дүйнөсүн коргоонун тажрыйбалык милдети катары белгилейт (Исаев, 2016: 14).

*Улуттук валютанын кириши.* КМШ өлкөлөрүнүн ичинен биринчиден болуп улуттук валюта – "сом" киргизилди. Сом эң бир бекем валюталардын бирине айлангандыгын саясатчылар белгилешкен (Асанов, Солтонбеков, 2004: 61). Улуттук валюта – мамлекет (борбордук банк) тарабынан расмий түрдө ошол өлкөдө

колдонууга жарыяланган улуттук акча бирдиги. Эл аралык экономикалык алмашуу жана башка чөйрөлөрдө акчалай эсептердин негизинде колдонулат (Нечаев П.В., 2011: 44). Демек улуттун күзгүсү катары саналган символдордун дагы бири катары улуттук валютаны эсептөөгө болот. Себеби Кыргызстан өз алдынча эркин мамлекет болгондон баштап, эркин соода аймагына өттү. Эркин мамлекеттин өздүк акча бирдигинин болушу анын экономикалык эркиндигинен маалымат берет.

Кыргызстан азаттыкка ээ болгондон тарта кыргыз элинин тарыхый окуяларына басым жасап, дүйнөлүк масштабда иш-чаларды өткөргөн. Бул иш-чаралар коомдун улуттук маанайын чагылдыруудагы чоң бурулуш болгон. Себеби бул иш-чаралар сөзсүз түрдө улуттун маданий баалуулуктарына тыгыз байланышта болуп, дүйнөлүк аренада өздөрүнүн эркиндигин даңазалоого багытталган. Ал иш-чаралар *Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгы, Ош 3000 жылдыгы, Манастын 1000 жылдыгы* ж.б.у.с. окуялар болгон. Чындыгында бул окуялар кыргыздын иденттүүлүгүн түзүүчү жана калыптандыруучу факторлор болуп саналат.

Улуттук маданияттын иденттүүлүгү катары титулдук улутка тиешелүү элдин чыгармачылыгы эсептелет. Конкреттүү жана абстрактуу түшүнүктөр, символдор улутту кандайдыр бир конкреттүү аймакка, материалдык жана руханий баалуулуктарга тартып турат. Кыргыз эли сөз баккан эл экенин оозеки айтылып, бүгүнкү күнгө чейин жеткен дастандардан билүүгө болот. Элдин жан дүйнөсүн байыткан, жакындык, бирдейлик, таандыктык сезимдерин ойготкон «Манас» эпосу кыргыз элинин руханий байлыгы катары алдыңкы орунда турат.

Кыргызстан көп улуттуу өлкөлөрдүн катарына кирет. Титулдук калкы – кыргыздар, андан тышкары көптөгөн этностор жашайт. Этностордун ичинен саны боюнча өзбектер, орустар көптүк кылат (Турдубаева, Ч.С. Власов, Н.Н., 2013: 48). Орустар XIX кылымдын экинчи жарымынан баштап Кыргызстанда отурукташа башташкан. Өзбектер болсо жердиги кыргызстандык өзбектер, анжиандык өзбектер, ферганалык өзбектер ж.б. Кыргызстандын түштүк аймагында кылымдар бою жашап келишет. Кыргызстандагы

этностор бири-бирине кошуна, куда-сөөк болуп маданий, социалдык жактан тыгыз байланышта жашашат.

### Ааламдашуудагы маданий өзгөрүүлөр жана улуттук баалуулуктар

*«Улут, улус, улуш»* сөзү байыркы түрк тилинен монгол тилине өткөн термин болуп, «эл», «калк», «уруу», «элдүүлүк», «өлкө», «мамлекет», «империя», «династия» маанилерин туюндурат (Севортян, 1974: 592). Ал эми орус тилинде активдүү колдонулуп келген *«нация»* түшүнүгү латын тилинен алынып, «уруу», «эл» деген маанини билдирет. «Нация» түшүнүгү XVII кылымда эл же жаран сөздөрү менен синоним катары колдонулган. Ушул эле кылымдын аягында «нация» термини мамлекеттин аймактык укуктук биримдиги түшүнүгүнө жакындаштырылган (Джусупбеков, 2009: 17).

Улут – белгилүү аймакта тарыхый калыптанган социалдык-этностук биримдик; ага экономикалык, жашоо образы, тилдик биримдик, маданий жана психологиянын туруктуу өзгөчөлүктөрү таандык (Асанов, У. Солтонбеков, Б., 2004: 122).

Гуманитардык илимдерде «улут», «нация» жана «этнос» сөздөрү семантикалык жагынан бир маанини туюндурат деп белгилейт философ К.Молдобаев (Молдобаев, 2005). Бирок кийинки мезгилдерде улут же нация түшүнүктөрү синоним катары колдонулууга өтсө, этнос сөзү бир мамлекеттин ичиндеги белгилүү бир маданияты, тили, тарыхы бар азчылыкты түзгөн эл катары бааланып калды. «Этнос» сөзүн биринчилерден болуп орус окумуштуусу С.М.Широкогоров илимий айлампага киргизген. Ал «Этнос – бир тилде сүйлөгөн белгилүү бир теги бар комплектүү салт-санаага, турмуш-тиричиликке, ыйык катары сакталган каада-салтка ээ болгон, башка топтордон айырмаланган коом» (Широкогоров, 2011: 122) деп жазат.

Этнос түшүнүгүнө кыргыз окумуштууларынын аныктамасы батыш жана орус окумуштууларынын берген аныктамасына караганда так, тарыхый-социалдык абалы дагы аныкталган, саясий мааниси дагы улут же нация түшүнүгүнүн төмөнкү баскычта

тургандыгын факторлор менен белгилеген кескин такталган термин экендигин белгилөөгө болот.

Кыргыз окумуштуулары этникалык топту этностун бир бөлүгүг катары карашат, бирок, кандайдыр бир себептерден улам этностун (социалдык-этникалык коомчулук) өзөгүнөн бөлүнүп калган жана андан тышкары жашаган бөлүгү деп түшүндүрүшөт. Этностук топ ар түрдүүчө болот. Жалпысынан алганда этностук топту мүнөздөй турган төрт факторду белгилөөгө болот: Биринчиден, өзүнүн мамлекеттик түзүлүшү жок, ушундан улам эрктүү болуу укуктук механизминен айрылган жалпылыктар. Экинчиден, этностук топ биринен-бири өтө алыс жайгашкан, бирок алардын бүтүндүгүн, бир жалпылыкка тиешелүүлүгүн мүнөздөөчү негизги этностук белгилерин сактап калышат. Үчүнчүдөн, бир кездерде өзүлөрүнүн этнотарыхый мекенин таштап кетишкен жана ар кайсы өлкөлөрдө жана региондордо этномаданий азчылыкты түзгөн адамдар. Төртүнчүдөн, миграциянын, эмиграциянын, депортациянын, чек аралардын өзгөрүшүнөн улам өзүнүн этносунан ажырап калышкан жана башка региондордо жашап жатышкан адамдардын жалпылыгы» (Асанов, У. Солтонбеков, Б., 2004) дейт. Ушул эле ойду кыргызстандык социолог С.С.Нурова дагы төмөнкүчө белгилеген: « ...илимде улут жарандык катары, ал эми этнос – мамлекетке эмес, кандайдыр бир этностук топко салттуу түрдө таандык болуунун атрибуту катары маалым» (Нурова, 2011: 175).

Демек «улут» же «нация» түшүнүгүнүн «уруулук», «бир кандык» маанилери кеңейип, белгилүү бир аймакта жашаган, бир тилде сүйлөгөн, милдеттик-укуктук мерчемдери бирдей, социалдык-экономикалык, саясий көз караштары бир, салттык жөрөлгө, үрп-адат ж.б. окшош, жалпы жонунан элдин башын бириктирип, белгилүү бир максатка карай умтулган коомдук-мамлекеттик түзүлүш. Мамлекет белгилүү бир титулдук улуттан тургандыктан, этностон мурун улуттун максаты, кызыкчылыктары алдыңкы орунда турат. Улуттун кызыкчылыктары дегенибизде улуттун дүйнөлүк аренада ордун табуусу, улуттук жүзүн таанытуусу, улуттук тарыхын, маданиятын өнүктүрүүсү сыяктуу социалдык-экономикалык, географиялык, саясий факторлордон турат.

Кыргызстандагы улутту жаратуу, улуттук көз карашты калыптандыруу, улуттук иденттүүлүк, улуттук идеология маселелери боюнча жергиликтүү жана чет өлкөлүк илимпоздор тарабынан көптөгөн изилдөөлөрдө саясий кырдаалдарга, тарыхый окуяларга басым жасалат. Бул тууралуу философ К.Эшенкулова төмөнкүчө баа берет: «Улуттук иденттүүлүктү өзгөчө үч абалга таяндыруу мүмкүн. *Биринчиси,* бардык Советтик өлкөлөрдү бириктирип турган СССРдин кулашы менен «улуу державанын» идеологиясы, символдору, ишенимдери жана баалуулуктары мурунку функцияларын жоготушу, улуттук-маданий баалуулуктарга кайра кайтуу жана жаңыдан символдоштуруу тенденциясы. *Экинчиси,* авторитардык башкаруучулук, мунун натыйжасында 2005- жана 2010-жылдарында өлкөдө болгон саясий кризис. *Үчүнчүсү* болсо, 1990- жана 2010-жылдарында Кыргызстандын түштүгүндө болуп өткөн кыргыздар менен өзбектердин ортосундагы этникалык кагылышуулар. Жогоруда аталган абалдар маданий жана улуттук баалуулуктар, этникалык жана уруучулдук иденттүүлүк сыяктуу маселелердин келип чыгууларына негиз болгон» (Эшенкулова, 2016: 201). Улуттук идея, улуттук идеология жана улуттук иденттүүлүктүн жаратылышы үчүн улуттук аң-сезимдин ойгонушу маанилүү.

Улуттук аң-сезим эки деңгээлдик мүнөзгө ээ: инсандык деңгээли жана коомдук деңгээли. Инсандык аң-сезим бир гана улуттук идентификация менен эмес, индивиддердин ар түрдүү туруктуу социалдык топтор (кесиптик топтор, диний жамаат, саясий партия ж.б.) менен параллелдүү өздүк идентификация менен аныкталганын баса белгилөө керек. Коомдук деңгээлдеги улуттук аң-сезим анын бардык мүчөлөрүнүн белгилүү иденттүүлүгү жөнүндө түшүнүгү аркылуу чагылдырылат жана бир катар социалдык – баалуулук-нормативдик, регулятивдик ж.б. көрсөтмөлөр менен объективдештирилет (Молдобаев, 2005: 66).

Улуттук иденттүүлүк – белгилүү бир маданий жана тилдик өзгөчөлүгү менен бир улутка таандык болгон адамдардын тобу. Коомдогу улуттук-маданий аң-сезимдин өнүгүшү менен ошол улутка таандык болуу сезими күч алат. Ааламдашуу процесси күчөгөндөн баштап, адамдар өздөрүнүн иденттүүлүгүн же болбосо

улуттук, маданий, тарыхый ж.б иденттүүлүктөрүн издөө, өздөрүнүн кандайдыр бир топко таандык экенин, ошол топтун материалдык символдорун же улуттук мүнөздөрүн алып жүрүүчүлөр экендигин билдирүү максатында издөө, изилдөө иштери кызуу жүрүүдө.

Улуттук баалуулуктарда элдин мүнөзү камтылганын окумуштуулар далилдеп келишет. Орус окумуштуусу В.Н.Разов: «Элдин кулк-мүнөзү – маданияттын формасы түрүндө ишке ашып, муундан муунга өткөн карапайым адамдардын типтүү мүнөзүнөн, алардын сезимдеринен, темпераментинен, муктаждыгынан, табитинен, ырым-жырымдарынан, каада-салтынан билинет» (Разов, 2009: 139) деп белгилейт. Улуттук кулк-мүнөздү таптакыр жок кылууга мүмкүн эмес, улуттук жан дүйнө жашап турганда улуттук маданият өлбөйт, тескерисинче эртеби-кечпи адамдардын аң-сезиминде ойгонуп чыгары бышык. Бул тууралуу бир канча изилдөөлөрдү жүргүзгөн окумуштуулар төмөнкү жоопту айтышкан. «… көрсө улуттук мүнөз кандайдыр бир мистикалык, өзгөрүлбөгөн, жоголбогон генетикалык жактан программаланган экен» (Разов, 2009: 140) деп жыйынтык чыгарышкан. Бүгүнкү күндө улуттук аң-сезим, улуттук маданият, улуттук иденттүүлүк маселелери кеңири талкууга алынып, атүгүл бир канча өлкөдө терең изилденип жатат. Иденттүүлүк маселеси күндөн-күнгө курчуп, азыркы ааламдашуу процессинде улуттук, мамлекеттик, этникалык баалуулуктарды сактап калуу жана жайылтуу максатында ар тараптуу иликтенүүдө. Кыргызстандын географиялык аймагы, улуттук тили, тилдин байлыгын түзгөн элдик «Манас» эпосун улуттук-жарандык иденттүүлүктүн фактору катары баалоого болот.

Чындыгында эле, «Манас» эпосу кыргыз элинин руханий байлыгын түзүп, улуттук, салтык, мамлекеттик, диндик, тилдик, эл аралык байланыштык, социалдык, саясий жана экономикалык генезисин камтыган улуу чыгарма. Аймактык жактан дүйнөнүн белгилүү бир жеринен орун алуу, өзүнүн эне тилинин болушу мекенчилдик сезимдердин ойготот. Мекендин элеси калктын социалдык эс-тутумунун түпкүрүнөн орун алып, символдор менен

бекемделет. Анын негизинде байыркы архетип – «Жер-Эненин» мифологиялык элеси жатат (Юнг, 2016: 26).

Ар бир элдин тарыхый жана географиялык мекени болот. Туулуп өскөн жерине жараша инсанда мекенчилдик, аймактык, маданий, саясий ж.б. иденттүүлүк сакталат. Улуттук иденттүүлүктүн калыптанышында алгач жашаган аймагына болгон жагымдуу сезимдери, кызыкчылыктары орун алат. Улуттук кызыкчылык көптөгөн өз ара байланыштагы, бири-бири менен кесилишкен, карама-каршы, бири-бирин толуктап туруучу ар түрдүү багыттагы түзүлүштөрдүн, артыкчылык көрсөтүүлөрдүн натыйжасындагы мамлекеттин геосаясий жана геоэкономикалык параметрлерине жараша түзүлөт. Алардын калыптануусуна өлкөнүн экономикалык деңгээли, туруктуулук жана саясий режимдин легитимдүүлүгү, мамлекеттин улуттук-маданий салттары жана ошондой эле анын эл аралык коомчулуктагы аброю маанилүү таасир берет (Шаршембиева, 2016: 24).

Адам баласынын жашоосу аны курчап турган чөйрөнүн өнүгүшү менен тыгыз байланышта. Бүгүнкү күндө өтө тездик менен өнүгүп жаткан аалам т.а. технология жана маалымат алмашуу процесси адамдардын ортосундагы руханий мамилеге терс таасирин тийгизип жаткан жокпу деген суроо жаралат.

Азыркы учурда руханий байлык дүйнөлүк аренада актуалдуу маселе. Бир убакта бир нече процесстердин жүрүп жатышы адамдардын чечкинсиз болуп, маалыматтарды кабыл алып, талдаганга мүмкүнчүлүгү жетпей турган абалга келип такады. Стандартташтырылган же болбосо ой-жүгүртүү, анализ, синтездөө жагынан чабал адамдардын коому пайда болууда. Кыргызстанда адамдардын ортосундагы интеллектуалдык айырмачылык түшүнбөстүккө алып келип, бири-бирин сыйлоо, урматтоо сыяктуу адамгерчиликтик сапаттарды жууп салууда. Кыргыз элинин улуттук аң-сезими, руханий байлыгы, жакшылыкты улоо, кийинки урпактарга жеткирүү процесси солгундап жатканы даана көрүнүп байкалууда.

Америкалык социолог жана политологдор Л. Харрисон жана С. Хантингтон өнүккөн өлкөлөрдө үнөмдүүлүк, тыкандык, инвестиция

кылуу, талыкпай эмгектенүү, билим алуу, иштерди уюштуруу, тартип, ж.б. маданий баалуулук катары караларын, өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө дагы жогоруда белгиленгендер баалуулуктардын катарына кирерин айтат. Ал эми өнүкпөгөн өлкөлөрдүн маданий баалуулуктарында жогоруда аталгандардын жетишпестигин, жоктугун белгилейт (Harrison & Huntington, 2018).

«Манас» эпосу кыргыз элинин көөнөрбөс байлыгы. Кыргыз элинин залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматов: «Бирок, кантсе да кыргыз элинин мына ошол байыркы ата мурасынын эң туу чокусу – улуу «Манас» эпосу. Чынында да «Манас» жомогу өзүнүн кайталангыс көркөмдүк кубаты боюнча, нечен кылымдардын кайгылуу, оор окуяларын тулку боюна сиңирип, имандык, философиялык мазмундуу жыйынтыктоолору боюнча, элдин тагдырын ар тараптан: жашоо-тиричилик, жоопкерчилик, үй-бүлө шарттары, ар түрдүү салт-санаа, социалдык-коомдук турмуш тарабынан кеңири жана толук камтышы боюнча, дүйнөдөгү эң сейрек кездешкен дүйнөлүк поэтиканын эстеликтеринин үлгүлөрүнө жатат» (Айтматов, 2008: 11) деп белгилейт Ч.Айтматов. «Манас» бул жалпы элдин менчиги. ... «Манас» тарыхый эстелик, рухий казына катары БУУнун деңгээлинде кабыл алынган.

Манастын жети осуяты Кыргызстанда жашаган элдердин баарынын башын бириктирип, биримдикке, ынтымакка данакер болуп калган эле. «Манас» эпосунун негизги идеясы ар кошкон элдин башын бириктирип, күчтүү мамлекет куруу болгон. Ал эми мамлекет болуш үчүн ички тартип, ынтымак бекем болушу керек (Исаев К., 2017: 51).

Демек калпак, боз үй, «Манас» эпосу түшүнүктөрү жогорку көрсөткүчкө ээ болгондуктан кыргыз маданий иденттүүлүгүн аныктоодо эң негизги компонент катары саналуусу керек экендиги айкын болду. Кыргыздарда конкреттүү материалдык баалуулуктар катары кабыл алып, ушул баалуулуктардын негизинде улуттук жана маданий идентүүлүктү түпкү башат катары калыптандырса болот. Себеби белгилүү бир символдор, белгилер элди аң-сезимдик түрдө бириктирип, байланыштырып турат. Улуттук, мамлекеттик символдор жөнүндө философиялык, тарыхый, маданий жактан

мааниси терең изилдөөлөрдүн бири француз тарыхчысы П.Нордун «Тарыхый эс-тутум» эмгегине таандык. Бул эмгекте үч формадагы эс-тутум бар экендигин айтат. Биринчиси, эс-тутум-архиви (улуттук архивдер, мекемелер, документ сакталуучу жайлар), экинчиси, эс-тутум-карызы (элдин жан дүйнөсүндөгү эс-тутум, кийинки муундарга өткөрүлүп берилүүчү руханий карыз), үчүнчүсү, четтегилген эс-тутум (адамдын жеке өзүнүн окуган китептерине, алган билимине тиешелүү маалыматтар) (Нор, П., 1999: 441). Демек кайсы гана иденттүүлүк болбосун анын түзүлүшү, калыптанышы үчүн маданий жана социалдык эс-тутумдун мааниси зор десек болот. Себеби социалдык генезистен жаралган маданият акырындык менен элдин терең катмарына сиңип иденттүүлүктү түзүшү мүмкүн. Иденттүүлүктү түзүүдөгү максатта элдин биримдиги маанилүү кызматты аткарат. Себеби элдин, коомдун муктаждыгы болгон нерселер алгач «жасалма» түрүндө болсо элдин кызыкчылыгына, максат-мүдөөлөрүнө туура келгенден тарта «табигый» катары көрүнүп, элге таандык болуп чыга келет (Джозеф, 2005: 23).

Кыргыздарды калпак, боз үй, «Манас» эпосу түшүнүктөрү алардын бири-бирине окшош, же ошол маданиятка таандык экендиктерин билдиришет. Ошону менен бирге Ысык-Көл, элечек, «Бурана» мунарасы, Сулайман Тоо ж.б. түшүнүктөр да кыргыздын жүзүн тааныткан улуттук баалуулуктар, тарыхый эстеликтер экени түшүнүктүү болду.

Жыйынтыктап айтканда, өлкөдө түзүлгөн саясий абал, тактап айтканда, социалисттик режимден капиталисттик режимге өтүү мезгили, жамааттыктан жекеликке өтүү мезгили, интернационалдык маданияттан улуттук маданиятка өтүү мезгили, индустриялык өндүрүмдөн базардык мамилеге өтүү мезгили узакка созулгандыктан, коом социалдык жана маданий кризисти узакка жашады. Келечеги белгисиздикте турган кыргыздар улуттук маданиятты экинчи орунга жылдырып, биринчи орунга материалдык баалуулуктарды чыгарды. Мунун башкы себеби идеялык күрөштүн аягы материялык баалуулукка барып такаларын дагы бир жолу далилдеди.

Улуттук салт-санаа кыргыздардын ааламдашуудан коргонуусунун бирден-бир маанилүү механизми. Улуттук салт-санаада улутук коддор катылып, кыргыз элинин конкреттүү жана абстрактуу символдору сакталган.

Кыргыздарда тойдун бир нече түрү бар. Алар: бешик той, тушоо той, сүннөт той, үйлөнүү той, үй той, кыз узатуу, юбилейлик тойлор ж.б. Кыргыздардын дээрлик баарысы өмүрүнүн акырына чейин 2-3 жолу той өткөрүшөт. Азыркы учурда тойлор шартка байланыштуу ресторан, кафелерде өткөрүлүп калды. Мунун себептери катары конокторго стандарттуу көрсөтүлгөн кызматы, коноктордү күтө турган тараптын дагы эс алуусу сыяктуу критерийлерди эсептесе болот.

Кыргыздарда 18 жаш, 25 жаш, 30 жаш, 40 жаш, 50 жаш, 60 жаш, 70 жаш, 80 жаш өңдүү юбилейлик тойлор тез тез өткөрүлүп турат. Бул тойлор бир жагынан туугандык байланышты чыңдаса, бир жагынан коомдук социалдашууну күчөтөт, анткен менен материалдык чыгымга алып келген учурлар да кездешет.

Кыргыздарда тойлорго алып келе турган негизги белек *«кошумча»* болуп калды. Салттуу коомдо мал жандыктары берилсе, азыркы учурда акчалай берилет. Кийинки тойдо «кошумча» кайтарылып берилет, башкача айтканда, тойго канча кошумча алып келсе, той ээси чакырылган коноктордун тоюнда ошончо кошумча алып барат. Бул жерде инфиляция маселеси дагы эсептелинет.

Ресторан/кафелерде маркумга куран окутуу иш-чаралары шаар тургундарына тийиштүү. Бул көрүнүштүн кандайдыр бир деңгээлде салтка айланып бара жатканын төмөнкү жүйөлүү себептер менен түшүндүрүүгө болот: 1. Шаардыктар батирлерде тургандыгына байланыштуу бир убакта бир канча конокту күтө албайт, үйдүн тардыгы, кызмат көрсөтүү шарттары туура келбейт, ошондуктан бардык тууган-урук, жоро-жолдошту, кесиптештерди бир чакырып ресторан/кафелерде куран окутушат. 2. Аза күтүп үйүндө 3 күндөн ашык отура албайт, себеби иш орду күтүп турат. 3. Кыргыздын салты боюнча «батага» келбей коюшса «азаны тең бөлүшкөнгө келген жок» деген таарынычы болот ж.б.

Жогорудагы заманбап коомдун тандоосу азырынча коомго сиңе

электиги байкалды, бирок бул абал акырындык менен өздөштүрүлөт. Анткени бул турмуш-тиричиликтин бир көйгөйлүү маселелеринен, ошол эле учурда жокко чыгарыла турган салт-санаа эмес. Заманга жараша элдин шартына ылайыкталып өзгөрүүгө муктаж болуп жаткан каада-салттардын бири.

Социолог Э.Гидденстин пикири боюнча ааламдашуу процесстеринин жыйынтыгында бир өлкөдө же бир нече өлкөдө жаңы маданий аймактар пайда болот, бул да маданий формалар, баалуулуктар, нормалар, жүрүм-турумдук императивдер, максат коюу манераларынын полистилизмин жаратып, маданияттар аралык «коридорлордун», башкача айтканда өз ара аракеттешкен маданияттардын жалпы мейкиндигинин пайда болушуна мүмкүндүк берет (Гидденс, 2004). Кыргызстан эгемендүүлүккө жеткенден баштап, коомдо күтүлбөгөн өзгөрүүлөр болду, эми ушул өзгөрүүлөрдү модерницbackground ылап, коом жашоо-тиричиликте ыңгайлуулугуна карап, иргеп алуу мүмкүнчүлүгү катары кабыл алышы керек. Социалдык мамилени алсыраткан же тескерисинче бекемдеген кубулуштар айрымдарга жакса, айрымдардын кыжырын келтирип жатат. Бул кубулуштардын бири катары эгемендүүлүктөн кийин пайда болгон майрамдарды айтууга болот. Жаңы майрамдардын пайда болушу жаңы идентүүлүктүн пайда болушуна себепкер болду.

Кыргыздарда жаңы нуктагы улуттук идентүүлүктүн пайда болушунда өзгөчө салымы болгон көрүнүштөрдүн бири эски салттардын жанданышы. Эски салттардын жанданышын кыргыз коому оң маанайда кабыл алды.

Биринчиден, кыргыздар улуттук, социалдык, маданий кризисти узакка жашаганына карабастан, бул абалдан чыгуу жолунда келе жатат. Экинчиден, ааламдашуу процесси кыргыздарды бир жагынан универсалдаштырууга түртсө, экинчи жагынан уникалдуулугун сактап калууга өбөлгө түздү. Ааламдык атаандаштыкка чакырып жатат. Үчүнчүдөн, эски салт, жаңы салт түшүнүктөрүндөгү келишпестик көз караштардын багыттарын ачыкка чыгарды. Мындан улам кыргыздар өнүгүү үчүн керектелген каада-салт, үрп-адат, ырым-жырым сыяктуу улуттун жүзүн

таанытткан эреже катары калыптанып калган, элдин социалдык эс-тутумунда сакталган эрежелердин үстүндө замандын талабына ылайыкташтарып иштеп чыгууну талап кылууда.

Коомдо өнүгүү болуп турушу үчүн эски менен жаңынын күрөшү дайыма болуп туруучу табигый процесс. Мисалы, советтер мезгилинде белгиленүүчү бир топ майрамдар, даталуу күндөр Кыргызстан эгемендүүлүккө жеткенден кийин актуалдуулугун жоготуп, анын ордуна кыргыз улутуна, мамлекетине, динине тиешелүү майрамдар маанилүү болуп эсептеле баштады.

## Корутунду

Кыргызстанды өлкө катары сактап, башкаларга таанытып турган маанилүү компоненттердин бири маданият тармагы. Маданияттын түрлөрү көп, биз изилдеп жаткан бөлүгү маданияттын улуттук генетикалык аспектиси. Муундан-муунга сакталуу менен өтүп турган, ал тургай кээ бир модернизациялык кубулуштар менен коштолуп өнүккөн кыргыз улутуна таандык маданият.

Улуттук маданият кандайдыр бир деңгээлде улуттук аң-сезимди козгоп, өзүнө таандык баалуулукка болгон сый-урматын ичинен канааттануу менен, сыртынан ачык айтып сыймыктана турган сезимдердин жыйындысы.

Кыргызстан экономикалык-саясий жактан эми гана өнүгүп келе жаткан мезгили. Кризистик абалды узакка жашаган кыргыздар маданий жактан дагы бир топ кризистик өзгөрүүлөргө дуушар болду. Маданияттын кризиси адамдардын аң-сезимине терс таасирин тийгизип, деградацияга туушуктурду. Улуттук баалуулуктар эстен чыгып, алдыңкы орунга жасалма материалдык баалуулуктар чыкты, элдин маданий иденттүүлүгүн жоготуу коркунучу жаралды. Мындай учурда, башка өлкөлөргө окшоп кыргыздар да өздөрүнүн улуттук, жарандык, диндик, маданий иденттүүлүктөрүн издөөнү колго алышты. Бизге окшоп бул суроого жооп издеген экономика илимдеринин доктору, профессор орус окумуштуусу А.Е.Бусыгин «Маданият улуттук коопсуздуктун фактору катары» аттуу макаласында: «Акыры гумандуулук жана

патриоттук салттардын өнүгүүсүн жана аларды сактоонун маанилүүлүгүн, улуттук коопсуздукту камсыздоо үчүн адеп-ахлактык жана маданий баалуулуктардын негизинде орус коомунун биригүүсү керектигин сезе турганга толук негиз бар деген ишеним менен айтса болот. Эгерде коомдо баалуулук системасынын – кененирээк мааниде алсак, маданияттын жок болушу эффективдүү экономиканы түзүүнүн келечеги жоктугун, жашоонун бардык чөйрөсүндөгү модернизациялоого болгон жол жабык дегенди түшүндүрөт» (Бусыгин, 2011: 35) деген маанилүү оюн билдирген. Бул ойго кошулуу менен бирге маданият өнүкпөгөн өлкөдө экономиканын аксаганы дайыма орчундуу маселе бойдон кала берет деген ишенимдебиз.

Кыргызстан эгемендүүлүктү алгандан бери азаттыктын тарыхында материалдык жана руханий байлыктардын, баалуулуктардын өзгөрүү мезгилин башынан өткөрүп жатат. Улуу державанын кучагынан суурулуп чыккандан кийин улуттук аң-сезим ойгонуп, улуттук маданият, каада-салт, тил тактап айтканда, чыныгы кыргызга таандык социалдык турмуштун муктаждыгынан келип чыккан жаңы маданий процесстерди башынан өткөрүп, кээ бир жаңы маданий кубулуштарды кабыл алып, кээ бирин четке кагып, ал эми кээ бир жаңылык алып келген маданияттарды жарым-жартылай кабыл алып, калыптануу процессин жашап жатат.

Жыйынтыктап айтканда, тарыхтын, маданияттын изилдениши кыргыздын улуттук иденттүүлүгүн калыптандырган көрсөткүчтөрдүн негизгиси болуп саналат. Маданияттын иденттүүлүгү аркылуу элдин менталитетин, мүнөзүн аныктоого толук шарт түзүлөт. Маданияттын идентүүлүгү дегенибиз - адамдардын дүйнөнү кабыл алуу жана чагылдыруу жөндөмдүүлүгүнө жараша жана сырткы таасирлердин күчтүүлүгүнө карата өнүгөт. Бир эле коомдо маданияттын бир нече иденттүүлүгү жашайт жана калыптанат. Алардын ичинен кыргыздарга улуттук маданият менен социалдык/массалык маданият басымдуулук кылат.

Улуттук, маданий жана социалдык иденттүүлүктүн сакталышында ар бир адам үчүн өзүнүн туулуп-өскөн кичи мекени иденттүүлүктүн уюткусу экени аныкталды. Иденттүүлүктүн калыптанышында алгач жашаган аймагына болгон жагымдуу сезимдери, кызыкчылыктары жогорку көрсөткүчкө ээ болду. Демек, иденттүүлүктү калыптандыруунун маанилүү көрсөткүчү адамдын туулуп-өскөн жериндеги социомаданий иденттүүлүктүн калыптанышын жана маанилүүлүгүн арттыруу зарыл.

Ч.Айтматов Кыргызстандын жараны катары, кыргыз улуту катары кыргыздардын, анын ичинде дээрлик бардык жаш курактагылар үчүн "улуттун күзгүсү" катары бааланды. Демек, Ч.Айтматовду маданият иденттүүлүгүн калыптандырууда "руханий иденттүүлүктүн" көрсөткүчү катары баалоого болот.

Калпак, боз үй жана "Манас" эпосу түшүнүктөрү кыргыздарда маданий иденттүүлүктү түзгөн символикалык белгилер экени аныкталды. Демек, ушул баалуулуктардын негизинде улуттук жана маданий иденттүүлүктү түпкү башат катары калыптандырууга болот.

Ааламдашуу процессинин натыйжасында коомдук талаптын арты менен кыргыздарда пайда болгон жаңы майрамдардын, каада-салттардын өзгөрүшүнө макул болбоо менен аткарууга мажбур болуп жаткандыгы аныкталды. Демек, жаңы майрамдарды, жаңы салттарды кыргыздардын улуттук көз карашына ылайыкташтырып, тажрыйбалык жагын жана сиңимдүү жагын иштеп чыгуу зарыл.

## Колдонулган адабияттар


Lawrence E. Harrison & Samuel P. Huntington (2007). *Culture Matters: How Values Shape Human Progress. FUTURECASTS* http://www.futurecasts.com/book%20review%209-2.htm: www.futurecasts.com

Айтматов, Ч. (2008). *Чыгармаларынын жыйнагы: 8-том. Макалалар, маектер.* . Бишкек: Бийиктик.

Асанов У.А. (2011). Кайра куруу. А. Д. Асанов У.А., *"Кыргызстан" улуттук энциклопедиясы.* Бишкек: Мамлекеттик Тил жана Энциклопедия борбору.

Асанов, У. Солтонбеков, Б. (2004). *Саясат таануу: энциклопедиялык окуу куралы* . Бишкек: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору.

Аттали, Ж. (2013). *Карл Маркс мировой дух.* Москва: Молодая Гвардия.

Балтабаев, М. (1978). *Развитие всеобщего среднего образования в Киргизской ССР.* Фрунзе: Мектеп.

Бауман, З. (2005). *Индивидуализированное общество.* Москва: Логос.

Бергер П.Л., Янь Я., Синь-Хуань М.Сяо и др. (2004). *Многоликая глобализация.* Москва: Аспект Пресс.

Бусыгин, А. (2011). Культура как фактор национальный безопасности . *Диалог Культур в условиях глобализации. XI Международные Лихачевские научные чтения 12-13 мая.* (бет. 35-38). Санкт-Петербург: СПбГУП.

Гидденс, Э. (2004). *Ускользающий мир: как глобализация меняет нашу жизнь.* Москва: Весь мир.

Джозеф, Д. (2005). Язык и национаяльная идентичность. *Логос*, 20-48.

Джусупбеков, А. (2009). *Этническая идентичность номадов* . Бишкек: Илим.

Измайлов, А. (1973). *Просвещение в Республиках Советского Востока.* Москва: Педагогика.

Исаев, К. (2016). Кыргыз мамлекеттуулугу жаны тарыхый шартта. К. Ш. Исаевде, *Кыргыз Республикасын бекемдоо жолдорун талдоо* (б. 10-17). Бишкек: Avrasya Press.

Исаев, К. (2017). *"Таза коом" - Кыргызстанды оркундотуунун келечектуу жолу.* Бишкек: Турар.

Молдобаев, К. (2005). *Этносоциальная память, идентичность и глобализация. Избранные труды* . Бишкек: Мегамедиа.

Нечаев П.В., Михайлушкин П.В. (2011. *Экономический словарь.* Краснодар: Атри. http://abc.informbureau.com: http://abc.informbureau.comдан кайтарылган

Нор, П. (1999). Память, история. П. Норде, *Опыт словаря нового мышления* (бет. 440-448). Москва: Прогресс.

Нурова, С. (2011). Роль этнической идентификациив формировании самосознания личности. *Вестник КНУ им. Ж.Баласагына*, 173-176.

Осмонов, О. (2014). *Кыргызстан тарыхы (Байыркы доордон азыркы мезгилге чейин).* Бишкек: Полиграфбумресурсы.

Парамонова, В. (2013). Старые и новые символы в формировании гражданской идентичности в современной России. *Ученые записки Таврического национального университета им. В.И. Вернадского. Серия Философия. Культурология. Политология. Социология.*, 376-382.

Разов, В. (2009). Личность. Культура. Общество. Избранные труды 1961-1987 гг. К. Л.Н..де Москва: ИПЦ "Маска".

Севортян, Н. (1974). *Этимологический словарь тюркских языков (Общетюркские и межтюркские основы на гласные).* Москва: Наука.

Сулейманова, Н. (2018). *Ааламдашуу шартында кыргыздардын социомаданий иденттуулугу* . Бишкек: Maxprint.

Турдубаева, Ч.С. Власов, Н.Н. (2013). *Кыргызстан цифраларда.* Бишкек: Кыргыз Республикасынын улуттук стат.комитети.

Хабермас Ю. (1999). *В поисках национальной идентичности: философские и политические статьи.* Донецк: Донбасс.

Шаршембиева, Т. (2016). Дүйнөлүк аренадагы Кыргыз Республикасынын коопсуздугу. К. Ш. Исаевде, *Кыргыз Республикасын бекемдоо жолдорун талдоо* (бет. 17-40). Бишкек: Avrasya Press.

Широкогоров, С. (2011). *Этнос. Исследование основных принципов изменения этнических и этнографических явлений* . Москва: Либроком.

Эшенкулова, К. (2016). Улуттук иденттуулук жана символдор проблемасы. К. И. Исаевде, *Жаран кантип иденттешет?* (бет. 199-226). Бишкек: Maxprint.

Юнг, К. (2016). Архетип и символ. Электронная библиотека RoyalLib.com https://royallib.com/read/yung_karl/arhetip_i_simvol.html#0

# МОДЕРНДЕШҮҮ ЖАНА ААЛАМДАШУУ ПРОЦЕССИНДЕ ҮЙ-БҮЛӨНҮН ТРАНСФОРМАЦИЯСЫ

Али Үнал[1]

(Которгон: Нургүл Сулейманова)[2]

**Киришүү**

1980-жылдары таасирдүү боло баштаган ааламдашуу экономикадан саясатка жана маданиятка чейин өткөн көптөгөн тармактарда бир кубулуш катары каралган. Алсак, саясий планда либералдык демократия, экономикалык планда эркин базар экономикасы жана маданий планда айырмачылыктарды тактоо жана ага универсалдуу чен-өлчөм берүү сыяктуу ааламадашуу менен байланыштуу изилдөөлөрдү айтса болот, айрыкча 1990-жылдардагы Советтер биримдигинин кулашы (Чыгыш блогунун чөгүүсү) жана *кансыз согуштан* кийин эки уюлдуу дүйнөнүн бири Батышка, экинчиси Америкага борборлошкон жаңы дүйнөлүк тартип пайда болду.

СССРдин ыдырашы менен АКШ менен Батыштын дүйнөдөгү экономикалык жана саясий үстөмдүгүнүн күчөшү; дүйнөлүк экономикада трансулуттук компаниялардын таасиринин күчөшү; каржы базарларынын эл аралык абалга келтирилиши; коммуникация жана транспорттук технологиялардын өнүгүшү жана жайылышы; жергиликтүү баалуулуктардын чектерден чыгышы дүйнөлүк мерчемде болуп жаткан ааламдашуунун саясий, экономикалык, маданий жана социалдык өнүгүүлөрү модерндешүүдөн башталып, ааламдашуу менен ылдамдаган процесс үй-бүлөгө багытталган көз караште ачык чагылдырылган.

---

[1] Кенже илимий кызматкер, социология илимдеринин кандидаты, Кыргыз-Түрк «Манас» университети, Гуманитардык факультети Социология бөлүмү. a.unal@manas.edu.kg

[2] Кенже илимий кызматкер, социология илимдеринин кандидаты, Кыргыз-Түрк «Манас» университети, Гуманитардык факультети Социология бөлүмү.

Маданий ааламдашуунун социалдык натыйжалары катары чагылдырылган үй-бүлө институту ааламдашуунун чен-өлчөмдөрүнө, үй-бүлөнүн түзүлүшүнө, иштешине, функциясына, үй-бүлөлүк мамилелерине жана ролдоруна, эркек менен аялдын жеке жашоосуна, жыныстык сыяктуу үй-бүлөгө тиешелүү көптөгөн тармактарга таасирин тийгизип жатат.

Бул изилдөөдө модерндешүү жана ааламдашуу процесси менен бирге үй-бүлөдөгү өзгөрүүлөр жана трансформациялар төрөт, төрөө жаш курагы, төрөө коэффициенти, үй-бүлө куруу жаш курагы, үй-бүлө куруу коэффициенти, ажырашуу, альтернативалык жашоо образы, бүлөнүн түзүлүшү жана анын өнүгүүлөр менен байланышы каралат.

Модерндешүү түшүнүк катары 1990-жылдары өз ордун ааламдашууга берип кеткендей көрүнгөнү менен, модерндешүү жана ааламдашуу темасына байланыштуу адабияттарда көбүнчө бирге колдонулат (Dikeçligil, 2014: 17).

Бүгүнкү күндө көптөгөн окумуштуулар ааламдашуу маселесин негизинен экономикалык жактан талкуулашат. Албетте, ааламдашуунун соодада бөлүштүрүлүшү жана бизнестин үзгүлтүксүз экономикалык чен-өлчөмүнүн алдыңкы планга чыгарылышы менен таасирдүү. Тернер (2003: 26) бул жагдайды ааламдашуу дүйнөлүк экономикалык системалардын пайда болушунун уландысы болгондугу менен байланыштырат. Бирок, анын оюу боюнча, социологдор көбүнчө ааламдашуунун маданий чен-өлчөмүнө кайрылышат деген пикирде.

Ааламдашуу терең маанисинде «дүйнөлүк маселелердин белгисиз, алаканга батпаган жана өзүн-өзү башкарган мүнөзү бар; бир борбордун, бир көзөмөлдөөчү столдун, бир башкаруу уюмунун, бир административдик бюронун жоктугу», «бир нерселердин көзөмөлдөн чыгуусу» деп ааламдашууну «жаңы дүйнөнүн баш аламандыгынын» башка аталышы катары түшүндүрөт (Бауман, 2012: 64).

Ритцер (2011: 37, 47) ааламдашуу менен бирге социалдык түзүлүштөр (мисалы, мамлекеттер, шаарлар, укук) жана социалдык институттар (үй-бүлө, дин, спорт) дүйнөлүк деңгээлде өз ара

байланышта болуп, дүйнөлүк агымдар өнүккөндүгүн баса белгилейт.

Поляк социологу Пётр Штомпка маданияттын ааламдашуусун негизги коркунуч катары көрүп: «Жергиликтүү нормалар жана баалуулуктар, каада-салттар жана адеп-ахлак, диний ишенимдер, үй-бүлөлүк жашоонун үлгүлөрү, өндүрүм жана керектөө формалары азыркы Батыш уюмдарынын чабуулу астында жок болуп баратат... Маданий биригүүнүн азыркы дүйнөлүк масштабы негизинен массалык маалымат каражаттары аркылуу, айрыкча телекөрсөтүү сыяктуу «империалисттик массалык маалымат каражаттары» планетабыздын тургундарын бирдей маданий өнүмдү керектеген «чоң айылга» айландырып жатат» деп белгилейт. Штомпка ошондой эле ааламдашуу «улуттук маданий трансляциянын негизги механизми болгон туугандык байланыш мамилесин үзүү тенденциясы болгонун, адамдардын жана коомдун секуляризациялоо процессинде «маданиятын жоготкон» дүйнөнү жаратып, дүйнөнү «клан жана уруулары жок бөлүкчөлөргө» айландыргандыгын айтат (Гурко, 2008).

Батышта урбанизация, индустриялаштыруу жана демократиялаштыруу менен тездетилген заманбап өзгөрүү жана трансформация процесстери XIX кылымдан азыркыга чейин бүткүл дүйнөгө жайылып, бул процесстердин бар экендигин бардык тармактарда сездирди. Өзгөчө 1990-жылдардан бери ааламдашуу концепциясы аркылуу бирдей абалга алып келинген бул өнүгүүлөр ар кандай технологиялык инструменттер аркылуу түзүлгөн батыш маданиятынын адеп-ахлагы жана баалуулуктары башка өлкөлөрдүн коомдорунда терең таралып жатат. Бул жалпы көрүнүш үй-бүлө институтуна да олуттуу таасир этип жатат.

Модерндешүү жана ааламдашуу процесстери менен бирге батыштан тышкаркы коомдордо орун алган стереотиптүү баалуулуктар жана дүйнөнү ырааттуу кабылдоо үй-бүлө феномени үчүн ар кандай ассоциациялардын пайда болушуна себеп болду. Өзгөчө, укук менен милдеттердин тең салмактуулугунун алсызданышы же маани берилбеши укук жана чеги жок эркиндик идеясынын пайда болушу табигый түрдө адам табиятынын

индивидуализмден эгоцентризмге жана өзүмчүлдүккө өзгөрүшүнө алып келди. Бул тенденция кааласак да, каалабасак да үй-бүлө институтуна жана үй-бүлө ичиндеги мамилелерге терс таасирин тийгизди. Модерндешүү процессине чейин болгон жеке эркиндик модерндешүү жана ааламдашуу менен өзүмчүлдүккө алып баруучу жүрүм-турум үлгүлөрүнүн ичинде мыйзамдуулукка ээ болду (Dikeçligil, 2014: 17).

Саясатчылар жана «кысым топтору» өз өлкөлөрүндө үй-бүлөлүк саясатты өзгөртүп, ажырашууну оорлоткондо же тескерисинче, жеңилдеткенде бардык көйгөйлөр дароо чечилет деген пикирди карманышат. (Гидденс, 2004: 68). Бүгүнкү күндө жеке жашоодо болуп жаткан окуялардын корутундусу «жубайлардын түзүлүшү жана ажырашы» болуп саналат. «Нике жана үй-бүлө» түшүнүгүн мүнөздөгөн «Үйлөндүңбү?» суроосунун ордун «Сен бирөө жарым мененсиңби?» деген суроо алып жатат (Гидденс, 2004: 74).

Батыш коомунун баалуулук түшүнүктөрү жана дүйнөнү кабылдоолору маалымат каражаттары жана коммуникация тармактары аркылуу өлкөгө/элге/коомго/инсанга тарап жатат. Айрыкча, жалпыга маалымдоо каражаттарынын улуттук чектерден өтүп, ааламдашуусу жашоо образына да терең таасирин тийгизүүдө (Özyurt, 2012: 141). Бул табигый түрдө модерндешүү жана ааламдашуу деген ат менен маданий жана социалдык баалуулуктардын чоң эрозиясына алып келди. Ошентип, социалдаштыруунун орду жекелештирүү менен, туруктуу баалуулуктардын орду ырахат алуу жана керектөө маданияты менен алмашып, үй-бүлөнүн түзүлүшү, иштеши, ролдору, үй-бүлөлүк мамилелери жана үй-бүлөгө болгон көз караштар чоң соккуга учурап жатат.

Үй-бүлө мүчөлөрүнүн ичинде сабырдуулук, толеранттуулук, сүйүү, урмат-сый, жан аябаган ак ниеттүүлүк сыяктуу асыл сапаттар жана баалуулуктар жоголуп бара жатат, анткени бардык нерсе өндүрүм-керектөө мамилелеринин негизинде сатып алынуучу жана сатыла турган буюмга айланган же ушул өңдүү чагылдырылып, жашоо материалдашып, нике материалдык

жыргалчылыкка жана арзуу-тилектерге байланган (Can, 2014: 65). Акыркы жылдарда дүйнө жүзү боюнча ажырашуулардын тездик менен өсүшү дүйнөлүк реалдуулук катары кырдаалды далилдеп жатат (EUROSTAT, 2020d). Ажырашуудан кийин пайда болгон чачыранды үй-бүлөлөр азыркы кырдаалдын дагы бир көрсөткүчү катары билинет. Толук эмес үй-бүлөлөр бул абалдын түздөн-түз чагылышы болуп эсептелет.

Үй-бүлөнүн маданият жагынан да, тарыхтын ар кайсы мезгилдеринде да көлөмү, функциялары жана түзүлүшү жагынан өзгөргөндүгү да чындык. Мисалы, салттуу коомдо үй-бүлө түзүлүшү жалпысынан чоң үй-бүлө катары каралса, анын эң маанилүү функцияларынын бири экономикалык болуп эсептелет. Бирок заманбап шаардык-индустриалдык коомдо үй-бүлөнүн чакан үй-бүлө түзүлүшүнө өзгөрүшү менен үй-бүлө экономикалык жактан да, социалдаштыруу функциялары жагынан да бир топ кичирейип кеткен. Бүгүнкү күндө индустриялаштыруунун өзү салттуу коомдон заманбап коомго өтүүдө үй-бүлөнү түп-тамырынан бери өзгөрүүгө себепкер болгон эң олуттуу объективдүү фактор болуп саналат. Индустриялаштыруу бардык коомдук мамилелерди, ошондой эле өндүрүш формаларын түп-тамырынан бери өзгөрткөндө, бул үй-бүлөнүн түзүлүшүнө жана функцияларына сөзсүз жана дээрлик кайтарылгыс натыйжаларга алып келген (Aktay, 2010: 178; Marşall, 1999: 112, 265). Үй-бүлөнүн бузулуу жана өзгөрүү процесстери, өзгөчө батыш коомдорунда чогуу жашоонун ар кандай альтернативдүү жолдорун ачып берип жатат. Бирге жашоо, коммуналар, жалгыз жашоо, «гомосексуалдык биригүүлөр» булар альтернативдүү жашоонун айрымдары гана. Буларды адамдын бүт тарыхый тажрыйбасы менен жашап, бүгүнкү күнгө чейин жеткен үй-бүлө түшүнүгү менен бирге кабылдоо абдан татаал. Мындай жашоо образдары азыркы доордо гана пайда болбостон, ар кандай тарыхый доорлордо да сейрек учурап келген. Мындан тышкары, Батыш коомдорундагы үй-бүлөнүн түзүмдүк өзгөрүшүн жана талкаланышын дүйнөлүк социологиялык феномен катары кабыл алуу туура эмес талдоого алып келиши мүмкүн. Батыш коомундагы үй-бүлө институттарынын бузулушун жана ыдырашын батыштан башка коомдордо үй-бүлө түзүлүшүнүн

ыдырашы катары билүү жана чечмелөө бизди жаңылыштыкка алып келиши мүмкүн (Yıldırım, 2009: 101).

Өзгөрүү процессинде институт катары үй-бүлөгө таасир эткен динамикалардын таасири менен үй-бүлөнүн функцияларынын керектүү деңгээлде аткарыла албай калган учурларда ар кандай социалдык көйгөйлөрдүн келип чыкканын көрүүгө болот. Балдарга кам көрүү, тарбиялоо жана коомдук турмушка даярдоо үй-бүлөдө ишке ашат жана инсандардын үй-бүлөлүк мамилелери өмүр бою улантылат. Ошондуктан коомду жакындан таанууда үй-бүлөлүк мамилелерди билүү өзгөчө мааниге ээ (Dikeçligil, 2014: 16-17).

Үй-бүлө түзүмүнүн өзгөрүшү социалдык өзгөрүү процессинин үй-бүлөгө кандай таасир тийгизерин гана көрсөтпөстөн, социалдык өзгөрүүлөрдүн саны жана сапаты жөнүндө да маалымат берет. Үй-бүлө индивиддердин коомдун мүчөсү болууга үйрөнгөн алгачкы өз ара аракеттенишүү тармагы болгондуктан, үй-бүлө жеке жашоо үчүн да жана коомдук жашоо үчүн да эң негизги институт болуп саналат. Коомдун уланышын камсыз кылган маданий маанини билдирген коддор менен жүрүм-турум үлгүлөрү инсандан-инсанга өтүшү баарына маалым болгондой чоң масштабда үй-бүлө институтунун ичинде ишке ашат. Учурдагы доордо болуп жаткан тездик менен тынымсыз өзгөрүү, айрыкча коммуникация технологиялары, медиа жана социалдашуу процессинде жаңы жана олуттуу субъекттер болгонуна карабастан, бул жаңы процессте алгачкы орунга ээ өз ара аракеттенишүү чөйрөсү катары үй-бүлө институтунун функцияларынын да маанилүүлүгү артып жатат (Dikeçligil, 2014: 16).

Азыркы дүйнөдө үй-бүлөнүн абалы тездик менен өзгөрүүдө, ролдор, функциялар жана түзүмдүк факторлор кайрадан түзүлүп жатат. Үй-бүлөнүн институционалдык жактан кыйрашы жөнүндө айтылып жаткан чөйрөдө кыйроого караганда трансформация маселеси болот. Бүгүнкү күндө жаңы үй-бүлө түзүмдөрү ар түрдүү моделдери менен ар кандай шарттардын таасири астында тез өзгөрүүдө. Модерндешүү процессинде пайда болгон жана бара-бара светтик түзүлүштүн ажырагыс бөлүгүнө айланган ядролук үй-

бүлөлөр тарап, ал тургай жоюлуу абалы катары каралып жатат (Subaşı, 2014: 102).

**Төрөт**

Төрөлүү, өлүм, миграция сыяктуу демографиялык факторлор дүйнөдөгү калктын санынын өсүшүнө таасир этүүчү факторлор болуп саналат. Төрөлүү – бул факторлордун бири. Өлкөлөрдүн өнүгүү деңгээли менен үй-бүлөдөгү балдардын санынын ортосунда тыгыз байланыш бар. Өнүгүп келе жаткан жана өнүкпөгөн өлкөлөрдө төрөттүн жогорку коэффициентинен улам ар бир үй-бүлөдө балдардын саны жогору. Бирок өнүккөн өлкөлөрдө абал тескерисинче. Төрөт жана төрөттүн деңгээли дүйнө жүзү боюнча бир топ айырмаланат. Ошого карабастан, төрөт дүйнөлүк масштабда бирдей абалда жүрөт деп айтууга болот.

Бир өлкөнүн өнүгүүсү үчүн калкты пландаштыруу алдын ала керектүү чара экенин бардык социалдык божомолдор жана социологиялык салттардын болушу убакыттын өтүшү менен көйгөйлүү экени түшүнүктүү болду. Айрыкча калкынын саны көп, социалдык өнүгүүсү боюнча үчүнчү дүйнө мамлекеттери деп аталган өнүкпөгөн жана өнүгүп келе жаткан мамлекеттерге таңууланган же таңуулоого аракет кылынган калкты мажбурлоо планы жана үгүт иштери өнүккөн өлкөлөр үчүн иштебей турганы айдан ачык. ЮНЕСКОнун 1984-жылында даярдалган отчетуна ылайык, калк менен прогресстин ортосундагы божомолдонгон тескери байланыш жаңылыштык болуп, чындыгында экөөнүн ортосундагы байланыш анчалык так эмес экендиги аныкталган. Бүгүнкү күндө өнүккөн өлкөлөрдө токтоп калган, алтургай төмөндөө чегине жеткен төрөт жана калктын санын көбөйтүү аракеттери жүргүзүлүп жатса, ал эми өнүгүп келе жаткан жана өнүкпөгөн өлкөлөрдө тескерисинче төрөт жана популяция саясатын ишке ашыруу үчүн индоктринация жана басым иштери жасалып жатат. Калкка тиешелүү адаттарды жоюу жана түзөтүү өтө оор экени көрүнүп турат. Бүгүнкү күндө Батыштын көптөгөн өлкөлөрүндө үй-бүлө куруу жана көп балалуу болуу сыяктуу

классикалык үй-бүлө моделине кайтып келүү иштеринде мамлекеттик иш-аракеттер ачык көрүнүп турат (Aktay, 2010: 181).

Калкты пландаштырууга негизделген бир маданиятты калыптандырууга басым жасаган дүйнөлүк конъюнктура калктын тукумсуздук көйгөйүнө туш болушу да ушул жашоо образынын жана менталитетинин натыйжасы болгон. Бүгүнкү күндө дээрлик бардык өнүккөн өлкөлөрдө, айрыкча Европада төрөттү жана калктын санынын өсүшүн колдоосу, чынында, калкты пландаштыруунун натыйжасында пайда болгон калктын санын азайтуу маданиятын калыбына келтирүү аракетинен башка эч нерсе эмес. Учурда кандай гана иш болбосун, адам баласы өздөштүргөн, өстүргөн акыл-эстик ой-жүгүртүүдөн баш тартпай турганы айдан ачык. Мунун себебин жөнөкөй эле баяндай турган болсок, адамдын жашоодон күтүүсү, пландары, өзгөчө башка адамга жашоо тартуулоосу, убакыт бөлүүсү, өзүн курмандыкка чалуусу, маанайды чөктүргөнү, максаттардын жана мотивдердин алсыраганын же жоголгонун издөө керек.

Төрөткө байланыштуу бир катар түшүнүктөрдү айтууга болот. Төрөт түшүнүгү белгилүү бир популяциядагы тирүү төрөлгөндөрдүн саны катары түшүндүрүлөт (Şahin, 2018: 79). Төрөттүн жалпы коэффициенти (төрөлүү коэффиценти) – 15-49 жаштагы аялдардын төрөткө жөндөмдүү курактагы балдардын орточо саны жана аялдын жашоосундагы балдардын орточо санын мүнөздөйт. Айрыкча белгилүү бир курактык топтогу миң аялга орточо тирүү төрөлгөндөрдүн саны катары аныкталат.

Жалпы төрөттүн коэффициенти – бир жылда төрөлгөн тирүү балдардын санын жылдын орто чениндеги калктын санына бөлүү жана 1000ге көбөйтүү жолу менен табылган көрсөткүч. Ал пропорционалдуу түрдө бир жылда 1000 калктын төрөлүү коэффициентин берет. Жалпы төрөттүн коэффициенти миң калкка эсептегенде тирүү төрөлгөндөрдүн санын билдирет.

Бириккен Улуттар Уюмунун статистикасы боюнча дүйнөдө төрөлүү көрсөткүчү 1950-жылдардан бери азаюу тенденциясын көрсөтүп келет. (Başar, 2013: 59). Ага карабастан, өтмүштөн азыркыга чейин коомдор жана өлкөлөргө жараша төрөлүү

көрсөткүчтөрү ар түрдүү баалуулуктарды көрсөткөнү көрүнүп турат (Şahin, 2018: 79). Эгерде өлкөдө төрөттүн жалпы коэффициенти орточо 2,1ден төмөн түшсө, калктын азаюу тенденциясы бар экени билинет (Bal, 2019: 59). Тарыхый процессте төрөттүн төмөндөшү алгач Францияда башталып, андан соң Европанын өнүккөн аймактарында, өзгөчө Каталония, Англия, Бельгия, Германия жана Скандинавия өлкөлөрүнө тараганы көрүнүп турат (Bal, 2019: 69).

Төрөттүн коэффициенти – көптөгөн демографиялык жана социалдык-экономикалык мамилелердин абалын билдирген маалымат. Тактап айтканда, төрөт курагындагы аялдын социалдык абалы, билим деңгээли, балалуу болууга карата күтүүлөрү, киреше деңгээли, никеге туруу курагы, ошондой эле каада-салттар, ишенимдер, үй-бүлөнү пландаштыруу жана төрөт көзөмөлүндөгү ыкмалар боюнча маалыматка ээ болуу мүмкүнчүлүгү, медициналык-технологиялык деңгээли, баланын экономикалык чыгымдары, эркек баланы тандоосу, үй-бүлө мүчөлөрүнүн социалдык статусу сыяктуу көптөгөн өзгөрмөлүү көрсөткүчтөр төрөттүн коэффициенттине таасир этери билинет. Төрөткө түз же кыйыр түрдө таасир этүүчү көптөгөн факторлор бар, мисалы, көч жана көч менен катар шаарда жашай баштаган үй-бүлөлөрдүн билим деңгээлинин жогорулашы, аялдардын өнөр жай жана айыл-чарбалык эмес тармактарда иш менен камсыз болушунун өсүшү, кеч турмуш куруу тенденциясы сыяктуу. Аялдын социалдык-экономикалык статусунун өзгөрүшү же жакшырышы анын балага болгон көз карашын гана өзгөртпөстөн, үй-бүлөнү пландоо деген ат менен ар кандай издөөлөрдү да ачыкка чыгарды. Буга окшош факторлор төрөттүн коэффициентине таасирин тийгизип жатат (Can, 2014: 69-70).

*Өлкөлөр боюнча төрөттүн көрсөткүчү*

| **Өлкөлөр** | **1960** | **1970** | **1980** | **1990** | **2000** | **2001** | **2010** | **2017** | **2019** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Германия | - | - | - | - | 1,38 | 1,35 | 1,39 | 1,57 | 1,54 |
| Австрия | 2,69 | 2,29 | 1,65 | 1,46 | 1,36 | 1,33 | 1,44 | 1,52 | 1,46 |
| Албания | - | - | - | - | - | - | 1,63 | 1,48 | - |
| Белгия | 2,54 | 2,25 | 1,68 | 1,62 | 1,67 | 1,67 | 1,86 | 1,65 | 1,58 |
| Болгария | 2,31 | 2,17 | 2,05 | 1,82 | 1,26 | 1,21 | 1,57 | 1,56 | 1,58 |
| Чехия | 2,09 | 1,92 | 2,08 | 1,90 | 1,15 | 1,15 | 1,51 | 1,69 | 1,71 |
| Дания | 2,57 | 1,95 | 1,55 | 1,67 | 1,77 | 1,74 | 1,87 | 1,75 | 1,70 |
| Эстония | 1,98 | 2,17 | 2,02 | 2,05 | 1,36 | 1,32 | 1,72 | 1,59 | 1,66 |
| Финляндия | 2,72 | 1,83 | 1,63 | 1,78 | 1,73 | 1,73 | 1,87 | 1,49 | 1,35 |
| Франция | - | - | - | - | 1,89 | 1,90 | 2,03 | 1,89 | 1,86 |
| Хорватия | - | - | - | - | - | 1,46 | 1,55 | 1,42 | 1,47 |
| Голландия | 3,12 | 2,57 | 1,60 | 1,62 | 1,72 | 1,71 | 1,79 | 1,62 | 1,57 |
| Ирландия | 3,78 | 3,85 | 3,21 | 2,11 | 1,89 | 1,94 | 2,05 | 1,77 | 1,71 |
| Испания | - | - | 2,22 | 1,36 | 1,22 | 1,23 | 1,37 | 1,31 | 1,23 |
| Швеция | - | 1,92 | 1,68 | 2,13 | 1,54 | 1,57 | 1,98 | 1,78 | 1,71 |
| Швецария | 2,44 | 2,10 | 1,55 | 1,58 | 1,50 | 1,38 | 1,52 | 1,52 | 1,48 |
| Италия | 2,40 | 2,38 | 1,64 | 1,33 | 1,26 | 1,25 | 1,46 | 1,32 | 1,27 |
| Исландия | - | 2,81 | 2,48 | 2,30 | 2,08 | 1,95 | 2,20 | 1,71 | 1,74 |
| Черногория | - | - | - | - | - | - | 1,70 | 1,78 | 1,77 |
| Түндүк Македония | - | - | - | - | 1,88 | 1,73 | 1,56 | 1,43 | 1,34 |
| Латвия | - | - | - | - | 1,25 | 1,22 | 1,36 | 1,69 | 1,61 |
| Лихтенштейн | - | - | - | - | 1,57 | 1,52 | 1,40 | 1,44 | 1,48 |
| Литва | - | 2,40 | 1,99 | 2,03 | 1,39 | 1,29 | 1,50 | 1,63 | 1,61 |
| Люксембург | 2,29 | 1,97 | 1,50 | 1,60 | 1,76 | 1,66 | 1,63 | 1,39 | 1,34 |
| Венгрия | 2,02 | 1,98 | 1,91 | 1,87 | 1,32 | 1,31 | 1,25 | 1,54 | 1,55 |
| Малта | - | - | 1,99 | 2,02 | 1,68 | 1,48 | 1,36 | 1,26 | 1,14 |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Норвегия | - | 2,60 | 1,72 | 1,93 | 1,85 | 1,78 | 1,95 | 1,62 | 1,53 |
| Польша | - | - | - | 2,06 | 1,37 | 1,31 | 1,41 | 1,48 | 1,44 |
| Португалия | 3,16 | 3,01 | 2,25 | 1,56 | 1,55 | 1,45 | 1,39 | 1,38 | 1,43 |
| Румыния | - | - | 2,43 | 1,83 | 1,31 | 1,27 | 1,59 | 1,78 | 1,77 |
| Сербия | - | - | - | - | 1,48 | 1,58 | 1,40 | 1,49 | 1,52 |
| Словения | - | - | - | 1,46 | 1,26 | 1,21 | 1,57 | 1,62 | 1,61 |
| Словакия | 3,04 | 2,41 | 2,32 | 2,09 | 1,30 | 1,20 | 1,43 | 1,52 | 1,57 |
| Түркия | - | - | - | - | - | - | 2,04 | 2,07 | 1,88 |
| Греция | 2,23 | 2,40 | 2,23 | 1,39 | 1,25 | 1,25 | 1,48 | 1,35 | 1,34 |

Булак: EUROSTAT, 2020a: Total fertility rate 1960–2019

Бириккен Улуттар Уюмунун Калк фондунун (ЮНФПА) 2021-жылдагы отчетуна ылайык, дүйнө жүзү боюнча төрөттүн коэффициенти 2,4тү (UNFPA, дүйнөлүк калктын абалы 2021) түзөт. Аталган төрөттүн коэффициенти аймактардын өнүгүү деңгээлине жараша өзгөрөт. Төрөттүн деңгээли өнүккөн аймактарга караганда өнүгүп келе жаткан жана өнүкпөгөн аймактарда өсүп жатат. Мындан тышкары, аймактык бөлүштүрүү боюнча төрөттүн көрсөткүчүндөгү айырмачылыктарга көңүл бурууга туура келет. Араб мамлекеттеринде 3,2; Азия жана Тынч океан аймактарында 2,1; Чыгыш Европада жана Борбордук Азияда 2,1; Латын Америкасында жана Кариб деңизинде 2,0; Чыгыш жана Түштүк Африкада 4.2; Батыш жана Борбордук Африкада 4,9 деп аныкталган. Эгерде төрөттүн коэффициентин өлкө боюнча карай турган болсок, Кытайда 1,7; Египетте 3,2; Эфиопия 4,0; Эквадордо 2,4; Индияда 2,2; Иран Ислам Республикасында 2,1; Японияда 1,4; Улуу Британияда 1,7; Корея Республикасында 1,1; Кувейтте 2,1; Малайзияда 1,9; Мексикада 2,1; Жаңы Зеландияда 1,9; Нигерияда 5,2; Пакистанда 3,3; Катарда 1,8; Россияда 1,8; Сенегал 4,4; Сауд Аравиясында 2,2; Сингапурда 1,2; Кошмо Штаттарда 1,8; Венесуэлада 2,2; Австралияда 1,8; Канадада 1,5; Бахрейнде 1,9 ж.б. (UNFPA, 2021: 142-146).

Түркиянын жалпы төрөт коэффициенти Европа Биримдигине мүчө болгон 27 өлкөнүн жалпы төрөт коэффициентинен жогору

экени байкалат. Европа Биримдигине мүчө болгон 27 өлкөнүн жалпы төрөт көрсөткүчтөрүн караганыбызда, 2019-жылы жалпы төрөттүн эң жогорку көрсөткүчүнө ээ болгон өлкө 1,86 бала менен Франция, ал эми жалпы төрөттүн эң төмөнкү көрсөткүчүнө ээ болгон өлкөсү 1,14 бала менен Мальта болгон (EUROSTAT, 2020a).

Дүйнөдөгү калктын санынын өзгөрүшүнө паралеллдүү Түркияда да төрөттүн көрсөткүчү акыркы кырк жылда бир топ төмөндөдү. 1963-жылы 6,3 болгон төрөттүн коэффициенти 1973-жылы 4,7ге, 1980-жылы 3,4кө, 2000-жылы 2,5ке (SEKAM, 2010: 35) жана 2003-жылы 2,9га чейин төмөндөгөн. 2018-жылы 2,0 болгон балдардын саны андан бери 2,0дон төмөндөгөн. Бул көрсөткүч 2019-жылы 1,88; Ал 2020-жылы 1,76ны түздү (TÜİK, 2020e).

Кыргызстанда эгемендүүлүккө чейин жана эгемендүүлүктөн кийин төрөттүн көрсөткүчүндө чоң айырма бар. Кыргызстанда эгемендүүлүк мезгилине салыштырмалуу СССР учурунда төрөттүн көрсөткүчү жогору болгондугу белгилүү. 1958-жылы 4,2 болгон төрөттүн коэффициенти 1970-жылы 4,9га чейин өссө, 1989-жылы 3,9 болгон төрөттүн же балдардын саны 1999-жылы 2,6га азайганы байкалат (Денисенко, 2004: 228). Көрүнүп тургандай, эгемендүүлүктү алгандан кийинки төрөттүн деңгээли 2019-жылы эң жогорку 3,3 деңгээлине гана жеткен (Шаардык жана айылдык...). Ковид 19 оорусунан улам 2020-жылы төрөлүү кескин төмөндөгөн. 2020-жылы төрөттүн орточо көрсөткүчү кайрадан 3,04кө чейин төмөндөгөн (Статком, 2020).

Натыйжада, төрөт тууралуу дүйнөлүк маалыматтар төрөттүн дүйнөлүк масштабын ачык-айкын ачып берет. Жогоруда айтылгандай, батыш коомдорундагы төрөткө байланыштуу процесстер дүйнөдөгү тенденцияга да ушул багытта таасир этет. Мындан тышкары табигый кырсыктар, эпидемиялар, согуштар сыяктуу жагымсыз окуялар төрөткө терс таасирин тийгизип жатат. Адамдардын башынан кечирген терс психологиялык абалдар да төрөткө терс таасирин берет. 2019-жылдан бери дүйнөнү каптаган Covid 19 эпидемиясы дүйнөдөгү төрөттүн деңгээлине терс таасирин тийгизген дүйнөлүк эпидемия деп айтууга болот.

*Төрөт жашы* да дүйнөлүк чындык экени талашсыз. Балалуу болгусу келген жубайлар менен төрөт жашы же төрөт мезгили экөөнүн ортосундагы байланыш тууралуу сөз кылабыз. 2019-жылы Евробиримдикте биринчи баласын төрөгөн аялдардын орточо жаш курагы 29,4 жашты түзгөн. Биринчи баласын орточо төрөт жашынын эң төмөнкү курагында 26,3 менен Болгарияда жана 26,9 менен Румынияда төрөгөнү кездешкен. Эң жогорку төрөт жаштын көрсөткүчү 31,3 менен Италияда, 31,1 менен Испанияда жана Люксембургда катталган. Биринчи баласын төрөгөндөгү жаш курагы Германияда 29,8; Францияда 28,8; Португалияда 29,9; Бельгияда 29,1; Австрияда 29,7; Канадада 29,4; Израилде 27,7; Америка Кошмо Штаттарында 27,0; Индияда 27,4; Австралияда 29,4; Японияда 30,7; Улуу Британияда 29,0; Финляндияда 29,4; Исландияда 28,7; Кытайда 27,6; Беларусияда 26,8; Украинада 27,9; Египетте 22,7; Казакстанда 28,9; Азербайжанда 24,0; Түркмөнстанда 24,2; Өзбекстанда 23,7 түзгөн (UNECE, 2020). Түркияда 2015-жылы 25,7 болгон эненин биринчи төрөтүнүн орточо жашы 2020-жылы 26,5 деп аныкталган (TÜİK, 2021c). Ал эми Кыргызстанда 2019-жылы төрөгөн эненин орточо жашы 22,6 жаш куракта болду (STATKOM, 2021a)

Социалдык илимдер боюнча окумуштуулар «төрөттүн төмөндөшү» деп атаган көйгөй бүгүнкү күндө балдарга тиешелүү маанилүү көйгөйлөрдүн бири болуп саналат. Чынында эле, азыркы үй-бүлө түзүмдөрүндө балдардын саны барган сайын азайып, калктын динамикасы тынымсыз төмөндөп баратат (Aydın, 2016: 202). Айрыкча, калктын азаюу динамикасы коомдун картаюусун жана эң олуттуусу адамдын энергиясынын түгөнүүсүн билдирет, бул абалды бүгүнкү күндө дээрлик бардык өнүккөн Батыш өлкөлөрү башынан өткөрүп жатат.

Америкалык экономист Харви Лейбенстайн төрөттүн жана балдардын чыгымынын негизинде алдыга койгон көз карашына таянып, баланын керектөө объектиси катары ырахат жана кубаныч тартуулагандыгын; анын бир өндүрүш объектиси экенин, ата-эненин карыганда жана ооруганда социалдык кам көрүүнү камсыздап, бул жагдайда үй-бүлөлөр балдардан үч түрдүү пайда алып жатканын баса белгилейт. Бирок андан кийинки каржылык

милдеттер, баланы багуу, окутуу, тарбиялоо сыяктуу чыгымдар өзгөчө эненин бала төрөөсү, балага кам көрүү сыяктуу иштерден улам убакыттын белгилүү бир бөлүгүндө киреше алып келүүчү иштер менен иштей албай калышы баланын төрөлүшү же төрөлбөшүнөн тартып, балдардын санына чейинки көптөгөн деталдарды ачып берет (Bal, 2019: 49). Бул процесстердин бардыгы төрөттүн деңгээлин, ошону менен калктын көбөйүшүн жана азайышын аныктоочу фактор деп айтууга болот. Салттуу баалуулуктардагы балага берилген баалуулук заманбаптуулук менен каржылык жагына өтүп, бааланган деп айтууга болот (Bal, 2019: 51).

Айылдан шаарга көчүп келүүлөрдүн күчөшү үй-бүлөлөрдүн кичирейишине, аялдардын иштөөсү менен төрөттүн деңгээлинин төмөндөшүнө алып келди. Айыл жеринен айырмаланып, шаарда баланын мүнөзүнө жараша билимге салынган инвестициянын көп болушу балдардын санынын азайышына алып келип жатат. Шаарлардагы үй-бүлөлөрдө балдардын санын азайтып, бирок сапатын/өзгөчөлүгүн өнүктүрүү, артыкчылык берүү тенденциясы кеңири жайылууда. Аял менен эркектин үй-бүлө куруусунун кечиктирилиши, бир кыз, бир уулдуу болууну идеал катары кабыл алуусу калктын жаңылануу босогосунун төмөндөп кетишине себеп болууда. Бирок бул сан 2,1ден кем эмес болсо жана балдардын бири кыз болсо, калктын саны токтоп калат. Ошол себептен, 3 бала калкты жаңылоого мүмкүнчүлүк берет. Саясатчылардын «3 баланын» болушу деген сөзү ушул фактыга жараша айтылат (Bal, 2019: 131). Түркия жана Орусия сыяктуу өлкөлөрдөгү саясатчылардын (Максимова, 2021) балдардын санына көңүл буруп, колдоо көрсөтүп жатканы соңку жылдардагы төрөттөн улам келип чыгышы мүмкүн болгон көйгөйлөрдү оздуктоо идеясынан башка нерсе эмес. Кытайда 1970-жылдардагы «бир бала саясаты» калктын көзөмөлсүз тез өсүшүнө жол бербөө үчүн болсо, 2016-жылы киргизилген мыйзамдагы өзгөртүү менен «балалуу болуу чеги» экиге өткөн, ал эми 2021-жылы Кытайдын Коммунисттик партиясынын Борбордук комитетинин саясий бюросу тарабынан «Үчүнчү балалуу болгусу келген түгөйлөрдү колдоо» чечими алынган (Bal, 2019: 210; Aytekin, 2021).

Бүгүнкү күндө балдардын санынын азайышынын маанилүү факторлорунун бири контрацепциядагы технологиялык өнүгүүлөр экендиги талашсыз. Жогоруда айтылгандай, бойго болтурбоонун белгилүү бир ыкмалары тарых бою колдонулуп келгени маалым. Бирок, жогорку деңгээлде өнүккөн технологиялардай эле, төрөттү алдын алган контрацепция да олуттуу роль ойногон (Aydın, 2016: 204).

Албетте, балдардын санын азайткан жашоонун кабылданышынын маанилүү себеби коомдук/маданий/саясий жашоону кабылдоонун өзгөрүшү болуп саналат. Бир нече кылымдар бою «өз жашоосун жашоо» түрүндө жалпыланган буржуазиялык канааттануу өнүккөн. Бала адамдын жашоосу үчүн маанилүү тоскоолдуктардын бири катары каралат. Өнүккөн коомдун жашоо түшүнүгү негизинен гедонисттик ой жүгүртүүгө негизделген. Бул үчүн диний, адеп-ахлактык жана үй-бүлөлүк сыяктуу көптөгөн адамдык баалуулуктар жана нормалар жеңүү керек болгон тоскоолдуктар катары каралат. Албетте, баланын өзү да бул тоскоолдуктардын бири. Турмушка болгон көз караштын өзгөрүшү деп атаган бул абалды экономикалык факторго алпарып такоо мүмкүн эмес. Бул психологиялык, социалдык, саясий жана өзгөчө маданий көп кырдуу көрүнүш (Aydın, 2016: 205).

Натыйжада, төрөттүн коэффициенти өлкөлөрдүн өнүгүп келе жаткан жана өнүкпөгөн өзгөчөлүктөрү боюнча ар түрдүү болгонуна карабастан, процесстин жалпы жүрүшүндө биринчи баласын төрөөдөгү орточо жаш курагы жана төрөт курагынын жогорулашы бар экени бүтүндөй дүйнөдө байкалат, ал эми төрөттүн коэффициенти төмөндөп жатат. Модерндүүлүктүн жана ааламдашуунун таасири катары болуп жаткан бул процесстер дүйнөдөгү өзгөрүүлөрдүн жана баалуулуктарды кабыл алуунун толугу менен болбосо да жарым-жартылай окшош/бирдей өзгөчөлүктөрдү көрсөтүп жатканын айтууга болот.

### Үйлөнүү жана ажырашуулар

Төрөлүүлөр көбүнчө үй-бүлө институтунун ичинде ишке ашып, коомдо үй-бүлө куруу жаш курагы төрөлүү коэффициентине жана

көрсөткүчүнө таасир этүүчү маанилүү фактор болуп саналат (Çağlayandereli, 2019: 107). Салттуу баалуулуктар үстөмдүк кылган коомдордо кыздарын жаш кезинде турмуш жолуна узатууну колдогону байкалат. Кыздардын жаш курагы жогорулаган сайын коом тарабынан өөн кабыл алынып, айрым сыпаттоолорду айтышат. Мисалы, Түркияда *куруган кыз, үйдө калган* деп айтышса, кыргыз коомунда *кара далы, отурган кыз* деген мүнөздөмөлөрдү беришет. Бул жагдай эркектерге карата да айтылат. Эркектер жашы жогорулаган сайын үйлөнбөй жүрө берсе, Түркияда *тохума качты* (*өтө бышып кетти)* деп айтылса, кыргыз коомчулугунда *карт бойдок* катары айтылат. Ошентип, кыздын да, эркектин да үйлөнүү, турмуш куруу зарылдыгы баса белгиленет. Салттуу үй-бүлөлөрдө үй-бүлө куруу эркектер үчүн да, аялдар үчүн да табигый зарылчылык болуп саналат, үй-бүлө курбай калгандар же турмуш куруу убактысынан кеч калгандар коом тарабынан кемсинтилип, мыскылдашат (Гидденс, 2004: 79). Ажырашуулардын санынын өсүшү үй-бүлө курууда келип чыккан ашыкча канааттанбоочулуктан тышкары үй-бүлөлүү абалды бири-бирин ыраазы кылуу жана максималдуу ырахат тартуулаган мамиле катары элестетилген тенденциянын өсүшүнө байланыштуу (Гидденс, 2008: 265). Үй-бүлө курууда да, ажырашууда да коом тарабынан мыйзамченемдүү бир мүнөзгө кабылышат.

**Үй-бүлө куруу жаш курагы:** Никеге туруу жаш курагы же үй-бүлө куруу жаш курагы адамдын мыйзамдуу түрдө никеге турууга уруксат берилген курагы катары аныкталат. Никеге туруу жаш курагы ар бир коомдо өзүнүн маданий баалуулуктарына жараша айырмаланганы менен, мыйзам боюнча дүйнө жүзүндө кеңири тараган никеге туруу курагы 18 деп белгиленген. Бул контексттен никеге туруу жаш курагы менен үй-бүлөдөгү өзгөрүүнү да, никеге туруу курагынын дүйнөлүк масштабын да байкоого болот.

Коомдун социалдык жана экономикалык талаптары, ишенимдери, тутунган баалуулуктары жана салт-санаалары үй-бүлө курууда таасирдүү болуп саналат. Салттуу коомдордо биринчи жолу никеге туруу жаш курагы негизинен төмөн болот. Бул учурда

төрөлүү көрсөткүчү жогору болот. Үй-бүлө кургандардын санынын азайышы же көбөйүшү да төрөт көрсөткүчүнө таасирин тийгизет. Анткени кээ бир мезгилдеги өлкөлөрдүн экономикалык жана социалдык шарттары, согуш, табигый кырсыктар сыяктуу окуялар үй-бүлө куруу көрсөткүчүнө терс таасирин тийгизет. Ошондуктан, үй-бүлө куруудагы кечигүү же азыраак никеге туруу төрөттүн төмөн болушуна себеп болот (Şahin, 2018: 82).

Европанын көптөгөн өлкөлөрүндө биринчи жолу никеге туруу жаш курагы да тынымсыз өсүүдө. 2019-жылдын маалыматтарына таянсак, эркектер үчүн эң төмөнкү никеге туруу жашы Польшада 30,1; Болгарияда 31,0, Хорватияда 31,1, Швецияда 36,7, Испанияда 36,1, Норвегияда 35,7 жана Италияда 35,5 болуп саналат. Ал эми 2019-жылы аялдардын эң төмөнкү биринчи никеге турган курагы Словакияда 26,6 жана Польшада 27,7 болгон. Эң жогорку нике жашы Швецияда 34,1, Испанияда 33,9, Норвегияда 33,1 жана Италияда 32,7 түздү (EUROSTAT, 2020g).

2021-жылы Кытайда биринчи жолу никеге тургандардын орточо жашы 27,29 жашты түздү. Бул көрсөткүч эркектер үчүн 28,07, аялдар үчүн 26,52 болду. АКШда 2021-жылы эркектер үчүн никеге туруу жаш курагы 30,5 болсо, аялдар үчүн 28,6 жашты түзөт. 2020-жылы Австралияда никеге туруу жаш курагы эркектер үчүн 32,2 жана аялдар үчүн 30,6 (Australian Bureau of Statistics, 2021). Жаңы Зеландияда эркектерде 30,6, аялдарда 29,5. 2020-жылы Японияда эркектер үчүн биринчи жолу никеге туруу жашы 30,7 болсо, аялдар үчүн 29,4 (Statistics Bureau of Japan, 2022: 125). Түштүк Кореяда биринчи жолу никеге туруу жашы эркектер үчүн 33,2, аялдар үчүн 30,8. Сауд Арабиясында эркектердин биринчи жолу нике курагы 25,3; аялдар үчүн нике курагы 20,4 деп белгиленген. Египетте биринчи жолу никеге туруу жаш курагы эркектер үчүн 31,0, аялдар үчүн 25,0 түздү. Сингапурда биринчи жолу никеге туруу жаш курагы эркектер үчүн 30,2 жаш болсо, аялдар үчүн 28,5 жаш экени белгиленди.

Түркияда биринчи жолу никеге туруу жаш курагынын орточо жашы жылдар боюнча анализдегенде, биринчи жолу никеге туруу жаш курагынын эки жыныста тең өскөндүгү байкалууда. 2020-жылы

биринчи жолу никеге туруу жаш курагы эркектер үчүн 27,9 болсо, аялдар үчүн 25,1 болгон. Түркияда 20 жылдык мезгил ичинде биринчи жолу никеге туруу жаш курагы негизинен үзгүлтүксүз өсүү байкалды (TÜİK, 2021d).

Кыргызстанда биринчи жолу никеге туруу жаш курагынын жогорулаганы көңүлдү бурат. 2020-жылы биринчи жолу никеге туруу жаш курагы эркектер үчүн 27,2 болсо, аялдар үчүн 23,4 түздү (STATKOM, 2021a). Турмуш куруу же никеге туруу жаш курагында дүйнөлүк жалпы бир бурулуш бар экени байкалат. Эркектердин да, аялдардын дагы биринчи жолу никеге туруу жаш курагынын тынымсыз өсүп жатканы байкалып жатат.

**Үй-бүлө куруу динамикасы:** дүйнө жүзүндө кабыл алынган үй-бүлө куруу коэффициенти белгилүү бир жылда 1000 кишиге никеге тургандардын саны катары эсептелет. Үй-бүлө куруу коэффициентинде болуп жаткан фактыларды дүйнөлүк масштабдан кароого болот. Бул жагынан Европа өлкөлөрүндө үй-бүлө куруу көрсөткүчү абдан төмөн экени түшүнүктүү болду.

Франция, Италия, Нидерландия, Испания, Бельгия жана Португалия сыяктуу өлкөлөрдө үй-бүлө куруунун төмөнкү көрсөткүчтөрү байкалат. 2019-жылы Францияда үй-бүлө куруу көрсөткүчү 3,5%га кыскарган. Ушундай эле төмөндөө Испанияда (3,5) да бар. Италияда 3,1ге чейин төмөндөгөн. 2019-жылга чейинки мезгилде Германияда үй-бүлө кургандардын саны бир аз болсо да өскөнү байкалат. Мисалы, 2019-жылы 5,0ге чейин жогорулаган. 2019-жылга карата үй-бүлө куруунун коэффициенттик деңгээли Европада эң төмөн Италияда 3,1, андан кийинки орунда Португалияда 3,2 турат. Үй-бүлө куруу коэффициенти эң жогору болгон өлкө Литва 7,0 жана Венгрия 6,7 (EUROSTAT, 2020c).

2020-жылы Кытайда үй-бүлө куруунун коэффициенти 5,8 (STATİSTA, 2022); Кореяда 4,2 (Statistics Korea 2020); Японияда 4,3 (Statistics Bureau of Japan, 2022). Сауд Аравияда 6,69 болгон үй-бүлө куруунун коэффициенти Малайзияда 5,7ди түздү (Department of Statistics Malaysia, 2021). АКШда үй-бүлө куруунун коэффициенти 1990-жылы 9,8 болсо, 2020-жылы 5,1ге чейин азайган.

Түркияда жубайлардын саны 2019-жылы 542 миң 314 болсо, 2020-жылы 10,1%га азайып 487 миң 270 болду (TÜİK, 2020d). Үй-бүлө куруунун коэффициенти 2019-жылы 6,57 жана 2020-жылы миңге 5,84 болгон (TÜİK, 2021b). Covid 19 эпидемиясы Түркиядагы үй-бүлө куруу абалына олуттуу таасир эткени аныкталды.

*КМШ өлкөлөрү боюнча төрөттүн коэффициенти*

| **Өлкөлөр** | **2000** | **2005** | **2010** | **2015** | **2017** | **2018** | **2019** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Азербайжан | 5,0 | 8,5 | 8,9 | 7,2 | 6,5 | 6,4 | 6,4 |
| Армения | 2,9 | 5,2 | 5,5 | 5,9 | 5,1 | 5,0 | 5,3 |
| Белорусия | 6,2 | 7,6 | 8,1 | 8,6 | 7,4 | 6,4 | 5,3 |
| Казакстан | 6,1 | 9,0 | 9,0 | 8,5 | 7,9 | 7,5 | 6,7 |
| Кыргызстан | 4,9 | 7,2 | 9,2 | 8,7 | 7,0 | 7,8 | 7,5 |
| Молдова | 6,0 | 7,0 | 7,4 | 8,7 | 5,9 | 7,5 | 7,7 |
| Орусия | 6,2 | 7,5 | 8,5 | 7,9 | 7,1 | 6,1 | 6,5 |
| Тажикистан | 4,3 | 7,6 | 13,3 | 9,1 | 8,9 | 9,2 | - |
| Өзбекстан | 6,9 | 7,0 | 10,1 | 9,2 | 9,4 | 9,4 | 9,3 |
| Украина | 5,6 | 7,1 | 6,7 | 7,8 | 6,5 | 6,0 | 6,3 |

Булак: Статистика СНГ 2019, 2000: 26; Население, занятость и условия жизни 2018, 2019: 60

Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигине кирген өлкөлөрдүн учурдагы үй-бүлө куруу коэффициентине караганыбызда, ар өлкөдө ар башка көрсөткүч экени байкалат. 2019-жылдын маалыматтарына таянсак, үй-бүлө куруу коэффициентинин эң төмөнкү көрсөткүчү 5,3 менен Беларусияда жана Арменияда, андан кийин 6,5 менен Орусияда катталган. (Statistika SNG 2019, 2020: 26).

Кыргызстанда 2000-жылы 24 миң 294 үй-бүлө курулса, бул сан 2006-жылы 43 миң 760ка, 2010-жылы 52 миң 362ге, 2015-жылы 52 миң 043кө, 2019-жылы 49 миң 431ге жана 2020-жылы 39 миң 747ге көбөйгөн. Кыргызстанда 2005-жылы үй-бүлө куруу коэффициенти 7,2 болсо, 2015-жылы 8,7ге чейин өссө, 2019-жылы 7,7ге азайган. 2020-

жылы үй-бүлө куруу коэффициенти 6,0 болуп, кескин төмөндөгөнү байкалат. Covid 19 мезгили Кыргызстандагы үй-бүлө абалына олуттуу таасир тийгизгени белгилүү болду.

Дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндө үй-бүлө куруу коэффициенти ар түрдүү баалуулук мүнөздөмөлөрүн көрсөтсө да, үй-бүлө куруу коэффициентинде азаюу тенденциясы байкалууда. Бул контекстте, үй-бүлө куруу коэффициентинде дүйнөлүк чагылдырууну айтууга болот.

**Ажырашуу:** Ажырашуулардын тездик менен көбөйүшүнүн көптөгөн себептери бар. Социалдык жана маданий өзгөрүүлөр жана бул өзгөрүүлөрдүн үй-бүлөгө чагылышы ажырашуу феноменинин негизги компонеттери болуп саналат. Мындан тышкары, ажырашуулардын урбандашуунун ылдамдыгы менен катар өскөндүгүн жана ажырашуулардын шаарларга караганда айыл жеринде азыраак экенин айтууга болот. Анткени үй-бүлөнүн ынтымагын сактап турган коомдук көзөмөл айыл жеринде жогору экени белгилүү. Демек, урбандашуу жана аялдардын жумушка орношуусу менен үй-бүлөнүн жашоо деңгээли жогорулап, үй-бүлөдөгү ролдук конфликт да жогорулаган. Ошентип, ажырашуулар шаарларда көбүрөөк байкалат. Мындан тышкары, ажырашуулардын көбөйүшү үй-бүлө куруу жаш курагына жеткен жаштар үчүн да терс үлгүлөрдү берет (Can, 2014: 73).

*Өлкөлөр боюнча ажырашуу коэффициенти*

| **Өлкөлөр** | **2010** | **2013** | **2015** | **2017** | **2019** |
|---|---|---|---|---|---|
| Германия | 2,3 | 2,1 | 2,0 | 1,9 | 1,8 |
| Австрия | 2,1 | 1,9 | 1,9 | 1,8 | 1,8 |
| Бельгия | 2,7 | 2,2 | 2,2 | 2,0 | 2,0 |
| Болгария | 1,5 | 1,5 | 1,5 | 1,5 | 1,6 |
| Чехия | 2,9 | 2,7 | 2,5 | 2,4 | 2,3 |
| Дания | 2,6 | 3,4 | 2,9 | 2,6 | 1,8 |
| Эстония | 2,2 | 2,5 | 2,6 | 2,5 | 2,1 |
| Финляндия | 2,5 | 2,5 | 2,5 | 2,4 | 2,4 |
| Франция | 2,1 | 1,9 | 1,9 | : | : |
| Хорватия | 1,2 | 1,4 | 1,4 | 1,5 | 1,5 |
| Голландия | 2,0 | 2,0 | 2,0 | 1,9 | 1,7 |
| Испания | 2,2 | 2,0 | 2,1 | 2,1 | 1,9 |
| Швеция | 2,5 | 2,8 | 2,5 | 2,4 | 2,5 |
| Швейцария | 2,8 | 2,1 | 2,1 | 1,9 | 2,0 |
| Италия | 0,9 | 0,9 | 1,4 | 1,5 | 1,4 |
| Латвия | 2,4 | 3,5 | 2,6 | 3,1 | 3,1 |
| Литва | 3,2 | 3,4 | 3,2 | 3,0 | 3,1 |
| Люксембург | 2,1 | 2,1 | 2,4 | 2,0 | 3,1 |
| Венгрия | 2,4 | 2,0 | 2,1 | 1,9 | 1,8 |
| Мальта | : | 0,8 | 0,8 | 0,7 | 0,7 |
| Норвегия | 2,1 | 2,0 | 1,9 | 2,0 | 1,9 |
| Польша | 1,6 | 1,7 | 1,8 | 1,7 | 1,7 |
| Португалия | 2,6 | 2,2 | 2,3 | 2,1 | 2,0 |
| Словения | 1,2 | 1,1 | 1,2 | 1,2 | 1,2 |
| Словакия | 2,2 | 2,0 | 1,8 | 1,8 | 1,7 |
| Греция | 1,2 | 1,5 | 1,4 | 1,8 | : |

Булак: EUROSTAT, 2020d: Divorce indicators

Акыркы жылдарда ЕБ-27нин (Европа биримдиги 27) ичинде 1000 адамга эсептелген үй-бүлө кургандардын саны азайып, ажырашкандардын саны өстү. Бирок, бул эки тенденция акыркы жылдары басаңдап кеткени белгилүү болду. 2019-жылы ажырашкандардын коэффициенти эң жогору көрсөткүчтө Латвияда, Литвада жана Люксембургда 3,1 менен катталган, ал эми Словенияде 1,2, Италияда 1,4 жана Хорватияда 1,5 менен ажырашуу көрсөткүчтөрү эң төмөн болгон өлкөлөрдүн катарына кирген (EUROSTAT, 2020e).

2020-жылы Кытайда жалпы ажырашуулардын коэффициенти 3,9; Японияда 1,57; Түштүк Кореяда анын көрсөткүчү 2,1; Сауд Аравиясында 1,64 (General Authority for Statistics, Marriage and Divorce Statistics 2020); Россияда 3,9 (РОСТАТ, 2021); Малайзияда 1,4; Австралияда 1,9; Кошмо Штаттарда 2,3 менен катталган.

Түркияда 2019-жылы ажырашкан жубайлардын саны 156 миң 587 болсо, 2020-жылы 13,8%га азайып, 135 миң 22ни түздү. 2019-жылы Түркияда ажырашуу коэффициенти 1,90 менен эң жогорку көрсөткүчтө болсо, 2020-жылы миңде 1,62ге азайган. Covid 19 мезгилинде Түркияда ажырашуулардын саны (TÜİK, 2021b) олуттуу түрдө төмөндөгөн.

*КМШ өлкөлөрүндө ажырашуулардын коэффициенти жыл боюнча*

| **Өлкөлөр** | **2000** | **2005** | **2010** | **2015** | **2017** | **2018** | **2019** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Азербайжан | 0,7 | 1,1 | 1,0 | 1,3 | 1,5 | 1,5 | 1,7 |
| Армения | 0,4 | 0,8 | 0,9 | 1,2 | 1,3 | 1,3 | 1,3 |
| Беларусия | 4,3 | 3,2 | 3,9 | 3,5 | 3,4 | 3,5 | 3,7 |
| Казакстан | 1,8 | 2,3 | 2,6 | 3,0 | 3,0 | 3,0 | 3,2 |
| Кыргызстан | 1,1 | 1,2 | 1,5 | 1,4 | 1,5 | 1,7 | 1,7 |
| Молдова | 2,7 | 4,1 | 3,2 | 4,0 | - | 3,0 | 4,0 |
| Россия | 4,3 | 4,2 | 4,5 | 4,2 | 4,2 | 4,0 | 4,2 |
| Тажикстан | 0,4 | 0,4 | 0,8 | 1,0 | 1,1 | 1,2 | - |
| Өзбекстан | 0,8 | 0,6 | 0,6 | 0,9 | 1,0 | 1,0 | 0,9 |
| Украина | 4,0 | 3,9 | 2,7 | 3,3 | 3,3 | 3,9 | 3,6 |

Булак: Население, занятность и условия жизни 2018, 2019: 60; Статистика СГН 2019, 2000: 26

Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигинде ажырашуулардын коэффицентине карасак, жалпысынан өсүш болгонун айтууга болот. 2005-жылдагы маалыматтарга ылайык, эң төмөнкү ажырашуу коэффиценти 0,4 менен Тажикстан болсо, ал эми эң жогорку көрсөткүч 4,2 менен Орусияда кездешет. 2019-жылдын маалыматтарына таянсак, эң аз ажырашуу көрсөткүчү Өзбекстан 0,9 болсо, Орусияда 4,2 менен дагы эле биринчи орунда турат. Андан кийин 4,0 көрсөткүчү менен Молдова турат (Статистика СНГ 2019, 2020: 26).

Кыргызстанда ажырашуулардын санынын өсүшү, тактап айтканда, ажырашуулардын коэффициенти (10 миң 992 адам; ажырашуулардын коэффициенти 1,7) көбөйгөнү байкалат. 2020-жылында 9 миң 128 же 1,4 менен ажырашууда олуттуу төмөндөө бар. Ковид-19 эпидемиясы Кыргызстанда никеге терс таасирин тийгизип жатканы байкалганы менен ажырашуулардын саны азайып, оң таасир бергени байкалат. Бул жагынан Түркия менен окшош абалды жашап жатканын айтууга болот.

1970-жылдардан азыркыга чейин дүйнөлүк же аймактык деңгээлдеги масштабдуу картинага карасак, ажырашуулардын жалпы санында өсүш бар экени байкалат. Дүйнөдө жана өзгөчө Батышта үй-бүлө түзүмдөрү туш болгон олуттуу көйгөйлөрдүн бири – жубайлардын ажырашуу көрсөткүчүнүн өсүшү жана бул ажырашуулардын келип чыгышына социалдык маселелер себеп болуп жатат (Can, 2014: 67).

### Альтернативдик жашоо

Үй-бүлөнүн формасы жана түзүлүшү коомдон коомго да, мезгил-мезгили менен ошол эле коомдун ичинде же белгилүү бир убакыттын ичинде аймактык жана класстык айырмачылыктарды көрсөтөт. Ар бир коомдо эң алгачкы жамааттардан баштап азыркы индустриялдык заманбап коомго чейин үй-бүлө көбүнчө коомдун негизги тобу катары мүнөздөлөт. Үй-бүлө деп аталган социалдык институт кээде бийликке, чөйрөгө, тууганчылык жана мүлктүк мамилелерге, кээде үй чарбасынын курамына жараша калыптанган коомдук түзүлүш (Bilgin, 1991: 41-43). Социологдор үй-бүлө

типтеринин ар түрдүүлүгүнө карап, үй-бүлөлөрдө чексиз сандагы ар түрдүүлүк бар деп ырасташса да, бийлик, үй чарбасы, жубайлардын саны, конуштар жана альтернативалык жашоо образы үй-бүлө типтеринин калыптанышына таасир этүүчү факторлор катары каралышы мүмкүн сыяктуу бул мүмкүнчүлүктөрдү түрдүү таризде талкуулоого болот.

Үй-бүлө курууга каршы өнүктүрүлгөн тандоолордун арасында орун алган жана бүгүнкү күндө көбүрөөк жамааттык жашоо, чогуу жашоо, бир жыныстуу ата-энелерден турган үй-бүлөлөр, бойдок калуу сыяктуу альтернативалык жашоо образы үй-бүлөлүк баалуулуктарга шек жараткан талкуулар менен алдыңкы планга чыгууга умтулуп, (Гидденс, 2008: 175-178) институттун келечекте ээ боло турган функцияларынын чындыгын ачып жатат. Бул контекстте үй-бүлөдөгү көзөмөл жоголуп, барган сайын татаалданып жатканы сезилет. Аны менен катар үй-бүлөнү аномияга каршылык көрсөтүү булагы катары караган салттуу кылдаттык көзөмөл да этибарга алынбай баштады (Subaşı, 2014: 107).

Батыш коомдорунда учураган модерндүүлүк дилеммалары жана индустриализация коому тарабынан институттарды трансформациялоо сыяктуу факторлор үй-бүлө түзүмүндө тарыхта болуп көрбөгөндөй көп түрдүүлүктүн пайда болушуна себепкер болду. Үй-бүлө түзүмүнүн калыптанышында жана үй-бүлөнүн ар түрдүүлүгүнө коомдук баалуулуктардын дегенерациясы, аялдардын иштөөсү, иш убактысынын жана шарттарынын энелик ролдун мүнөзүнө туура келбеши, медицинанын адам организмине үстөмдүк кылуусу сыяктуу факторлор таасирдүү болуп жатканы белгилүү. (Can, 2014: 66). Мындан тышкары, ажырашуулардын олуттуу өсүшү да үй-бүлөнүн көп түрдүүлүгүнө жол ачып жатат. Ч*огуу жашоо* үй-бүлө түрү катары кабыл алынбаса да, расмий түрдө үй-бүлө катары эсептелбесе да, азыркы коомдо формалдуу эмес жашоосун уланткан жашоо образы катары калыптанып жатат. Бул жубайлардын үй-бүлө курбастан, жыныстык катнаш түрүндө бир үйдө жашаган жашоо формасы. Батыш коомунда бирге жашоо барган сайын кеңири жайылып баратат, бул үй-бүлө генинин олуттуу түрдө бузулгандыгынын көрсөткүчү болуп эсептелет. Бүгүнкү күндө чогуу жашоо кээ бир коомдордо нормалдуу кабыл

алынган, кадимки мамиле абалы катары каралып жатат. Ошол эле учурда, ал үй-бүлөнүн сексуалдык жана биологиялык функциясын, тактап айтканда, гиперреалдуулукту тууроо сыяктуу көрүнүп турат. Советтик орус коомунда *гражданский брак / жарандык нике* катары айтылган никесиз чогуу жашоо, тажрыйбада болгону менен коом тарабынан адеп-ахлак нормаларынан четтөө катары кабыл алынып, терс бааланган. Бирок XX кылымдын аягы жана XXI кылымдын баштарында бул кабылдоо жана терс бааланган пикир өзгөрө баштаган. Башкача айтканда, заманбап орус коомунда *бирге жашоо*, айрыкча, орустардын эл каттоо маалыматтарында ачыктан ачык көрүнгөн. Бул жагдай коом тарабынан «чогуу жашоону» кадыресе көрүнүш катары кабыл алганынын көрсөткүчү (Рачипа, 2016: 3; Шпаковская, 2010).

Постмодерндик үй-бүлөнүн дагы бир түрү – бул ыктыярдуу баласыз үй-бүлөлөр. Бул үй-бүлөдөгү аялдардын үй-бүлөнү баласыз улантууну каалаганынан келип чыгууда. Батыштагы үй-бүлөлүү аялдардын 30%ы аң-сезимдүү түрдө балалуу болгусу келбегенин жана жашоосун баласыз улантууну каалагандыктарын билдиришет. Балдарды өздөрүнүн же иш жашоосундагы ийгилигине жана өз алдынча жашоо каалоосуна тоскоолдук жаратарын ойлогон аялдар бул багытты тандаганын көрсөтүшөт. Ыктыярдуу баласыз үй-бүлө куруу каалоосунун жаралышында аялдын иш жашоосунда карьера жасоону каалоосу, ошондой эле жумуш мүмкүнчүлүгүнөн ажыраганда балдарына жетиштүү жашоо шарттарын камсыз кыла албай калуу тынчсыздануусу да таасир этери көрүнүп турат. Мындан тышкары, коомдо баласыз аялдарга болгон көз караштын өзгөрүшү менен бирге баласыз аялга карата айтылган стигмалардын токтошу да бул багытты чагдыруучу факторлордун катарына кирет (Giddens, 2008: 162-168). Аны менен катар жубайларды бул коомдордо балалуу болууга шыктандыруу үчүн өкмөттөр тарабынан сунушталган мүмкүнчүлүктөр жана бул багытта иштелип чыккан саясаттар бул аң-сезимди бузуу үчүн жетиштүү деп эсептелбейт.

Үйлөнүү, чогуу жашоо, балалуу болуу сыяктуу үй-бүлө институтунун типтүү ритуалдары, иш-аракеттери да учурдун талабына ылайык иштелип жатат. Көбүнчө ажырашуу жана

жубайлардын биринин каза болушунун натыйжасында келип чыккан толук эмес үй-бүлөлөрдүн бүгүнкү күндө мурунку мезгилдерге караганда көбөйүшү постмодерндик мезгилге байланыштуу жаңы үй-бүлө формаларынын калыптанышынын көрсөткүчү болуп саналат. Толук эмес үй-бүлө катары да айтылган үй-бүлөнүн бул түрү ажырашкандан кийин түзүлүп, соттор баланын камкордугун энеге бергендиктен, үй-бүлө башчысы эне болгон үй-бүлө болуп саналат. Көп кездешпесе да, ажырашууда кээ бир окуялардан улам жубайынын көзүнө чөп салуу ж.б.у.с. абалдардан кийин үй-бүлөлөрдүн башында ата да боло алат (Can, 2014: 75). «Эне-бала» же «ата-бала» формасында болгон толук эмес үй-бүлөнүн чындыгында тарыхый көрүнүш экенин айтууга болот. Өткөн мезгилде бул түрдөгү үй-бүлөлөрдүн көбүнчө атасы согушта курман болуп, ошонун натыйжасында толук эмес үй-бүлө болсо, азыркы учурда ажырашуунун жана үй-бүлө процессине карама-каршылык көрсөтүү сыяктуу жагдайлардан улам аныкталганын айтууга болот (Çağlayandereli, 2019: 108). Постмодерндик жашоо образынын натыйжасында кээ бир инсандар үй-бүлөлүк жашоодон тажаганда, экономикалык каатчылыкка туш болгондо жубайы менен (аялы менен) жашоону улантууну каалабаса, бирок балалуу болуу каалоосу болгон учурда балалуу болгондон кийин көп учурда эркектер бул үй-бүлөсүн таштап кете беришет. Бул үй-бүлө түрү көбүнчө Түндүк Европа өлкөлөрүндө кездешкендиктен, *Скандинавиялык үй-бүлө жана төрөт модели* деп аталат (Çağlayandereli, 2019: 108).

2020-жылы Европа Биримдигинде (ЕБ) 195,4 миллион түтүн бар. Бул түтүндөрдүн дээрлик үчтөн биринин (29%) балдары бар. Болжол менен 14% балалуу түтүндөр (7,8 миллион үй чарбасы) жалгыз бой ата-эне болуп саналат, бул жалпы түтүндүн 4% туура келет (EUROSTAT, 2020e). Толук эмес түтүндөрдүн үлүшү өлкөлөргө жараша ар түрдүү. Жалгыз бой / бойдок ата-энелердин үлүшү өлкөлөр боюнча бир топ айырмаланат. Балалуу бардык түтүндөрдүн ичинен жалгыз бой түтүндөрүн эң жогорку үлүшү Швецияда (34%), Данияда (29%), Эстонияда (28%), Латвияда жана Литвада (экөө тең 25%) жана Францияда (21%). Кошумчалай кетсек, Европа өлкөлөрүндө 18 жашка чейинки балдардын ата-энеси менен

жашагандар аз. Европа Биримдигине кирген өлкөлөрдүн негизинде карасак, 18 жашка чейинки балдардын 32,1% ата-энесинен бөлөк жашайт деп айтууга болот (EUROSTAT, 2020f). Ата-энеси менен чогуу жашаган 18 жашка чейинки балдардын эң төмөнкү көрсөткүчү Ирландияда 44,2%, Францияда 52,2%, Эстонияда 5,27% кездешет. Булардан кийинки орунда Бельгия, Исландия жана Норвегия сыяктуу өлкөлөр турат.

Түркияда 2020-жылы жалпы түтүндөрдүн 9,7%ы жалгыз бой ата-энелерден жана балдардан турат. Жалпы түтүндүн 2,2%ын аталар жана балдар, ал эми алардын 7,5%ын энелер жана балдар түзөрү аныкталган (TÜİK, 2020a).

Жалгыз бой ата-энеден турган үй-бүлөлөрдүн ичинде төрөлгөн балдарга токтололу. Үй-бүлө курбай туруп, бирок төрөлгөн балдарга никесиз / үй-бүлө куруу боюнча каттоого турбастан төрөлгөн балдар деп эсептелет. Ал бала энесине гана катталат. Европа статистика институту EUROSTAT тарабынан жарыяланган отчетто Европа Биримдигине кирген өлкөлөрдө никесиз төрөлгөн ымыркайлардын саны өсүп жатканы байкалат. ЕБ өлкөлөрүндө 2019-жылы үй-бүлө курбай туруп, төрөлгөн балдардын орточо көрсөткүчү 42,7% (EUROSTAT, 2020g).

*Үй-бүлө курбастан төрөлгөн ымыркайлардын өлкөлөр боюнча бөлүштүрүлүшү*

| **Өлкөлөр** | **2008** | **2011** | **2014** | **2017** | **2019** |
|---|---|---|---|---|---|
| Германия | 32,1 | 33,9 | 35,0 | 34,7 | 33,3 |
| Бельгия | 44,6 | 47,0 | 49,4 | 52,8 | : |
| Улуу Британия | 45,4 | 47,3 | 47,6 | 48,2 | : |
| Дания | 46,2 | 49,0 | 52,5 | 54,2 | 54,1 |
| Эстония | 59,0 | 59,7 | 59,4 | 56,9 | 53,7 |
| Франция | 52,6 | 55,8 | 58,5 | 59,9 | 61,0 |
| Хорватия | 12,0 | 14,0 | 17,4 | 19,9 | 21,5 |
| Голландия | 41,2 | 45,3 | 48,7 | 51,0 | 52,4 |
| Испания | 33,2 | 37,4 | 42,5 | 46,8 | 48,4 |
| Италия | 19,1 | 23,7 | 28,8 | 32,8 | 35,4 |
| Швеция | 54,7 | 54,3 | 54,6 | 54,5 | 54,5 |
| Исландия | 64,1 | 65,0 | : | 71,2 | 69,4 |
| Норвегия | 55,0 | 55,0 | 55,5 | 55,7 | 57,6 |
| Польша | 19,9 | 21,2 | 24,2 | 24,1 | 25,4 |
| Португалия | 36,2 | 42,8 | 49,3 | 54,9 | 56,8 |
| Словения | 52,8 | 56,8 | 58,3 | 57,5 | 57,7 |
| Түркия | : | 2,7 | 2,8 | 3,0 | 2,8 |

Булак: EUROSTAT, 2020g: Share of live births outside marriage

Франция 61,0% менен ЕБде үй-бүлө курбастан же никесиз төрөлгөндөрдүн саны эң көп болгон өлкө. Үй-бүлө курбастан же никесиз төрөлгөн балдардын саны эң көп болгон башка өлкөлөр; Эстония 53,7%, Швеция 54,5%, Дания 54,1%, Португалия 56,8% жана Нидерландия 52,4%. Европа Биримдигине кирбеген Европа өлкөлөрүнүн бири Исландия үй-бүлө курбастан же никесиз төрөлгөн балдардын саны 69,4% менен эң көп өлкө болуп эсептелинет. 12,4% менен Греция Европа Биримдигинде үй-бүлө курбастан же никесиз төрөлгөндөрдүн саны эң аз болгон өлкө болгон. Грециядан тышкары үй-бүлө курбаган же никеге турбаган

балдардын саны аз болгон өлкөлөр; Хорватия, Кипр, Польша, Литва. Түркияда никесиз төрөлгөн ымыркайлардын көрсөткүчү 2,8%ды түзөт. Үй-бүлөдө же никеде төрөлгөн балдардын санынын азайышы менен бирге никесиз жубайлардан төрөлгөн балдардын үлүшүнүн өсүшү байкалууда (EUROSTAT, Marriage and divorce statistics, 2020).

*Жылы жана жашаган жери боюнча*

*Кыргызстанда никесиз төрөлгөн ымыркайлардын бөлүнүшү*

| Жылы | Шаар | | Айыл | | Жалпы саны | % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Төрөлүү коэффициенти боюнча % | Саны | Төрөлүү коэффициенти боюнча % | | |
| 2006 | 14 359 | 36,4 | 24 732 | 30,4 | 39 091 | 32,4 |
| 2009 | 16 170 | 34,5 | 25 863 | 29,2 | 42 033 | 31,0 |
| 2012 | 17 147 | 31,9 | 26 338 | 26,0 | 43 485 | 28,1 |
| 2015 | 14 711 | 28,0 | 23 940 | 21,6 | 38 651 | 23,6 |
| 2016 | 13 979 | 27,1 | 24 719 | 23,2 | 38 698 | 24,5 |
| 2017 | 13 706 | 25,9 | 22 253 | 22,1 | 35 959 | 23,4 |
| 2018 | 14 339 | 23,1 | 22 451 | 20,6 | 36 790 | 21,5 |
| 2019 | 15 222 | 23,1 | 22 538 | 21,0 | 37 760 | 21,8 |
| 2020 | 13 111 | 21,7 | 16 905 | 17,3 | 30 016 | 19,0 |

Булак: Кыргызстан Республикасынын статистикалык жылдыгы 2006-2010, 2011: 55; Кыргызстан Республикасынын статистикалык жылдыгы 2011-2015, 2016: 58; Кыргызстан Республикасынын статистикалык жылдыгы 2015-2019, 2020: 55.

Кыргызстанда үй-бүлө курбастан же никесиз төрөлгөн балдардын көрсөткүчү жогору болгону менен, жыл санап саны азайган. 2006-жылы төрөлгөн ымыркайлардын үчтөн бири жана 2019-жылы бештен бирине жакыны үй-бүлө курбастан же никесиз төрөлгөн. 2020-жылдын маалыматы боюнча Кыргызстанда үй-бүлө курбастан же никесиз төрөлгөн ымыркайлардын көрсөткүчү 19,0%ды түзөт. Калктуу конуштагы калктын катышын эске алганда, аталган абал айыл жергесине салыштырмалуу шаарларда жогору экени билинди. Үй-бүлө курбастан же никесиз төрөлгөн ымыркайлардын көрсөткүчү Кыргызстандын айыл жеринде 17,3%, шаар жеринде 21,7% түздү.

Европанын көпчүлүк өлкөлөрүндө жана АКШда үй-бүлө курбастан же никесиз жубайлардын чогуу жашоо образы барган сайын үстөмдүк кылууда. Никесиз үй-бүлөлөрдүн болуусуна тыюу салуу бүгүнкү күндө мурдагыдай кеңири тараган эмес. Никесиз же үй-бүлө курбастан балалуу болууну тандаган мамилелердин түрү көбөйгөндүгү байкалат. Толук эмес үй-бүлөлөрдүн саны тездик менен өсүп жатат. Үй-бүлөнүн жаңы түзүлүштүк өзгөчөлүктөрү негизинен ушул тандоо менен түзүлүп жатат.

**Түтүндүн түзүмү**

Үй-бүлөнүн түзүмдүк өзгөчөлүктөрүнөн келип чыккан айырмачылыктар да салт менен модерндүүлүктүн карама-каршылыгында аныкталган кубулуштар менен оңой эле байланыштыруу мүмкүн (Subaşı, 2014: 104). Бүгүнкү үй-бүлөнүн түзүлүшү мындан бир кылым мурунку же андан мурунку мезгилдеги үй-бүлөдөн такыр башкача экенине баары кошулат. Атүгүл үй-бүлө түзүмү тынымсыз өзгөрүү жолунда экенин ар бир адам көрүп, башынан өткөрүп турат.

Киреше бөлүштүрүү, жакырчылык жана керектөө чыгашалары сыяктуу экономикалык түшүнүктөрдү изилдөөдө эң көп колдонулган талдоо бөлүмү бир түтүндө чогуу жашагандар тарабынан түзүлгөн социалдык-экономикалык бирдик катары аныкталат. Кандык/туугандык байланыштары бар адамдардын тобу катары аныкталган үй-бүлөдөн айырмаланып, үй-бүлө мүчөлөрү

сөзсүз түрдө кан менен байланышкан эмес. Түтүндүн түзүмү (башкача айтканда, бүлө мүчөлөрүнүн курамы) убакыттын өтүшү менен дүйнөдөгү экономикалык жана социалдык-маданий өнүгүүлөргө жараша олуттуу өзгөрүүгө дуушар болгон. Түтүндүн орточо көлөмү акырындык менен азайып, чоң үй-бүлөлөрдүн катышы азаюуда, ал эми чакан үй-бүлөлөрдүн жана жалгыз жашаган адамдардын катышы көбөйүүдө (Başlevent, 2020: 18).

*Өлкөлөр боюнча түтүндөрдүн орточо өлчөмү*

| **Өлкөлөр** | **2011** | **2014** | **2017** | **2019** | **2020** |
|---|---|---|---|---|---|
| Германия | 2,0 | 2,0 | 2,0 | 2,0 | 2,0 |
| Австрия | 2,3 | 2,2 | 2,2 | 2,2 | 2,2 |
| Улуу Британия | 2,3 | 2,3 | 2,3 | : | : |
| Дания | 2,0 | 2,0 | 2,0 | 2,0 | 2,0 |
| Голландия | 2,2 | 2,2 | 2,2 | 2,1 | 2,1 |
| Эстония | 2,3 | 2,2 | 2,2 | 2,1 | 2,1 |
| Франция | 2,2 | 2,2 | 2,2 | 2,1 | 2,3 |
| Хорватия | 2,8 | 2,8 | 2,8 | 2,7 | 2,7 |
| Италия | 2,4 | 2,4 | 2,3 | 2,3 | : |
| Ирландия | 2,7 | 2,7 | 2,7 | 2,6 | 2,6 |
| Испания | 2,6 | 2,5 | 2,5 | 2,5 | 2,5 |
| Швейцария | 2,3 | 2,2 | 2,2 | 2,2 | 2,2 |
| Швеция | 2,1 | 2,0 | 2,1 | 2,0 | 2,0 |
| Литва | 2,4 | 2,3 | 2,2 | 2,2 | 2,2 |
| Норвегия | 2,1 | 2,1 | 1,9 | 2,0 | 2,0 |
| Польша | 2,8 | 2,8 | 2,8 | 2,8 | 2,8 |
| Португалия | 2,6 | 2,6 | 2,5 | 2,5 | 2,5 |
| Словакия | 2,8 | 2,8 | 2,8 | 2,9 | 2,9 |
| Финляндия | 2,1 | 2,0 | 2,0 | 2,0 | 2,0 |
| Түркия | 3,7 | 3,5 | 3,4 | 3,3 | 3,3 |
| Греция | 2,6 | 2,5 | 2,6 | 2,6 | 2,6 |

Булак: EUROSTAT, 2020b: Average household size

2020-жылдын маалыматтарын эске алганда, түтүндөрдүн орточо өлчөмү Германия, Швеция, Норвегия жана Дания сыяктуу Европа өлкөлөрүндө 2,0 менен эң төмөнкү деңгээлде турат. Словакия Хорваттардын түтүндөрү эң көп болгон өлкөлөрдүн катарына кирет. Европа өлкөлөрүндө, ошондой эле дүйнөнүн башка өлкөлөрүндө түтүндүн көлөмүнүн кичирейгенин көрүүгө болот.

*Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигине кирген өлкөлөр боюнча түтүндүн орточо өлчөмү*

| Өлкөлөр | Орточо | | Шаар | | Айыл | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2000 | 2010 | 2000 | 2010 | 2000 | 2010 |
| Азербайжан | 4,7 | 4,7 | 4,4 | 4,6 | 5,0 | 4,9 |
| Армения | 4,1 | 4,0 | 4,0 | 3,7 | 4,4 | 4,4 |
| Белорусия | 2,6 | 2,4 | 2,7 | 2,5 | 2,4 | 2,3 |
| Казакстан | 3,6 | 3,6 | 3,1 | 3,2 | 4,4 | 4,4 |
| Кыргызстан | 4,3 | 4,7 | 3,5 | 3,8 | 4,9 | 5,2 |
| Россия | 2,7 | 2,6 | 2,7 | 2,5 | 2,8 | 2,8 |
| Тажикистан | 5,8 | 6,3 | 4,5 | 5,1 | 6,5 | 6,8 |
| Түркмөнистан | 5,3 | - | 4,6 | - | 6,0 | - |
| Украина | 2,6 | - | 2,6 | - | 2,8 | - |

Булак: CİSSTAT (2010), Число домохозяйств и их средний размер

КМШ өлкөлөрүндөгү акыркы эл каттоонун негизинде түтүндөрдүн өлчөмдөрүнүн катышын эске алганда, Тажикстан 6,3 менен түтүндөрүнүн көлөмү боюнча биринчи орунда турат. Бул өлкөдөн кийин 4,7 менен Азербайжан жана Кыргызстан турат. Акыркы орунда Белоруссия 2,4, Орусия 2,6 турат. Казакстанда 2020-жылы түтүндөрдү саны 3,4 түзгөн. Өзбекстанда 2000-жылы 5,4 болгон түтүнүн көлөмү 2010-жылы 5,3; 2020-жылы 5.0 деп аныкталган (STATUZ, 2021).

Дүйнөнүн башка өлкөлөрүндөгүдөй эле КМШ өлкөлөрүндө түтүндөрдүн көлөмү жыл сайын азайып баратат деп айтууга болот.

Түтүндөрдүн көлөмүнүн төмөндөшү дүйнөлүк кубулуш катары алдыбызда турат.

**Корутунду**

Тарыхый процесс ичинде үй-бүлөнүн ролу модерндешүү жана ааламдашуу процесси менен бирге ыкчам өзгөрүүсүн улантып жатат. Бүгүнкүгө чейин жеткен үй-бүлө институттарында:

Модерндешүү жана ааламдашуу процессинде социалдык, маданий жана экономикалык чөйрөлөрдөгү өзгөрүүлөр үй-бүлөнүн түзүлүшүндө жана функцияларында маанилүү өзгөрүүлөрдү алып келди. Айрыкча өткөн кылымдагы илимий-техникалык жетишкендиктер, индустриялаштыруу, ички жана тышкы миграциялык мобилдүүлүк, интенсивдүү урбандашуу сыяктуу өнүгүүлөр салттуу үй-бүлөнүн түзүлүшүнө жана функцияларына олуттуу таасирин тийгизген. Коомдун пайдубалы жана өзөгү катары кабыл алынган үй-бүлө институту бүгүнкү күндө ааламдык жана локалдык деңгээлде алсыздануу жана чачыранды процессин башынан өткөрүп жатат. Альтернативалык үй-бүлө типтериндеги ар түрдүүлүк жана ар башка үй-бүлөнүн түрлөрү жогорудагы жагдайлардын ачык-айкын чагылышы болуп саналат.

Үй-бүлө түзүлүштөрүндөгү айырмачылыктар олуттуу түрдө көбөйүүдө. Чоң үй-бүлөлөрдүн ордун нуклеардык үй-бүлөлөр, ал эми нуклеардык үй-бүлөлөрдүн толук эмес үй-бүлөлөргө алмашуусу сыяктуу абалда болуп жатат.

Ажырашуулардын көбөйүшү же ажырашуунун себептери коомдук өзгөрүүлөрдөн көз каранды болбогондугун, башкача айтканда, ажырашууларга социалдык-экономикалык деңгээлдин көтөрүлүшү менен аялдардын өз алдынча болушу сыяктуу факторлор таасирдүү. Мындан тышкары, коомдо ажырашкандарды мурункуга салыштырмалуу жеңилирээк кабыл алуусу, коомдо ажырашкан жубайларга карата терс мамиленин азайышы сыяктуу факторлор: социалдык көзөмөл жана коомдук басым механизмдеринин таасирин жоготуу көрсөткүчү.

Коомдун байгерчилик деңгээлинин жогорулашы жеке адамдардын үй-бүлө курууга байланышкан көйгөйлөрүн чечүү

жолдорун издөөнүн ордуна экономикалык көз карандысыздыкты мүмкүнчүлүк катары пайдаланып, өзүнчө үйгө бөлүнүп чыгуу же башка үйгө көчүп кетүү каалоосун күчөттү. Модерндешүү жана ааламдашуу процесси үй-бүлөгө болгон байланышты азайтты.

Ааламдашуу шартында жаштар арасында үй-бүлө куруу “белгисиздикке” алып келет жана алар үй-бүлө курууга шашылбайт. Үй-бүлө куруу жаш курагындагылардын санынын көбөйүшү жана балдардын санынын азайышы жаштардын узак мөөнөттүү жоопкерчиликтен (мисалы, үй-бүлө жана балдар) качуусу менен байланыштуу болушу мүмкүн.

Аялдардын иш жашоосуна активдүү катышуусу, айрыкча, аялзатынын табиятына туура келбеген тармактарда жана чөйрөлөрдө иштеши төрөттүн төмөндөшүнүн эң маанилүү факторлорунун бири катары кароого болот.

Дүйнө жүзүндө төрөттүн көрсөткүчү төмөндөп жатат. Төрөттүн төмөндөшү дүйнөдөгү бардык өлкөлөрдүн дээрлик жарымында азыркы калктын санын камсыз кылуу үчүн балдардын жетишсиз санда төрөлбөй жатканын билдирет. Мындан тышкары, төрөттүн саны жана көрсөткүчү боюнча өлкөнүн өнүккөн жана өнүкпөгөн аймактарынын ортосундагы айырмачылыктар уланууда.

Дүйнө жүзү боюнча көптөгөн өлкөлөрдө төрөттүн көрсөткүчтөрүнүн төмөндөп жатышы жакынкы жылдарда үй-бүлө куруу жаш курагынын да, төрөт курагындагы калктын да азайышына алып келет да, бул абал калкка түздөн-түз таасирин тийгизет.

Үй-бүлө куруу жаш курагынын жогорулашы төрөттү азайтып жатат жана бул тенденция азыр ааламдык дүйнөнүн жалпы мамилесине айланды.

Үй-бүлө куруунун санынын азайышы улана берсе, келечекте ажырашуулардын санына да таасирин тийгизери болжолдонууда.

Айрыкча өнүгүп келе жаткан же начар өнүккөн өлкөлөрдө экономикалык каатчылыктар, жумушсуздук, жакырчылык, шаар турмушун алып кетүү аракеттери көпчүлүк коомдорго терс таасирин тийгизүүдө. Оор турмуш адамдардын үй-бүлө курууга болгон кызыгуусунун төмөндөшүнө себеп болгон бул жагдай,

бакубат жашоодо жашап жаткан, негизинен өнүккөн өлкөлөрдө никесиз үй-бүлөлөрдүн жана чогуу жашаган өнөктөштөрдүн көбөйүшүнө, каттоосуз же атасыз балдардын төрөлүшүнө алып келет.

Бул учурдагы үй-бүлө куруу жана төрөттүн деңгээлинин олуттуу төмөндөшү, нике жана төрөт курагынын жогорулашы, ажырашуулардын көбөйүшү, толук эмес үй-бүлөнүн жана башка альтернативдик үй-бүлө түрлөрүнүн көбөйүшү, никесиз төрөттөрдүн көбөйүшү, түтүндөрдүн санынын азайышы, өзгөрүү жана үй-бүлө түзүмүнүн жана функциясынын өзгөрүшү дүйнөлүк чындыктагы көйгөйлөр катары учуратабыз.

Кыскасы, аталган үй-бүлө институттарында дүйнөлүк окшоштуктар жаралып, жалпы багыттары аныкталып, алардын стадиялары дүйнөлүк реалдуулукка айланганы ачык көрүнүп турат. Үй-бүлөдөгү жалпы тенденциялар ааламдашуу процессиндеги окшоштуктарды ачык көрсөтүп жатат.

## Колдонулган адабияттар

Aktay, Yasin (2010), "Modern Dünyada Ailenin Dönüşümü ve Muhtemel Geleceği Üzerine Mülahazalar ve Geleneğe Dayalı Problemler". *Küreselleşen Dünyada Aile: 2009 Yılı Kutlu Doğum Sempozyumu Tebliğ ve Müzakereleri,* Ankara: Türkiye Diyanet Vakfı Yayınları.

Aydın, Mustafa (2016), "Ailede Çocuk ve Ebeveynle İlişkisi", *Sistematik Aile Sosyolojisi* (Ed.: Mustafa Aydın), Konya: Çizgi Kitabevi, ss. 195-214.

Aytekin, Emre (01.06.2021) "Nüfus Artış Hızı Yavaşlayan Çin Çocuk Sayısı Kısıtlamalarını Esnetiyor", *Anadolu Ajansı,* https://www.aa.com.tr/tr/dunya/nufus-artis-hizi-yavaslayan-cin-cocuk-sayisi-kisitlamalarini-esnetiyor/2260252, Erişim: 10.01.2022.

Bal, Hüseyin (2019), *Demografi,* Bursa: Sentez Yayıncılık.

Başar, Emel (2013), *Demografiye Giriş,* Ankara: Gazi Kitabevi.

Başlevent, Cem (2020), "Türkiye'nin Değişen Hanehalkı Yapısı: Tek Kişilik Haneler Ne Durumda?", *Yıldız Social Science Review,* S. 1: ss. 17-31.

Bauman, Zygmunt (2012), *Küreselleşme/ Toplumsal Sonuçları* (Çev.: Abdullah Yılmaz), İstanbul: Ayrıntı Yayınları.

Bilgin, Vedat (1991), "Yapısal Özellikleri İtibariyle Ailenin Görünümü", *Türkiye Aile Yıllığı 1991*, Ankara: T.C Başbakanlık Aile Araştırma Kurumu Yayınları, ss. 41-52.

Can, İslam (2014), "Moderniteden Postmoderniteye Ailenin Ontolojisi ya da Modern Çekirdek Aile Çerezleşiyor mu?", *Aile Sosyolojisi Yazıları*, Ed. Mustafa Aydın, İstanbul, Açılım Kitap, ss. 51-81.

CİSSTAT (2010), Число домохозяйства и их средний размер, http://www.cisstat.com/census/households-1.pdf, Маалымат алуу убактысы: 01.02.2022.

Çağlayandereli, Mustafa (2019), *Nüfus Sosyolojisi*, Ankara: Detay Yayıncılık.

Денисенко, Михаил (2004), "Брачность и разводимость в Кыргызстане", *Население Кыргызстана. Бишкек: Нацстатkомитет Кыргызской Республики.*

Department of Statistics Malaysia (2021), "Marriage and Divorce Statistics, Malaysia",https://www.dosm.gov.my/v1/index.php?r=column/pdfPrev&id=RWwxcjBJeERmcnNlYnZnYVZYR0VKUT09,Erişim: 20.02.2022.

Dikeçligil, F. Beylü (2014), "Aileye Dair Kabullerin Ezber Bozumu". Aile Sosyolojisi Yazıları (Ed.: Mustafa Aydın). İstanbul: Açılım Kitap. ss. 13-50.

EUROSTAT (2020a), Total fertility rate 1960–2019, https://ec.europa.eu/eurostat/statistics-explained/index.php?title=File:Table_1_Total_fertility_rate,_1960%E2%80%932019_(live_births_per_woman).png

EUROSTAT (2020b), Average household size, https://ec.europa.eu/eurostat/databrowser/view/ilc_lvph01/default/table?lang=en, Erişim: 10.01.2022.

EUROSTAT (2020c), Crude marriage rate and crude divorce rate, https://ec.europa.eu/eurostat/databrowser/view/tps00206/default/table?lang=en, Erişim: 01.02.2022

EUROSTAT (2020d), Divorce indicators, https://ec.europa.eu/eurostat/databrowser/view/demo_ndivind/default/table?lang=en, Erişim: 10.01.2022.

EUROSTAT (2020e), Marriage and divorce statistics, https://ec.europa.eu/eurostat/statistics-explained/index.php?title=Marriage_and_divorce_statistics&oldid=549023

EUROSTAT (2020f), Share of children (aged less than 18) living with their parents by type of household-EU-SILC survey,

https://ec.europa.eu/eurostat/databrowser/view/ilc_lvps20/default/table?lang=en, Erişim: 01.02.2022.

EUROSTAT (2020g), Share of live births outside marriage 2020, https://ec.europa.eu/eurostat/databrowser/view/tps00018/default/table?lang=en , Erişim: 01.02.2022

EUROSTAT (2020h), Mean age at first marriage 2020. https://ec.europa.eu/eurostat/databrowser/view/demo_nind/default/table?lang=en, Erişim: 10.10.2021

EUROSTAT (2020ı), Fertility rate by mother's age group, https://ec.europa.eu/eurostat/statistics-explained/index.php?title=Fertility_statistics#The_birth_rate_in_the_EU_decreased_at_a_slower_pace_between_2000_and_2019_than_before

EUROSTAT (2020i), How many single-parent households are there in the EU? 2020, https://ec.europa.eu/eurostat/en/web/products-eurostat-news/-/edn-20210601-2, Erişim: 01.02.2022.

Fihter, Joseph (2001), *Sosyoloji Nedir?* (Çev.: Nilgün Çelebi), Ankara: Atilla Kitabevi.

Гидденс, Антони (2004), *Ускользающий мир: как глобализация меняет нашу жизнь. Москва: Вес мир*

Giddens, Anthony (2008), *Sosyoloji* (Haz.: Cemal Güzel), İstanbul: Kırmızı Yayınları.

Гурко, Татьяна (2008), Глобализация и семья. https://www.isras.ru/blog_gurko1.html, Маалымат алуу убактысы: 01.02.2022.

Комитет СНГ, Население, занятность и условия жизни в странах содрудничество независимых государств 2018 (2019), Москва: Межгосударственный статистический комитет СНГ.

Максимова, Ксения (2021), Путин назвал счастьем иметь детей. Gazetaru. https://www.gazeta.ru/social/news/2021/12/23/17054395.shtml, Маалымат алуу убактысы: 01.02.2022

STATİSTA (2022), Marriage rate in China from 2000 to 2021, https://www.statista.com/statistics/1055659/china-marriage-rate, Erişim: 20.02.2022.

Australian Bureau of Statistics (2021), Marriages and Divorces, Australia, https://www.abs.gov.au/statistics/people/people-and-communities/marriages-and-divorces-australia/latest-release, Erişim: 20.02.2022.

Marshall, Gordon (1999), *Sosyoloji Sözlüğü* (Çev.: Osman Akınhay, Derya Kömürcü). Ankara: Bilim-Sanat.

Özyurt, Cevat (2012), *Küreselleşme Sürecinde Kimlik ve Farklılaşma,* İstanbul: Açılım Kitap.

Рачипа, Андрей; Самыгин, Сергей; Верешагина, Анна (2016), "Гражданский брак в России: причины и последствия распространения в молодежной среде". Гуманитарные социально-экономические и общественные науки. С. 1-10.

Ritzer, George (2011), *Küresel Dünya,* İstanbul: Ayrıntı Yayınları.

РОСТАТ (2021), Федеральная служба государственной статистики, Демография, браки и разводы. https://rosstat.gov.ru/folder/12781, Маалымат алуу убактысы: 02.02.2022.

SEKAM (2010), Türkiye'de Aile/Ailenin Yapısal Özellikleri İşlevleri ve Değişimi (Sekam Araştırma Raporu). İstanbul: Sekam Yayınları.

Statistics Bureau of Japan (2022). Statistical Handbook of Japan 2021, https://www.stat.go.jp/english/data/handbook/pdf/2021all.pdf#page=1, Erişim: 20.02.2022.

СТАТИСТИКА СНГ (2020), О демографической ситуации в странах СНГ в 2019 году, http://www.cisstat.com/migration/demographic%20situation%20in%202019.pdf, Маалымат алуу убактысы: 10.10.2021

СТАТКОМ (2020), Средний возраст матери при рождении первого ребянка по территории, http://stat.kg/kg/statistics/gendernaya-statistika/

СТАТКОМ (2021a), Средний возраст при вступлении в брак по полу и территории, http://stat.kg/kg/statistics/gendernaya-statistika/ Маалымат алуу убактысы: 10.10.2021

СТАТКОМ (2021b), Суммарный коэффициент рождаемости по территории, http://stat.kg/kg/statistics/gendernaya-statistika/ Маалымат алуу убактысы: 10.10.2021; Денисенко, М. Б. (2004). «Брачность и разводимость в Кыргызстане». Население Кыргызстана. Бишкек: Нацстаткомитет Кыргызской Республики.

СТАТУЗ (2021), Информация и среднем составе домашних хозяйство, https://stat.uz/ru/ofitsialnaya-statistika/living-standards, Маалымат алуу убактысы: 01.02.2022

Subaşı, Necdet (2014), "Toplumsal Değişme, Aile ve Yeni Risk Alanları". *Aile Sosyolojisi Yazıları* (Ed.: Mustafa Aydın). İstanbul: Açılımkitab, ss. 101-118.

Şahin, Salih (2018), *Geçmiş Günümüz ve Gelecekte Nüfus Gerçeği*, Ankara: Pegem Akademi.

Шпаковская, Лариса (2010), Гаржданский брак в России: Свобода и отношения. Практики и идентичности: Гендерное устройство. Санкт-Петербург: Издательство Европейского университета в Санкт-Петербурге.

TÜİK (2021a), *İstatistiklerle Aile* 2020. https://data.tuik.gov.tr/Bulten/Index?p=Istatistiklerle-Aile-2020-37251, Erişim: 01.02.2022.

TÜİK (2021b), Evlenme Sayısı, Kaba Evlenme Hızı, Boşanma Sayısı ve Kaba Boşanma Hızı, https://data.tuik.gov.tr/Bulten/Index?p=Evlenme-ve-Bosanma-Istatistikleri-2020-37211, Erişim: 10.10.2021

TÜİK (2021c), İstatistiki Bölge Birimleri Sınıflamasına Göre Annenin Ortalama Yaşı, https://data.tuik.gov.tr/Bulten/Index?p=Dogum-Istatistikleri-2020-37229, Erişim: 10.10.2021

TÜİK (2021d), İstatistiki Bölge Birimleri Sınıflamasına Göre Ortalama İlk Evlenme Yaşı, https://data.tuik.gov.tr/Bulten/Index?p=Evlenme-ve-Bosanma-Istatistikleri-2020-37211, Erişim: 10.10.2021

TÜİK (2021e), Temel Doğurganlık ve Ölümlülük Göstergeleri, https://data.tuik.gov.tr/Bulten/Index?p=Dogum-Istatistikleri-2020-37229, Erişim: 10.10.2021.

TÜİK (2021f), Annenin Yaş Grubuna Göre Doğumlar, https://data.tuik.gov.tr/Bulten/Index?p=Dogum-Istatistikleri-2020-37229, Erişim: 10.10.2021.

Turner, S. Bryan (2003), *Oryantalizm, Postmodenizm ve Globalleşme* (Çev.: İbrahim Kapaklıkaya), İstanbul: Anka Yayınları.

UNFPA (2021), State of World Population 2021, https://turkey.unfpa.org/sites/default/files/pub-pdf/swop2021-full-compressed.pdf, Erişim: 15.02.2022.

UNECE (2020), *Mean age of women at birth of first child*, https://w3.unece.org/PXWeb/en/Table?IndicatorCode=34, Erişim: 02.02.2022

Yıldırım, Ergun (2009), "Aile ve Evlilik Türleri", *Aile Sosyolojisi,* Ed. Kadir Canatan, Ergun Yıldırım, İstanbul, Açılım Kitap. ss. 81-102.

# ААЛАМДАШУУ ШАРТТАРЫНДА КЫРГЫЗСТАН ЖАШТАРЫНЫН ЦИВИЛИЗАЦИЯЛЫК ИДЕНТТҮҮЛҮГҮНҮН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

# (ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРДЫН МИСАЛЫНДА)

Самарбек Сыргабаев[1]

**Киришүү**

Бул эмгек студенттик жаштардын цивилизациялык иденттүүлүктөрүнүн калыптануу процессин социологиялык талдоого багытталган.

Ааламдашуу заманында социалдык иденттүүлүктүн бир түрү катары цивилизациялык иденттүүлүк маселеси актуалдуу болуп калды. Себеби ал коомдун чет мамлекеттерге, мамлекеттик биримдиктерге/альянстарга, кеңири алганда цивилизацияларга карата мамилесин аныктап, өлкөнүн тышкы саясатынын багытына, ошондой эле жалпы геосаясий мейкиндиктеги ордуна да олуттуу таасирин тийгизет. Ал эми ири цивилизациялык мейкиндиктердин кесилишинде жайгашкан Кыргызстан үчүн цивилизациялык иденттүүлүктүн орду теориялык жактан эле эмес, практикалык иш-аракеттер жагынан да орчундуу мааниге ээ десек жаңылышпайбыз. Андыктан цивилизациялык иденттүүлүктү илимий өңүттө изилдөө, өзгөчө келечектин моделин түзгөн жаштар арасындагы ушул маселеге назар салуу, талдоо, тиешелүү корутундуларды чыгаруу мезгилдин талабы болуп саналат.

Учурда студенттик жаштардын цивилизациялык иденттүүлүктөрү көп факторлордун таасири астында калыптанууда. Алардын катарына ааламдашууну, коммуникация

[1] Социлогия илимдеринин кандидаты, доценттин милдетин аткаруучу, К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети, Социология кафедрасы

технологияларынын өнүгүшүн, максаттуу геосаясатты жана тышкы миграция процесстерин киргизсек болот. Ошондой эле тигил же бул мамлекет менен эл аралык кызматташуунун негизинде түзүлгөн билим берүү чөйрөлөрү да орчундуу роль ойноп жатат.

Бул макалада Кыргызстандын борбор шаарында жайгашкан 6 университетте билим алып жатышкан студенттик жаштар арасында жүргүзүлгөн чалгындоочу социологиялык изилдөөнүн жыйынтыктары сунушталган. Алынган жыйынтыктардын анализинин негизинде цивилизациялык иденттүүлүктүн калыптанышында билим берүү чөйрөсүнүн ролу орчундуу, бирок ошол эле мезгилде студенттик жаштарда бир өңчөй цивилизациялык иденттүүлүктүн жоктугу тууралуу корутундулар жасалган. Маселен, Борбордук Азиядагы Америка Университетинде же Кыргыз-Орус Славян Университетинде окуган студенттердин биз божомолдогондой АКШга же Орусияга артыкчылык берген, ачык-айкын калыптанган цивилизациялык иденттүүлүгү жок экендиги байкалган. Жалпысынан алганда учурда студенттик жаштардын цивилизациялык иденттүүлүктөрүнүн негизги векторлорун Орусия, Түркия жана Батыш өлкөлөрү түзөт. Өзгөчө Түркияга карата студенттик жаштардын коомдук пикири кыйла позитивдүү маанайда экендиги аныкталган.

## Маселе алкагы

Ааламдашуу процесси пайда кылган орчундуу көрүнүштөрдүн бири катары инсандын иденттүүлүк таңкыстыгын (дефицитин) белгилесек болот. Анткени ааламдашуу инсандын иденттүүлүгүнө кандайдыр бир деңгээлде коркунуч гана туудурбастан, анын калыптануу шарттарын да кескин өзгөртүүдө. Муну төмөнкүдөй жагдайлар менен түшүндүрсөк болот.

Биринчиден, ааламдашуу шарттарында социалдык карым-катнаштар трансулуттук (же трансмамлекеттик) мүнөзгө ээ болуп баратат. Мурдагы, салттуу болуп калган коом, улут/нация (nation), мамлекет сыяктуу ири түзүмдөргө негизделген иденттүүлүк бузулуп жатат. Социолог У.Бек (2001: 45) жазгандай, ааламдашуу менен бирге өз ара бөлүнгөн таймактык биримдиктер иретинде коомдор, мамлекеттер таянып келген принциптер талкаланууда.

Ошондой эле бул окмуштуунун пикиринде улуттук, мамлекеттик биримдиктер жана субъекттер менен трансулуттук акторлордун, демек иденттүүлүктөрдүн ортосунда атаандаштыктар жана конфликттер жаралат (Бек, 2001). Мурдагы иденттүүлүк булактарынын кыйраганын С.Хантингтон да баса белгилейт. Урбандашуудан улам айылдан шаарды көздөй чубаган сапарында адамдар өз тамырынан алыстап, ушундай эле тамырынан ажырагандар менен байланыштарды түзүшөт. Ал эми булар, өз кезегинде, жаңы иденттүүлүктүн булагына муктаж экендигин окумуштуу белгилейт (Хантингтон, 2004).

Экинчиден, иденттүүлүккө маданият чөйрөсүндөгү ааламдашуудан келип чыккан процесстер олуттуу сокку урууда. Улуттук маданияттар бөтөн, көпчүлүк учурда "батыштыкы" деп аталган жашоо мүнөзүн, ошондой эле ой жүгүртүү стилин жана дүйнөтаанымын да сокур көчүрүп алуу маселесине дуушар болушту. Чынында эле бүгүн универсалдуу маданий үлгүлөрдү дүйнөнүн дээрлик бардык булуң-бурчунан жолуктура алабыз.

Албетте, ааламдашуу бир гана тобокелдиктерди жана коркунучтарды жаратпастан, пайдалуу жактарына да ээ болууда. Алсак, маалыматтык коммуникация технологияларынын өнүгүшүнүн артынан социалдык байланыштар "ааламдашты". Ал адамдар үчүн белгилүү бир маданияттын чегинен чыгып, бөлөк маданиятарга аралашуусуна шарт түздү. Биз бул көрүнүштү өзгөчө керектөө тажрыйбаларынан жана массалык маданияттан даана көрө алабыз. Анткени булар коомдордун тигил же бул цивилизациялык таандыктыгына карабастан улам барган сайын бир тектүү болуп баратат. Мындай жагдай дүйнөнүн универсалдашуусу, айрымдарында батышташуусу (вестернизация) тууралуу идеялар орун алган илимий теорияларды пайда кылды.

Ошондой эле ааламдашуу социалдык иденттүүлүктүн бир деңгээли катары цивилизациялык иденттүүлүктү да калыптандырууда. 1991-жылдан тартып мурдагы эки "уюлдуу" дүйнөнүн ордуна келген цивилизациялык көп түрдүүлүк шарттарында инсандар бир мамлекеттин чегинде эле эмес, Ааламдык деңгээлде да өз иденттүүлүгүн кайрадан аныктоого муктаж болууда. Ушул өңүттөн алганда цивилизациялык идентүүлүк маселеси өзгөчө актуалдуулукка ээ болуп калды.

Себеби ал коомдун чет мамлекеттерге (мамлекеттик биримдиктерге/альянстарга), кеңири алганда цивилизацияларга карата мамилесин аныктап, өлкөнүн тышкы саясат багытына, ошондой эле жалпы геосаясий мейкиндиктеги ордуна да олуттуу таасирин тийгизет. Ал эми ири цивилизациялардын кесилишинде жайгашкан Кыргызстан үчүн цивилизациялык иденттүүлүктүн орду теориялык жактан эле эмес, практикалык иш-аракеттер жагынан да мааниси орчундуу десек жаңылышпайбыз. Андыктан цивилизациялык иденттүүлүктү илимий өңүттө изилдөө, өзгөчө келечектин моделин түзгөн, коомдун авангарды болгон жаштар арасындагы ушул маселеге назар салуу, талдоо, тиешелүү корутундуларды чыгаруу мезгилдин талабы болуп саналат.

**Ааламдашуунун цивилизациялык өңүтү**

Коом өнүгүшүн түшүндүрүүдөгү цивилизациялык өңүт XVIII кылымда пайда болгон. Ал Батыштын христиандык цилизацияларынын бөлөк дүйнөлөр менен карама-каршылыгын түшүнүдүрүү аракетинин негизинде калыптанган. Ошентсе да цивилизациялык өңүт илимий көз караш иретинде XX кылымда гана чындап өнүгө алды. "Цивилизация" жана "цивлизациялык иденттүүлүк" түшүнүктөрүн иштеп чыгууга олуттуу салым кошкон окумуштуулардын катарында О.Шпенглер, А. Тойнби, С.Хантингтон жана Н.Я. Данилевский турат.

Шпенглер (1993) жалпы дүйнөлүк (же ааламдык) цивилизацияга өтүүдөн маданияттын кыйрашын көргөн. Бул окумуштуунун пикири боюнча, цивилизация дүйнөлүк шаарды жана элетти бириктирген система болуп саналат. Цивилизацияланган адамдар космополиттик түзүлүштүн ичинде камыр-жумур аралашып, мурдагы маданий стилдерди, символдук маанилерди жоготушат. Башкача айтканда улуттук өзгөчөлүктөр цивлизацияга чөгүп, жок болот.

Тойнби (2002) үчүн цивилизация убакыт жана мейкиндикте чектелген тарыхтын бир бөлүгү болуп саналат. Тойнбинин цивилизациялардын гүлдөп өсүшү жана кыйрашы тууралуу концепциясы цивилизациялык иденттүлүктүн мааниси олуттуу экендигин көрсөттү. Себеби мындай иденттүүлүк ошол цивилизациянын жалпы динамикасын, тышкы коркунучтарга жооп

беришин, алтургай бөлөк цивилизацияларга таасир этишин аныктаган күчтүү фактор экендигин айгинеледи. Батыш дүйнөсүнүн келечегине карата ишенбөөчүлүк көз карашы Тойбини жана Шпенглерди идеялык жактан жакындатып турат. Бул ойчулдардын пикиринде Батыш өзүнөн өзү кыйрайт, анткени анын цивилизациялык иденттүүлүгүнүн, мисалы, исламдык же конфуцийдик цивилизацияларга салыштармалуу туруктуу өзөгү жок.

Цивилизация маселесин белгилүү бир деңгээлде геосаясий куралга айландыруу аракетин С.Хантингтон жасаган. Хантингтон боюнча (2003) цивилизация – эң жогорку деңгээлдеги маданий жалпылык. Андан жогору адамзаттын теги (расасы) гана турат. Өзүнүн эмгегинде бул окмуштуу цивилизацияны тил, тарых, дин, салттар, институттар жана адамдардын субъективдүү иденттүүлүктөрү антыктайт - дейт (Хантингтон, 2003: 33).

Учурда цивилизация түшүнүгүнө карата көптөгөн аныктамалар жана көз караштар (социологиялык, маданият таануучулук, географиялык ж.б.) бар экендигин белгилей кетүү абзел. Биздин оюбузча, аларды төмөндөгүдөй негизги 3 топко бириктирүүгө болот:

1) цивилизация – бул коомдун материалдык жана руханий өнүгүшүнүн бир баскычы. Ар бир баскыч өзүнүн тиешелүү экономикалык жана технологиялык өнүгүү деңгээлине, саясий түзүлүшүнө, коомдук мамилелер тутумуна, менталдуулукка жана руханий баалуулуктарга ээ болот;

2) цивилизация – белгилүү бир географиялык аймактын жана тарыхый доордун маданияты;

3) цивилизация – маданияттын синоними. Мына ушул чакан жапылоо эле цивилизациялык өңүттүн семантикасы абдан кеңири экендигин көрсөтүп турат. Андыктан тигил же бул тутумду "цивилизация" деп атаганыбыз биздин дүйнөтааным моделибизде цивлизациянын кайсы белгилерине (мисалы, тил, дин, аймак, саясий түзүлүш ж.б.) басым жасагандыгыбызга байланыштуу болот.

XX кылымдын аягы XXI кылымдын башында келип чыккан ааламдык белгисиздик абалы цивилизациялык иденттүүлүк көйгөйүнүн песпективасы боюнча бир нече көз караштардын пайда болушун шарттады. Аларды ушул ааламдык аныксыздык

маселелеси тигил же бул багытта чечилерин божомолдогон төрт идеологиялык сценарийге ажыратсак болот:

1. *“Тарыхтын аякташы” сценарийи*

Бул көз караштын өзөгүн Ф.Фукуяманын идеялары түзөт. Фукуяманын (2007) пикирине ылайык, жаңырган миң жылдыкта либералдык жана демократиялык баалуулуктардын доору келет, Батыштын универсалдуу ченемдерине негизделген Ааламдык цивилизация калыптанат.

2. *“Макдоналддашуу” сценарийи*

Америкалык социолог Ж. Ритцердин (2011) ою боюнча бир уюлдуу дүйнө келип чыгып, анын гегемонуна Америка Кошмо Штаттары айланат. Дүйнө жүзүндө батышташуу (вестернизация) жана американизация ишке ашат.

3. *“Цивилизациялардын кагылышуу” сценарийи*

Хантингтондун (2003) көз карашында ааламдашуу тенденциясы цивилизацияларлардын ортосундагы ажырымдын пайда болушу менен коштолот. Маселен, ислам жана христиан цивилизацияларынын ортосунда кагылышуулар орун алат.

4. *“Үчүнчү жол” сценарийи*

Социолог Э.Гидденстин (Giddens, 2000) айтымында, модернизацияланиуунун жана ааламдашуунун альтернативдүү жолдорун издөө аракеттери болот. Ал локалдуу цивилизациялык долбоорлордун негизинде ишке ашат. Бир жагынан либерализмдин, экинчи жагынан социалисттик модернизациянын кескин түрдө карама-каршы келген сапаттары жоюлуп, “үчүнчү жолду” табуу зарылдыгы орун алат.

Демек, жогоруда биз кыскача токтолгон сценарийлер – бул ааламдашкан дүйнөнүн келечекте мүмкүн болгон өнүгүү багыттары. Бирок, бардыгыбызга белгилүү болгондой, биринчи, “тарыхтын аякташы” жөнүндөгү көз караштар бүгүнкү күндө дээрлик жокко чыкты. Кийинкилер – “цивилизациядардын кагылышы” жана “макдоналддашуу” учурда эриш-аркак ишке ашып жатат дегенге негиз бар. Ал эми альтернативдүү “үчүнчү жол” учурда иштелип чыгууда жана анын кандайча жүзөгө аша турганы азырынча белгисиз.

**Изилдөөнүн концепциясы жана методологиясы**

Кыргызстандыктардын цивилизациялык иденттүүлүгүн социологиялык маселе катары изилдөөгө багытталган академиялык эмгектер дээрлик жокко эсе. Мындай шарттарда чалгындоо изилдөөлөрүн жүргүзүү эмпирикалык жактан туура стратегия болуп саналат. Андыктан бул изилдөө жыйынтыктары карала турган биздин изилдөө да чалгындоочу мүнөзгө ээ.

Бул эмгекте колдонуп жаткан "цивилизациялык иденттүүлүк" түшүнүгүн биз тигил же бул мамлекеттерге же мамлекеттик биримдиктерге/альянстарга, кеңири алганда цивилизацияларга карата таандыктык сезими деп аныктайбыз. Бүгүн цивилизациялык иденттүүлүктүн калыптанышына маданий ааламдашуу, коммуникациялык технологиялардын өнүгүшү жана миграциядан тышкары дагы бир катар башка факторлор таасир этүүдө десек болот. Алардын ичинде геосаясий процесстердин да ролу чоң. Кыргызстан географиялык жактан ааламдык саясий кызыкчылыктар кесилишкен чекитте жайгашкан.

Бүгүн өлкөбүз төрт ири цивилизациялык – евразиялык (орусиялык), исламдык, батыштык (америкалык) жана кытайлык мейкиндиктер жүздөшкөн жерде орун алууда. Мындай жагдай эгемен Кыргызстандын көп багыттуу тышкы саясатын аныктап келет. Ал эми ушул цивилизациялык "баарлашуу" жана таасир этүү процессинде "жумшак күч" орчундуу мааниге ээ. Билим берүү чөйрөсү буга мисал боло алат. Анткени дал ушул чөйрөдө цивилизациялык иденттүүлүктүн калыптанышына жагымдуу шарттар түзүлгөндүгү тууралуу божомолубуз (гипотезабыз) бар. Демек, биринчи кезекте жогорку окуу жайларына көңүл буруу максатка ылайыктуу.

Бул эмгекте негизги жыйынтыктары карала турган биздин социологиялык изилдөөбүз студенттик жаштардын цивилизациялык иденттүүлүктөрүнүн өзгөчөлүктөрүн айкындоого багытталган. Тактап айтканда, ушул өзгөчөлүктөрдүн калыптанышына билим берүү чөйрөсүнүн таасирин аныктоо негизги максат болуп саналат.

Аталган чалгындоочу социологиялык изилдөө 2019-жылдын ноябрь-декабрь айларында ишке ашырылган. Баштапкы маалыматтарды чогултуу бетме-бет (F2F) интервью аркылуу

жүргүзүлгөн. Изилдөөнүн алкагында Бишкек шаарында жайгашкан 6 жогорку окуу жайында билим алып жаткан 66 студенттен интервью алынган. Бул тандаманын курамына изилдөө максатына ылайык эл аралык макамга ээ болгон университеттер кирген. Сурамжылоого катышкандардын ички түзүмү төмөнкү 1-чи таблицада келтирилген.

*1-Таблица. Жогорку окуу жайлары боюнча респонденттердин бөлүштүрүлүшү*

| № | *Жогорку окуу жайы* | *Саны* | *Жынысы* | | *Окуу курсу* | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | *Эркек* | *Кыз* | *1* | *2* | *3* | *4* |
| 1. | *Кыргыз-Түрк "Манас" университети (КТМУ)* | 10 | 5 | 5 | 3 | 2 | 2 | 3 |
| 2. | *Борбордук Азиядагы Америка университети (БААУ)* | 10 | 4 | 6 | 3 | 1 | 2 | 4 |
| 3. | *К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик универститети (БМУ)* | 16 | 5 | 11 | 6 | 2 | 2 | 6 |
| 4. | *Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети (КУУ)* | 10 | 6 | 4 | 3 | 2 | 2 | 3 |
| 5. | *Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университети (КОСУ)* | 10 | 5 | 5 | 3 | 2 | 2 | 3 |
| 6. | *Махмуд Кашгари атындагы Чыгыш университети (ЧУ)* | 10 | 6 | 4 | 3 | 2 | 2 | 3 |
| | *Жалпы:* | 66 | 31 | 35 | 21 | 11 | 12 | 22 |

## Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары

Интервьюнун жүрүшүндө респондентерге жалпы 13 суроо узатылган. Мунун ичинде 2 суроонун алкагында (социалдык аралык жана башка өлкө/улуттарга карата байланыш сезими боюнча) студенттер өз пикирлерин сандык шкала аркылуу баалашкан.

Маектешүүдөн алынган жоопторду талдоо иликтенип жаткан маселе боюнча бир катар жыйынтыктарды алууга мүмкүнчүлүк берди.

Тандамага кирген жогорку окуу жайлардын студенттерин кандайдыр бир конкреттүү мамлекетте болуп жаткан окуялар кызыктырат деп айтууга болбойт. Изилдөө көрсөткөндөй, студенттик жаштарды кызыктырган мамлекеттердин диапазону абдан кеңири болуп, өзүнө Чыгыш Азия өлкөлөрүнөн тартып АКШга чейин камтыган. Ошол эле мезгилде респонденттердин тигил же бул өлкөгө болгон кызыгуусуна дүйнөдө актуалдуу болгон окуялар себеп болгондугун көрүүгө болот. Маселен, изилдөө учурунда студенттер Украинада жана Сирияда орун алган аскерий чыр-чатактарга көз салып жаткандыгын айтышкан.

Респонденттердин басымдуу бөлүгү университетте окуп жатып, кесиптик билим алуудан тышкары маданий жактан да жаңы маалыматтарга ээ болгондугун белгилешкен. Бул көрүнүш тандамага кирген эл аралык университеттердин алкагында даана байкалды. Атап айтканда, КТМУ, БААУ жана КОСУда окуган респонденттер университетте окуй элек мезгилге салыштырмалуу чет өлкөлөрдүн (маселен, Түркия, АКШ, Орусия) маданияты жөнүндө тереңирээк билип, салт-санаалары менен жакын тааныш болуп калгандыгын белгилешкен. Ушундай эле пикир БМУ жана КУУнун кытай факультеттеринде окуган студенттерден да байкалган. Респонденттер тиешелүү билим алуудан тышкары, тигил же бул өлкөгө/цивилизацияга таандык маданий өзгөчөлүктөрдү өздөштүрүү менен аларга карата көз караштарын өзгөртүшкөн. Атап айтканда, мурда (университетке чейин) өздөрүнө мүнөздүү болгон терс стереотиптерден арылып, чет элдик маданияттарга карата толеранттуулукка жана симпатияга негизделген көз карашка ээ болушкан. Ошентсе да респонденттердин көпчүлүгү бөтөн маданияттарга карата ачык-айкын байкалган таандыктык сезими, ошондой эле өзүн тигил же бул цивилизациянын бир бөлүгү катары сезүү (же жогорку деңгээлдеги цивилизациялык иденттүүлүгү) бар экендигин кесе айтышкан эмес. Мунун ордуна көбүнесе "жакындык сезими калыптанды" деген жоопторду беришкен. Бул жакындык өзгөчө университеттик чөйрөдө, окуу жайдын атмосферасында болгондо

айкын сезилип, ал эми окуу жайдан тышкары учурда мындай жагдай байкалбай тургандыгын билдиришкен.

Окууну аяктаган соң студенттер университеттин алкагында жакындык же таандыктык сезимин калыптандырган өлкөлөргө гана эле эмес (маселен, Түркия, Орусия, АКШ, Кытай, араб өлкөлөрү), бөлөк чет мамлекеттерге да кетүү ниети бар экендигин билдиришкен. Алардын катарында Батыш Европа өлкөлөрү – Германия, Франция, Улуу Британия, Италия ж.б. мамлекеттер аталган. Ал эми респонденттердин ири үлүшү Кыргызстан "тыгыз эл аралык мамиледе болушу керек" деп эсептеген өлкөлөр иретинде эң көп Орусия жана Түркияны белгилешкен. Мындан сырткары Борбордук Азия өлкөлөрү, тактап айтканда Казакстан жана Өзбекстан менен жылуу мамиле түзүү керектигин айтышкан.

Жогоруда баяндалган жагдайлар студент-жаштардын цивилизациялык иденттүүлүгүнүн айрым жактарын мүнөздөгөнгө мүмкүнчүлүк түзөт. Бирок бул маселени тереңдетип талдоо жана түпкү мазмунун ачыктоо үчүн респонденттерге берилген даректүү суроонун жоопторуна назар салуу абзел. Бул конкреттүү суроонун алкагында студенттер тигил же бул өлкөгө/улутка карата эң жакын байланыш же таандык болуу сезимин баалашкан. Буга ылайык 6 өлкөнү/улутту рангдык катарга жайгаштырышкан. Талдоо көрсөткөндөй, студенттик жаштар Орусия (59,1%) жана Түркия (16,7%) менен эң жакын байланышты сезишет. Аларга биринчи жана экинчи орундар ыйгарылган. Үчүнчү орунду америкалыктар ээлесе, төмөнкү рангда кытайлар жайгашкан (2-таблицаны караңыз).

*2-Таблица. "Сиз кайсы мамлекетке/улутка карата эң жакын байланышты сезесиз/таандык кыласыз?"*

| | Ранг | Пайыз |
|---|---|---|
| Орустарга (Орусияга) | 1 | 59,1 |
| Түрктөргө (Түркияга) | 2 | 16,7 |
| Америкалыктарга (АКШга) | 3 | 7,6 |
| Европалыктарга | 4,5 | 6,1 |
| Арабдарга (араб өлкөлөрүнө) | 4,5 | 6,1 |
| Кытайларга | 6 | 4,5 |

Респонденттердин бөлөк өлкөлөргө/улуттарга карата байланыш же таандык болуу сезимин университеттердин кесиминде талдап көрүп, айрым өзгөчөлүктөрдү байкай алдык. Алсак, БААУнун студенттери өздөрүн көбүрөөк Батыш Европа өлкөлөрүнө, башкача айтканда англосаксондук цивилизацияга таандык кылышкан. Ал эми АКШ тууралуу интервью учурунда өтө аз айтышкан. КОСУнун студенттери да көбүнесе биз күткөндөн айырмаланып, Европа өлкөлөрүнө жана АКШга карата байланыш сезимдери бар деген жоопторду беришкен. Ушундай эле көрүнүш ЧУнун респонденттерине да мүнөздүү болгон. Башкача айтканда алар Араб өлкөлөрүнө эмес, көбүрөөк Түркия жана Орусия менен байланышты сезерин айтышкан. Ушул өңүттөн алганда, КТМУнун студенттери гана өзүн көбүрөөк таандык кылган өлкө иретинде Түркияны аташкан. БМУ, КУУ жана ЧУнун сурамжыланган студенттери Орусияга артыкчылык беришкен. Жогоруда келтирилген байкоолор, ошондой эле интервьюлардан алынган тиешелүү жоопторду дыкат талдоо, студенттерде калыптанган цивилизациялык иденттүүлүктөргө “аморфтуулук” (бүдөмүк) жана “айкындык” критерийлери боюнча мүнөздөмө берүүгө негиз болду. Натыйжада БААУ жана КОСУнун студенттеринин цивилизациялык иденттүүлүктөрү аморфтуу, башкача айтканда өздөрүн таандык кылган же жакын байланышты сезген өлкө/улуттардын диапазону абдан кеңири экендиги аныкталды. Ал эми КТМУ, БМУ, КУУ жана ЧУ студенттеринде бул иденттүүлүк айкынырак калыптанган десек болот. Тактап айтканда, булардын басымдуу бөлүгү конкреттүү бир өлкөгө/улутка карата эң жакын байланыш сезимдерине ээ. КТМУ үчүн бул Түркия болсо, калгандары Орусияга артыкчылык беришкен (3-таблицаны караңыз).

*3-Таблица. Студенттердин цивилизациялык иденттүүлүктөрүнүн жалпы мүнөздөмөлөрү*

| *Университеттер* | *Цивилизциялык иденттүүлүктөрдүн жалпы мүнөздөмөсү* | *Өзүн көбүрөөк таандык кылган өлкөлөр (эң көп айтылган тартибинде)* |
|---|---|---|
| БААУ | "Амфортуу" (бүдөмүк, диапазону кеңири) | 1) Батыш Европа өлкөлөрү<br>2) АКШ (өтө аз айтылган) |
| КТМУ | "Айкын" (даана) | 1. Түркия<br>2. Орусия<br>3. Батыш өлкөлөрү |
| БМУ | "Айкын" (даана) | 1. Орусия<br>2. Түркия<br>3. Кытай<br>4. Араб өлкөлөрү |
| КУУ | "Айкын" (даана) | 1. Орусия<br>2. Түркия<br>3. Кытай |
| КОСУ | "Аморфтуу" (бүдөмүк, диапазону кеңири) | 1. Европа өлкөлөрү<br>2. АКШ<br>3. Орусия |
| ЧУ | "Айкын" (даана) | 1. Орусия<br>2. Түркия<br>3. Араб өлкөлөрү |

иденттүүлүктөрдүн мазмунун дагы тереңдетип талдоо үчүн изилдөөбүздүн алкагында америкалык социолог Эмори Богардустун "социалдык аралык" шкаласы дагы колдонулган. Бул шкала аркылуу студенттердин бөлөк өлкөнүн/улуттун өкүлдөрүн, башкача айтканда чет өлкөлүк жарандарды канчалык жакын же алыс "аралыкта" кабылдай ала тургандыгын аныктадык. Богардустун шкаласы "социалдык аралыкты" чагылдырган 7 критерийден турат: 1-чиси минималдуу, ал эми 7-чиси максималдуу аралыкты туюнтат. Минималдуу аралык тигил же бул өлкөнүн/улуттун өкүлүнө болгон толеранттуулукту, ачыктыкты жана ишенимди билдирсе, максималдуу аралык, тескерисинче,

интолеранттуулукту же такыр эле кабыл албоону түшүндүрөт. Респонденттердин бул шкала аркылуу өлчөнгөн пикирлери жалпылаштырылган түрдө төмөнкү, 4-таблицада чагылдырылган.

*4-Таблица. Студенттердин бөлөк өлкөнүн/улуттун өкүлдөрүнө карата аныктаган "социалдык аралыгы"*

| | Жакын тууганым/жубайым катары (*минималдуу аралык*) | Жакын досум катары | Чогуу иштеген кесиптешим катары | Бир көчөдө жашаган коңшум катары | Менин өлкөмдүн жараны катары | Менин өлкөмдөгү убактылуу турист катары | Бөлөк өлкөнүн жараны катары (*максималдуу аралык*) | Орточо аралык | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1 упай | 2 упай | 3 упай | 4 упай | 5 упай | 6 упай | 7 упай | | |
| | Пайыз менен | | | | | | | Упай орточосу | Стандарттык ката |
| Орустар | 5,5 | 38,2 | 29,1 | 7,3 | 14,5 | 3,6 | 1,8 | 3,05 | 0,186 |
| Түрктөр | 11,5 | 18,0 | 18,0 | 9,8 | 4,9 | 27,9 | 9,8 | 4,02 | 0,258 |
| Арабдар | 0,0 | 12,5 | 26,8 | 10,7 | 1,8 | 28,6 | 19,6 | 4,66 | 0,243 |
| Кытайлар | 3,6 | 10,9 | 18,2 | 12,7 | 5,5 | 25,5 | 23,6 | 4,76 | 0,257 |
| Европалыктар | 5,4 | 14,3 | 16,1 | 5,4 | 8,9 | 28,6 | 21,4 | 4,70 | 0,266 |
| Америкалыктар | 1,8 | 19,6 | 12,5 | 1,8 | 8,9 | 28,6 | 26,8 | 4,89 | 0,267 |

Жогоруда келтирилген 4-таблицадан көрүп тургандай, сурамжыланган студенттердин минималдуу орточо социалдык аралыктары орустарга (Орусияга – 3,05) жана түрктөргө (Түркияга – 4,02) карата мүнөздүү болсо, анын максималдуу көрсөткүчү кытайлыктарга жана америкалыктарга тиешелүү болгон. Атап

айтканда, студенттер өздөрү менен орустардын жана түрктөрдүн ортосундагы социалдык аралыкты жакын деп эсептешкен. Ал эми кытайлар жана америкалыктар боюнча интолеранттуулукту көрсөтүшкөн. Ошол эле мезгилде бул жыйынтыктарды жооптордун пайыздык бөлүштүрүлүшү боюнча түшүндүрмөлөр менен толуктасак болот. Алсак, респонденттердин көпчүлүгү (11,5%) башкаларга салыштырмалуу түрктөр менен минималдуу аралыкта экендигин белгилешкен. Себеби аларды “жакын тууганы же жубайы” катары кабыл алганга даяр. Ал эми америкалыктар жана европалыктар менен максималдуу (алыс) аралыкты белгишкени менен, респонденттер аларды “жакын досу катары” көргөнгө макул экендиги аныкталган.

**Корутундулар**

Ошентип макалынын алкагында баяндалган талдоонун жыйынтыктарынын негизинде төмөндөгүдөй корутундуларды чыгарсак болот:

– ааламдашуу адамзат цивилизациясына болуп көрбөгөндөй технологиялык прогресс жана социалдык коммуникациянын кеңейиши менен катар эле иденттүүлүк таңкыстыгын да алып келди. Аны өз кезегинде социалдык карым-катнаштын трансулуттук мүнөзгө өтүшү жана маданияттардын ааламдашуусуна (универсалдашуусуна, “батышташуусуна”) байланыштырсак болот. Муну менен бирге эле учурда калыптанып жаткан көп уюлдуу ааламдашкан дүйнө, цивилизациялардын ортосундагы атаандаштык жарандарга жаңы чакырык таштады. Эми коомдор ааламдашкан деңгээлде да өз иденттүүлүгүн, башкача айтканда цивилизациялык иденттүлүгүн да калыптандырышы абзел;

– дүйнөлүк цивилизациялардын келечекте өнүгүшүнүн ар кандай сценарийлери божомолдонуп жатат. Эң эле көп талкуулангандарга “цивилизациялардын кагылышы” жана “үчүнчү жол” сценарийлери кирет;

– студенттик жаштардын цивилизациялык иденттүүлүгүнүн калыптанышына, анын тигил же бул өзгөчөлүктөргө ээ болушуна

кесиптик билим берүү чөйрөсүнүн таасири бар деген божомолубуздун айрым далилдери аныкталды;

– жогорку билим берүү чөйрөсү студенттердин тигил же бул өлкөгө/цивилизацияга карата көз караштарын өзгөрткөн. Мурда (университетке чейин) аларга мүнөздүү болгон терс стереотиптер жоюлуп, чет элдик маданияттарга карата толеранттуулукка жана симпатияга негизделген көз караштар пайда болгон. Бирок студенттердин бардыгында эле ачык-айкын байкалган цивилизациялык таандыктык сезими же жогорку деңгээлдеги цивилизациялык иденттүүлүгү бар деп айтууга болбойт. Көбүнесе аларда "жакындык сезими" орун алат жана ал көпчүлүк учурда университеттик чөйрөдө гана актуалдуу;

– студенттик жаштар Орусия (59,1%) жана Түркия (16,7%) менен эң жакын байланышты сезишет. Ошол эле мезгилде БААУнун студенттери өздөрүн көбүрөөк англосаксондук цивилизацияга таандык кылышкан. Ал эми АКШ алар үчүн анчейин мааниге ээ эмес болгон. КОСУнун студенттери да көбүнесе биз күткөндөн айырмаланып, Европа өлкөлөрүнө жана АКШга карата байланыш сезимдери бар деген жоопторду беришкен. Демек, эл аралык университтердин алкагында студенттердин белгилүү бир багытта калыптанган (мисалы, БААУда – америкалык, КОСУда - орусиялык, ЧУда - арабдык) цивилизациялык иденттүүлүгү бар дегенге олуттуу негиз жок. Бул өңүттөн караганда, "айкын" түрк цивилизациялык иденттүлүгү КТМУда орун алган десек болот. Муну менен бирге эле түрк цивилизациялык иденттүүлүгү изилденген университеттердин басымдуу бөлүгүндө байкалган;

– изилдөө студенттердин жана бөлөк өлкө/улуттардын ортосундагы минималдуу (жакын) "социалдык аралык" орустарга (Орусияга) жана түрктөргө (Түркияга) карата мүнөздүү экендигин көрсөттү. Ал эми максималдуу (алыс) аралыкта кытайлыктар жана америкалыктар турат. Респонденттердин көпчүлүгү башкаларга салыштырмалуу түрктөр менен минималдуу аралыкта экендигин белгилешкен. Себеби аларды "жакын тууганы же жубайы" катары кабыл алганга даяр.

Албетте, жогоруда каралган чалгындоочу изилдөөнүн жыйынтыктары жана жалпы эле бул макалада камтылган автордук ой-пикирлер Кыргызстандагы цивилизациялык иденттүүлүк маселесин изилдөөдөгү алгачкы аракеттерден болуп саналат. Алынган жыйынтыктар сапаттык методго негизделгендиктен жана студенттик жаштардын аз бөлүгүн камтыгандыктан, изилдөөнүн корутундулары репрезентативдүү деп айтууга болбойт. Ошентсе да алар бул изилденген чөйрөдөгү айрым маанилүү жана учурда калыптанып жаткан тенденцияларды чагылдырып турат жана мындан аркы изилдөөлөргө багыт бере алат. Бул бөлүмдүн соңунда чалгындоочу социологиялык изилдөөнү ишке ашырууга көмөктөшкөн К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин социология бөлүмүнүн СБ-051 жана СБ-061 тайпаларынын студенттерине, ошодой эле талкуулар учурунда маселенин жаңы жагадайларын ачууга себепкер болгон кесиптештериме терең ыраазычылыгымды билдирем.

## Колдонулган адабияттар


Бек, У. (2001). Что такое глобализация. М.:Прогресс-Трация.

Кондаков, И., Соколов, К., Хренов, Н. (2011). Цивилизационная идентичность в переходную эпоху: культурологический, социологический и искусствоведческий аспекты. М.: Прогресс-Традиция.

Ритцер, Д (2011). Макдональдизация общества 5/ пер. с англ. А. Лазарева. М.: Праксис.

Тойнби, А. (2002). Цивилизация перед судом истории: Сборник / Пер. с англ. М.: Рольф.

Хантингтон, С. (2003). Столкновение цивилизаций / Пер. с англ. Т. Велимеева. Ю. Новикова.. М.: ООО «Издательство АСТ»

Фукуяма, Ф. (2007). Конец истории и последний человек / Фрэнсис Фукуяма; пер. с англ. М. Б. Левина. М.: АСТ.

Giddens, A. (2000). The Third Way and its Critics. Cambridge: Polity Press

# ААЛАМДАШУУ ЖАНА КООМДУК ДИПЛОМАТИЯ

Фарук Йазар[1]

(Которгон: Нургүл Сулейманова)[2]

**Киришүү**

Ааламдашуу феномени динамикалык түзүлүштү билдирет, ал коомдорду өзгөртүп, таасир этүүчү татаал процесс катары эл аралык мамилелерге да таасирин тийгизет. Дипломатиялык ыкмалар да эл аралык системага таасирин тийгизген ааламдашуу процесстеринен таасирленип, ошого жараша калыптанат. Айрыкча коммуникация технологияларындагы өнүгүүлөр, демократиялаштыруу процесстери, массалык маалымат каражаттарынын жана коомчулуктун маанилүүлүгүнүн жогорулашы коомдук дипломатия концепциясынын пайда болушун даярдады. Изилдөөдө ааламдашуу динамикасы менен коомдук дипломатиянын ортосундагы карым-катнаштар жана өз ара байланыштар талкууланып, ааламдашуу дипломатиялык деңгээлде эл аралык чөйрөнү кантип калыптандырат, ааламдашуу жараткан өзгөрүү процессинде жумшак күч жана коомдук дипломатия концепцияларынын өнүгүшү тууралуу баяндалат.

Ааламдашуунун «тамыры XIX кылымдагы капитализмдин өнүгүшүнөн мурда, башкача айтканда, XV-XVI кылымдардагы ачылыштарга чейин кетет» (Slattery, 2018: 422). Бүгүнкү ааламдашуу кансыз согуштан кийин калыптанган бир уюлдуу дүйнөдө экономикалык, аскердик, укуктук, экологиялык, маданий жана социалдык өлчөмдөрү бар бир кубулуш катары коомго таасир эткен процесс болуп аныкталып жатат. Ааламдашууну калыптандыруучу

[1] Ага окутуучу, PhD, Нежметтин Эрбакан университети Социалдык жана гуманитардык илимдер факультети Коом менен байланыш жана реклама бөлүмү.

[2] Социология илимдеринин кандидаты, Кыргыз-Түрк «Манас» университети, Гуманитардык факультети Социология бөлүмү.

эң маанилүү өнүгүү бул маалыматтык-коммуникациялык технологиялардагы өнүгүүлөр болуп саналат. Бул өнүгүүлөр ошондой эле эл аралык мамилелерди жана бийлик мамилелерин ишке ашырууда түп-тамырынан бери өзгөрүүгө алып келди (Gilboa, 2002: 731).

Коммуникация технологияларынын өнүгүшү коомдук пикирди бекемдеди. Коомдук пикир азыр эл аралык байланыштар жагынан мамлекеттердин негизги таяныч пункттарынын бири болуп калды. Коомдорду интеграциялоодо технологиялык жетишкендиктер маанилүү роль ойнойт. Айрыкча, интернет ааламдашуунун тармакка негизделген интеграциясын калыптандыруучу технология катары өзгөчөлөнөт. Дүйнөлүк интеграция Маршалл Маклюэндин "дүйнөлүк айыл" метафорасына көбүрөөк дал келет. Дүйнөнүн бир четиндеги өнүгүү башка жердеги коомдордун күн тартибин түзөт. Бул көтөрүлгөн эл аралык коомдук пикир мамлекеттердин жумшак күчүн бийлик үчүн күрөштүн сахнасына алып чыгат.

Мамлекеттер дүйнөлүк саясатта эл аралык коомдук пикирди эске алуу менен мыйзамдуулуктун негизинде иш алып барууга тийиш. Шон Кэй бул көрүнүштү төмөнкүчө сүрөттөйт: «жумшак күч мамлекеттердин таасирдүү коалицияларды түзүүсү үчүн эл аралык уюмдардын эрежелери жана процедуралары сыяктуу эле жаңы ааламдашуу механизмдеринин алкагында да иштешин талап кылат» (Kay, 2004: 17). Ааламдашуу коммуникация технологияларынын артышы аркылуу коом үчүн маанилүү жетишкендиктерди камсыз кылганы менен, социалдык тармактык коомдо тобокелдиктин жана белгисиздиктин ааламдашуусу да болуп жатканын айтууга болот. Террордук иш-аракеттер санариптик чөйрөдө тездик менен жайылып, дүйнөнүн ар кайсы аймактарында тарапташтарын табууда.

Модернизациянын өнүгүү түшүнүгүнүн ичинде каралып жаткан ааламдашуу жалпы маданиятты, баалуулукту жана коомду түзүү сыяктуу талкууларга ээ. Бирок ага карабастан, бир жагынан ааламдашуунун артынан келип чыккан тобокелдиктер жана белгисиздиктер, экинчи жагынан эл аралык коомдун өнүккөндүгүн символдоштурган эки уюлдуу чындык бар экенин айтууга болот.

Айрыкча 11-сентябрдагы кол салуулардан кийин ааламдашуу эл аралык дипломатиянын талкууларынын борборунда калды (Slattery, 2018: 423). АКШ бул кол салуулардагы шок абалын жеңүүгө аракет кылып жатты, ошол эле учурда өзгөчө Жакынкы Чыгыш аймагындагы коомдук дипломатиянын ишмердүүлүгүнөн күмөн санай баштады. Коомдук дипломатия ааламдашуу процессинде эл аралык мамилелердин борборунда орун алды. Өз ара көз карандылык күчөгөн социалдык тармактык коомдо мамлекеттер өз билдирүүлөрүн максаттуу коомдорго ишенимдүү жеткирүү үчүн коомдук дипломатияга басым жасай башташкан. Бул эмгекте ааламдашуу кубулушунун тегерегиндеги коомдук дипломатия жана жумшак күч түшүнүктөрүнүн ортосундагы байланыштар талкууланып, дипломатиянын негизинде ааламдашуу эл аралык чөйрөнү кантип калыптандыра тургандыгы каралат.

## Эл аралык чөйрөнү өзгөртүүчү күч катары ааламдашуу

Ааламдашуу тууралуу оң жана терс көз караштар бар. Ааламдашууну өз ара көз карандылыкты камтыган процесс катары караганыбызда, Кайра жаралуу (Ренессанс) дооруна чейинки мезгилге таандык ааламдашуунун ар кандай формалары жөнүндө сөз кылууга болот. Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар кансыз согуштан кийин калыптанган ааламдашуунун негизги мүнөздөмөсүн түзөт. Гидденстин айтымында, ааламдашуу түшүнүгү «биз баарыбыз бир дүйнөдө жашайбыз» деген түшүнүккө байланыштуу нерсе. Бирок бул көрүнүш бир өлчөмдүү эмес. Бул татаал жана ал тургай карама-каршы процесс (Giddens, 2000: 20, 25). Ага ылайык, ааламдашуу - бул «узак аралыкта болуп жаткан нерсе, жергиликтүү окуяларга өз ара таасир тийгизе турган даражада дүйнө жүзү боюнча коомдук мамилелердин күчөшү» (цит. Baylis, Smith and Owens, 2021: 66).

Ааламдашуунун түрдүү аныктамалары бар. Бул аныктамаларда ааламдашуу процессинин түрдүү өзгөчөлүктөрүнүн негизинде концептуалдык талдоо жүргүзүлөт. Байлис жана башка окумуштуулар (Baylis жана башкалары, 2021) ааламдашууну өз ара көз карандылыкка, убакыт-мейкиндикти кысууга, трансулуттук

мамилелерге жана экономикалык интеграцияга негизделген мамилелерге каршы бийлик мамилелерин трансформациялоонун алкагында аныкташат. Алардын ою боюнча, ааламдашуу – бул «алыскы жамааттарды байланыштырган, региондор менен континенттердин ортосундагы бийлик мамилелеринин чөйрөсүн кеңейтүүчү жана коомдук түзүлүштүн мейкиндик масштабындагы радикалдуу бурулушту же трансформацияны камтыган тарыхый процесс». Стегер ааламдашууга төмөнкүдөй аныктама берет (Steger, 2006: 31): «Ааламдашуу – дүйнөлүк масштабда социалдык өз ара көз карандылыктарды жана алмашууларды түзүүчү, көбөйтүүчү, кеңейтүүчү жана интенсивдештирген көп өлчөмдүү коомдук процесстердин жыйындысын билдирет. Бул процесстер ошондой эле адамдардын жергиликтүү жана алыскы байланыштардын бекемделиши жөнүндө көбүрөөк аңдап-билүүсүн жеңилдетет». Ааламдашуу процессинин ичинде болуп жаткан карама-каршылыктар авторлордун бирдиктүү бир аныктама берүүсүн кыйындатат. Бирок ааламдашуу процессинде – Гидденс өзүнүн аныктамасында белгилегендей, социалдык мамилелердин интенсификацияланышы эң негизги өзгөчөлүктөрдүн катарына кирет. Бул мамиле жыштыгынын өзөгүн Мануэл Кастельс баса белгилеген «тармактык коом», б.а. муну мүмкүн кылган коммуникация технологияларынын жетишкендиктери түзөт. Бауман ааламдашуу процессин «кайтарылгыс жана бардыгыбызга бирдей болгон жана бирдей таасир этүүчү процесс: дүйнө качып кутула албаган тагдыр» деп сүрөттөйт (Bauman, 2000: 7).

Баумандын айтымында, ааламдашуу түшүнүгүн түшүндүргөн маанилүү метафоралардын бири болгон убакыт-мейкиндиктик кысылуу; ааламдашуунун жалпы кесепеттерин жаратпайт. Анткени убакытты/мейкиндикти пайдалануу кескин түрдө башкача өзгөрөт. Ошого жараша ааламдашуу канчалык бириксе, ошончолук бөлүнөт. Убакытты/мейкиндикти кысуучу технологиялык мүмкүнчүлүктөр коомду гомогендештирүүнүн ордуна, аны уюлдаштырууга умтулат (Bauman, 2000: 9). Жогоруда айтылгандай, ааламдашуу карама-каршылыктарды камтыган концептуалдык түзүмгө ээ. Жыйынтыктап айтканда, ааламдашуу терроризмдин жана ар кандай тобокелдиктердин татаал ааламдашып жаткан процессин билдирет.

Маалыматтык технологиялар жана интернет жогорку деңгээлде социалдык өз ара аракеттенишүүнүн интенсивдүүлүгүн камсыз кылат. Ааламдашуу трансчекаралык (transborder) байланыштын, эл аралык тармактардын кеңейиши, күчтөрдүн таралышы, жогорулаган карама-каршы жана өз ара көз карандылык, универсалдуу нормалар жана принциптер катары баалоого алынганда эл аралык мамилелердин оюн талаасы кеңейе турганы көрүнөт. Бул оюн талаасында расмий эл аралык уюмдар, бейөкмөт уюмдар жана улуттар аралык компаниялар сыяктуу мамлекеттик эмес субъекттер да өз ордун ээлейт. Эл аралык системанын ааламдашуусунун таасири астында болгон күч динамикасынын табиятында үч өзгөчө маанилүү өзгөрүү бар; «асимметриялык бийлик», «мамлекеттик бийлик», «адамдардын ролу, идеялар жана медиа күчү» (Kay, 2004: 12, 14). Ааламдашуу жараткан эң маанилүү көрүнүштөрдүн бири – бул бийликтин асимметриясы. Гегемондук державалар жана эл аралык субъекттер мамлекеттик эмес түзүмдөрдүн, өзгөчө терроризмдин ааламдашуусу менен асимметриялык таасирге дуушар болушу мүмкүн.

Ааламдашуу коомдорду интеграциялоо аркылуу алардын өз ара көз карандылыгын арттырды. Бирок ааламдашууга каршы сын көз караште ой жүгүрткөндөрдүн айтымында, бул процесс бүт дүйнөнү камтыбайт. Дүйнөдө модернизацияланбаган, жада калса негизги байланыш мүмкүнчүлүктөрү жок жамааттар да бар. Демек, ааламдашуу өнүккөн заманбап коомдорду камтыган түшүнүк. Кайрадан сынчыл көз карашка ылайык, үстөмдүк кылган маданий түзүмдөр, өзгөчө АКШ ааламдашууну гегемондук күч катары коомдорго таасир этүүдө колдонуп жатат.

Ааламдашуунун жалпы маданияттык көрүнүшү, чынында, АКШ өзүнүн гегемониясын сактап калуу үчүн колдонгон жумшак күчтүн ыкмасы. Бир жагынан сынчыл көз караш ааламдашууну коомдордун америкалашуусу жана макдональддашуусу катары сүрөттөйт (Baylis жана башкалары, 2021: 57). Экинчи жагынан, Жозеф Най (Nye, 2003) Америка маданиятынын ааламдашууну колдонуусу нормалдуу экенин жана анын жумшак күчү үстөмдүк кылып жатканын, бул дайыма эле АКШнын пайдасына чечилбестигин, т.а., ааламдашуудан башка өлкөлөр да пайда

көрөрүн айтуу менен, ааламдашуу бийлик асимметриясынын бир түрүн жаратарын белгилейт.

Найдын айтымында, ааламдашууну АКШда борборлошкон катары кабыл алуу, маалыматтык революциянын АКШга багытталгандыгы жана дүйнөлүк маалымат тармагынын контенти АКШда түзүлгөндүгүнө байланыштуу. Мунун баары АКШнын жумшак күчүн арттырган факторлор. Башка жагынан алганда, ааламдашуу байланыш жана өз ара аракеттенишүү мүмкүнчүлүктөрү аркылуу эл аралык коомчулукту сезимтал кылгандыктан, мамлекеттер эл аралык коомдук пикирди ынандыруу жана мыйзамдуулукту камсыз кылуу үчүн жумшак күчкө көбүрөөк муктаж. Мисалы, АКШ Перс булуңундагы кризис учурунда Иракка кийлигишүү процессинде эл аралык коомдук пикирди бурмалаганы үчүн терс пикир калыптанган. Анын сыңарындай, ааламдашуу мамлекеттерге коркунуч жаратат, себеби ал кризистерди жана тобокелдиктерди интернационалдаштырат.

Ааламдашуу баш аламандыкта жана коопсуздук коркунучу бар аймактардан адамдык теңсиздикке чейин, экономикалык кризистен дүйнөлүк климаттын өзгөрүшүнө чейин болуп көрбөгөндөй кыйынчылыктарды жаратууда. Ошондуктан, дүйнөлүк чакырыктарга эффективдүү жооп берүү эл аралык системанын субъекттеринин негизги тышкы саясий максатын түзөт (Bayer ve Keyman, 2012: 75).

Дүйнө калкынын 16%ы узак мөөнөттүү гуманитардык кризиске дуушар болгон өлкөлөрдө жашайт. Узакка созулган кризисти жашап жаткан өлкөлөрдүн саны 2005-жылы 13 болсо, 2019-жылы 31ге жетти, ал эми соңку 15 жылда алардын саны эки эсеге көбөйдү. Бул өлкөлөрдө өтө жакырчылыкта жашаган дүйнө элинин жарымынан көбү жашайт. Саны боюнча алганда 2019-жылы 215,6 миллион адам гуманитардык жардамга муктаж болсо, бул өткөн жылга салыштырмалуу 10 миллионго жакын көбөйгөнүн көрүүгө болот (Global Humanitarian Assistance, 2020: 12).

Тобокелдиктер жана кризистер көп кырдуу болушу мүмкүн. Мисалы, АКШда кара терилүү америкалык Джордж Флойддун полиция тарабынан өлтүрүлүшүнө байланыштуу дүйнө жүзү

боюнча реакциянын толкуну болду. Бул окуя «каралардын жашоосу маанилүү» деген темадагы массалык демонстрацияга айланды. 2010-жылы Жакынкы Чыгышта «араб жазы» деп аталган окуяларга түрдүү өлкөлөрдөн келген адамдар демократиялык талаптарын айтып, социалдык тармактар аркылуу бири-бири менен байланышып турушкан. Чындыгында көп мисалдарды келтирсе болот. Айрыкча интернет технологиясы дүйнөлүк коомдук пикирди калыптандырган эң маанилүү өнүгүүлөрдүн бири. Ааламдашуу жараткан эң маанилүү көрүнүштөрдүн бири – бул бийликтин асимметриясы. Гегемондук державалар жана эл аралык субъекттер мамлекеттик эмес түзүмдөрдүн, өзгөчө терроризмдин ааламдашуусу менен асимметриялык таасирге дуушар болушу мүмкүн (Kay, 2004: 14).

Илим менен билимдин ааламдашуусу билимге жетүүнү болуп көрбөгөндөй кеңейтти. «Дүйнө жүзү боюнча транспорт жана коммуникация системаларынын өсүшү ааламдык өз ара аракеттенишүүнүн жана процесстердин ылдамдыгын күчөтүп жатат. Ошентип, идеялар, жаңылыктар, капитал жана технология дүйнө жүзүндө тездик менен айланып жатат» (Baylis, vd., 2021: 65). Захарна жаңы медианын өз ара аракеттенишүүсү, жаңы оюнчулардын көп түрдүүлүгү жана медианы колдонуу жолдору дүйнөлүк байланыштын жаңы доорунун башталганын белгилейт. Анын айтуусу боюнча, социалдык тармактардын стратегиялык күчү дүйнөлүк ынандыруунун жаңы модели болуп калды (Zaharna, 2007: 2016). Көрүнүп тургандай, ааламдашуу процесси көптөгөн экономикалык, саясий, социалдык, укуктук жана аскердик динамиканы да аныктап жатат. Бул процесс ошондой эле күч асимметриясын, алсыздыкты, тобокелдиктерди жана кризистерди да жаратып жатат.

Ааламдашуунун тармактык коом катары аталышында коммуникация технологияларынын маанилүү орунга ээ экендиги талашсыз. Мануэл Кастельс (Castells, 2016: 59) белгилегендей, «ааламдашуунун артында турган күчтөр санариптик коммуникация технологиялары жана маалымат системасы сунуш кылган дүйнөлүк тармактар, анын ичинде компьютердик, узак аралыкка жана жогорку ылдамдыктагы тез транспорт тармактарын түзүү

мүмкүнчүлүгүн жогорулата алгандыгы үчүн гана натыйжалуулугун далилдеди». Кастельстин ою боюнча (Castells, 2016: 60), планетанын ар бир бурчунда адам жашоосун калыптандырууга багытталган негизги иш-чаралар дүйнөлүк тармактарда уюштурулат. Ааламдашууну дүйнөлүк тармактардын түйүнү катары түшүнсө болот.

Коммуникация технологиялары ааламдашуу процессинде өз ара аракеттенишүү механизмдери аркылуу көбүрөөк таанылып жатат. Бул дагы Захарна айткан жаңы стратегиялык күч моделин билдирет. Ошого жараша эл аралык дипломатиялык механизмдер да жаңы формаларга жана форматтарга ээ болуп, социалдык тармактардын күчүн пайдаланып жатат. Чындыгында кансыз согуштан (Cold War) кийин биполярдуу дүйнөдөн кийин ылдамдаган ааламдашуу толкуну дипломатияга олуттуу таасирин тийгизди. Бул учурда дүйнөлүк саясат жана дүйнөлүк дипломатия эл аралык байланыштардын жаңы формалдуу жагы болуп калды. Ааламдашууну жандандырган жергиликтүү иденттүүлүктөр, жогорку иденттүүлүктөр, жергиликтүү жана дүйнөлүк байланыштар татаал бир түзүмдү пайда кылды (Çetinsaya, 2020: 23). Четинсая ааламдашуунун таасири менен ден соолук, айлана-чөйрө, климат, миграция, билим берүү, илим жана адам укуктары сыяктуу көптөгөн маселелер дипломатиянын актуалдуу иштерине киргенин жана ааламдашуунун бул процессти ылдамдатканын белгиледи. Анын айтуусу боюнча, ааламдашуудан келип чыккан өз ара көз карандылык ички жана тышкы саясаттын айырмасын жокко чыгарып, ички жана тышкы саясат чырмалышып калды. Ааламдашуу процессинин таасири менен бейөкмөт уюмдар, мамлекеттик эмес уюмдар, массалык маалымат каражаттары, жеке адамдар ж.б. көптөгөн субъекттер дипломатиялык процессте чечим механизминин бир бөлүгү болуп калды. Бул жагдай иерархиялык дипломатия моделинен социалдык тармак (network) дипломатия моделине өзгөргөнүн билдирет (Çetinsaya, 2020: 25-7).

### Тармактык коомдун күчү: жумшак күч

Ааламдашуунун таасири менен трансформацияланган эл аралык системада аскердик күч, экономикалык күч жана иерархиялык моделден тышкары дипломатиялык чечим кабыл алуу процессине көбүрөөк тиешелүү болгон маданият, баалуулуктар, билим берүү, илим сыяктуу факторлор жумшак күч түшүнүгүнүн жаралышына негиз болуп берди. Бийликтин бул формасы мамлекеттердин максаттарына жетүү процессинде катаал күч элементтеринен тышкары өзүнө тартууга, кызыктырууга негизделген максаттуу коомдук пикирге таасир этүү менен саясатты өзгөртүүгө жөндөмдүү күчтү түшүндүрөт. Ошентип, дүйнөлүк саясат коомдук макулдуктун негизинде бийликтин жаңы формасынын таасири менен калыптана баштады (Çevik, 2014: 1)

Ааламдашуу процессинде жарандык коомдун, дүйнөлүк коомдук пикирдин жана улуттар аралык институттардын таасиринин күчөшү менен бийликтин түзүмүндө өзгөрүүлөр болду. Мамлекеттер катаал күч элементтеринен тышкары ааламдашуунун натыйжасында калыптанган эл аралык саясатты түзүүчү жаңы күчтөрдү өз саясаттарынын чордонуна жайгаштыра баштashты (Erzen, 2012: 119). Жозеф Найдын (2017: 12, 24) айтуусу боюнча, жумшак күч – «бул каалаган нерсеңди “мажбурлоо же төлөм аркылуу эмес, кызыктыруу аркылуу алуу жөндөмү. Каалаган нерсени алуунун кыйыр жолу, кээде бийликтин экинчи жүзү деп аталат. Бир мамлекет баалуулуктарына суктантып, өзүн үлгү катары көрсөтүп, коомдун байгерчилигине, жыргалчылыгына кам көрүп, бардык нерсеге ачык болуу менен мамлекеттерди өзүнүн артынан ээрчитсе, демек, ал өлкө дүйнөлүк саясатта каалаган натыйжага жете алат». Жозеф Най жумшак күчтүн булагы маданият, баалуулуктар жана тышкы саясат болуп саналаарын айтат. Жумшак күч саясаты башкалар тарабынан мыйзамдуу деп эсептелгенде пайда болот. Бул күч булактарынын негизинде максат-өлкөнүн жана элдин артыкчылык берүүсүн кызыктыруу аркылуу калыптанат (Nye, 2017: 32).

Жумшак күч түшүнүгү 1990-жылдары ортого келип чыккан. кансыз согуштан кийин эл аралык байланыш ааламдушуунун

таасири менен жарандык коом, коомдук пикир жана эл аралык уюмдар сыяктуу көптөгөн мамлекеттик эмес уюмдар тарабынан түзүлгөн дүйнөлүк саясий чөйрөдө калыптанды. Ааламдык маалымат доорунда ой-пикирдин үстүнөн бийлик жүргүзүүнүн постмодерндик түрү болгон жумшак күчтүн маанилүүлүгүн арттырып, трансулуттук интенсивдүү байланыштар орун алган чөйрөдө жумшак күчтүн жоголушу мамлекеттер үчүн абдан оор абалды жаратат (Melissen, 2005: 4). Жозеф Найдын Роберт Кеохан менен бирге жазган «Күч жана өз ара көз карандылык» (Power and Interdependence) аттуу эмгегинде белгиленген өз ара көз карандылык жумшак күч түшүнүгүнүн негизин көрсөтүп турат (Ekşi, 2014: 42).

Жозеф Най «ааламдашууну башкарган механизмдер Американын маданиятынын жана экономикасынын өзгөчөлүктөрүнө ээ» (Nye, 2017: 56, 70) экенин белгилеп, маалыматтык революция технологиянын улуттук чек арадан тышкары да кеңири жайылышына жол ачкандыгын жана ошону менен, мамлекеттик эмес уюмдар дүйнөлүк саясатта маанилүү роль ойноп, уникалдуу жумшак күч булагына ээ боло баштаганын жазат. Демек, ааламдашуу дипломатиялык процесстерге түрдүү субъекттерди кошуу менен эл аралык саясатта ажырагыс күч булагы катары жумшак күчтүн маанисин арттырды. Санжар (Sancar, 2012: 5) белгилегендей, «ааламдашуу процессинде дипломатияда кездешкен эң маанилүү өзгөрүү – бул дипломатияда жумшак күчтү колдонуу болуп саналат».

Жумшак күчтүн активдүүлүгүндө АКШ өндүргөн маданияттын ааламдашуусу да маанилүү роль ойнойт. Стегердин (Steger, 2006: 99) айтуусу боюнча, маданияттын ааламдашуусу «түшүнүктөрдүн символикалык түзүлүшү, чагылдырылышы жана жайылышы» тууралуу болот. Маданий ааламдашуу боюнча эки көз караш бар. Буга ылайык, гиперглобалисттер америкалык керектөө буюмдарын жана маданий баалуулуктарды гомогендештирүү жолу менен маданий империализмди иш жүзүндө колдонушат. Батыш баалуулуктары жана маданияты башка маданияттарга үстөмдүк кылып жатканын ырасташат. Бул маданий империализм башка маданияттар сыяктуу эле макдональддаштыруудай туюндурулат

жана капитализмдин алып жүрүүчүсү катары функция аткарат. Ал эми маданий ааламдашуунун жактоочулары өзгөчө аймактык маданиятты жандандырып, ааламдык жана жергиликтүү маданияттын өз ара аракеттенишүүсүнүн натыйжасында гибриддик маданиятты жаратканын билдиришет (Steger, 2006: 105, 106).

Ааламдашуу маданий бир тектүүлүк менен маданий гетерогендүүлүктүн ортосундагы кагылышууну символдоштурат, тактап айтканда, бул кагылышуунун формасын аныктайт» (Özkan, 2006: 4). Картинаны жалпысынан алып караганда, ааламдашуу гегемондук күчтөрдүн маалыматтарын жеткирүү үчүн ыңгайлуу мүмкүнчүлүк берет. Ааламдашуу жалпысынан, америкалаштыруу катары чечмеленип, маданий гомогендешүүнү билдирет. Бул өлкөлөрдүн маданий өзгөчөлүктөрүн сактап калуу мүмкүнчүлүгүн чектейт деген кооптонууну күчөтөт (Potter, 2003: 50).

Ааламдашуунун арты менен Американын маданий өндүрүмдөрү жана керектөөчүлүгү көптөгөн коомго өз таасирин тийгизүүдө. Ошентип, жумшак күчтүн таасир этүүчү чөйрөсү стратегиялык ынандырууга жеңил эле айланып кетиши мүмкүн. Чындыгында, Жозеф Най (Nye, 2017) кансыз согуштун аякташы менен Советтер биримдиги биринчилерден болуп Американын маданиятына жетишкенин белгилеп, бул согуштун аякталышына жумшак күчтүн олуттуу салымы бар экенин билдирет. Ааламдашуунун Америка менен байланышынын негизги себептеринин бири – бул өлкөнүн маалыматка ээ болуусу жана аны интенсивдүү колдоно билүү жөндөмдүүлүгү. Маалымат төңкөрүшү ааламдашууга «өз ара байланышкан тармактардын ылдамдыгын жана интенсивдешүүсүн алып келди».

Дүйнөлүк бренддер: Голливуд, Макдональдс, Кока-кола сыяктуу мисалдар америкалык ааламдашуунун типтүү мисалдары болуу менен бирге жумшак күчтү да чагылдырган коммерциялык жана маданий өндүрүмдөр болуп эсептелет. Маданиятты жана баалуулуктарды жайылтууда дүйнөлүк медиа маанилүү ролду ойнойт. Дүйнөлүк медиа компаниялары дүйнөлүк маданий чындыкты берүүдө бир түрдөгү формага алып келишет. Ааламдашуу динамикасында бул медиа гиганттары да маанилүү

орунга ээ. AT&T, Sony, AOL/Time Warner, Bettelmann, Liberty Media, Vivendi Universal, Viacom, General Electric, Disney жана News Corporation сыяктуу компаниялар дүйнөлүк медианын маанилүү өкүлдөрүнө кирет (Steger, 2006: 107). Булардан тышкары Google, Facebook, Twitter сыяктуу социалдык медиа жана маалымат компаниялары ааламдуушунун маанилүү алып жүрүүчүлөрүнүн бири.

Ааламдашуу процесси массалык маалымат каражаттарына тез таасирин тийгизүүдө. Улуттук чек араларды алып салуу менен коммуникация саясатынын ааламдашуусун да камсыз кылды. Байланыш каражаттарынын ааламдашуусу менен экономикалык, социалдык жана саясий тармактарда байланыштын эффективдүүлүгү жогорулады (Özkan, 2006: 26). Маалыматтын тез таралышы жагынан CNN жана Би-Би-Си сыяктуу эл аралык телерадио уюмдары дүйнөлүк коомдук пикирди калыптандырууда жана маалымат чыккан булак өлкөнүн баалуулуктарын жана саясатын жеткирүүдө маанилүү функцияга ээ. Айрыкча CNN өзүн 1990-1991-жылдардагы Перс булуңундагы согуш учурунда эл аралык мамилелерде дүйнөлүк субъект катары көрсөткөн. Эл аралык мамилелер адабиятына да кирген “CNN эффектиси” концепциясы реалдуу убакыттагы телекөрсөтүү жаңылыктары менен саясат түзүү процессинин ортосундагы тирешүүдөгү маалымат каражаттарынын дараметин бурууда. Дүйнөлүк маалымат тармактары саясатты түзүү процессинде жана эл аралык мамилелерде таасирдүү экендиги белгилүү (Gilboa, 2005: 27, 29).

Санариптештирүүнүн тездик менен өнүгүшү аркылуу маалыматка ээ болуу жана аны эффективдүү колдонуу мүмкүнчүлүгү дүйнөлүк саясатты калыптандырууда анын маанисин жогорулатууда. Эл аралык чөйрөдөгү бул окуялар коомдук дипломатиянын мамилесин да калыптандырды. Экшинин ою боюнча (Ekşi, 2020) «ааламдашуу трансформациялаган дипломатиялык түзүм жана маалымат технологиялары коомдук дипломатияны ортого койгон контекстти» түзөт.

### Коомдук пикир коомдук дипломатияны калыптандыруучу күч катары

Ааламдашуу процессинде эл аралык системада мамлекеттик эмес уюмдардын жана жарандык коомдордун таасири коомдук пикирге багытталган түзүм экенин билдирет. Ушул себептен XXI кылым коомдук пикирлердин кылымы катары аныкталат (Gökırmak, 2012: 1). Ааламдашкан дүйнөдө коомдук пикир мурда болуп көрбөгөндөй маанилүү болуп калды. Өкмөттүн саясатына элдин ишенбөөчүлүгү күчөп, саясий чечимдерди кабыл алуу процесстеринде элдин көбүрөөк ачык-айкындуулукту талап кылышы – өкмөттүн коммуникациядагы кыйынчылыктарын жеңүү үчүн «айлануу» (spin) практикасынан тышкары мындан да натыйжалуу байланыш куруугa мажбурлайт. Жети күн, 24 саат бою жаңылык айлампасына туш болгон коомчулук бийликтен маалыматка жетүүнү жана элдин маанайынан кабардар болууну талап кылат (Potter, 2003: 49). Ушул сыяктуу эле, коомдук байланышты ишке ашырган адамдар кризис жана жалган маалымат учурунда да эффективдүү байланышты башкарууну ишке ашырышы керек. Анткени, санариптик каналдарда, өзгөчө социалдык медиада маалымат абдан тездик менен массага жетип, кабылдоолорду калыптандырат.

Дипломатиялык процесстер жагынан ааламдашуу коомдук пикирди аныктоочу фактор болууга мүмкүндүк берди. Дүйнөлүк дипломатияда тышкы саясатта чечим кабыл алуу процессинде эске алынышы керек болгон күчтөрдүн арасында коомдук пикир өзгөчөлөнүп турат. Дүйнөлүк туруктуулукту камсыз кылууда коомдук пикирди түзгөн бейөкмөт уюмдар, маалымат каражаттары жана интеллектуалдар да дүйнөлүк башкарууга салым кошууда (Acar, 2006: 428). «Эки мамлекет башчысынын жолугушуусуна чейин түзүлгөн коомдук пикир жолугушуунун күн тартибинин 90 пайызын жана лидерлердин чөйрөсүн аныктай алат. Кээ бир аналитиктердин оюу боюнча, дүйнөлүк коомдук пикир экинчи супер державага айланган» (Sanberk ve Altınay, 2008). Коомдук пикир чечим кабыл алуучулар үчүн таяныч пункту болуп саналат. Анткени коммуникация процессинде коомчулуктун билдирүүнү кандай түшүнүп, кандай чечмелегени чечүүчү нерсе. Коомчулук

билдирүүлөрдү чечмелеп жатканда кабылдоого жараша иш кылат.

Ааламдашуу өзү менен бирге тобокелдиктерди жана белгисиздикти алып келгендиктен, чындык жөнүндөгү маалымат татаал жана жаңылыштык болушу мүмкүн. Социалдык тармактык коомдун эң чоң көйгөйү – коомчулукту жалган маалымат менен көбүрөөк манипуляциялоо. «Коомдук пикирди түзгөн элементтердин сап башында инсандык мамиле, экологиялык факторлор, идеологиялар, калк, маданият, саясий институттар жана массалык маалымат каражаттары турат» (Özkan, 2006: 15). Өзкан бул элементтердин биригүүсү коомдук пикирди түзгөн процесс катары төмөнкүчө түшүндүрөт: «Коомдук пикирдин калыптанышындагы биринчи этап: бул «массалык жүрүм-турумдун» мезгили. Пикирлер бул мезгилде баштапкы топтордун ичинде калыптанат. Экинчи этап: бул «коомдук талкуулардын жана карама-каршылыктардын» мезгили. Бул мезгилде калыптанган пикирлер экинчи даражадагы топторго өткөрүлүп берилет. Акыркы этап болсо, бул «институтташкан чечимдерди кабыл алуу» баскычы. Бул этаптын жыйынтыгында оң же терс иштер ортого коюлат». Коомдук пикирди калыптандырууда массалык маалымат каражаттары маанилүү роль ойнойт.

Күн тартибин түзүү ыкмасына ылайык, жалпыга маалымдоо каражаттарынын күн тартиби коомчулуктун күн тартибин да аныктай алат. Ушуга карап, мамлекеттер дүйнөлүк коомдук пикирге таасир этүү максатында эл аралык басылмалардын күчүн пайдалануу үчүн эл аралык коммуникацияга көбүрөөк инвестиция салууда. Мамлекеттер коомдук дипломатия менен өлкөлөрдүн коомчулугун максат катары алгандыктан, коомдук пикирди калыптандыруучу жалпыга маалымдоо каражаттарына жана бейөкмөт уюмдарга багытталган стратегиялык коммуникация иш-чараларына басым жасашат. Коомчулуктун саясий процесстеринин трансформациясы журналисттер, сүрөтчүлөр, илимпоздор сыяктуу инсандардын дүйнөлүк саясатка дипломат сыяктуу катышуусуна шарт түзүп, бул көрүнүш атуулдук дипломатия түрүндөгү дипломатия ыкмасына айланды (Ekşi, 2020: 293). Ошентип, коомдук пикирди калыптандырууда ролу бар факторлор эл аралык саясатка да таасирин тийгизе турган күчкө айланды.

Ааламдашуунун эң маанилүү натыйжаларынын бири – бул мамлекет тарабынан монополияланган күчтүн жарандык коом, жеке адамдар жана массалык маалымат каражаттары сыяктуу субъекттерге жайылышына жол ачышы. Ааламдашуу мамлекеттердин социалдык коомдук пикирди калыптандырууга жөндөмдүү инсандарга, өзгөчө социалдык тармактык коомго көбүрөөк көңүл бурууга мажбур кылды (Sancar, 2012: 9). Азыр мамлекеттердин эл аралык саясатынын универсалдуу баалуулуктарын эске алуу менен дүйнөлүк коомчулуктун алдында мыйзамдуулукту камсыз кылуу зарылчылыгы болуп калды. Бул үчүн мамлекеттер эл аралык дипломатиялык ишмердүүлүккө инвестиция салуу менен эл аралык кадыр-баркын көтөрүүгө аракет кылууда.

Ааламдашуу дүйнөлүк саясатты өзгөртүп, мамлекеттер аралык мамилелерди эл аралык деңгээлге алып чыкты. Бул жаңы дүйнөлүк тартиптин эң маанилүү субъекттеринин бири коомдук пикир. Мамлекеттер үчүн коомчулукту так жана өз убагында маалымдоо жана ынандыруу азыр стратегиялык зарылчылыкка айланды (Özkan, 2015: 3). Өзгөчө максат – өлкөлөрдүн коомдук пикирине таасир этүү, аларды маалымат менен камсыз кылуу, эки тараптуу байланыш түзүү аркылуу мамилелерди куруу, дүйнөлүк саясий чөйрөдө тышкы саясий максаттарга жетүүдө коомдук дипломатиянын комплекстүү жана стратегиялык функциясына басым жасайт.

Коомдук пикир дүйнөлүк саясаттын курамдык бөлүгү жана алып жүрүүчүсү болуп келген. Коомдук дипломатиянын дисциплинасы да коомдук пикирдин күчүнө багыт көрсөтүп, таасирин тийгизүү аркылуу мамлекеттердин дүйнөлүк саясатка катышуусун бекемдейт. Айрыкча, ааламдашуунун таасири менен коомдук пикирдин маанилүүлүгүнүн жогорулашы коомдук дипломатиянын өзөгүн түзүп жатат.

### Дипломатиянын өзгөргөн жүзү катары коомдук дипломатия

Эл аралык мамилелердин негизги түшүнүктөрүнүн бири катары коомдук дипломатия – дипломатия түшүнүгүнүн өзгөрүшүнүн мүнөздүү белгилерин чагылдырган түшүнүк. Коомдук дипломатия жумшак күчтүн негизги инструменттеринин бири болуп саналат. Жогоруда айтылгандай жумшак күч түшүнүгү ааламдашуу динамикасынын арасында бийликтин жаңы формасы катары эл аралык мамилелердин күн тартибине келди. Коомдук дипломатия жумшак күчтү колдонуу чөйрөсү катары жана жаңы дипломатиялык ыкмаларды бириктирген негизги түшүнүк катары эл аралык мамилелердин борборунда турат.

Ханс Н. Тач (Tuch, 1990: 3) коомдук дипломатияны «мамлекеттин өз улутунун максаттарын жана учурдагы саясатын, ошондой эле институтун, маданиятын, идеалдарын жана идеяларын түшүнүү үчүн чет элдик коомчулук менен баарлашуу процесси» деп аныктайт. Поттер (Potter, 2003: 46) коомдук дипломатияны «бир улуттун өкмөтүнүн башка улуттун коомдук пикирине же элитасына таасир этүү аракети» деп аныктайт. Тачтын аныктамасынан көрүнүп тургандай, элдик дипломатия салттуу дипломатиядан айырмаланып, чет элдик коомчулук менен өз ара аракеттенишүү жана коомчулукка таасир этүү аркылуу максат-өлкөлөрдө саясатты өзгөртүүгө аракет кылат. Аныктамада коомдук пикирге басым жасоо маанилүү.

Ааламдашуу процесси дипломатиялык процесстерге да таасирин тийгизди. Айрыкча жарандык коомдун, медианын жана коомдук пикирдин алдыга озуп чыгуусу менен дипломатиянын көңүлү ушул багыттарга бурулду. Экинчи тараптан дипломатия процессинде чечим кабыл алуу механизмине жарандык коом, идея жаратуучулар, инсандар жана университеттер сыяктуу ар түрдүү субъекттер тартылды.

Николас Кулл (Cull, 2009: 12) салттуу дипломатия менен элдик дипломатиянын ортосундагы айырманы төмөндөгүдөй белгилейт: «Салттуу дипломатия – бул эл аралык субъекттердин башка эл аралык субъект менен мамиле түзүү аркылуу эл аралык чөйрөнү

башкаруу аракети; Коомдук дипломатия – бул эл аралык субъекттин чет элдик коомчулук менен байланышып, эл аралык чөйрөнү башкаруу аракети».

1960-жылдардын орто ченинде алгачкы жолу америкалык экс-дипломат жана Флетчердин Укук жана дипломатия мектебинин деканы Эдмунд Гуллион тарабынан колдонулган коомдук дипломатия концепциясы Америка Кошмо Штаттарынын саясий түшүнүгү менен тыгыз байланышта болуп, кийинки жылдары колдонуу чөйрөсүнө өткөн (Melissen, 2005: 6). Коомдук дипломатиянын өнүгүүсүндө Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки эл аралык мамилелердеги өнүгүүлөр маанилүү ролду ойногон. Бул өнүгүүлөрдү төмөнкүчө түшүндүрүүгө болот (Tuch, 1990: 4, 5):

1. “Экинчи дүйнөлүк согуштан кыска убакыт өткөндөн кийин башталып, бүгүнкү күнгө чейин улантылган маалымат төңкөрүшү коомдук дипломатиянын келип чыгышында маанилүү өнүгүүлөрдүн бири болуп саналат. Маалымат төңкөрүшү менен маалыматтын тез жайылышы улуттук чектерден өтүп, ааламдык байланыш тармагынын түзүлүшүн камсыздаган.

2. Азыр бардык жерде калың массага берилип жаткан маалыматтар коомдук маанайдын, коомдук пикирдин калыптанышына түздөн-түз таасирин тийгизип жатат. Коомдук пикир эл аралык байланыштардын маанилүү бир фактору болуп калды. Мамлекеттер өз саясатын максаттуу түрдө коомчулукту жана эл аралык коомдук пикирди эске алуу менен жүргүзүп жатат.

3. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин жаңы мамлекеттер пайда болгон.

4. Идеологиялык күрөш чөйрөсүндө демократиялык мамлекеттер катуу идея күрөшүн жүргүзүшкөн. Идеологиялык күрөштө бул мезгилдеги демократиялар идеялар аренасында атаандашууга аргасыз болушкан.

5. Коомдук пикирди калыптандырууда кабылдоолорду башкаруу маанилүү орунду ээлейт. Адамдар бир нерсенин чын экенине ишенгенде, чындыктын маанилүүлүгү азаят. Ошондуктан, чындыкты бүдөмүктөй кабылдоолорду түзөтүүнүн үстүндө иштөө АКШнын коомдук дипломатиясынын функциясы болуп саналат».

Тач тарабынан жалпыланган бул окуялар, негизинен, ааламдашуу таасир эткен эл аралык чөйрөнүн өзгөрүшүн билдирет. Мелиссен (Melissen, 2005: 10) коомдук дипломатия интенсивдүү трансулуттук мамилелер менен байланышкан мамлекеттердин, демек, жарандык коомдун ортосунда олуттуу деңгээлде «өз ара көз карандылыкта» өнүгө турганын айтат. Шон Риор, заманбап дүйнөлүк көйгөйлөр менен күрөшүүнүн бирден-бир жолу коомдук дипломатия экенин белгилеп, XXI кылымдагы дипломатия түшүнүгү көбүрөөк коомдук дипломатияга негизделген болот деп ырастады (цит. Gilboa, 2008: 69). Ааламдык субъекттердин диверсификациясы жана алардын саясий процесстерге катышуусу дүйнөлүк башкарууну мүмкүн кылат. Мисалы, 1997-жылкы Оттава конвенциясы (минага тыюу салуу боюнча келишим) жана Эл аралык кылмыш сотунун түзүлүшү бейөкмөт уюмдарды, мамлекеттерди, БУУну жана эл аралык коомчулукту мобилизациялоо маселеси каралган.

Коомдук дипломатияга да, мамлекеттик иштерге да ааламдашуунун күчтөрү жана коммуникация технологиясындагы акыркы революция түздөн-түз таасир этет. Мындай кырдаалда эл аралык коммуникация ишмердүүлүгү менен эл аралык коомдук пикирге таасир этүү иш-аракеттин артыкчылыктуу багыты болуп калды.

Ааламдашуунун дипломатиялык практикага тийгизген таасиринин бири – жарандардын маалыматка жетүү, пайдалануу жана жайылтуу мүмкүнчүлүгү. Маалыматтык технологиялардын жана коммуникация инфраструктурасынын өнүгүшү адамдарга ар түрдүү темалар боюнча изилдөө жүргүзүүгө жана процесстерге катышууга мүмкүнчүлүк берет. Дүйнөлүк масштабдагы жарандардын активдүүлүгү дипломатия үчүн жаңы компетенцияларды берет (Potter, 2003: 49).

Байланыш технологиясы дүйнөнү бириктирип, дүйнөлүк идеялардын базарын түздү. Бул дүйнөлүк идеялардын базары улуттук мамлекеттер тарабынан көз жаздымда калбайт, себеби дүйнөлүк коомдук пикир «өкмөттөрдүн саясатына жана жүрүм-турумуна» таасирин тийгизет (Coombs and Signitzer, 1992: 139). Ааламдашып жаткан дүйнөдө өз кызыкчылыктарын коргоо үчүн

өлкөлөр бири-бири менен достук мамилеге муктаж (Melissen, 2005: 12, 13, 23). Бул үчүн коомдук дипломатия мамиле түзүүгө басым жасап, мамлекеттердин дүйнөлүк деңгээлде позитивдүү репутацияга ээ болушу үчүн иштейт. Демек, Экши (Ekşi, 2020: 291) белгилегендей, коомдук дипломатия «мамлекеттердин өзгөрүп жаткан дүйнөлүк саясатка ыңгайлашуу аракеттеринин натыйжасы катары пайда болгон».

Мамиле түзүү негизинен коомдук дипломатиянын негизги максаттарынын бири, ошондой эле жаңы коомдук дипломатияны аныктаган маанилүү түшүнүктөрдүн да бири болуп саналат. Коомдук дипломатиянын жаңы ыкмасы салттуу коомдук дипломатиядан иш жүзүндө бир аз айырмаланат. Кулл бул айырмачылыктарды төмөнкүчө түшүндүрөт (Cull, 2009: 12, 13):

1. Эл аралык субъекттердун өзгөрүшү, өзгөчө бейөкмөт уюмдардын алдыга чыгуусу;

2. Жаңы субъекттердин баарлашуу жолу Интернетке негизделген;

3. Жаңы технологиялар жергиликтүү жана эл аралык жаңылыктардын түшүнүктөрүн бүдөмүк абалда берет;

4. Коомдук дипломатияда маркетингден, аймак жана улут брендинен жана тармактык байланыш теориясынан алынган түшүнүктөр кеңири колдонулат.

5. Эл аралык имидждин тили катары жумшак күч жана брендинг тууралуу айтылган жаңы терминология пайда болууда.

6. Адамдардын ортосундагы байланышка басым жасоо менен мамилелерди курууга негизделет.

Кулл (Cull, 2009: 12) коомдук дипломатиянын функцияларын эс алуу, жактоочулук, маданий дипломатия, алмашуу дипломатиясы жана эл аралык басылма катары категориялайт. Эс алуу коомдук дипломатиянын эң маанилүү баскычтарынын бири. 11-сентябрдагы чабуулдан кийин АКШ өзүнө суроо бере баштады. Жакынкы Чыгыштын элдери менен байланышта көйгөйлөрү бар эле. Америка стратегиялык байланыш иш-чараларына басым жасаганы менен, каалаган жоопту таба алган жок.

Коомдук дипломатиянын функциясы мамилелерди өнүктүрүү жана диалогду ийгиликтүү орнотуу үчүн максаттуу коомчулуктун күтүүлөрүн жана талаптарын түшүнүү аркылуу өз ара түшүнүшүүнү өнүктүрүүнүн жолдорун издөө зарыл болгон. Ушундан улам АКШ өзүнүн коомдук дипломатияга болгон мамилесинен күмөн санай баштаган. Жактоочулук эл аралык платформаларда жана эл аралык коомчулуктун көз алдында белгилүү бир саясатты же пикирди ынандыруу максатында коомдук дипломатия практикасында өлкөлөрдүн эл аралык байланыш иш-аракеттерин камтыйт. «Ааламдашуу жана коомдук дипломатия өзгөчө маданият жана саясат тармагында өз ара аракеттенишет» (Erzen, 2012: 118).

Жозеф Най «Америкалык күчтөрдүн парадоксу» (Amerikan Gücünün Paradoksu) аттуу китебинде ааламдашуунун саясий өлчөмүндө укуктук жөнгө салуулар бар экенин, эл аралык уюмдардын алдыңкы планга чыкканын жана бейөкмөт уюмдардын күчтөнүшү көңүл бура тургандыгын айтат (цит. Özkan, 2015: 3). Маданий коммуникация – бул коомдук дипломатия түшүнүгү менен аныкталган көрүнүш. Маданий дипломатия субъекттин өзүнүн маданий ресурстарын жана жетишкендиктерин чет өлкөдө жайылтуу, аны менен катар алардын маданий трансферин чет өлкөгө таркатуу аркылуу эл аралык чөйрөнү башкаруу аракети катары аныкталышы мүмкүн (Cull, 2009: 19, 20). Британ кеңеши, Италия маданият институту, Юнус Эмре институту сыяктуу уюмдардын иш-чаралары маданий дипломатия иш-чараларынын арасында орун алат. Чет элдиктер менен баарлашууда маданий фактор абдан маанилүү.

Максат-өлкөлөрдүн маданиятын жана баалуулуктарын жакшы түшүнбөй туруп ишке ашыра турган коомдук дипломатиянын тажрыйбасы каалаган натыйжаларга алып келбеген сыяктуу, жагымсыз натыйжалардын себеби да болушу мүмкүн. Захарна (Zaharna, 2004: 133, 134) маданий ассиметриялар маданий айырмачылыктарда эске алынбай калса, бул коммуникация процессинде мүчүлүштүктөрдү жаратышы мүмкүн экенине көңүл бурат. Маданият эл аралык мамилелерде өзгөчө ааламдашуунун таасири менен маанилүү орунду ээлейт. Айрыкча маданий

ааламдашууга шарт түзгөн популярдуу маданият булагы катары саналган өлкөнүн башка өлкөлөргө карата гегемониясында да абдан маанилүү курал боло алат. Американлык популярдуу маданият маданий ааламдашуунун типтүү мисалы катары кароого болот.

Маданий дипломатия процессинде тил маданияттын алып жүрүүчүсү катары маанилүү орунду ээлейт. Маданий дипломатияны колдонгон өлкөлөр өз тилдерин жайылтуу жана кабыл алуу үчүн көп күч-аракет жумшашат. Англо-американлык маданий экономика англис тилин жалпы эл аралык тил кылууга умтулат. Интернеттеги булактардын мазмунунун 80%дан ашыгы англис тилинде (Steger, 2006: 118). Бул контекстте санариптик байланыш англис тилинин үстөмдүгү астында калыптанып жатат. Ушундан улам дүйнөлүк маданият жалпыга маалымдоо каражаттары менен бирдиктүү маданият түзүп, башка маданияттарды жок кылып жатат деп айыпталууда. Бүгүнкү күндө англис тили 30дан ашык мамлекеттин расмий тили катары колдонулат (Özkan, 2006: 7). Тил маданияттын жана баалуулуктардын эң маанилүү алып жүрүүчүсү болгондуктан, тилдин үстөмдүк кылуучу аймагы маданий таасир чөйрөсү экенин билдирет.

Куллдун коомдук дипломатия классификациясынын дагы бир компоненти алмашуу дипломатиясы болуп саналат. Алмашуу дипломатиясы өз жарандарын чет өлкөгө жөнөтүү жана билим берүү жана/же маданий өз ара аракеттенишүү үчүн чет өлкөдөн келген жарандарды өз ара кабыл алуу аркылуу субъекттин эл аралык чөйрөнү башкаруу аракети катары аныкталат (Cull, 2009: 20). Мисалы, АКШ Фулбрайт стипендиясына басым жасайт. Алмашуу программалары коомдук дипломатия үчүн, өзгөчө маданий өз ара аракеттенишүү жана мамилелерди түзүүдө өтө зарыл. Акырында, классификацияда көңүл бурган дагы бир компонент эл аралык телерадиоберүү болуп саналат.

Эл аралык телерадио берүү ааламдашуунун типтүү көрсөткүчтөрүн чагылдырган маанилүү маалымат тармагын билдирет. Ааламдашуу менен алектенип жаткан Слаттери (Slattery, 2018) Усама бен Ладенди деконструкциялаган иште террордук

топтордун өз билдирүүлөрүн бүт дүйнөгө, өзгөчө дүйнөлүк маалымат каражаттары аркылуу жеткирүү жолун талкуулайт. Бул контекстте Слаттери Аль-Жазира телеканалынын таасир этүү мүмкүнчүлүгүнө токтолгон. Усама Бен Ладендин Аль-Жазира каналында сүйлөгөн сөзү менен ал дүйнөнүн көңүл чордонуна айланды. Дүйнөлүк медиа органдары тез маалымат жана билдирүүлөрдү алып жүрүү менен дүйнөлүк коомчулукка кайрылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Бул жагынан алганда, эл аралык маалымат каражаттары мамлекеттердин дүйнөлүк коомдук пикирге таасир этүүчү стратегиялык куралы болуп саналат.

Эл аралык телерадиоберүүнүн таасирдүү потенциалы интернет тарабынан түзүлгөн санариптик тармактардын аркасында жаңы өлчөмгө ээ болду. Санариптик коммуникация технологияларынын өнүгүшүнүн артында санариптик дипломатия түшүнүгү тез эле адабиятта өз ордун ээледи. Дүйнөлүк эпидемия менен санариптештирүү укук, билим берүү жана саламаттыкты сактоо сыяктуу көптөгөн тармактарда олуттуу секирик жасады. Медиа инвестициялар негизинен санариптик каналдарга өттү. Дипломатиялык практикалар бул окуялардан көз каранды болбогондуктан, санариптик дипломатия колдонмолору кеңейди. Жалпысынан алганда, санариптик дипломатия дипломатиялык максаттарда интернетти, жаңы маалымат жана коммуникация технологияларын колдонуу катары аныкталат (Фергус Хансондон цит. Mazıcı, 2020: 1093).

Интернет технологияларынын өсүшү түрдүү өтмүшү бар адамдардын бири-биринен үйрөнө турган, бири-бири менен тажрыйба бөлүшө турган виртуалдык коомчулуктарды түзүүгө шарт түзүп жатат. Бул жагдайга жетүү мүмкүнчүлүгүнүн жеңилдиги менен жана санариптештирилген байланыштын артынан көбүрөөк маданияттар аралык өз ара таасирлешүүнү камсыз кылып жатат (Potter, 2003: 50). Йүжелдин айтуусу боюнча (Yücel, 2016: 749) дипломатия 3,0 түшүнүгү катары карала баштады. Бул иште АКШ менен Израил алдыңкы өлкөлөрдүн катарына кирет. Израилдин Хасбара уюму санариптик министрлик катары иш жүргүзүп келет.

Коммуникация технологиялары күнүмдүк жашоонун көп өлчөмүн түзөт. Белгилей кетсек, Твиттер 2010-жылы «араб жазы» деп аталган коомдук кыймылдарда маанилүү орунга ээ экендигин белгилөөгө болот. Социалдык тармактар коомчулукту мобилизациялоодо абдан эффективдүү күч болуп берди. Ошо сыяктуу эле, дүйнөлүк коомчулук тарабынан окуя жөнүндө заматта кабардар болуу – бул башкаруу үчүн чоң мүмкүнчүлүк жана татаал маселе.

Санариптик байланыш ааламдашуудан келип чыккан чыңалууга окшош социалдык тажрыйбаларды гана өзгөртпөстөн, коопсуздукка байланыштуу тынчсыздануулардын спиралын жаратат. Мисалы, Кэмбридж аналитика (Cambridge Analytica) компаниясынын 2014-жылы Facebookтун 50 миллион колдонуучусунун жеке маалыматтарын мыйзамсыз чогултушу көптөгөн талаш-тартыштарды жараткан. «Кэмбридж аналитика АКШда Дональд Трамптын президент болуп шайланышына жана Улуу Британиянын Евробиримдиктен чыгуу чечимине (Brexit) таасирдүү болгон» (https://www.bbc.com, 2019). Изилдөө көрсөткөндөй, Twitterдеги фейк жаңылыктар/калптар чыныгы жаңылыктарга караганда 70% көбүрөөк бөлүшүлүп, твиттерде тарайт. Адамдар санариптик чөйрөдө онлайн режиминде кирүүгө мүмкүн болгон чоң көлөмдөгү маалыматтардын алдында турушат. Ошондуктан, инсандар эмнеге көңүл буруусу керектиги боюнча кыйынчылыктарга туш болушат. Маалыматтын өзүнө эмес, маалыматтын келип чыккан булагына көңүл бурулбай калды. Чоң маалымат базасы жана жасалма интеллект байланыштын микротаргетингине мүмкүндүк берет. Ошентип, адамдар алган маалымат чектелген фильтрден өтөт (Nye, 2018).

Санариптик коомдук дипломатия дүйнөлүк тенденцияларды эске алуу менен максаттуу коомчулуктун кызыкчылыктары жана күтүүлөрү боюнча коммуникацияга негизделсе, экинчи жагынан, жалган маалымат жана «фейк жаңылыктар» сыяктуу коом жана мамлекеттерге коркунуч туудурган көйгөйлөр менен күрөшүүгө туура келет. Көрүнүп тургандай, дүйнөлүк чөйрөнүн өзгөрүшүнүн натыйжасында жана дүйнөлүк саясаттын жаңы дипломатиялык ыкмасы катары эл аралык мамилелердин борборунда коомдук

дипломатия турат. Коомдук дипломатия эл аралык чөйрөнү түзгөн динамикадан көз карандысыз өнүккөн феномен эмес. Ушул себептен улам, ааламдашуу сыяктуу трансформациялык динамика дипломатияны түшүнүүдө жаңы ыкмалардын пайда болушун камсыз кылат. XXI кылымда коомдук дипломатия мамилелерди түзүүгө негизделген жана диалог менен симметриялуу коммуникация ыкмасын кабыл алган коомдук дипломатиянын жаңы түшүнүгүнө айланды.

**Корутунду**

Ааламдашуу түшүнүгү жаңы кубулуш эмес, ал Кайра жаралуу (Ренессанс) дооруна чейин же андан да ары карай мезгилдерде иликтене турган түшүнүк. Бүгүнкү ааламдашуу феномени негизинен, кансыз согуштан кийин пайда болгон маалыматтык төңкөрүш, коммуникация технологияларынын тездик менен өнүгүүсү, өзгөчө интернетте пайда болгон социалдык тармак коому аркылуу калыптанган процессти түшүндүрөт.

Ааламдашуу өз ара көз каранды жана түрдүү коомдордун ортосундагы байланыштардын активдешүүсү жана интернет аркылуу түзүлгөн тармактык коом сыяктуу негизги мүнөздөмөлөрдүн тегерегинде экономикалык, маданий, саясий жана укуктук өлчөмдөрү бар динамикалуу түзүлүштү билдирет. Ааламдашууну түзгөн эң маанилүү өнүгүү – бул маалыматтык-коммуникациялык технологиялардагы жетишкендиктер. Бул өнүгүүлөр ошол эле учурда эл аралык мамилелердин иш жүзүндөгү формалары жана күч мамилелери жагынан да түп-тамырынан бери өзгөрүүлөргө учурады.

Ааламдашуу буга чейин мамлекет үстөмдүк кылган каналдардан башка бир нече байланыш каналдарын камсыз кылгандыктан, бийликтин табияты ушунчалык кеңири жайылгандыктан, бир адам дүйнөлүк саясатты өзгөртө алат. Ааламдашуу процесси мамлекеттердин ортосундагы эл аралык мамилелердин уланып жаткан структурасын өзгөртүп, мамлекеттик эмес эл аралык уюмдардын, бейөкмөт уюмдардын коомчулуктун дүйнөлүк саясатында актёрдук ролду ойной башташы, дүйнөлүк

саясаттын деңгээлинде өзгөрүүлөрдү жаратты. Бул дүйнөлүк саясий чөйрөдө катаал күч элементтеринен тышкары эл аралык коомдук пикирге, медиага, маданиятка жана баалуулуктарга негизделген жумшак күч феномени пайда болду. Бийликтин бул жаңы формасы маданиятка, саясатка жана баалуулуктарга негизделген өзүнө тартуу, кызыктыруу жаратууну көздөйт. Мындай кызыктыруу аркылуу максат-өлкөлөрдөгү коомдук пикирге жана өкмөттөргө таасир этүү, саясий өзгөрүүлөрдү камсыз кылуу ишке ашууда.

Коомдук дипломатия жумшак күчтү колдонуу ыкмасы катары өзгөрүп жаткан дүйнөлүк чөйрөнүн жаңы парадигмасы болуп саналат. Бул өзгөчөлүгү менен эл аралык мамилелердин борбордук түшүнүктөрүнүн бири болуп калды. Коомдук дипломатия ааламдашуу жараткан бардык өлчөмдөр менен байланышта болгону менен, ал өзгөчө маданият жана саясат контекстинде ааламдашуу менен өз ара аракеттенишет. Ааламдашуунун таасири менен ден соолук, айлана-чөйрө, климат, миграция, билим берүү, илим жана адам укуктары сыяктуу көптөгөн маселелердин дипломатиянын күн тартибине киргизилип, ааламдашуу бул процессти тездетүүдө деп айта алабыз.

Ааламдашуунун саясий мерчеминде эл аралык уюмдар жана эл аралык коомдук пикир турат. Маданий мерчеминде бир жагынан маданий өндүрүм жана керектөө объектилери болсо, экинчи жагынан маданиятты алып жүрүүчү катары дүйнөлүк медиа уюмдары бар. Мындай эл аралык чөйрөдө мамлекеттер коомдук дипломатия менен жарандык коомдун, коомдук пикирдин, массалык маалымат каражаттарынын, маданият жана баалуулуктардын негизинде алака түзүшүп, терс кабылдоолорду жок кылууга багытталган стратегиялык байланыш иш-чараларын жүргүзүп келишет.

Ааламдашуу ошол эле учурда эл аралык саясатта чыңалууну жана атаандашууну жаратат. Кризистердин ааламдашуусу эл аралык тилектештикти талап кылса да, улуттар аралык уюмдар жана мамлекеттер дүйнөлүк башкарууда ийгиликти жарата алышкан жок. Себеби климаттык кризис, ачарчылык, киреше

теңсиздиги, узак мөөнөттүү согуштар дүйнөлүк саясатка тоскоолдук жаратып жатат.

Ааламдашуу гегемондук күчтөр үчүн жумшак күч сыяктуу бийликтин жаңы формаларын таңуулоо үчүн маанилүү мүмкүнчүлүк тартуулайт жана улуу державалардын гегемониясын сактап калуу үчүн кеңири мейкиндикти берет. Бирок ааламдашуудан жаралган күч асимметриялары жакшы бааланганда, мамлекеттик эмес уюмдар жана эл аралык уюмдар дүйнөлүк саясатта эффективдүү боло алышат. Демек, ааламдашуу окуулары көп өлчөмдүү болушу керек. Мүмкүнчүлүктөр менен катар көйгөйлөрдү жаратып жатканын да эске албай коюуга болбойт.

Коомдук дипломатия ааламдашуу процессинде эл аралык байланыштардын чордонунда түптөлө баштады. Өз ара көз карандылык күчөгөн социалдык тармактык коомдо мамлекеттер өз билдирүүлөрүн максаттуу коомдорго ынанымдуу жеткирүү үчүн коомдук дипломатияга басым жасай баштаашты. Ааламдашуу эл аралык коомдук пикирдин байланышуу жана таасир берүү мүмкүнчүлүктөрү аркылуу эл аралык коомчулукту мындан да сезимталдуураак кылгандыктан, мамлекеттер эл аралык коомдук пикирди ынандыруу жана мыйзамдуулукту камсыз кылуу үчүн жумшак күчкө көбүрөөк муктаж болуп жатышат.

Эл аралык мамилелер жагынан алып караганда коомдук пикир мамлекеттердин негизги сунуш көрсөткүчтөрүнүн бири болуп калды. Мамлекеттер ааламдык саясий чөйрөнү калыптандыруучу бийликтин бул жаңы формасын туура жана натыйжалуу кабыл алуу менен өздөрүнүн ишмердүүлүктөрүн андан ары алып кетүүгө тийиш. Ааламдашуунун натыйжасында келип чыккан дипломатиялык мамилелер XXI кылымдын дипломатиясынын жаңы коомдук дипломатия көз карашын билдирет. Жаңы коомдук дипломатия – коомдор аралык мамилелер активдешкен социалдык тармактык коомдо диалог, кызматташтык жана симметриялык байланыш аркылуу мамилелерди курууга багытталган.

**Колдонулган адабияттар**


Acar, D. Ş. (2006). Küreselleşen Dünyada Diplomasi. *Selçuk Üniversitesi Sosyal Bilimler Meslek Yüksekokulu Dergisi,, 9* (1-2), 417-440.

Assistance, G. H. (2020). *Global Humanitarian Assistance Report 2020.* Development Initiatives. 09 23, 2021 tarihinde https://devinit.org/resources/global-humanitarian-assistance-report-2020/#downloads adresinden alındı

Bauman, Z. (2000). *Küreselleşme Toplumsal Sonuçları.* (A. Yılmaz, Çev.) İstanbul: Ayrıntı.

Bayer, R., & Keyman, E. (2012). Turkey: An Emerging Hub of Globalization and Internationalist Humanitarian Actor? *Globalizations, 9*(1), 73–90. doi:https://doi.org/10.1080/14747731.2012.627721

Baylis, J., Smith, S., & Owens, P. (2021). *Küreselleşen Dünya Siyaseti Uluslarrası İlişkilere Giriş.* (H. B. Yalçın, H. Alptekin, V. Uzundağ, M. Akgönül, & E. Baltacı, Çev.) İstanbul: Küre yayınları.

Castells, M. (2016). *İletişim Gücü.* (E. Kılıç, Çev.) İstanbul: İstanbul Bilgi Üniversitesi Yayınları.

Coombs, T., & Signitzer, B. H. (1992). Public Relations and Public Diplomacy: Conceptual Covergences. *Public Relations Review, 18*(2), 137-147-.

Cull, N. J. (2009). *Public Diplomacy: Lessons from the Past.* Los Angeles: USC Center on Public Diplomacy at the Annenberg School.

Çetinsaya, G. (2020). Diplomasi: Tarihsel Giriş. A. R. Usul, & İ. Yaylacı içinde, *Dönüşen Diplomasi ve Türkiye Aktörler, Alanlar, Araçlar* (s. 15-46). İstanbul: Küre yayınları.

Çevik, B. S. (2014). *Uluslararası Halkla İlişkilerde İnsani Yardımlar: Kamu Diplomasisi Boyutu.* Ankara: Stratejik Düşünce Enstitüsü.

Ekşi, M. (2014). *Kamu Dıplomasisi ve Ak Parti Dönemi Türk Dış Politikası.* İstanbul: Siyasal Kitabevi.

Ekşi, M. (2020). Kamu Diplomasisi. A. R. Usul, & İ. Yaylacı içinde, *Dönüşen Diplomasi ve Türkiye Aktörler, Alanlar, Araçlar* (s. 289-320). İstanbul: Küre .

Erzen, M. Ü. (2012). *Kamu Diplomasisi.* İstanbul: Deerin Yayınları.

Giddens, A. (2000). *Elimizden Kaçıp Giden Dünya Küreselleşme hayatımızı Nasıl yeniden Şekillendiriyor?* (O. Akınhay, Çev.) İstanbul: Alfa.

Gilboa, E. (2002). Global Communication and Foreign Policy. *Journal of communication, 52*(4), 731-748.

Gilboa, E. (2005). The CNN Effect: The Search for a Communication Theory of International Relations. *Political Communication, 22*(1), 27–44. doi:10.1080/10584600590908429

Gilboa, E. (2008). Searching For a Theory of Public Diplomacy. *The Annals of the American Academy of Political and Social Science, 616*(1), 55-77.

Gökırmak, M. (2012, 01 03). *https://www.kamudiplomasisi.org*. 07 12, 2021 tarihinde https://www.kamudiplomasisi.org/ana-sayfa/44-makaleler/124-kuereselleen-duenyada-diplomasi-kamu-diplomasisi-.pdf adresinden alındı

*https://www.bbc.com*. (2019, 07 13). 07 10, 2021 tarihinde https://www.bbc.com/turkce/haberler-dunya-48974921 adresinden alındı

Kay, S. (2004). Globalization, Power, and Security. *Security Dialogue, 35*(1), 9-25.

Mazıcı, E. T. (2020). Covid-19 Pandemi Sürecinde Dijital Diplomasi: T.C. Dışişleri Bakanlığı Üzerine Bir Araştırma. *Turkish Studies*, 1087-1104.

Melissen, J. (2005). *The New Public Diplomacy Soft Power in International Relations.* New York: PALGRAVE MACMILLAN.

Nye, J. (2018, 12 5). *Is Fake News Here to Stay?* 07 10, 2021 tarihinde https://www.project-syndicate.org/: https://www.project-syndicate.org/commentary/fake-news-part-of-the-background-by-joseph-s--nye-2018-12 adresinden alındı

Nye, J. S. (2003). *Amerikan Gücünün Paradoksu.* (G. Koca, Çev.) İstanbul: Literatür Yayıncılık.

Nye, J. S. (2017). *Yumuşak Güç.* (R. İ. Aydın, Çev.) Ankara: BB101.

Özkan, A. (2006). *Küreselleşme Sürecinin Medya ve Kültür Üzerindeki Etkileri.* İstanbul: TASAM.

Özkan, A. (2015). *21. Yüzyılın Stratejik Vizyonu Kamu Diplomasisi ve Türkiye'nin Kamu Diplomasisi İmkânları.* İstanbul: TASAM.

Pisani-Ferry, J. (2021, 06 28). *The End of Globalization as We Know It*. 07 04, 2021 tarihinde https://www.project-syndicate.org: https://www.project-syndicate.org/commentary/future-of-globalization-national-priorities-international-threats-by-jean-pisani-ferry-2021-06 adresinden alındı

Potter, E. (2003). Canada and the new public diplomacy. *International Journal, 58*(1), 43-64.

Sanberk, Ö., & Altınay, H. (2008, 01 08). *Kamu Diplomasisi ve Yumuşak Güç*. 07 12, 2021 tarihinde http://kamudiplomasisi.org: http://kamudiplomasisi.org/pdf/kdyumusakguc.pdf adresinden alındı

Sancar, G. A. (2012). Uluslararası Halkla İlişkiler Yöntemi Olarak Kamu Diplomasisi: Türkiye İçin Bir. *Doktora Tezi*. İstanbul: Yayınlanmış Doktora Tezi.

Slattery, M. (2018). *Sosyolojide Temel Fikirler.* (Ü. T. Demiriz, Çev.) Bursa: Sentez Yayıncılık.

Steger, M. B. (2006). *Küreselleşme.* (A. Ersoy, Çev.) Ankara: Dost.

Tuch, H. N. (1990). *Communicating With The World U.S. Public Diplomacy Overseas.* New York: ST. MARTIN'S PRESS New York.

Yücel, G. (2016). Dijital Diplomasi. *TRT Akademi, 1*(2), 748-760.

Zaharna, R. (2004). Asymmetry Of Cultural Styles And The Unıntended Consequences Of Crısıs Publıc Dıplomacy. H. Slavik içinde, *Intercultural Communication and Diplomacy* (s. 133–142). Malta: Diplo Foundation.

Zaharna, R. (2007). The Soft Power Differential: Network Communication and Mass Communication in Public Diplomacy. *The Hague Journal of Diplomacy, 2,* 213-228. doi:10.1163/187119007X240505

# ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕРДЕ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮК ЖАНА ААЛАМДЫК БАШКАРУУ ЖӨНҮНДӨ ТЕОРИЯЛЫК ТАЛКУУЛАР

Сулейман Элик[1]

(Которгон: Айзат Ибраева)[2]

**Киришүү**

Джеймс Розенау тарабынан жаралган ааламдык башкаруу боюнча талаш-тартыш, кансыз согуш бүткөндөн кийин дароо башталган. Ааламдык башкарууну жактаган эл аралык мамилелер боюнча ойчулдар реалисттер тарабынан колдонулган эл аралык система жана анархия түшүнүктөрүнүн ордуна, ааламдык башкаруу, тартип жана кызматташтык сыяктуу түшүнүктөргө кайрылышкан. Ааламдык башкаруу жана мамлекет жөнүндөгү талаш-тартыштар утописттер менен классикалык реалисттердин ортосундагы талаш-тартыштарга окшосо да, бул эл аралык мамилелердеги биринчи талкуу жана бул парадигмалар аралык талаш-тартыштын, нео-нео (неореалисттер жана неолибералисттер) талаш-тартышынын уландысы деп айтууга болот.

Талкуунун көңүл борборунда, реализмдин башкы жобосу болуп саналган эл аралык системадагы “мамлекет – үстөмдүк кылуучу негизги субъект”,– деген түшүнүккө каршы алардын позициясы орун алган. Башкаруу парадигмасы Розенау, Мэтьюс, Кек, Катлер жана Сиккинк сыяктуу теоретиктер тарабынан кабыл алынган «аламдык башкаруунун субъекттери мамлекеттин күчүн жок кылат» деген түшүнүккө негизделген. Алардын айтымында, мамлекеттер көптөгөн тармактарда өз бийлигин ааламдык

[1] Доцент, PhD Стамбул Маданият университети Саясий маалымат факультети Эл аралык мамилелер бөлүмү

[2] Ph.D. докторанты, Кыргыз-Түрк «Манас» университети Коомдук илимдер институту (Социология).

башкаруунун институттары жана субъектилери менен бөлүшүүгө мажбур болушууда.

Бирок, ааламдык башкаруучулар өздөрүнүн билдирүүлөрүн мамлекеттен тышкаркы мамлекеттик эмес уюмдарга таянып талдоо жүргүзүүнүн негизинде коргошот. Башка жагынан алып караганда, Анна-Мэри Слэйтер дагы эл аралык уюмдардын ички саясатка тийгизген таасирине көңүл бурат. Анын айтымында, эл аралык уюмдар улуттук мамлекеттер кызмат көрсөтө албаган жана кол суна албаган көптөгөн тармактарда эффективдүү милдеттерди аткарышат. Мындай ыкма, башкаруу “улуттук мамлекетти алсыратпастан аны ого бетер күчтүү кылат" – деген жобого барып такалат. Ага каршы неореалисттердин агымында позитивдүү бааланган жана мамлекеттүүлүктү колдогон Стивен Краснер бар. Ал мамлекетке гана артыкчылыктуу маани бербестен, мамлекеттин көз карандысыздыгын да биринчи планга коёт. Мамлекеттик эмес субъекттер эл аралык башкарууга катышып жатканын жана ошону менен бирге эле алар барган сайын мамлекеттин ордун ээлейт – деп эсептешкен ааламдык башкарууну колдогондорго каршы, мамлекет – мамлекеттик эмес субъекттердин үстүнөн үстөмдүк кыла аларын жана эл аралык аренадагы эң башкы жана өзгөчө көңүл бурууга татыктуу субъект болуп “мамлекет” эсептелерин четке кагууга болбой тургандыгына басым жасайт. Клэр Катлерди башка ойчулардан айырмалап турган эң негизги өзгөчөлүк, бул анын сындык теорияны карманып, эл аралык компанияларды да мамлекет катары өзгөчө эл аралык режимге же болбосо аларга да өзгөчө эл аралык кадыр-барктуу мамиле жасалуусу керек экендигин билдиргендигинде.

Бул изилдөө ааламдык башкаруу жана мамлекеттердин ортосундагы мамилелер жөнүндөгү негизги талкууларды камтыйт. Башка жагынан алганда, ааламдашуу жана ааламдык башкаруу предмети бул изилдөөнүн алкагынан тышкары калды. Анткени ааламдашууну жана башкарууну жактаган теоретиктер, Бириккен Улуттар Уюму (БУУ), Дүйнөлүк соода уюму (ДСУ) жана Эл аралык валюта фонду (ЭВФ) сыяктуу уюмдарды мамлекет сыяктуу автономдук башкарыла турган түзүлүш катары эсептешет. Мамлекет менен ааламдык башкаруунун өз ара мамилелери боюнча

көптөгөн эмгектер жазылган болсо да, бул изилдөө бири-бирин толуктаган неолиберал жана ошондой эле неореалист эл аралык мамилелеринин теорияларынын ортосундагы алты интеллектуалдык талкуугa негизделген (Rosenau, 1995; Mathews, 1997; Slaughter, 1997; Keck ve Sikkink, 2011; Krasner, 2001; Cutler, 2002). Бул сыяктуу изилдөөлөр методологиялык жактан баа берүү макаласы катары изилденет. Андыктан, ушундай жол менен бул илимий изилдөө, эл аралык мамилелер теориясында чоң талаш-тартыш темасын түрк окурманына сунуу жана аны жаңы көз караш менен берүүгө багытталган.

**Розенау менен Мэтьюстун ааламдык башкаруу мамилеси / подходу**

Джеймс Натан Розенау – ааламдык башкаруу теориясын системалуу түрдө түшүндүргөн америкалык саясат таанууучусу. Анын тышкы саясат теориясына кошкон салымы талашсыз салмакка ээ жана ошону менен эле бирге Розенаунун ааламдык башкаруу боюнча божомолдору академиялык чөйрөлөрдө натыйжалуу болгон. Розенаунун ааламдык башкаруу жана мамлекеттүүлүк жөнүндө баштаган жазуулары талкуугa катышууну максат кылбаса да, бул теориялык мамилени парадигмалар аралык талаш-тартыш болгон нео-нео талкуусунун уландысы катары кароого болот. Анын мурунку изилдөө иштери кийинки изилдөөлөрү менен шайкеш болуп, ааламдык башкаруу теориясы менен байланыштуу. Розенаунун, 2001-жылдын 11-сентябрындагы террордук чабуулдан эки жыл өткөндөн кийин жазган мындан башка илимий изилдөөсүнө караганда, ааламдык башкаруу чөйрөсүнүн кеңейиши да бул аракеттердин уландысы деп айтууга болот. (Rosenau, 2021). Изилдөөнүн биринчи бөлүгүндө Розенау концептуалдык талдоо жүргүзүү менен бирге өзүнүн концептуалдык тилин түзгөнгө жетишкен. Ааламдык башкаруунун субъекттеринин арасында орун алган институттар улуттук жана субулуттук институттар деген аталыштар менен берилген. "Ааламдык башкаруунун үстүнөн көзөмөлдөө механизмдери" деген аталышта социалдык кыймылдар, улуттан тышкары борбор шаарлар жана чакан региондор келтирилген. Бириккен уюмдар

тарабынан демөөрчүлүк көрсөтүлгөн институттар мамлекеттик да, улуттуктун үстүндөгү механизмдер катары да берилген. Розенау "субулуттук жана улуттар аралык механизмдер эч качан мамлекеттин функциясын уурдай албайт, ал эми мамлекеттер мурункудай баарын көзөмөлдөгөн аппарат боло албайт" деп ырастайт.

Ал «өкмөтсүз башкаруу» деген түшүнүктү далилдөөгө аракет кылат. Розенаунун ааламдык башкаруу аттуу изилдөөсүндө түшүнүк жана теориялык талдоого эч бир көрсөтмө кылбай туруп, Джессика Мэтьюс "Power Shift" аттуу макаласында да бул темага кайрылган. Бул ыкма Розенаунун ааламдык башкаруунун концептуалдык жана теориялык анализине шилтеме жасабастан, Джессика Мэтьюустун «Бийликтин алмашышы» (Mathews, 1989) деген макаласында да талкууланат. Мэтьюстун айтымында, кансыз согуштун аягында Вестфаль тартиби туруксуз абалга келген. Ал, мамлекеттен башка жогорку бийлик жок деген божомол азыр кыйрады – деп ырастаган. Анын айтымында, базарлар өз күчүн колдонуу менен өзүнүн де-факто эрежелерин түзүшөт. Экинчи жагынан, эл аралык чөйрөдө адамдын коопсуздугуна коркунуч туудурган шарттардын күчөшүнө байланыштуу мамлекеттин бийлигин кайра таануу милдети келип чыгат. Ал бейөкмөт уюмдардын эл аралык саясаттагы ролуна оң баа берген, анткени алар мамлекет жете албаган көп жерлерге жетип, элге кызмат көрсөтөт. Ошондой эле ааламдашууну белгилеп жатып, автор ааламдашуу экономикалык жана маданий улутчулдукту жогорулатмакчы деп ырастаган.

### Энн-Мэри Слоутердин өкмөттөр аралык мамилеси / подходу

Мэтьюс менен Розенаунун ааламдык башкаруу багыттарына жооп кылып, Энн Мари Слоутер 1997-жылы жазган "Чыныгы жаңы дүйнө тартиби" аттуу эмгегинде либералдык өкмөттөр аралык мамилени сындоого алат. Слоутердин изилдөө иштеринде эл аралык укукка жана укуктук тышкы саясатка басым жасалган. Анын ишинде феминисттик ой жүгүртүү жана өкмөттөр аралык түшүнүү

үстөмдүк кылат. Жубайы Эндрю Моравчик, Принстон университетинин эл аралык мамилелер боюнча белгилүү профессорлорунун бири, либералдык интернационализм теориясынын пионери. Ааламдык башкарууга жана либералдык интернационалисттерге каршы Слоутер тарабынан иштелип чыккан өкмөттөр аралык мамиле мамлекетке багытталган позицияны көрсөтөт. Эл аралык уюмдар БУУнун жетекчилиги астында жана улуу державалардын жигердүү колдоосу менен эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту камсыз кылуу менен жаңы дүйнөлүк тартипти түздү – деген түшүнүккө жооп катары автор: «Алар дүйнөлүк тартип деп атаган нерсе – адашуу» – деген (Slaughter, 1997). Автор либералдык интернационалисттер идеалдаштырган нерсе мүмкүн эмес деп ырастап, эгерде алардын божомолдору чын болсо, бул бүткүл дүйнөдөгү тынчтык үчүн өтө коркунучтуу нерсе болоорун белгилеген. Анын айтымында, алар дүйнөлүк тартип деп атаган нерсе борборлоштурулган ченем чыгаруу бийлигине, институттардын иерархиясына жана универсалдуу мүчөлүккө ээ болушу керек. Либералдык интернационалисттик ой жүгүртүүгө альтернатива катары автор, 21-кылымдын келечектеги модели жөнүндө макулдашуу менен байланыштуу болгон жаңы идеяны билдирет. Автор либералдык эл аралык ойго жүгүртүүгө альтернатива катары XXI кылымдын келечектеги модели деп пайда болгон Жаңы орто жол идеясын сынга алат. Жаңы орто жол идеясы мамлекеттен кичине жана чоңураак түзүлүштөр мамлекеттерди алмаштырат деп болжолдойт. Либералдык интернационалисттер мамлекеттердин көйгөйлөрүн чечүү үчүн эл аралык эрежелерге жана институттарга муктаж болгон жерде, Жаңы орто жол ойчулдары улуттук мамлекеттин бүтүшүн жарыялашат. Бул ойчулдарга мисал катары автор Мэтьюска жана анын "Бийликтин алмашышы" макаласын көрсөтөт (Slaughter, 1997). Мэтьюстун макаласында мамлекеттен жана мамлекеттин алдында горизонталдуу жана вертикалдуу болгон түзүлүштөргө өтүү, эң негизгиси мамлекеттик эмес субъекттерге өтүү жөнүндө сөз болот. Анын айтымында, бул жаңы оюнчулардын көп факторлуу милдеттенмелери жана ааламдык максаттары бар экенин жана бийлик алмашууну – уюмдардын түзүлүшүнүн

өзгөрүүсү катары сүрөттөгөн. Аларды иерархиядан байланыштарга, борборлоштурулган императивден ыктыярдуу бирикмелерге өтүү катары кароого болот. Бул трансформациянын негизги механикасы маалыматтык технология революциясы байланыш мүмкүнчүлүктөрүн кеңейткенде пайда болгон деп айтылат. Бул салттуу бийликти алсыратса да, топтордун жана жеке адамдардын бийликке ээ болушуна шарт түздү. Натыйжада, алар дүйнөлүк өкмөт эмес, тескерисинче ааламдык башкаруу деп ырасташат. Эгерде өкмөт өзүнүн иштеп жаткан институттары менен бийликтин формалдуу абалын билдирсе; башкаруу ошондой эле өзгөрүлмө жана так эмес кызматкерлер менен биргелешип көйгөйлөрдү чечүүнү билдирет. Мунун натыйжасында, ааламдык башкаруу Майкрософт корпорациясы, Рим-католик чиркөөсү, Европалык Союздун, БУУнун жана Каталониянын укук коргоо уюму менен байланышкан жаңы тынчтык тартибин калыптандыруу дегенди түшүндүрөт. Слоутер, Жаңы орто жол ойчулдарын сындап, алар эки маанилүү маселени колдон чыгарышкандыгын белгилейт. Биринчиден, жеке бийлик толугу менен мамлекеттик бийликти алмаштыра элек. Экинчиден, бийликти өзгөртүү – бул нөлдүк оюн эмес. Мамлекеттик эмес субъекттер алган бийликти жеңүү мамлекеттин бийлигин жоготуу болбошу керек. Слоутер айткандай: "жаңы дүйнөлүк тартип – бул ызы-чуусуз жана либералдык интернационализмдин жана алардын жаңы ойчулдарынын көз карашына карама-каршы келген материалдык дүйнө "(Slaughter, 1997). Автор мамлекеттин жоголбогондугун айтуу менен анын функционалдык жактан гана бөлүктөргө бөлүнгөнүн белгилейт.

Ал бул бөлүктөр мамлекеттик үстөмдүк тартипти түзүү аркылуу институтташтырууну ишке ашыруу менен гана сырттагы кесиптештери менен байланыша аларын айтат. Жаңы дүйнөнүн эл аралык көйгөйлөрү болгон терроризм, уюшкан кылмыштуулук, арам акчаны адалдоо жана коопсуздук көйгөйлөрү ушундай мамилелерди жаратып жана алардын өнүгүүсүнө алып келди. Автор Роберт О.Кеохан менен Жозеф С.Най 1970-жылдары бул түзүлүштөрдү байкаган алгачкы теоретиктер болгонун баса белгилейт. Жетишилген пунктка токтолуп, ал өкмөттөр аралык

түзүлүш өсүп жатканын жана ал эл аралык башкаруунун эң эффективдүү куралы экенин айтат.

Слоутердин айтымында, либералдык интернационалисттердин "жогорку идеалдарына" жана жаңы идея ойчулдарынын "жетүү ыктымалдуулугуна" каршы өкмөттөр ортосундагы түзүлүш дагы да ыңгайлуу (Slaughter, 1997). Автор эл аралык кризистерди алдын алууну жана келечектеги көйгөйлөрдү пландаштырууда бюрократтык тармактар эл аралык уюмдарга караганда ийкемдүү жана натыйжалуураак экенин белгилейт. Мындан тышкары, мамлекетти ич ара бөлүктөргө бөлүү либерал-демократтар болсо да болбосо да, мамлекеттердин сапаттуу юридикалык, экономикалык жана сот мекемелерин түзүү үчүн ыңгайлуу шарт түздү деп айтылат. Чет элдик кесиптештери менен үзгүлтүксүз жолугушуулар, демократиялык жоопкерчиликти жайылтуу, административдик бүтүндүк жана мыйзамдуулук ага жаңы мүмкүнчүлүктөрдү сунуштайт. Натыйжада, ал либералдык интернационалисттер менен Жаңы Жакынкы Чыгыштагылардан айырмаланып, өкмөттөр аралык түзүлүш башкаруу институттарын көзөмөлдөөнү жарандардын колуна берет деп ырастайт. Мисал катары Слоутер улуттук жана эл аралык соттор бири-бири менен байланышта болот жана улам бири-биринин кызыкчылыктарын жана жалпы кызыкчылыктарын аңдап-түшүнүү мүмкүндүгүн белгилейт.

Мисалы, Слоутер улуттук жана эл аралык соттор бири-бири менен тыгыз байланышта экенин жана жалпы аракет ичинде бири-бирин жана жалпы кызыкчылыктарын көбүрөөк түшүнөөрүн көрсөтөт. Автор сот бийлигин өкмөттөр аралык түзүм катары карайт. Бул жерде ал 1995-жылы Түштүк Африканын Жогорку сотунун өлүм жазасына өкүм чыгарганын мисал келтирет. Сот өлүм жазасын дүйнөдө ишке ашырылып жаткан башка улуттук жана эл аралык сот чечимдери боюнча өзүнүн улуттук Конституциясынын негизинде мыйзамдуу эмес деп тааныган. Анткени, анын айтымында, улуттук соттор менен эл аралык соттордун ортосунда олуттуу кызматташтык бар. Улуттук соттордун өздөрүнүн жана алардын чет өлкөлүк кесиптешеринин жеке укуктарга чырмалып калгандыгын түшүнүүсүнө көңүл бурат. Слоутер ЕБге мүчө

